Кырг
II
Л-76

Жек Лондон

# АК АЗУУ



**Жек Лондон**

# АК АЗУУ

РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ
Инв. N 2452
ир 1987



Джек Лондон

# Жек Лондон

# АК АЗУУ

Повесть



Бишкек • 2011

УДК 821.111
ББК 84.7
Ж 49

**Жек Лондон**

Ж49 АК АЗУУ. Повесть. Англисчиден кыргызчага которулду / Сүрөтчү. Б. Жайчибеков, — Б. Мага, 2011. — 165 б.

ISBN 978-9967-11-325-1

Окурманга сунушталган бул китепте Жек Лондон жаныбарлар боюнча чоң адис катары көрүнөт. Ал жаныбарлардын кыялы менен жүрүм-турумун ар түрдүү жашоо жагдайларында чеберчилик менен сүрөттөгөн. Анын жаныбарлар жөнүндөгү көптөгөн чыгармаларында терең социалдык маани жатат. Мында коомдук катаал мамилелер жаныбарлар дүйнөсүнүн зоологиялык катаалдыгы менен салыштырылган учурлар аз эмес.

Ж 4703040100-11 УДК 821.111
ISBN 978-9967-11-325-1 ББК 84.7

© АКШ элчилиги, 2011. Китептин Кыргызстандагы басылмасын Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги каржылаган. Кыргызчага которгон Таалай Абдиев. «Мага» басмасы.

БАСЫЛМА АКЫСЫЗ ТАРАТЫЛАТ

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Жон Гриффит Чейни 1876-жылы 12-январда Сан-Францискодо туулган. Болочок жазуучунун апасы Флора Веллман музыка мугалими, атасы Уильям Чейни астролог болгон.

Бала төрөлгөндөн кийин Флора аны бир азга өзүнүн мурунку күңү Вирджиния Прентисстин камкордугуна калтырып кеткен жана бул аял Лондон үчүн абдан жакын киши болуп калган. Ошол 1876-жылдын аяк ченинде Флора АКШдагы Жарандык согуштун майыбы жана ардагери Жон Лондонго турмушка чыгып, баланы өзүнө алган. Аны Жон Лондон деп атай баштакан (Жек – Жондун эркелеткен түрү). Кийинчерээк үй-бүлө Сан-Францискодон Окленд шаарына көчүп, Лондон мектепти ушул жерден бүтүргөн.

Жек Лондондун оор эмгек жолу эрте башталган. Ал окуучу кезинде эле кечки жана таңкы гезиттерди саткан. Он төрт жашында башталгыч мектепти бүтүрүп, консерва фабрикасына жумушчу болуп кирген. Жумуш оор болгондуктан, ал жерден кетүүгө аргасыз болгон. «Устрица каракчысы» болуп, Сан-Франциско бухтасында мыйзамсыз түрдө устрица уулаган (бул «Балык кайгуулчусунун аңгемелеринде» баяндалган). 1893-жылы Япониянын жээктери менен Беринг деңизине деңиз мышыгын уулаганы бараткан кемеге матрос катары жалданган. Бул алгачкы деңиз сапары Лондонго өзгөчө таасир калтырып, анын кийинки деңиз аңгемелери менен романдарынын («Деңиз бөрүсү» ж.б.) негизин түзгөн. Кийинчерээк ал кир жуугуч жайда үтүкчү жана от жагар болуп иштеген (бул «Мартин Иденде» баяндалган).

Лондондун «Япония жээгиндеги тайфун» аттуу алгачкы чыгармасы 1893-жылы 12-ноябрда жарык көрүп, Сан-Францискодогу гезиттердин биринин биринчи сыйлыгына татыктуу болгон.

1894-жылы жумушсуздардын Вашингтонго жасаган жүрүшүнө катышып («Чыда!» очерки), селсаяктыгы үчүн бир ай түрмөдө отурган («Жоошутма көйнөк»). 1895-жылы АКШнын Социалисттик жумушчу партиясына мүчө болуп кирип, 1900-жылдан баштап (айрым булактарда 1901-жыл деп көрсөтүлгөн) АКШнын Социалисттик партиясынын мүчөсү болгон жана 1914-жылы (кээ бир булактарда 1916-жыл деп көрсөтүлгөн) андан кол үзгөн. Мунун себеби катары арызда партиянын «күжүрмөн рухуна» ишенбей калгандыгы айтылган.

Өз алдынча даярданып, кирүү сынактарын ийгиликтүү тапшыруу менен Жек Лондон Калифорния университетине өткөн, бирок каражатынын жетишсиздигинен улам 3-семестрден кийин окууну таштоого мажбур болгон. 1897-жылы жазында Жек Лондон «алтын оорусуна» (Gold Rush) кабылып, Аляскага кеткен. Түндүк кышынын азап-тозогун көргөн соң 1898-жылы Сан-Франциского кайтып келген. Тагдыр Жек Лондонго алтын эмес, болочок чыгармаларынын кейипкерлерин тартуулаган.

Ал Аляскага барып келген соң 23 жашынан тарта адабиятка олуттуу түрдө киришкен: 1899-жылы алгачкы түндүк аңгемелери, 1900-жылы «Бөлтүрүк» аттуу алгачкы аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. Анан төмөнкү аңгемелер жыйнактары чыга баштаган: «Ата-бабасынын кудайы» (Чикаго, 1901), «Аяз балдары» (Нью-Йорк, 1902), «Адамга ишенүү» (Нью-Йорк, 1904), «Ай жүзү» (Нью-Йорк, 1906), «Жоголгон жүз» (Нью-Йорк, 1910). Өзгөчө «Кар кызы» (1902), «Деңиз бөрүсү» (1904) жана «Мартин Иден» (1909) сыяктуу романдарынан улам элге кеңири белгилүү болгон. Жазуучу абдан көп иштеген: күнүнө 15-17 сааттан отуруп, узакка созулбаган жазуучулук өмүрүндө кыркка жакын китеп жазган.

1902-жылы кабарчы катары Англияда, тагыраак айтканда, Лондондо болуп, мында «Түпкүрдөгү адамдар» (People of the Abyss) деген китеби үчүн материал жыйнаган. Бул чыгарма Англиядагыдан айырмаланып, АКШда ийгиликке ээ болгон. Америкага кайтып келгенден кийин ал ар кайсы шаарларда, негизинен социалисттик маанайдагы лекцияларды окуп, «Жалпы студенттик коомдун» бөлүмдөрүн уюштурган. 1904-1905-жылдары Лондон аскердик кабарчы катары Орус-япон согушунда болгон.

Жек Лондондун эң белгилүү романдарына «Бабалар үнү», «Ак Азуу», «Чаар балык», «Темир согончок» жана «Мартин Иден» кирет.

Лондондун өлүмүнүн себеби бир топ талаштарды туудуруп келет. Көптөгөн эски булактарда анын өзүн өзү өлтүргөнү баяндалат жана бул азыркы учурда да улантылууда. Бирок бул анын каттарына негизделген ушак болуп эсептелет. Ал уремиядан улам 1916-жылы 22-ноябрда өз ранчосунда каза болгон. Лондон ооруну басуу үчүн морфий ичкени белгилүү, сыягы, ал морфийди атайын же кокусунан көбүрөөк ичкендиктен каза болсо керек.

«Ак Азуу» чыгармасында адам мамилелери «кызыл кекиртек кумары» өкүм сүргөн жапайы Түндүк кейпинде, дүйнө болсо кара курсактын камы үчүн бири-биринин артынан сая түшүп кууп, бири-бирин жеген майдан кейпинде берилет.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ





# Биринчи бап

# КУУГУН

Муз тонгон дайранын өйүз-бүйүзүндөгү карагай токой түнөргөндөн түнөрөт. Өткөндөгү шамал дарактардын кийген кыроосун сыйырып кетип, эми алар күүгүмдө капкара болуп, ызырынгансып, бири-бирине сүйөнгөнсүп турат. Айланада тунжураган жымжырттык. Жашоо дегенди, кыбыр эткен кыймыл дегенди билбеген бул аймак ушунчалык ээн, ушунчалык какшаган суук болгондуктан, бул жердин өкүм сүрүп турган маанайын көңүл чөктүрөт деп айтууга да ооз барбас эле. Бул күлкү, бирок кайгыдан да жаман күлкү эле, адам баштуу арстандын жылмаюусундай мисирейген, чыкылдаган аяздай ичти калтыраткан күлкү болчу. Алмустактан бери келаткан бул акыйкат жашоонун, жашоо үчүн күрөштүн пайдасыз экенин карап, каткырып күлүп турчу. Бул чөл, каны-жанына чейин тонуп калган Түндүктүн улуу чөлү болчу.

Бирок ага моюн бербей кыбыраган бир нерсе бар эле. Тонуп калган суунун үстү менен чанага чегилген иттер келаткан. Үрпөйгөн жүндөрү кыроолонуп, ооздорунан чыккан булоо дароо түгүнө жабышып, жылт-жулт эткен кристаллга айланып калып жатты. Иттер кайыш тасмалар менен чананы сүйрөп келатышты. Атайын

таманы жок, кайындын калың кабыгынан эле жасай койгон чана карга батып калган. Алдыдагы толкун сыяктуу болуп жаткан карды жиреш үчүн тумшугу бир аз жогору карай ийилген. Чананын үстүндө бекем байланган узун кууш сандык. Анда башка буюмдар да бар эле: кийим-кечек, балта, кофе кайнаткан идиш, таба, бирок чананын бир топ жерин ээлеп жаткан ушул кууш, узун сандык баарынан мурун көзгө урунат.

Иттердин алдында жапкакчан (лыжага окшош бутка тагынма курал) бир киши араң келатат. Чананын артында экинчи киши бар. Чанадагы сандыкта көрөр азап-тозогун көрүп бүткөн үчүнчү киши жатат, анткени Түндүктүн түнт токою аны кайрып сындырып, кыймылдагыс, күрөшө алгыс кылып салган. Ал кыбыраган кыймылды сүйбөйт. Ал жашоого каршы, анткени жашоо дегениндин өзү кыймыл, ошондуктан ал кыбыраган нерсенин баарын токтотконго умтулат. Денизге карай шашкан сууну тоңдуруп токтотот; дарактардын ширесин соруп алып, өзөгүнө чейин тоңдурат; бирок ал адамдын өжөрлүгүнө өтө өчөшүп айыгышат, анткени киши — дүйнөдөгү эң тынчы жок жандык, дайыма өжөрлөнүп, ар кандай кыймыл акырында токтойт деген ушул жапайы мейкиндиктин эркине каршы турганы турган.

Бирок чананын алды-артында эр жүрөк, мунбаган, али тирүү эки киши келатты. Алардын кийими жумшак ийленген териден тигилген. Чыгарган булоо деми дароо музга айланып, кирпиктерин, жаактарын жана эриндерин каптап калгандыктан, жүздөрү көрүнбөйт. Ушундан улам алар аркы дүйнөдөгү арбактарды көөмп жүргөн сырдуу табытчыларга окшоп турду. Бирок бул бет каптын алдында кайгынын, табалаган, тунжураган жымжырттыктын өлкөсүнө тартынбай кирип, дүйнөнүн кубаттуу күчү менен коркпой тентайлашып, көз жеткис ээн, бейтааныш мейкиндикке каршы турган адамдар эле.

Алар унчукпай, демин дене кыймылына гана жумшап келатышты. Айланада ын-жынсыз тунжураган жымжырттык. Ал суучулдун денесин кыскан суу сыяктуу акыл-эсти кысып турат. Чексиздиги, мыйзамынын бузулгустугу менен эзип турат. Ан-сезимдин эң түпкүрүндөгү булуң-бурчуна чейин жетип, жүзүмдүн ширесин сыгып алган сыяктуу адам рухуна мүнөздүү болгон текеберлик, бой көтөрүү сыяктуу жасалма, жаңылыш нерселерди сыгып алып, адам деген табияттын сокур күчүнүн оюнун билбей эле өз жолун издеп тырбаландаган көр пенде, бир жандык деген ойго ынандырат.

Бир саат өттү, эки саат өттү. Алыстан созолонуп улуган бир үн угулганда, кыска, бозоргон күндүн жарыгы өчүп бараткан эле. Бул

үн көккө атып чыгып, жетер жерине жеткен соң калтырап-титиреп бир аз кармалып турду да, анан бара-бара угулбай калды. Жаалданганы, өзөрүп ачыкканы болбосо, муну бирөөнүн адашып жүргөн жанынын көөдөн жарган ыйы десе да болор эле. Алдыда бараткан киши бурулуп, чананын артындагысы менен тиктеше түштү, экөө тең баш ийкеп коюшту.

Жымжырттыкты ийнедей тешип улуган үн кайра угулду. Экөө тең үндү тыңшап, чыккан жагын билгенге аракет кылышты. Үн болсо өздөрү басып өткөн карлуу талаа жактан келип жатты. Көп өтпөй дагы бири ага жооп кайтарып улуду, аныкы да арттан, бирок сол жагыраактан чыкты.

— Булар бизди ээрчип келатат, Билл, — деди алдыдагы киши. Үнү каргылданып, араң сүйлөдү.

— Жегенге эчтеке жок болсо, — деп жооп кайтарды жолдошу. — Канча күндөн бери бир коёндун да изин көрө элекмин.

Жолоочулар унчукпай калышты, бирок кулактары арттан келип жаткан улуган үндөрдө болчу.

Иңир киргенде, иттерди дарыянын жээгиндеги карагайларга буруп, өргүүгө токтошту. Оттун жанындагы табыт отургуч да, үстөл да болуп калды. Ары жакта топтошкон иттер бири-бирине ыркырап, алыша кетип жатканы менен эмнегедир оттон алыстašпайт.

— Буларыңдын оттон алыстагысы жок, Генри, — деди Билл.

Муз салынган кофе кайнатуучу идишти отко коюп жаткан Генри унчукпай баш ийкеди. Табытка отуруп, тамакка киришкен соң гана кобурады:

— Булар жан сактаганды билишет. Бул жерде тамак беришерин, тиякка барса өздөрү бирөөгө тамак болуп каларын да билишет. Булардан өткөн акылдуу неме жок.

Билл башын чайкап койду:

— Ай, ким билет.

Жолдошу аны таңыркай карады.

— Булардын акылынан шектенгениңди биринчи жолу угуп жатам.

— Генри, — деди Билл төө буурчакты ойлуу чайнап жатып, — мен тамак берип жатканда иттердин алыша кеткенин байкадыңбы?

— Чын эле бүгүн талаш адаттагыдан көбүрөөк болду, — деп ырастады Генри.

— Бизде канча ит бар, Генри?

— Алты.

— Мына, Генри... — Сөзүм олуттуураак болсун деп, Билл бир аз тыным жасады. — Мен да биздин алты итибиз бар дейм. Кап-

тан алты балык алып, иттердин ар бирине бирден балык бердим. Бирөөнө жетпей калды, Генри.

— Жаңылыш эсептеп алсаң керек да.

— Бизде алты ит бар, — деп кайдыгер кайталады тигил. — Мен алты балык алдым. Жалгыз кулакка балык жетпей калды. Кайра келип, бир балык алып бардым.

— Бизде болгону алты ит бар, — деп көжөлдү Генри.

— Генри,— деп сөзүн улады Билл, — мен бардыгы ит болчу деп айта албайм, бирок балыкты жетөө жеди.

Генри чайнаганын токтотуп, оттун ары жагындагы иттерди санады.

— Азыр алтоо эле.

— Бирөө качып кетти, мен көрүп калдым, — деп каршы болду Билл. — Жетөө болчу.

Генри ага боор ооруй карап турду да, анан мындай деди:

— Ушул саякатыбыз бүтсө, абдан сүйүнөт элем.

— Мунуңду кандай түшүнсө болот? — деп такыды Билл.

— Биз алып бараткан жүктү айтып атам, ушунун айынан көзүңө ар нерсе көрүнүп жатпайбы.

— Мен да ошентип ойлодум эле, — деп олуттуу жооп берди Билл. — Бирок ал качып кетери менен карды карасам, изи жатыптыр. Анан иттерди санадым, алтоо экен. А изи болсо тигинде турат. Көргүң келеби, жүр, көрсөтөйүн.

Генри жооп берген жок, унчукпай тамагын жеп бүтүп, ысык кофесин ичти. Анан оозун колунун сырты менен сүрттү да:

— Демек, сенин оюңча бул...

Созолонуп муңдуу улуган үн анын сөзүн бузуп кетти.

Ал унчукпай тыңшап калды да, анан улуган тарапты көрсөтүп, жанагы сөзүн бүтүрдү:

— ...тияктан келген конокпу?

Билл башын ийкеди.

— Башка эч нерсе деп айта албайсың. Иттердин кантип талашканын өзүң көрбөдүңбү.

Созолонуп улуган үндөр барган сайын үн алыша көбөйүп, ызычуу түшүп жатып калды. Алар ар тараптан чыгып, жаны чыгып корккон иттер үймөлөктөшө отко кирип келип, жүндөрү күйүп кала жаздап жатты.

Билл отундан отко көбүрөөк ыргыткан соң, канжасын күйгүздү.

— Такыр эле жылдызың түшүп калды го, — деди Генри.

— Генри... — Билл канжасын ойлуу тартып отурду. — Ойлоп отурсам, бул бизге караганда бактылуураак экен. — Ал өздөрү отурган табытты чапкылап койду. — Биз өлгөндө, Генри, ит-куш жеп кетпегидей кылып корумдап коюшса жакшы.

— Сенде да, менде да мунукундай тууган-урук, акча деген жок, — деп кошулду Генри. — Экөөбүздү ошондой алыска ким алып барып көммөк эле.

— Мен ушуга түшүнбөй койдум, Генри, бул өз мекенинде лорд же ошол сыяктуу бир неме экен, тамак, жылуу жуурkан менен иши болбоптур, анан ушундай жыргап жашаган киши ушул жердин түбүнө эмнеге келди экен дейм да.

— Ооба, үйүндө карыганча жыргап жашай берсе болмок, — деп макул болду Генри.

Билл сүйлөйүн деп оозун камдап барып, сүйлөбөй калды. Мунун ордуна ал ар тараптан чулгап турган караңгылыкты көрсөттү. Көөдөй карангыдан эч бир караан байкалбай, эки көз гана чоктой күйүп турду. Генри экинчи, анан үчүнчү жуп көздү көрсөттү. Чоктой күйгөн көздөр аларды акырындап ороп келатты. Бир жерден жок болуп кеткен көз дароо башка жерден пайда боло калып жатты.

Иттердин барган сайын тынчы кетип, бир маалда коркконунан оттун жанына үймөлөктөшүп, адамдардын аяк алдына кыңшылап сойлоп келишти. Тополондо бир ит отко кирип кетип, каңшылап жиберди. Аба куйкум жыттана түштү. Көздөрдү чанагынан чыга түшкөндөй болду, бирок иттер тынчтана түшөрү менен кайра мурунку ордуна келип калды.

— Генри, иш чатак! Патрон аз калыптыр.

Билл канжасын тартып бүтүп, бая тамактын алдында карга жайып койгон карагай бутактарынын үстүнө тери менен жуурканды жая салып, төшөк салып жаткан жолдошуна жардамдаша баштады. Генри жөтөлүп, чокоюн чече баштады.

— Канча патрон калыптыр дедиң? — деп сурады ал.

— Үчөө, — деп жооп берди тигил. — Үч жүз болсо кана. Бул шайтандардын акесин таанытпайт белем.

Ал тиги күйүп турган көздөр жакка муштумун кезеп койду да, чокоюн отко жая баштады.

— Күн да кичине жылыса болот эле, — деп божурай берди Билл. — Эки жума болуп баратат, элүү градустан түшө элек. Эмнеге жолго чыктым экен дейм да, Генри. Ушул мага анча жакпай турат. Бир кызыктай болуп турам. Эртерээк жетсек да, ушул ишти бүтүрсөк. Азыр экөөбүз Мак-Герри фортунда каминдин жанында криббедж ойноп отурсак.

Генри бир нерсе деп кобурады да, төшөккө жата кетти. Үргүлөп баратканда, жолдошунун үнүнөн ойгонуп кетти:

— Генри, эмне үчүн иттер жанагы балык жеп кеткен немени талашкан жок? Мен ушуга кыжалат болуп жатам.

Сен өтө эле кемпир кыял болуп баратасың, Билл, — деп уйкусураган жооп угулду. — Мурун мындайың жок эле. Болду эми, укта, эртең менен кыргыйдай болуп каласың. Сен зарынадан улам эле ушундай болуп жатасың.

Экөө оор дем алып, катарынан бир жууркандын алдында уктап жатышты. От үлүндөп күйүп, чоктой күйгөн көздөрдүн курчоосу улам-улам жакындап жылып келатты. Иттер бири-бирине ыкташып, көздөрдүн кээ бири өтө жакындап келип калганда айбат кылып ырылдап жатышты. Бир маалда алар өтө катуу ырылдап жиберишти эле, Билл ойгонуп кетти. Ал шеригин ойготуп жибербейин деп акырын турду да, отундан отко салып койду. От жалындап күйүп, күйгөн көздөр артка чегинди. Билл топтошкон иттерди карап, көзүн сүртүп, кайра үңүлө тиктеди. Анан кайра жууркандын ичине кирип жатты.

— Генри! — деди ал. — Эй, Генри!

Генри онтолоп ойгонду да:

— Дагы эмне болуп кетти? — деп сурады.

— Эч нерсе, — деген жооп угулду, — эми кайра жетөө болуп калыптыр. Азыр эле санадым.

Генри буга наarazы болуп бирдеме деп кобураган болду да, кайра конурук тартып уктап кетти.

Эртең менен ал биринчи ойгонду да, шеригин ойготту. Саат алты болгону менен таң атканга чейин дагы үч саатча бар эле. Карангыда Генри тамактын камын кылып, Билл болсо буюм-тайымдарды жыйнап, чанага жүктөп жатты.

— Генри, сен канча ит бар деп айттың эле? — деп сурады Билл капыстан.

— Алты.

— Туура эмес, — деди Билл табасы кангансып.

— Кайра жетөө болуп калыптырбы? — деп сурады Генри.

— Жок, бешөө, бирөө жок.

— Эмне дейт, шайтан алгыр! — деп кыйкырган Генри ишин таштап, иттерди санаганы кетти.

— Туура айтыпсың, Билл, — деди ал келип, — Фэтти качып кетиптир.

— Жылт койгон экен, түгөнгүр, байкабай да калдык. Эми таап көр аны.

— Болору болду да эми, — деп койду Генри. — Тирүү эле жеп коюшту го дейм аны. Жанагы желмогуздар талап-булап жеп жатышканда каңшылагандыр байкуш.

— Ал башынан эле келесоорook ит болчу, — деди Билл.

— Келесоо иттин да өзүн өлүмгө кыйбаганга акылы жетет болчу.

Ал калган иттерди карап, ар бирин ичинен сынап чыкты.

— Менимче, калгандары мындай ишке барбайт.

— Буларды таяк менен куусаң да оттун жанынан кетпейт, — деп макул болду Билл. — Мен башынан эле айтып жүрчүмүн, ушул Фэтти бир кызыктай ит деп.

Түндүктүн жолунда курман болгон бул итти эскерүү сөзү ушул болду, бул башка иттердикинен, ит эмне болуп калыптыр, адамдардыкынан деле ашып кеткен жок.

# Экинчи бап

# КАНЧЫК КАРЫШКЫР

Тамактанган соң экөө буюм-тайымдарын чанага жүктөштү да, жылуу очокту таштап, караңгыны бет алышты. Баягы улуган үндөр дароо башталып, боздогон жапайы үндөр түнөргөн суук караңгылыктын ар кайсы жагынан келип жатты. Жолоочулар унчукпай жүрүп отурушту. Саат тогуздарга барып таң жарыды. Түш ченде түштүк жакта асман бир аз кызарып, жердин көз жеткен чети түшкү күн менен түндүктүн улуу мейкиндигин бөлүп турду. Бирок бул кызгылтым жарык көп өтпөй эле өчтү. Анын ордун ээлеген боз жарык саат үчкө чейин араң турду да, өчүп калды, эми аңгыраган ээн мейкиндикти Арктиканын түнү басып калды.

Караңгы кирери менен жолоочуларды оң-солдон, арттан коштоп келаткан улуган үндөр жакындай баштады; кээде алар ушунчалык жакын жерден чыккандыктан, иттер чыдай албай коркконунан туйлап ийип, чалынып калып жатышты.

Бир жолу ушинтип катуу корккондон кийин экөө иттердин тасмаларын оңдоп жатышканда, Билл:

— Булар башка бирдеменин артынан түшүп, бизди жайыбызга койсо болот эле, — деди.

— Ооба, жанга тийип бүттү булар, — деп макул болду Генри.

Ушуну менен өргүүгө чейин үн катышкан жок.

Казандагы кайнап келаткан төө буурчакка муз салайын деп энкейип турган Генри Биллдин кыйкырып бирдемени урганын, анан бир иттин катуу каңшылап ийгенин укту. Ал өйдө боло берип, качып барып караңгыга төнүп кеткен кандайдыр бир айбандын караанын көрүп калды. Анан Биллди көрдү, ал бир колуна таяк, бир колуна кургатылган балыктын куйругун кармап, бир жагынан

жеңишке жеткендей, бир жагынан айласы куругандай болуп туруптур.

— Жарымын алып кетти! — деп кыйкырды ал. — Бирок бир жакшы согуп калдым. Каңшылаганын уктуңбу?

— Ал эмне экен? — деп сурады Генри.

— Жакшы көрө албай калдым. Бирок иттикиндей эле төрт аягы, оозу, териси бар экен.

— Анда эмне колго үйрөтүлгөн карышкырбы?

— Эмне болсо да колго үйрөнгөн неме го, коркпой келип балыкты жеп кетип атпайбы.

Түнү тамак ичип болуп, табыттын үстүндө канжаларын тартып отурушканда, баягы тегеректеп күйгөн көздөр мурункудан да жакындап келди.

— Багыштын же бирдеменин үйүрүнүн артынан түшүп, бизди жайыбызга койсо болот эле, — деди Билл.

Шериги буга наараазы болгондой бирдеме деп кобураган соң, Генри отту тиктеп, Билл болсо оттун ары жагындагы эле караңгыдан чоктой күйүп турган көздөрдү карап чейрек сааттай унчукпай отурушту.

— Ушул азыр Мак-Герриге барып түшүп калсак... — деп кайра баштады Билл.

— «Минтсек, тигинтсек» деп эзилгениңди токтотчу сен,— деп чыдабай кетти Генри. — Сен зарынадан эле ушинтип жатасың. Сададан ич, дароо басылат. Экөөбүзгө тең көңүлдүүрөөк болот.

Эртең менен Генри Биллдин ызаланып катуу сөгүнүп-сагынганынан ойгонуп кетти. Ал чыканактап караса, өңү-башы бузулган Билл өчүп бараткан оттун жанындагы иттердин арасында туруп алып, колдорун кутургандай шилтегилеп жатыптыр.

— Эй,— деп кыйкырды Генри. — Эмне болуп кетти?

— Фрог качып кетиптир, — деген жооп болду.

— Койсоңчу!

— Ишенбесең кара.

Генри ыргып туруп, иттерге барды. Тактап санап чыккан соң ал да шеригине кошулуп дагы бир итти алып кеткен Түндүктүн жапайы мейкиндигин ашатып сөгө баштады.

— Фрог эң күчтүү ит эмес беле, — деди Билл аягында.

— Акылын айтсаң! — деп кошумчалады Генри.

Эки күн ичиндеги экинчи эскерүү ушундай болду.

Көңүлсүз отуруп тамак жешкен соң калган төрт итти чанага чегишти. Бул күн да так эле мурунку күндөрдөй болду. Экөө кардуу чөл менен үн-сөзсүз илкип баратышты. Булардын артынан көзгө көрүнбөй сая түшүп келаткан куугундун улуганы гана жымжырт-

тыкты бузуп жатты. Түштөн кийин күүгүм кирери менен күткөндөй эле куугун жакындап, улуган үндөр жакын эле жерден чыга баштады; иттер коркконунан калтырашып, тополоң түшүп, кайыш жиптерге чалынып калып, экөөнү ансайын кыйнашты.

— Мына, мээси жок айбандар, эми эч кайда кете албайсыңар, — деди Билл кийинки өргүүдө өзүнө ыраазы болгондой.

Генри тамак жасаганын токтотуп, көргөнү барды. Шериги иттерди индееец ыкмасы менен таяктарга байлап коюптур. Ар бир ит мойнунан кайыш жип менен узун жоон таякка тиши жетпей тургандай байланып, таяк болсо жерге кагылган башка бир таякка байланыптыр. Иттер мойнундагы жипти кемире алгыдай эмес, ал эми мойнундагы таяк кагылган таякка жеткире койгудай эмес.

Генри жактыргандай баш ийкеди.

— Жалгыз кулакты ушинтип эле кармабасаң, кармай албайсың, — деди ал. Ал кайыш тасманы жөн эле бычак менен шылыгандай кырчып таштайт. Эми эртең менен баары ордунда болот.

— Эми кетип көрсүн, — деди Билл. — Эгер бирөө эле кетсе, эртең менен кофе ичпей эле коём.

— Буларың биздин өлтүрө албасыбызды билип турат, — деди Генри жатарда курчап турган көздөрдү көрсөтүп. — Бир-эки жолу даң дедирип койгондо, дароо бизди сыйлап калышмак. Түн өткөн сайын жакындап келатышат. Оттон көзүңдү алып, тигил жакты карасаң. Көрдүңбү?

Экөө тең оттун ары жагындагы караандарды кызыга карап калышты. Эки көз жаркырап күйүп турган караңгылыкты жакшылап караганда, жырткычтын карааны байкалат экен. Кээде алардын ары-бери басканы да көрүнө калып жатты.

Экөөнүн көңүлүн иттердин күчөп кыңшылаганы бөлүп жиберди. Жалгыз кулак бир ордунда тура албай кыңшылап, ары-бери жулунуп, таякты кутургандай кемирип жатты.

— Карасаң, Билл, — деп шыбырады Генри.

От жарыгы тийип турган жерге шырп эттирбей өткөн бир ит сымал жаныбардын капталы көрүндү. Ал корккондой, бирок ошол эле учурда тайманбастан иттерди карап, бирок адамдарды да көз жаздымда калтырбай баратты. Жалгыз кулак келгинге карай бой уруп, чыдай албай кыңшылап жиберди.

— Бул келесоо Жалгыз кулак такыр эле коркпой калган го, — деди Билл акырын.

— Канчык карышкыр, — деп шыбырады Генри. — Фэтти менен Фрогдун эмне болгонун эми түшүндүм. Үйүр муну азгырып келиш үчүн жиберет. Бул ээрчитип барган итти тигилер талап-булап жеп коюшат.



РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

От чарт-чурт этип күйүп, бир чычала кулап түштү да, ышылдаган үн чыкты. Коркуп кеткен жырткыч бир секирик менен караңгыга төнүп кетти.

— Генри, билесинби, менин оюма эмне келди? — деди Билл.

— Эмне келди?

— Бул — баягы мен таяк менен соккон неме.

— Шектенбей эле койсоң болот, — деп жооп берди Генри.

— Менин айтайын дегеним, — деп улантты Билл, — мунун отко көнгөнү шек туудуруп турат.

— Бул менмин деген карышкырдан да көбүрөөк билери бышык, — деп макул болду Генри. — Иттер менен келип тамак жеп кеткен карышкыр оңой-олтоң неме эмес.

— Виллэн чалдын бир канчыгы бар эле, кийин ал карышкырлар менен кетип калган, — деп ойлуу сүйлөдү Билл. — Мен билем да мындайды. Литл-Стиктеги багыштардын жайытынан карышкырлар менен жүргөн жеринен атып салгамын. Виллэн чал ошондо жаш баладай боздоп ыйлабадыбы. Үч жыл көрбөдүм эле дейт. Ошо үч жыл бою карышкырлардын үйүрүндө жүрүптүр.

— Таппасаң сыйпалап кал, Билл. Бул карышкыр эмес эле ит, бул кишинин колунан балык жеп жүргөн неме.

— Буюрса, мен муну сулатам, ошондо бул карышкыр да, ит да эмес, сасыган тарп болуп калат, — деди Билл. — Эми иттерди жоготконго болбойт.

— Бирок сенин болгону үч эле патронуң бар да, — деп каршы болду Генри.

— Абдан мээлеп туруп атам, — деген жооп болду.

Эртең менен Генри отту кайра тутантып, шеригинин конуругун тыңдаганча таңкы тамакты даярдай баштады.

— Сонун уктап атыпсың. — деди ал шеригин ойготуп жатып. — Ойготкум да келген жок.

Уйкусу ачыла элек Билл тамак жей баштады. Чөйчөгүнүн бош экенин көрүп, кофе кайнаткан идишти караса, ал алысыраак жерде, Генринин жанында туруптур.

— Генри, — деди ал жемелегендей, — сен эч нерсени унуткан жоксуңбу?

Генри эки жагын карап, баш чайкады. Билл ага бош чөйчөгүн сунду.

— Сага кофе жок, — деди Генри.

— Түгөнүп калдыбы? — деп коркуп сурады Билл.

— Жок, түгөнгөн жок.

— Анан эмне, менин ашказанымды аяп турасыңбы?

— Жок.

РБЮ им. К. Баялинова АМЕРИКА БУРЧУ

Ачуусу келген Биллдин бети албыра түштү.

— Анан эмне болду, айтпайсыңбы мени кыйнабай? — деди ал.

— Спэнкер качып кетиптир, — деп жооп берди Генри.

Эңгирей түшкөн Генри айласы куруп акырын бурулду да, отурган жеринен иттерди санап чыкты.

— Бул кандай болуп кетти? — деп дендароо болуп сурады ал.

Генри ийинин куушурду.

— Билбейм. Жалгыз кулак кайышын кырчып койсо керек. Ал өзү андай кыла алмак эмес да.

— Каргыш тийгир, айбан! — деп акырын айткан Билл ичиндеги кайнап чыккан ачуусун билдирген жок. — Өзүнүкүн кырчый албай, Спэнкердикин кырчып таштаган тура.

— Спэнкердин иши бүттү эмдигиче. Ал азыр эчак эле жем болуп, жыйырма карышкырдын ичегисинде жүрөт болуш керек. — Генринин эң кийинки жоголгон итти эскерүү сөзү ушул болду. — Кофе ич, Билл.

Бирок Билл башын чайкап койду.

— Кел эми, ич, — деп көжөлдү Генри кофе кайнатуучу идишти көтөрүп.

Билл чөйчөгүн ары жылдырып койду.

— Кудай урсун, ичпейм! Бир ит жоголсо, ичпейм дедим беле, демек, ичпейм.

— Сонун кофе! — деп азгырды Генри.

Бирок Билл көшөрүп болбой койду, тамагын кургак жеп, анда-санда жоругу жолдо калгыр Жалгыз кулакты күңкүлдөп ашатып жатты.

— Бүгүн түнү буларды өз-өзүнчө байлайм, — деди ал жолго чыккан соң.

Жүз кадамдай барганда алдыда бараткан Билл эңкейе калып, жапкагына урунган бир нерсени алды. Караңгыда эмне экенин көрө алган жок, бирок сыйпалап көрүп, эмне экенин билди да, артка карай ыргытып жиберди эле, ал чанага бир тийип, Биллдин жапкагына илээше түштү.

— Мүмкүн, дагы бир керегиңе жарап калар, — деди Генри.

Билл кыйкырып ийди. Бул Спэнкер мойнунан байланган таяк эле, андан болгону ушул калыптыр.

— Эч нерсе калтырышпаптыр, — деди Билл. — Жада калса таяктагы кайышты да жеп коюшуптур. Таптакыр өзөөрүп калышкан экен булар. Генри, буларың бизди да жеп койбосо болду.

Генри кашкөйлөнө күлдү.

— Карышкырлар эч качан минтип артыман сая түшкөн эмес, бирок мындан да жаман айкаштардан аман чыккамын. Акеңе он чакты айбандын алы жетпейт, Билл.

— А-ай, билбейм, билбейм, — деп жамандыкты сезгендей күңкүлдөдү Билл.

— Болуптур, Мак-Герриге барганда билесиң.

— Анча көзүм жете бербей турат, — деп көжөлдү Билл.

— Сенин жөн эле көңүлүң чөгүп турат, болгону эле ошо, — деп чечкиндүү айтты Генри. — Сен хинин ичишиң керек. Мак-Герриге жеткенде мен сага ушундай бир доза бербесем.

Билл мындай диагнозго макул болбой бир нерсе деп кобурады да, ушуну менен унчукпай калышты. Күн башка күндөрдөй эле өтүп жатты. Саат тогузда таң атты. Он экиде түштүк горизонт көрүнбөгөн күндөн кызгылтым тартып, үч саат өтпөй эле түнгө айлана турган боз күн өкүм сүрүп турду.

Так ошол күн кичине башбаксамбы деп турган маалда Билл чанадан мылтыгын алды да:

— Сен баса бар, Генри, мен тиякты бир карап келейин, — деди.

— Чанадан алыстаба! — деп каршы болду Генри. — Болгону үч патронуң бар, эмне болот ким билет.

— А-а, эми ким кемпир кыял болуп турат? — деди Билл табасы кана.

Генри жооп кайтарган жок, анда-санда шериги кеткен боз мейкиндикти тынчсыздана карап коюп жалгыз кете берди. Кыска жолго салган Билл бир сааттан кийин келип калды.

— Ар кайсы жакка тарап кетишиптир, — деди ал, — желип-жортуп жүрүшөт, бизден да кала турган түрү жок. Булар эч кайда кете албайт, бир аз чыдап туралы дешсе керек. Жей турган бардык нерсени колдон чыгаргыдай эмес.

— Демек, алар биздин кутула албасыбызды билет турбайбы, — деп кекээрледи Генри.

Бирок Билл буга маани берген жок.

— Кээ бирин көрдүм, ушундай арыкташыптыр. Фэтти менен Фрогду, Спэнкерди айтпаганда, көптөн бери ооздоруна эч нерсе тие элек болсо керек. Үйүр чоң экен, эмне жегенин да сезбей калышты го. Укмуш арык экен, кабыргасы тим эле саналат, курсак деген жок, таптакыр кирип кеткен. Иши кылса такыр болбой калышыптыр. Буларың коркконду деле унутуп калышыптыр, абайлабаса болгудай эмес.

Бир нече мүнөт өтпөй эле чананын артында келаткан Генри эскерткенсип акырын ышкырды. Билл кылчайып карап, иттерди жай токтотту. Алар азыр эле өткөн бурулушта из кууп бир түктүү жырткыч келатыптыр. Ал карды жыттагылап, бөрү желишке салып келаткан экен. Адамдар токтогон соң ал да токтоду, башын көтөрүп, тигилерди карап, таноолору менен жыт алып турду.

— Бул — баягы канчык карышкыр, — деди Билл.

Иттер карга жата кетишти, ал иттерди жандап өтүп, чананын жанында турган шеригине барды. Экөө бир нече күндөн бери сая түшүп, чана тарткан иттердин жарымынын түбүнө жеткен таң каларлык жырткычты карап турушту.

Жырткыч эки жагын карап туруп, бир аз илгериледи. Чанага жүз ярддай калганча, ал муну бир нече жолу кайталады. Анан карагайлардын жанына токтоп, тумшугун көтөрүп, абаны искеген соң, өзүн байкап турган адамдарды карай баштады. Анын көз карашында иттикине окшоп кеткен бир таң каларлык энсөө бар эле, бирок иттикиндей жакындыктын изи да жок болчу. Бул карышкырдын азуусундай курч, аяздай катаал ачкалыктан келип чыккан энсөө болчу.

Ал карышкырдан чоң эле, арыктыгына карабастан өз түрүнүн эң ирилеринен бири экени байкалып турат.

— Бою эки жарым футтай бар экен, — деп болжолдоду Генри. — Башынан куйругуна чейин беш футка жакын болот го.

— Түсү карышкырдыкына окшобойт, — деп сынады Билл. — Мен мындай кызыл карышкырды эч көргөн эмесмин. Бул кандайдыр бир кызгылтым-күрөң неме экен.

Чынында жырткычтын өңү кызгылтым-күрөң эмес эле. Анын жүнү кадимки карышкырдыкындай болчу. Боз түктөр басымдуулук кылганы менен бир аз кызгылтым тартып, анысы бир туруп пайда боло калып, бир туруп жоголуп кетип, караган көздү алдап турчу.

— Карасаң, кадимки эле чанага чегилген чоңураак лайка иттерден, — деди Билл. — Куйругун азыр эле шыйпаңдатып ийчүдөй болуп турат.

— Эй, лайка, — деп чакырды ал. — Бери кел... Атың ким эле сенин...

— Мунундун корко турган түрү жок, — деп Генри күлүп жиберди.

Билл катуураак кыйкырып, муштумун көрсөттү, бирок тигил кымындай да корккон жок. Болгону мурдагыдан бетер сактана түштү. Ал дагы эле буларды шилекейи агып карап турду. Булар эт болчу, тигил өзөрүп ачка эле. Бир аз шердене түшсө, адамдарды тытып жеп коймок.

— Бери кара, Генри, — деди Билл. Үнү өзүнөн өзү шыбырап калды. — Бизде үч гана патрон бар. Муну бир атканда өлтүрүш керек. Жаза атканга болбойт. Үч иттен кол жуудук, эми муну токтотпосо болбойт. Эмне дейсиң?

Генри макул болуп башын ийкеди. Билл чанадагы мылтыкты акырын алып, кундакты эми ийинине алып баратканда, карышкыр жолдон ары секирип, карагайлардын ичине кирип кетти.

Экөө бирин-бири тиктеген боюнча калды. Генри таң калганынан ышкырып жиберди.

— Кап, билбей калбадымбы! — деп бакылдады Билл мылтыкты ордуна коюп жатып. — Иттерге тамак берер маалды билген бул канчык мылтыкты кантип билбей калсын! Айтпадымбы, Генри, мен сага, бардыгын кылган ушул. Эгер бул канчык болбосо, азыр үч эмес, алты итибиз болмок. Жок, Генри, мен мунун түбүнө жетем. Муну ачык жерде өлтүрө албайсың, өтө акылдуу. Бирок мен мунун бир айласын табам. Муну буктурмадан атып алам, карап тур.

— Өтө алыс кетпе, — деп эскертти аны шериги. Эгер алар үйүрү менен кол салса, үч патронуң бокко да жарабай калат. Бул айбандар абдан ачыгып калыптыр, эгер бир качырып кире турган болсо аянбайт булар, Билл.

Бул түнү өргүүгө эртерээк токтошту. Үч ит чананы алты иттей тезирээк жана узагыраак сүйрөй алган жок, алардын алдан тайганы байкалып турду. Билл аларды бири-биринин кайышын кырчып таштабагыдай кылып өз-өзүнчө байлады да, эки жолоочу дароо эле жатып калышты.

Бирок карышкырлар түн ичинде шерденип, аларды бир нече жолу ойготушту. Алар ушунчалык жакын кирип келгендиктен, иттер коркконунан кутуруп кете жаздашты. Айла жок, бутактардан отко таштап, эрдемсинген жырткычтардын бир аз демин басууга туура келди.

— Акулалар кеменин артынан ээрчип жүргөндү жакшы көрөт деп айтышат деңизчилер, — деди Билл дагы бир жолу жаңагынтип от жагып келгенден кийин төшөккө кирип келатып. — Мына бул карышкырлар кургактагы акулалар. Булар өз ишин бизден жакшыраак билишет. Биздин артыбыздан машыгуу үчүн келатышкан жок буларың. Булар бизди жегени калышты. Жегени калышты булар бизди, Генри.

— Карышкыр тим эле этектен алгандай сүйлөйсүң да, — деп Генри тигинин сөзүн кести. — Жегени калышты деп какшай берсең, жеп коюшат, эмнеси бар экен.

— Сен экөөбүздөн кыйындардын да түбүнө жеткен булар, — деп жооп берди Билл.

— Токтот ыйлактаганыңды! Уга турган алым жок! — Генри ачууланып тетири бурулуп жатты да, Биллдин унчукпай калганына таң калды. Билл мындай эмес болчу, мындай сөздөрдү укканда чачырап кетчү. Генри уктап кеткенче ушуларды ойлонуп жатты, акырында уйкуга кетип баратып мындай ой келди: «Мунун жүрөгү түшүп калды. Эртең чыйралтпасам болбойт.»

# Үчүнчү бап

# АЧКАЛЫК ЫЙЫ

Күн жакшы башталды. Иттер толук экен, ушундан уламбы алар жымжырттыктын, карангынын жана аяздын кучагында көнүлдөрү ток баратышты. Билл да түнкү санаасын унутуп калган сыяктуу, ал турсун түш ченде бир жаман жерде чананы кулатып алган иттерди тамашалады. Баары астын-үстүн болуп жатып калды. Аңтарылган чана дарак менен чоң аска таштын ортосуна кыпчылып калып, аны алып чыгыш үчүн иттерди чанадан чыгарууга туура келди. Чананы көтөрүп чыгаралы деп жатканда, Генри Жалгыз кулактын качып бартканын көрүп калды.

— Жалгыз кулак, кайт артка! — деди ал өйдө болгончо иттин артынан карап.

Бирок жан кайышын сүйрөгөн Жалгыз кулак ансайын безди. Алардын келген жолунда аны канчык карышкыр күтүп туруптур. Жакындай бергенде Жалгыз кулак кооптоно түштү да, жайлай желип, акырында токтоп калды. Тигини ишенбегендей тикчие карап, бирок жан кумары чыдатпай кыпылдап турду. Ал болсо жылмая күлгөндөй оозун ача кыншылап, ойноктой секирип койду. Жалгыз кулак дагы эле кооптонуп, куйругун чагарактатып, кулагын тикчийтип, башын жогору көтөрүп ага барды.

Жыттагысы келди эле, канчык карышкыр ойноктоп артка кетти. Ал жакындаган сайын тиги улам артка чегинип кете берди. Ошентип, канчык карышкыр Жалгыз кулакты улам-улам азгырып, аны коргой турган адамдардан алыстатып баратты. Бир маалда аны белгисиз коркунуч токтотконсуду. Артка кайрылып карап, аңтарылган чананы, өзүнүн шериктерин, анан өзүн чакырып жаткан кожоюндарын көрдү.

Бирок анын бул сезимин, арсар абалын канчык жеңип кетти: ал келип, көз ирмемге жыттай коюп, кайра эле ойноктой секирип азгырып баратты.

Ошол учурда Биллдин акылына мылтык келди. Бирок ал аңтарылган чананын астында калган эле, аны Генри экөөлөп алып чыкканча, Жалгыз кулак менен канчык карышкыр абдан жакын туруп калгандыктан, мындай алыстыктан атуу опурталдуу болчу.

Жалгыз кулак өз жаңылыштыгын өтө кеч сезип калды. Бир маалда эле Билл Генри экөө анын эмнегедир артты көздөй качып калганын көрүштү. Анан эле Жалгыз кулактын жолун торой чуркаган он чакты арык боз карышкырлар көрүндү. Көз ачып жум-

гуча канчык карышкырдын баягы назданып ойногону жоголуп, ыркыраган бойдон качырып сала берди. Жалгыз кулак аны далысы менен ыргыта койду да, жолдун кесилип калганын көрүп, эмне болсо да чанага жетейин деген үмүт менен айлана чуркады. Карышкырлар заматта көбөйүп кетишти. Канчык карышкыр иттин артынан калбай такымдап, бир секирим жерде келатты.

— Кайда барасың? — Генри шеригин далыдан алып кыйкырды. Билл анын колун силкип таштады.

— Жетишет! — деди ал. — Башка бир дагы итти алдырбайм!

Ал мылтыкты алып, өздөрү келаткан жолдун жээгиндеги бадалга кирип кетти. Анын ою түшүнүктүү эле. Чананы тегерене качып келаткан Жалгыз кулактын алдынан торой чыкмак болду. Чак түштө мылтык менен карышкырларды кууп, итти сактап калууга болот эле.

— Билл, абайла! — деп кыйкырып калды артынан Генри. — Этият бол!

Генри чанага отура кетти да, эмне болор экен деп күтүп калды. Башка айла жок эле. Билл болсо көздөн кайым болду, бирок бадалдар менен топ-топ болуп өскөн карагайлардын арасынан Жалгыз кулак анда-санда көрүнө калып жатты. Генри иттин иши бүткөнүн түшүндү. Ит өмүрүнө коркунуч туулганын билди, бирок обочо тегеренип чуркоого мажбур эле, ал эми карышкырлар болсо аны чанага жакындата койбой тегеректин ичи менен чуркап жүрүштү. Жалгыз кулак куугундан куйрук үзүп чыгып, карышкырлардын алдынан кесип өтүп, чанага жетип келет деп үмүт кылыш кыйын эле.

Бардыгы бир жерден бириге турган болуп калды. Дарактар менен бадалдар далдоолоп турган кар мейкиндигинде карышкырлардын үйүрү Жалгыз кулак менен Биллге кездешерин Генри билип турду. Бардыгы көз ачып жумганча тез, ал күткөндөн да тез болду. Мылтык бир жолу, андан кийин удаасы менен эки жолу атылды. Генри Биллдин огу түгөнгөнүн андады. Анан кыңшылаган, аркыраган үндөр угулду. Генри Жалгыз кулактын жаны ооруп каңшылаганын, анан, сыягы, жарадар болгон бир карышкырдын улуп ийгенин ажыратты. Ушуну менен баары бүттү. Ыркыраган үн чыкпай калды. Кыңшылаган үн да жок болду. Кайрадан ың-жыңсыз жымжырттык өкүм сүрүп калды.

Генри чанада көпкө чейин отурду. Тиякка барыштын пайдасы жок эле: Биллдин үйүргө жолукканы көз алдында болгондой элестеп турду. Бир маалда ордунан атып туруп, чанадан балтаны ала койду, бирок кайра чанага отура кетти да, көпкө чейин түнөрүп отурду, ал эми аман калган эки ит анын аягына жабышып, коркконунан титиреп жатышты.

Акырында өйдө болду, денеси сенек болуп калгандай араң турду, анан иттерди чанага чекти. Жан кайыштын бирин далысына салып, иттер менен бирге чананы сүйрөп жолго түштү. Бирок көпкө жүргөн жок, иңир кирери менен токтоп, отундан колунан келишинче көбүрөөк жыйнады. Андан кийин иттерге тамагын берип, өзү тамактанды да, оттун жанына төшөк салды.

Бирок жарытып уктай алган жок. Көзү илинип илине электе эле карышкырлар отко жакын кирип келишти. Алардын карааны даана көрүнүп турду. Отту тыгыз курчап, кээ бири жатып алганын, кээ бири отурганын, башкалары болсо отко жакын сойлоп келип же отту айланып ары-бери басып жүргөнүн Генри көрүп турду. Ал турсун кээ бирлери уктап калды. Кар үстүндө итчесинен тумшугун куйругуна катып катуу уктап жатышты, ал эми Генриде болсо уйку жок эле.

Ал отту улуу жакты, анткени денесин ачка карышкырлардын азуусунан ушул от гана коргой аларын билчү. Эки ити болсо эки жагында ээбиз коргойт деп үмүт кылып жатышты. Карышкырлардын бири өтө жакындап кирип келгенде жан талаша үрүп, улуп, кыңшылап ийип жатышты. Мындайда иттердин үргөнүнөн ойгонгон карышкырлардын курчоосуна жан кирип, ордунан тура калган карышкырлар чыдабай жулунуп, ырылдап, улуп-уңшуп, анан кайра жатып, биринин артынан бири уйкуга кетип жатышты.

Бирок алар улам кысып кирип келип жатышты. Кээде тигиниси, кээде мунусу акырын-акырын жылып отуруп акырында бир секирим калат. Мындайда ал оттон чычаланы ала коюп, үйүрдү көздөй берип калат. Карышкырлар артка жалт берип, жаалданып улуп, чычала тийгени корkконунан кыңшылап жиберип жатты.

Эртең менен уйкудан калган Генринин көзү киртейип, кыйналып турду. Караңгыда өзүнө тамак даярдап, саат тогуз болуп, таң жарыгынан улам карышкырлар тайсалдап тарап кеткенде, түнү менен ойлонуп чыккан оюн ишке ашырмак болду. Бир нече жаш карагайды кыйып туруп, бийик кылып эки дарактын ортосуна байлады. Анан жан кайышты арта салып, иттердин жардамы менен табытты тигинин үстүнө тартып чыгарды.

— Биллдин түбүнө жетишти, балким, менин да түбүмө жетишет, бирок, мырза, алар сага жете алышпайт, — деди ал даракка коюлган өлүккө.

Анан жолго түштү, бош чана иттердин артынан улам секирип коюп баратты. Алар да ээси сыяктуу эле Мак-Герри фортуна жетишсе гана арттагы жалаңкычтардан аман кала турганын билип баратышты. Эми карышкырлар такыр эле коркпой калышты: чананын артынан же катарлаш желип, тилдерин салаңдатып, желген сайын

кабыргалары чыгып кетчүдөй болуп келатышты. Алар ушунчалык арык болгондуктан, териси менен эле сөөктөрү калып, булчуңдары гана аларды жип сыяктуу кармап тургандай. Муну көргөн Генри алардын карга кулап калбай желип келатканына айран калды.

Ал иңир киргенче жол жүргөндөн коркуп баратты. Түш ченде күн асмандын түштүк жагын эле жылытпастан, горизонттон бери да бир аз башбагып, кубарган алсыз нурун чачты. Генри муну жакшы жышаан катары көрдү. Күн узарып, бул аймакка күн кайра келейин деп калган экен. Бирок жылуу нур өчөрү менен өргүүгө токтоду. Караңгы киргенче бозомук күн менен күүгүмдүн дагы бир нече сааты бар эле, ал ушундан пайдаланып отундан мүмкүн болушунча көбүрөөк жыйнап алды.

Караңгы менен кошо үрөй учурган коркунуч да келди. Карышкырлар такыр ээ бербей, анын үстүнө мурунку түнү уйкудан калган Генрини улам уйку басып кетип жатты. Ал одеялга оронуп, балтаны аягына коюп, уйкуга эс-мас болуп, оттун жанында отурду. Эки ит жабышып эки жагында. Түн ортосунда ойгонуп кетсе, өзүнөн он эки футтай жерде килейген боз карышкыр туруптур, бул үйүрдөгү эң чоң карышкырлардын бири эле. Ал эриккен ит сыяктуу керилип, чоюлуп, оозун чоң ачып эстеп, Генрини өзүнүн менчиги, эртедир-кечтир колго түшө турган олжосу сыяктуу тике карап турду.

Мындай ишенимдүүлүк бүтүн үйүрдөн көрүнүп турду. Генри өзүн ач көзү менен карап же кар үстүндө бейкам уктап жаткан жыйырма чакты карышкырды санады. Алар тамак-аш коюлган үстөл боюнда кыркалекей отуруп, таттуу тамакка киришүү үчүн уруксатты гана күтүп турган балдар сыяктуу эле. Ал эми ошол таттуу тамак болсо өзү эле! «Булардын тою качан башталар экен» деген ой кетти.

Генри отундан отко салып жатып эми өз денесин таптакыр башкача карай баштаганын сезди. Ал өз булчуңдарынын кантип иштеп жатканына көз салып, өз манжаларынын татаал кыймылын кызыгып карады. Оттун жарыгына салып бир нече жолу бир-бирден, анан баарын кыймылдатып, ачып-жуумп көрдү. Тырмактарын карап, манжаларынын учун бирде жумшак, бирде катуу чымчып, нервдеринин сезимталдыгын сынап көрдү. Мунун баары Генрини суктандырды, капыстан эле ушинтип лепилдеп, так, сонун кыймылдап жаткан өз денесине ичи элжиреп кетти. Анан отту курчап, улам кысып келаткан карышкырларды коркуп карап, өзүм ачыкканда жеп, курсагымды тойгузган багыш менен коён сыяктуу эле ушул сонун дене да эт да, мына бул шилекейи агып турган немелер ушул денемди тыткылап, үзүп-жулкуп жейт да деген ой эсин эңгиретти.

Ушинтип уйку-соонун арасында кыйналып отуруп көзүн ача койсо, маңдайында кызыл канчык туруптур. Ал оттон алты футча жерде сугун артып карап турган экен. Жаны чыгып үрүп, ыркырап турган эки итти этибарга да албайт. Ал адамды тик карап, экөө бир нече мүнөт тиктешип турушту. Канчыктын түрү коркунучтуу эмес эле. Анын көздөрүндө ушунчалык катуу эңсөө турду, бирок Генри анын ошондой катуу ачкалыктан пайда болгонун билди. Ал өзү тамак эле, ал эми тамак болсо карышкырдын табитин кытыгылады. Жаагы ачылып, шилекейи улам карга таамп, тамакты күтүп жаланып турду.

Генри коркконунан титиреп кетти. Чычаланы алайын деп кол сунганда эле канчык ары көздөй ойт берди, сыягы, колго тийген нерсе менен урганга көнгөн болсо керек. Ал ак азууларын көрсөтө аркырады эле, анын көзүндөгү баягы эңсөөнүн ордуна пайда боло калган жаалдануу Генрини селт эттирди. Ал колун карап, манжалары чычаланы кармап, анын одур-бодуруна кантип эп келише калганын, отко жакын калган манжасы өзүнөн өзү артка жылганын байкады да, анан капыстан эле ушул ичке, назик манжаларды тигинин ак азуулары качырата чайнап жатканы элестеп кетти. Ал өз денесин өмүрү кыл учунда турган азыркы учурдагыдай ичи элжиреп сүйбөсө керек.

Таң атканча ачка үйүрдү чычала менен койгулап согушуп чыкты. Көзү илине түшкөндө жанындагы иттердин кыңшылаганы менен ыркыраганынан ойгонуп кетип жатты. Акыры таң атты, бирок бул жолу ал да карышкырларды качыра алган жок. Тарап кетишер деп бекер эле күтүптүр. Алардын мурункудай эле отту курчап, коркпой отурушканын көргөн Генри таң аткандагы кайратынан кайра ажырады.

Генри жолго чыкмак болду, бирок оттон мындай болору менен эле үйүрдүн эң жан кечтиси ага секирди. Ал артка ойт берип аман калды, карышкырдын тиши санына бир аз гана жетпей калды. Үйүр качырып сала берди да, будун-чаң түшүп калды, күйгөн чычалалар гана аларды чегинүүгө аргасыз кылды.

Эми Генри күндүз да оттон алыстап, отун кыя албай турган болуп калды. Чанадан жыйырма кадамдай жерде куурап калган чоң карагай бар экен. Ал жарым күн илешип, ошого чейин от жагып барды, колунан күйгөн чычаланы түшүргөн жок. Карагайга жеткен соң, аны отуну көбүрөөк жакты көздөй жыкмак болду.

Бул түн да өткөн түндөй болду, эми ал уйкуга көп туруштук бере албай калды. Иттердин ажылдап үрүп ырылдаганы да таасир бербеди. Анын үстүнө алар тынымсыз ыркырай бергендиктен, анын үргүлөгөн эс-акылы алардын үнүндөгү айырмачылыктарды ажы-

рата албай жатты. Бир маалда ал бирөө түрткөндөй ойгонуп кетти. Канчык карышкыр дал жанында туруптур. Чычала өзүнөн өзү анын ачылган оозуна кире түштү. Ал артка жалт берип, жаны ооруганына чыдабай улуп-уңшуп жиберди, ал эми Генри күйгөн теринин куйкум жытын ыракаттана жыттап, бир нече кадам ары жакта башын чулгуп, жаалдана аркырап жаткан жырткычты карап турду.

Бул жолу чычаланы оң колуна байлап койду. Үргүлөп кетери менен колу күйүп, көзү чайыттай ачылып кетип жатты. Ошентип, бул бир нече саатка созулду. Ойгонор замат карышкырларды чычала менен кууп, отко отундан салып, чычаланы колуна байлап коюп жатты. Баары жакшы болуп жатты, бирок бир ойгонгондо кайышты бош байлап коюп, көзү жумулары менен чычала колунан түшүп калды.

Түш көрдү. Мак-Гэрри фортунда экен. Жылуу, жайлуу жерде факториянын чоңу менен криббеж ойноп отуруптур. Анан эле фортту карышкырлар курчап калат. Алар дал эле дарбазанын алдына келип улуп жатышат, экөө болсо кээде оюнун токтото коюп тыңшашат да, тигилердин бошко кетип жаткан аракетине күлүшөт. Түшүң кургур, анан эле карс эткен үн чыгат да, эшик ачылып кетет. Бөлмөгө карышкырлар кирип келип, экөөнө кол салат. Улуп-уңшуган үндөр кулак тундурат. Анан эле түшүнө башка нерселер аралашып кетет, бирок анын эмне экенин жанагы кулак тундурган үндөрдөн улам түшүнө албай жатат.

Ойгонуп кетип, жанагы аркыраган үндөрдү өңүндө укту. Ырылдаган, каңшылаган эле үндөр. Карышкырлар үйүрү менен жабылган экен. Туш-тарабында карышкыр, үстүндө карышкыр. Бирөөнүн тиши колуна матырылды. Ал отко секирип, бирөөнүн курч тиши бутун тилип өткөнүн сезди. Калың мээлейден колу отту сезбей, кып-кызыл чокту туш-тарапка чачып жатты, аягында от жанар тоого окшой түштү.

Бирок бул көпкө созулмак эмес. Генринин бети-башы ыйлаактап, каш-кирпиги күйүп, аяктары отко чыдабай баратты. Эки колуна эки чычаланы кармап, оттун четине чыга берди. Карышкырлар чегиништи. Ар тарапка чачылган чоктор карда ышылдап жатты; жан талаша секирип, кыңшылап, ыркырап ийип жатканына караганда карышкырлар да өчө элек чокторду басып алып жатышты.

Генри чычалаларды ыргытып жиберип, күйүп бараткан мээлейин чечти да, ысыган аяктарын муздатыш үчүн кар тебелей баштады. Эки ит тең жок эле, алар Фэттиден башталган узак тойдун кезектеги тамагы болгону ачык болчу, бул иш эми өзү менен аякташы да мүмкүн.

— Баары бир мага алыңар жеткен жок! — деп айкырды ал ачка жырткычтарга муштумун кезеп. Муну уккан үйүр удургуй

түшүп, баары бирдей ыркырашты, ал эми канчык карышкыр өңүп келип, тамак эңсеген көздөрү менен тигиле карап калды.

Генри эми коргонуунун жаңы планын ойлонуштура баштады. Отту тегерете жагып, эрий баштаган кар үстүнө төшөгүн салды да, отуруп алды. Ошентип, от дубалдын ары жагына өтөрү менен карышкырлар отту курчап, анын кайда жоголуп кеткенине кызыга баштышты. Буга чейин алар отко жакындай албай жүрүшкөн, эми болсо тегеректей отурушуп, кадимки эле иттердей үргүлөп, эстеп, чочуркашса да от боюна талыкшып жата кетишти. Анан канчык карышкыр чочоюп отура калып, асманды карап улуп жиберди. Анын артынан карышкырлар биринен сала бири улуп, акырында бүтүн үйүр жылдыздуу асманды карап ачкалыктын муңдуу обонун созду.

Таң атты. От болсо өчүп баратты. Отун да түгөнө баштады, эми отун жыйнаш керек эле. Киши от курчоодон чыгайын деди эле, карышкырлар дароо алдын торошту. Күйгөн чычалалардан улам алар эки жакка ойт беришти, бирок артка чегинишкен жок. Тигинин аларды кубалайын деген аракетинен эч майнап чыккан жок. Ал акыры айласы кетип от курчоонун ичине кайра кирди, ушул маалда карышкырлардын бири ага секирди, бирок жаза тайып төрт аягы менен отко түшүп калды. Айбан корккондунан улуп ийип, каңшылап оттон чыгып, күйгөн аяктары менен карды тытып ийди.

Киши төшөгүндө бүкүрөйүп отурду. Ийиндери шалдайып, башы тизесине тийип салаңдап отурганына караганда таптакыр алы куруп, күрөшө албай калгандай. Кээде гана башын көтөрүп, өчүп бараткан отту карап коюп жатты. От курчоонун айрым жерлери өчүп, өзүнчө күйгөн отторго айлана баштады. Өтө турган жерлер кеңейип, оттор уламдан улам үлүңдөп өчүп баратты.

— Мына, эми менин да түбүмө жете турган болдуңар, — деп күбүрөдү ал. — Бирок мага эми баары бир, уктайм.

Ойгонуп кетип, эки оттун ортосунда көзүн албай тиктеп турган канчык карышкырды көрдү.

Сааттардай узакка созулгансыган бир нече мүнөттөн кийин ал кайрадан башын көтөрдү. Бир нерсе болгон экен. Адегенде ал эч нерсени түшүнө алган жок. Анан дароо аңдады: карышкырлар кетип калышыптыр. Тебеленген кар гана алардын канчалык жакын келгенин айтып турду. Генри кайрадан үргүлөп, башы кайра тизесине тийип калды, бирок бир маалда кайра селт этип ойгонду.

Кайдандыр кишилердин үндөрү, чаналардын кыйчылдаганы, иттердин кыңшылаган үндөрү келип жатты. Дарыя жактан ал отурган карагайлуу жерге төрт чана келди. Бир топ киши келип, өчүп бараткан оттордун курчоосунда бүрүшүп жаткан Ген-

рини тегеректеп турушту. Алар тигини эсине келтирели деп, тарткылап-түрткүлөп, силкилдетип жатышты. Ал болсо мас болгон адамдай уйкулуу көзү менен аларды карап кобураган болду:

— Кызыл канчык карышкыр... Иттерге тамак берер маалда келди... Адегенде иттин тамагын жеди... Анан иттерди жеди... Андан кийин Биллди жеди...

— Лорд Альфред кайда? — деп кыйкырды келгендердин бирөө аны жулкулдатып.

Ал акырын башын чайкады.

— Ага тийген жок... Ал тиякта, карагайларда... акыркы түнөгөн жерде.

— Өлдүбү? — деп кыйкырды тиги.

— Ооба, табытта, — деди Генри.

Ал тигинден бошонуш үчүн жини келип булкунду.

— Мени жайыма койгулачы... Мен болбой турам... Жакшы жаткыла...

Генринин көзү жумулуп, башы кайра салаңдап калды. Төшөккө жаткырышары менен аяздуу жымжырттыкта коркураган коңуруктун үнү угулду.

Буга башка бир үндөр да аралашып кетип жатты. Мунусунда жолу болбой калып, башка бир олжонун артынан сая түшкөн ачка үйүрдүн улуган үндөрү алыстан үзүл-кесил болуп келип жатты.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ





## Биринчи бап

# АЗУУЛАРДЫН АЙКАШЫ

Кишилердин үндөрүн жана чанага чегилген иттердин кыңшылаганын дал ушул канчык карышкыр биринчи болуп укту, укту да өчүп бараткан оттун ортосунда камалган кишиден биринчи болуп качты. Үйүр колго түшкөн олжосунан айрылгысы келбей бир аз арсар болуп турду да, анан канчык карышкырдын артынан түштү.

Үйүрдүн алдында чоң боз карышкыр, үйүр баштагандардын бири баратты. Ал үйүрдү канчык карышкырдын изине салып, алдыга өтүп кетмекчи болгон жаштарга жол бербей, азууларын көрсөтө аркырай калып жатты. Алдыда желип бараткан канчык карышкырды көрүп ого бетер зымырады.

Канчык өз ордун ээлегендей аны менен катарлаш баратты, эми ал үйүрдөн алыстабай калды. Кээде алдыга өтө түшсө да дөбөт ага аркырап, тиш салган жок, тескерисинче, аны менен катарлаш жүргөнгө аракет кылып жатты. Канчык анын мунусун анча жактырбай, тишин көрсөтө ыркырап, боюн качырып жатты. Ал турсун кээде ийинен аткый тиштеп алып турду. Мындайда дөбөттүн буга анчалык деле жини келбей, болгону ары ойт берип, каргый чуркап,

бул кылыгы сүйүүдөн делбе болгон боз уландыкына окшоп кетип жатты.

Ушул нерсе гана дөбөттүн үйүрдү баштоосуна жолтоо болду. Ал эми канчык карышкырдын өзүнчө көйгөйү бар болчу. Анын оң жагында терисинде көп согуштун изи бар арык карт бөрү келаткан. Ал дайым оң жагында жүрчү, анткени анын бир эле сол көзү бар болчу. Бул карыган дөбөт да жөн жүрбөй кээде канчыкты омуроолоп, одурайган тактары бар тумшугун капталына, ийинине, ал турсун мойнуна тийгизе коюп жатты. Канчык буга да ырылдап, тишин көрсөтөт. Кээде экөө тең тийише баштаганда айласы кетип калып жатты, анткени тиги экөөнү тең аткый тиштегилеп, ошол эле учурда үйүрдөн калбай, аласалып кетпегидей болуп алдын карап чуркоо керек эле. Мындай учурларда эки дөбөт бири-бирине атырыла аркырап, тиш салмакчы болуп калышат. Башка убак болсо булар өлбөгөн жерде калышмак, бирок азыр сүйүү менен атаандаштыкты булардан да күчтүү сезим — ачкалык басып турду.

Делебесин козгогон канчык карышкырдын курч тиштеринен улам обочолой түшкөн карт бөрү сокур көзү жакта келаткан үч жашар карышкыр менен кагылыша кетип жатты. Бул чоңоюп калган тай бөрү үйүрдөгү башка алсыраган ачка карышкырлардан өзүнүн күчү, ыкчамдыгы менен айырмаланып турчу. Бирок анткен менен жалгыз көз карт бөрүдөн алга өтө алчу эмес. Кээде жазып-тайып катарлаша калса, ал дароо ыркырап, азуусун көрсөтө тигини ордуна койчу. Бирок тиги кээде артта кала түшүп, анан канчык менен карт бөрүнүн ортосуна кире калчу. Анын бул кылыгы эки эсе, ал турсун үч эсе каршылык туудурчу. Канчык ырылдаары менен карт бөрү дароо бурулуп, тигини качырып калчу. Кээде ага канчык карышкыр, ал турсун сол жакта бараткан үйүр башы да кошулуп кетчү.

Мындайда аркыраган үчөөнү көргөн жаш бөрү тык токтоп, отура калат да, жалын дүгдүйтүп, оозун араандай ача ыркырайт. Үйүр башындагылардын аралаша түшкөнүнөн арттагылар да будун-чаң боло түшөт. Карышкырлар үч жашарга келип урунушат да, наары болуп, капталынан, жамбашынан каап алышат. Анын абалы опурталдуу эле, анткени ачкалык менен ачуу адатта бирин-бири коштоп жүрөт эмеспи. Бирок ал ээ-жаа бербеген жаштыктын деми менен кыйынчылыктан башка эч кандай ийгилик алып келбесе да бул аракетин кайталай берет.

Тамак болгондо, үйүрдү сүйүү менен атаандаштык бийлеп, дароо тарап кетишмек. Бирок азыр жагдай өтө жаман эле. Карышкырлар узакка созулган ачкалыктан абдан арыктап, мурдагыдай ылдам жүрө албай калышты. Артта өтө жаштар менен карылар эптеп

илээлеп келатышат. Алдыда күчтүүлөр. Алардын баары карышкыр эмес эле скелет болуп калды. Бирок аксап-тексегендерди эске албаганда, жырткычтардын кыймылынан чарчап-чаалыкканы анча билинбейт. Түйүлгөн булчуңдарында түгөнгүс күч-кубат бардай. Темирдей булчуңдун бир аракетинен кийин экинчиси кетет, анан үчүнчүсү, төртүнчүсү — ошентип кете берет.

Ал күнү карышкырлар көп миль басышты. Түнү да токтошкон жок. Таң атты, алар болсо кете беришти. Тонуп калган өлүү талаа менен кетип баратышты. Кыбыр эткен жан жок. Ээн чөлдө алар гана баратышты. Жандуудан бул чөлкөмдө алар гана бар эле, алар болсо башка бир тирүү жандык таап, талап-булап жеп, жан сакташ үчүн желип-жортуп баратышты.

Карышкырлар агын-агын суу кечип, канча өзөндөн өтүп отуруп акыры оңдой берди болду. Багыштарга туш болушту. Адегенде килейген бир эркек багышты жыгышты. Бул жашоо эле, бул деген эт эле жана аны коргогон сырдуу от менен чычалалар жок болчу. Ача туяктар менен айры мүйүздөр карышкырларга көнүмүш эле, ошондуктан алар адаттагы сактыгы менен чыдамын унутуп коюшту. Согуш кыска жана кызуу болду. Багышты туш тараптан курчап алышты. Ал оор туяктары менен таамай тээп, карышкырлардын ичин айрып, башын жарды, аркайган мүйүзү менен сөөктөрүн сындырып жатты. Кар үстүнө кулаганда да аларды баса жыгылды. Бирок анын иши бүтүп, бир маалда буттары бүгүлө түштү. Канчык карышкыр дароо тамактан алды, калгандары жаны чыкканча эле аны талап-булап, үзүп-жулкуп жеп кириšти.

Тамак кеңири эле. Багыш сегиз жүз фунттан ашыгыраак, ар бир карышкырга жыйырма фунттан тийгидей бар экен. Карышкырлар канчалык узакка ачка жүрө алса, тамакты ошончолук ыкчам жегендиктен, көп өтпөй эле жанагы килейген багыштан кар бетинде чачылган бир аз сөөк гана калды.

Эми карышкырлар көбүрөөк эс алып, уктай турган болушту. Курсагы тойгон жашыраак бөрүлөр тынчы кетип алыша баштады жана үйүр тарап кеткенче ушундай боло берди. Ачкалык аяктады. Үйүр жан-жаныбарга бай жерге келди. Алар мурункудай эле үйүрү менен кол салып жүрүштү, бирок эми сактанып, бооз же оорулуу карт багыштарды гана тобунан бөлүп алып жеп турушту.

Ошентип, жемге бай бул жерде бир күнү бөрүлөрдүн үйүрү экиге бөлүнүп эки жакка кетти. Канчык карышкыр, сол жактагы жаш үйүр башы, оң жактагы жалгыз көздүү карт бөрү өз үйүрүн чыгыштагы Маккензи дарыясына, андан аркы көлдөргө алып жөнөштү. Бул чакан үйүр да күн өткөн сайын азая берди. Бөрүлөр дөбөт-канчык болуп бөлүнүп калып жатышты. Кээде атаандаштын курч

тиштери жалгыз-жарым карышкырды бөлүнүүгө мажбурлап жатты. Акырында төртөө: канчык карышкыр, жаш үйүр башы, жалгыз көз жана дымагы күчтүү үч жашар калды.

Эми канчык карышкырдын мүнөзү биротоло бузулду. Тиги үч дөбөттө тең анын тиштеринин издери жүрдү. Бирок алар буга жооп кайрышкан жок, коргонууга аракет да кылышкан жок, болгону анын курч тиштерине далыларын тосо берип, куйруктарын шыйпаңдатышып, жанынан чыкпай жүрүштү. Канчыкка мындай болгону менен алар ич ара өлбөгөн жерде калып жатышты. Айрыкча үч жашар кутуруп кетти. Бир жолку талашта ал карт бөрүнүн көзү көрбөгөн жагынан атырылып келип, кулагын үзүп ала жаздады. Бирок тиги карт бөрү бир жак көзү көрбөсө да анын жаштыгына өзүнүн бүтүн акылы менен тажрыйбасын каршы койду. Анын сокур көзү менен тумшугундагы тактары анын кандай тажрыйбага ээ экенин айтып турчу. Көп согушту көргөн бул карт бөрү азыр ойлонбой туруп өз ишин бүтүрмөк.

Уруш калыс башталганы менен адилеттүү бүткөн жок. Эгер карт бөрүгө жаш үйүр башы кошулуп кетпегенде, ким билет, кандай бүтөр эле. Экөө үч жашарды эки жагынан качырып киришти. Үйүрдөштөрүнүн курч азуулары туш тарабынан батып кетип жатты. Баягы бирге аң уулаган, олжо бөлүшкөн, ачкалыктан бирге азап чеккен күндөр унутулду. Анын баары артта калды. Эми алар тамак табуудан да күчтүү, катаал сезим болгон сүйүүнүн бийлигинде эле.

Ал эми ушунун баарына себепкер болгон канчык карышкыр кар үстүндө чочоюп отуруп алып, урушту карап турду. Ал турсун бул ага жакты. Бул анын күнү эле (мындай учур сейрек болот): жалдар тик туруп, азуу азууга тийип шакылдап, жумшак дене үзүлүп, айрылып жатат, мунун баары аны ээлеш үчүн болуп жатат.

Өз өмүрүндө биринчи жолу сүйүүгө туш болгон үч жашар бөрү сүйүү үчүн өмүрүн кыйды. Эки атаандашы анын үстүндө турушту. Экөө тең жылмая карап отурган канчык карышкырды карап калышты. Бирок карт бөрү акылдуу, сүйүү ишинде уруштагыдан да тажрыйбалуураак болчу. Жаш үйүр башы жарадар ийинин жаламак болуп башын бура берди да, мойну атаандашына карап калды. Карт бөрү жалгыз көзү менен ыңгайы келе түшкөнүн жазбай баамдады. Ал көз ачып жумганча тигиге атырылып, мойнундагы күрөө тамырды шылып алды да, артка качты.

Жаш үйүр башы жүрөк түшүрө аркырады, бирок анысы дароо эле жөтөлгө айланып кетти. Ал канга какаган бойдон карт бөрүнү качырды, бирок шайы кетип, буттары чалыштап, көзү тумандап, секиргенге үлгүрбөдү.

Канчык карышкыр жылмайып отурду. Бул уруш кандайдыр бир бүдөмүк кубанычты пайда кылды, анткени Түндүктүн жапан мейкиндигиндеги сүйүүнүн табияты ушундай болчу. Анын трагедиясын өлгөндөр гана билет, ал эми тирүүлөр үчүн бул трагедия эмес, тек гана ишке ашкан каалоонун салтанаты.

Жаш үйүр башы карга сулап жатып калган соң, Жалгыз көз керкейе басып канчык карышкырга келди. Бирок дагы эле сактанып турду. Ал мурункудай азуу көрсөткөн каршылыкты күткөн, бирок таң калыштуусу, андай болгон жок. Биринчи жолу канчык аны жайдары тосуп алды. Аны менен жыттaшып, ал турсун күчүк сыяктуу секирип ойной баштады. Жалгыз көз да өзүнүн жашы менен токтоолугун унутуп коюп тиги канчыктан бешбетер күчүк болуп кетти.

Жеңилген атаандаштар, кар бетине кан менен жазылган сүйүү аңгемеси дароо унутулду. Жараатын жаламакчы болуп токтой калган карт бөрү гана бир жолу эстеди. Эриндери жаалдана титиреп, жалы тик туруп, тырмактары карга батып, секире тургандай бели ийиле калды. Бирок баары дароо эле эстен чыгып, аны токойго карай азгырып жаткан канчыктын артынан түштү.

Эми алар акыры тил табышкан ынак достордой катарлаш баратышты. Күндөр өтүп жатты, алар болсо бири-биринен түк ажырабай, бирге аң уулап, бирге өлтүрүп, бирге тамак жеп жүрүштү. Бирок эми канчык карышкырдын эмнегедир тынчы кете баштады. Бир нерсени издеп, бирок таба албай жүргөн сыяктуу. Эмнегедир аны кулап калган дарактардын асты кызыктырат, аска таштардын боорундагы ыктоо жерлерди, дарыя жээгиндеги үңкүрлөрдү сааттар бою шимшилеп чыгат. Карт бөрүнү мунун баары кызыктырбаса да тигинин артынан калбай жүрө берет, бул иш өтө узакка созулуп кеткенде, карга жата кетет да, анын келишин күтөт.

Алар бир жерге көп байырлабай жүрүп отуруп, Маккензи дарыясына жетишти. Эми алар дарыяны бойлой жайбаракат жүрүп, кээде аң уулап дарыянын куймаларын өрдөп кетишкени менен кайра кайтып жүрүштү. Кээде адатта жубу менен жүргөн башка карышкырлар да кездеше калып жатты, бирок мындайда булар да, тигилер да жолукканга сүйүнүп кетпей, кайдыгер карап, үйүрдөш болууну каалаган эч ким болгон жок. Жалгыз жүргөн карышкырлар да бир нече жолу кездешти. Бул дөбөттөр экөөнө жан деп кошулмак, бирок Жалгыз көз муну каалаган жок. Канчыгы экөө ийиндеше тура калып, жалы тик туруп аркыраганда, тиги чоочун немелердин айласы кете түшүп, артка бурулуп, өз жолун улантууга аргасыз болушчу.

Бир жолу айлуу түндө жымжырт токойдо баратып, Жалгыз көз тык токтоду. Тумшугу көтөрүлүп, куйругу түзөлүп, таноосу дерде-

йип, жыт искеп калды. Алдыңкы бутун ит сыяктуу этият көтөрдү. Ал бир нерсеге тынчсызданып, бирок жел менен келген кабарды аңдай албай абаны искегилеп турду. Канчык да жыт искеп, бирок шеригин сүрөй алга кетти. Ал анын артынан түштү, бирок дагы эле санаасы тынчыбай, улам токтой калып жел менен келген эскертүүнү аңдагысы келип жыт искеп жатты.

Канчык карышкыр жыла басып токойдун ачык жерине чыкты. Бир азга жалгыз турду. Артынан абдан кооптонуп, бардыгынан шектенип, боортоктоп сойлой басып Жалгыз көз келди. Алар кулак түрүп, тикчие тиктеп, жыт искеп катар турушту.

Иттердин ыркырашып талашканы, эркектердин жоон үндөрү, аялдардын чайылдап урушканы, ал турсун кичинекей баланын эчкирип ыйлаганы жел менен келип жатты. Бул жерден тери менен капталган чоң вигвамдар, жылтылдап күйгөн оттор, алардын айланасындагы кишилердин караандары, бейкут абага жай булаган түтүндөр көрүнүп турду. Бирок алардын таноолоруна Жалгыз көз үчүн таптакыр түшүнүксүз, бирок канчык баарын тең жат билген индеец айылынын, буюм-тайымдарынын жыттары келип жатты.

Канчыктын каны дүргүп, жаны жыргап жыт алып жатты. Ал эми Жалгыз көз дагы эле шектенип турду. Ал кетмекчи болуп, кооптогонун билдирип койду. Канчык мойнун буруп, аны жооткоткондой тумшугу менен түртүп койду да, кайрадан айылды карай баштады. Анын көздөрүндө кусалык турду, бирок бул баягы ачкалыктан пайда болгон энсөө эмес эле. Ал азыр тиякка жетип барып, от боюнда жатып, иттер менен талашып, олдоксон баскан кишилердин аяктарына оролушуп жүргүсү келип калтырап турду.

Жанында чыдамы кетип Жалгыз көз турду; капыстан канчык баягы издеп таба албай жүргөн нерсесин кайра эстеди, аны сөзсүз табыш керектигин ойлоду. Кайра кайрылды да, токойго, дарактардын далдоосуна желип кирип кетти. Жалгыз көздүн жаны жай ала түштү.

Ай тийген токойдун ичи менен көлөкө сыяктуу дабышсыз барашып, бир изге кабылышты. Экөө тең кар искеп жиберишти. Из жаңы экен. Жалгыз көз сактык менен алдыга түштү, канчык анын артынан бучкактап келе жатты. Алардын бакыбат жоон тамандары кар бетине баркыттай жумшак түшүп жатты. Бир маалда Жалгыз көз агарган мейкиндиктен бир ак немени байкады. Баятан бери желип-жортуп келаткан Жалгыз көз эми ого бетер ылдамдады. Алдыда бир агарган нерсе көрүнгөндөй болду.

Алар эки жагында жаш карагайлар өскөн кууш жол менен барышты. Алдыда ай нуру төгүлгөн ачык жер көрүндү. Карт бөрү баягы ак немеге жетейин деп калды. Каргыган сайын ортодогу аралык

кыскарып баратты. Мына жетип калды. Дагы бир секирсе, тиштери тигиге бата түшөт. Бирок секиргенге үлгүрбөй калды. Жанагы агарган неме коён болуп чыгып асманга атып кетти да, эми ал так Жалгыз көздүн үстүндө туйлап, ары-бери туйлап, таң каларлык бир бийди бийлеп жатты.

Чочуп кеткен Жалгыз көз бышкырып артка кетти да, карга жата калып, бул түшүнүксүз немеге аркырады. Канчык карышкыр эч нерсе болбогондой андан өтүп барды да, болжолдоп туруп тыбыраган коёнду алмакчы болуп секирди. Бийик секиргени менен жете албай калып, тиштери гана шак этти. Экинчи, анан үчүнчү жолу секирди.

Карт бөрү акырын туруп, канчыкты тиктеди. Акырында тигинин алсыздыгына жини келип өзү секирди да, коёнду тиштеп жерге түштү. Ушул учурда капталдан бир шектүү үн угулуп, Жалгыз көз өзүнө чабыла тургандай болуп турган балатыны көрдү. Карышкырдын жаагы ачылып кетти, ал ыркыраган бойдон бул түшүнүксүз коркунучтан артка ойт берди. Ыркырап, жаалынан, корконунан түгү тик турду. А балаты кайра түзөлүп, коён абадагы бийин кайра бийлей баштады.

Канчыкка жин тийди. Жалгыз көздү далыдан аткый тиштеди эле, анын бул күтүүсүз жоругунан чоочуп кеткен тиги тумшугунан каап алды. Канчык да мындайды күтпөгөндүктөн жаалы келип дөбөткө атырылды. Ал болсо өз жаңылыштыгын түшүнүп, канчыкты жоошуткусу келди, бирок тиги болбой эле тиштей берди. Жарашуудан үмүтү үзүлгөн Жалгыз көз башын гана качырып, бирде тигил, бирде бул далысын тосо берип жатты.

Ал эми коён дагы эле абада бийлеп турду. Канчык карга отура кетти, табышмактуу карагайдан да андан көбүрөөк коркуп калган Жалгыз көз кайра секирди. Коёнду тиштеп түшкөн карт бөрү жалгыз көзү менен карагайды тиктеп турду. Ал өткөн жолкудай эле жерге чейин ийилди. Карышкыр соккуну күтүп түйүлө түштү, түгү тик тура калды, бирок олжосун коё берген жок. Сокку болгон жок. Карагай ийилген боюнча тура берди. Карышкыр жылды эле, ал да кошо жылды, ал буга кыжыры келип жаагы карышкан бойдон ырылдады. Тынч турса, карагай да кыймылдабай тура бергендиктен, ушундай тура бергеним жакшы окшойт деп калды. Бирок коёндун жылуу каны абдан таттуу эле.

Бул кыйын абалдан Жалгыз көздү канчык карышкыр куткарды. Ал андан коёнду алды да, карагай ары-бери термелип турганда, коёндун башын кемирип таштады. Карагай дароо түзөлүп, табигый абалына келди да, аларга коркунуч туудурбай калды. Канчык менен Жалгыз көз сырдуу карагай кармап берген коёнду бөлүп жеп алышты.

Коёндор абада бийлеп турган мындай кууш жолдорду кийин көп көрүштү, алардын эч бирин жөн коюшкан жок. Мындайда канчык жол баштап, дөбөт артынан жүрүп, капканды кантип айланып өткөндү үйрөндү. Кийин мунун пайдасы көп тийди.

# Экинчи бап

## ИЙИН

Канчык менен Жалгыз көз индеец айылынын тегерегинде эки күн жүрүштү. Дөбөт кыпылдап коркот, ал эми канчыктын айылдан алыс кеткиси жок. Бирок бир күнү эртең менен жакын жерден мылтык атылып, ок Жалгыз көздүн башын чырпып өтүп карагайга тийгенде, айла жок, каргыган бойдон качып жөнөштү. Бир калыпта каргый жүгүрүп, коркунучтан улам алыстап баратышты.

Алар болгону эки күн жүрүштү. Канчык карышкыр туталанып, баягы таппай жүргөн нерсесин эми чындап издей баштады. Бул күндөрү денеси оорлошуп, мурункудай катуу чуркай албай калды. Бир жолу мурун жөн эле баса калчу коёндун артынан баратып, капысынан эле кууганын токтотту да, эс алганы жата кетти. Жалгыз көз келип, мойнуна тумшугун тийгизейин дегенде, жаалдана каап алды, тиги болсо чалкасынан жата калды да, күлкү келерликтей болуп тарбаңдап, андан коргоно баштады. Канчык өзүнчө эле туталанып, кыжырлана берчү болду, Жалгыз көз болсо адаттан тыш баарына чыдап, көзүн карап жанында жүрдү.

Акыры канчык издегенин тапты. Ал жайында Маккензиге куйчу өзөн менен бир нече миль жогору барган жерде экен. Өзөн азыр башатынан куйган жерине чейин музга айланып, таштуу сайынан бери зыңкыйып тонуп жатыптыр. Алдыга бир топ узап кеткен Жалгыз көздүн артынан чарчаңкы желип бараткан канчык бир маалда өзөн жээгиндеги жарды байкады. Бурулуп, ошол жакты көздөй салды. Жазгы нөшөрлөгөн жамгыр менен эриген карлар агып түшө берип, жарды жеп, үңкүр кылып коюптур.

Ал үңкүрдүн кире беришине токтоп, сыртын жакшылап карады. Анан жарды бойлой ары-бери чуркап, эки жагын байкаштырган соң, үңкүрдүн тар оозунан кирди. Адегенде сойлогонго туура келди, анан үңкүр кеңейип отуруп, диаметри алты футтай келген аянтча менен бүтөт экен. Башы үңкүрдүн төбөсүнө тийип турду. Ичи кургак, ыңгайлуу экен. Канчык баарын ынтаа коюп карай баштады, ал

эми кире бериштеги Жалгыз көз ага токтоо көз салып турду. Тиги башын жерге салып, бир нече жолу турган жеринде айланган соң, алы куругандай ыркырап, буттарын бүгүп, кире беришти карай жата кетти. Жалгыз көз кулагын тикчийтип, жылмая карап турду, эшиктеги жарыктан анын куйругунун шыйпаңдаганы көрүнүп турду. Канчык карышкыр кулагын жапырып, оозун чоң ача тилин салаңдатып, канааттанып жаны жай алганы кебетесинен көрүнүп турду.

Жалгыз көз ачка болчу. Ал үңкүрдүн кире беришине жатып уктап калды, бирок жакшы уктай алган жок. Ал улам ойгонуп, кулагын тикчийте апрелдин жадыраган күнү карга чагылышып турган сырткы дүйнөнү тыңшап жатты. Үргүлөй баштаганда эле кайдандыр шылдырап аккан суунун үнү келет, ал болсо муну кулак түрүп тыңшап калат. Күн кайрадан пайда болуп, ойгонуп келаткан Түндүк жан-денин кытыгылап чакырып жатты. Баары жандана баштады. Айлана көктөм жыттанып, кар алдынан жашоо жаралып, дарактарга суу жүгүрүп, топурактын муз кийими жыртыла баштады.

Жалгыз көздүн тынчы кетип жубайын карады, бирок тигинин турайын деген ою жок. Эки жагын карап, жакын жерден бырпырап учкан чымчыктарды көрдү, турайын деп, бирок кайра канчыгын карады да, жатып, үргүлөп кетти. Ызылдаган бир алсыз үн келип жатты. Уйку-соонун арасында бир нече жолу тумшугун чапчып, акыры ойгонуп кетти. Тумшугу жакта бир чиркей ызылдап учуп жүрүптүр. Килейген неме экен, кыязы, кургак дүмүрдүн оюгунда кыштап чыгып, эми күн жылый баштаганда учуп чыкса керек. Карт бөрү табияттын чакырыгына чыдап тура алган жок, анын үстүнө ачка да эле.

Канчыгына сойлоп барып, аны тургузганга аракет кылды. Бирок ал ыркырап койгондуктан, өзү жалгыз жадырап турган эшикке чыгып, аяктары эриген карга бата түштү да, эми желип-жортуп жүрүш кыйын болорун туйду. Ал тоңгон өзөн менен жогору көздөй салды, карагайлардын көлөкөсүнөн улам бул жерде кар бети али катуу экен. Сегиз саатай желип-жортуп жүрүп иңир киргенде ийинге келди. Эми ал мурункудан да ачка болчу. Жан-жаныбарлар жолукту, бирок кармай алган жок. Коёндор эриген кар менен безип кетишти, ал болсо карга батып, жакшы чуркай албады.

Үңкүрдүн оозуна келгенде бир нерседен шектене түштү да, тык токтоду. Тияктан кандайдыр бир алсыз үндөр чыгып жатты. Бул канчыктын үнү эмес эле, бирок эмнегедир тааныш болчу. Акырын сойлоп кирди да, канчыгынын эскертип ырылдаганын укту. Жалгыз көз муну анча деле этибарга алган жок, бирок алысыраак турганга аргасыз болду; аны эми башка үндөр — алсыз кыңшылаган, ыйлактаган үндөр кызыктырып турду.

Канчык ага кыжыры келип ыркырагандыктан, үңкүрдүн оозуна барып жатты да, уктап кетти. Таң агарып, үңкүргө тунарган жарык киргенде, карт бөрү баягы үндөрдүн кайдан келгенин кайра издей баштады. Канчыктын эскертип ыркыраганынан кызганычтын да пайда болгонун туйду да, андан обочорок турууга аргасыз болду. Бирок баары бир канчыктын аяктарына илээщип, бооруна жабышып, алсыз кыңшылап, ыйлактап, көздөрү ачыла элек беш бөлтүрүк жүргөнүн көрдү. Карт бөрү таң калды. Жолдуу болуп, узакка созулган өмүрүндө мындай окуя биринчи болуп жаткан жок, көп болду, бирок ал буга көргөн сайын астейдил айран калчу.

Канчык кыпылдап тынчы кетип карап турду. Маал-маалы менен ыркырап, карт бөрү жакындай бергенде жүрөк түшүрө аркырай калып жатты. Жамандыкты өз көзү менен көрбөсө да эне бөрүлөрдүн илгертен келаткан сокур сезими ата өзүнүн алсыз тукумун жеп коюшу мүмкүн деп шыбырап турду. Ушул коркунуч Жалгыз көздү өз канынан жаралган бөлтүрүктөргө жолотпой кууганга аргасыз кылып турду.

Бирок бөлтүрүктөргө эч кандай деле коркунуч жок болчу. Карт бөрүнү да ата-бабаларынан бери келаткан сокур сезими бийледи. Анын буйругуна ойлонбостон, кыңк этпестен жан-дили менен баш ийип, жаңы туулган бөлтүрүктөрүнөн бурулду да, тамак издеп кетти.

Үңкүрдөн беш-алты миль ары барганда, өзөн эки айрылып, эки айрыгы тең тоого кетет экен. Карт бөрү сол айрыкка салды да, көп өтпөй эле бир изди көрдү. Жыттап көрүп, жаңы экенин билди да, карга жата калып, из кеткен жакты карай баштады. Анан жай бурулуп, оң айрык жакка салды. Тиги из өзүнүкүнөн бир топ чоң экен, демек, ал из кеткен жактан олжо табуу кыйын.

Оң айрык менен жарым милдей барганда, бөрүнүн сак кулагы кандайдыр бир кыйчылдаган үндү туйду. Акырын сойлоп барып, кош аяктап туруп алып тишин жыгачка жанып аткан чүткөрдү көрдү. Жалгыз көз акырын жакындап барды, бирок жолу болоруна анча деле ишенбей турду. Түндүк жакка мынчалык алыс кетпеген мындай жаныбардын этин өмүрүндө бир да жолу татпаганы менен билчү. Карт бөрү тажрыйбасынан улам жашоодо жолу болуп, оомат келген учурлар да болорун билчү, ошондуктан чүткөргө жакындап бара берди. Мындайда айкаштын эмне менен аяктаарын айтыш кыйын, анткени жан-жаныбарлардын күрөшүндө ар кандай нерселер болушу мүмкүн.

Чүткөр узун, курч ийнелерин жайып жиберип топтой түйүлүп жатып алгандыктан, кол салууга болбой калды. Жалгыз көз жаш кезинде бир жолу жансыздай көрүнгөн ушундай топ ийнеге туш болуп, күтүүсүз жерден куйрук менен тумшукка жеген. Бир ийне ошол

бойдон мурдунда кала берип, жан чыдатпай оорутуп жүрүп, бир нече жумадан кийин араң түшкөн. Азыр ал тумшугун чүткөрдүн куйругунан бир футтай алыс тутуп, секире турган болуп жатты. Ушинтип, таштай катып күтүп турду. Эмне болорун айтыш кыйын. Ар кандай болушу мүмкүн. Балким, чүткөр жазылып кетер. Балким, ыңгайы келе калса, анын ийнесиз назик курсагын жара чапчып алар.

Бирок жарым сааттан кийин Жалгыз көз өйдө болуп, тиги жансыз топко кыжырдана ырылдады да, ары карай кетти. Мындай чүткөрлөрдүн далайын аңдып отурган, азыр болсо буга убакыт жок эле. Оң айрык менен андан ары карай кетти. Күн шашке болуп баратканы менен жолу болбой жатты.

Ойгонуп калган аталык сокур сезим бөрүнү биротоло бийлеп алды. Кандай болбосун тамак табыш керек эле. Түш ченде бир ак кекилик туш болду. Бадалдан чыга калса, маңдайында туруптур. Бир футтай жердеги дүмүрдө отурган экен. Экөө тиктеше түшүштү. Кекилик коркуп кетип канатын сермей бергенде, бөрү апчып калды да, барпырата басып калды. Морт сөөктөрүн качырата тиштеп, назик этине тиши кире берип, жаагы кайра ачылды. Эсине бирдеме келе түшкөндөй, кекиликти тиштеп алып үңкүрдү көздөй желип жөнөдү.

Адатындай көлөкө сыяктуу шырп эттирбей желе-жорто басып, ар бир бурулуштан сактана карап келатып, кайра баягы чоң изди көрдү. Из ал бара турган жакка кеткендиктен, анын ээси менен жолукканга даяр болуп баратты.

Өзөн чукул бурулган жердеги аска ташка келгенде акырын башбагып, бир нерсени көрдү да, жерге жабыша калды. Бул жанагы чоң таман издин ээси — килейген ургаачы сүлөөсүн экен. Ал баягы топтоголок болуп түйүлүп алган чүткөрдүн кашында эртең менен өзү тургандай болуп аңдып туруптур. Эгер ал мунун алдында табышсыз көлөкөдөй болуп келатса, эми ошол көлөкөнүн элесине айлана түштү да, ың-жыңсыз сойлоп, чүткөр менен сүлөөсүндүн шамал келбей турган жагына өттү.

Карышкыр кекиликти жанына коюп, карга жата кетти да, жапыс өскөн кызыл карагайдын ийнелеринин арасынан көз алдында болуп жаткан жашоо оюнун — жашагысы келип, ушундан улам бири-бирин аңдып жаткан сүлөөсүн менен чүткөрдү тикие карап турду. Мында бири экинчисин жегиси келип, тиги болсо такыр жем болгусу келбей жатты. Карт бөрү да бул оюнга катышып, балким, менин жолум болуп калаттыр деп үмүттөнүп турду.

Жарым саат өттү, бир саат өттү, бирок эч нерсе өзгөргөн жок. Топ ийне кыймылсыз турду, сүлөөсүн болсо мармар айкелге айланып калды, ал эми Жалгыз көз болсо өлүү сыяктуу сенейип калган

эле. Бирок үчөө тең жан-дени тирүүлүктөн жаны ооруп кеткендей чыңалып, азыр денелери таш болуп катып калгандагыдай күчтү эч качан сезишпесе керек.

Жалгыз көз мурункудан бешбетер сактана түштү да, бир аз алга ынтылды. Тиякта бир өзгөрүү болгондой болду. Чүткөр акыр аягында душман кетти го деп ойлоп, өзүнүн ок өтпөс зоотун акырын ача баштады. Топ тикенек бара-бара жата баштады. Жалгыз көз даяр тамак сыяктуу алдында жаткан тирүү жандыкты көрүп оозу шилекейге толуп чыкканын сезди.

Чүткөр толук жайылып бүтө электе, душманын көрүп калды. Ушул учурда сүлөөсүн аны чапчып алды. Сокку чагылгандай тез болду. Алгыр куштукундай курч тырмактар назик курсакты жарып кетти. Эгер чүткөр толук жайылганда же душманын көз ирмемге кечирээк байкаганда, сүлөөсүндүн буту соо калмак, бирок азыр ал бутун тартып алганча, чүткөр аны куйругу менен согуп, курч ийнелерин батырганга үлгүрдү.

Сокку, жооп катары урулган сокку, чүткөрдүн өлөр алдындагы чыңырыгы, чоң мышыктын жаны ооруганына чыдабай чаңырганы — ушунун баары бир учурда болду. Каны дүргүй түшкөн Жалгыз көз өйдө болуп, кулагын тикчийтти, куйругу түздөлүп ката түштү. Сүлөөсүн токтоно албай калды да, жанын ушундай ооруткан немеге карай жаалданып атырылды. Бирок чыңырып, жарылган курсагын эптеп жашырып, кайра топко айлана албай алдастаган чүткөр куйругу менен дагы бир урду. Чоң мышык жаны ооругандан кайра чаңырып, артка жалт берди; ийне жыш сайылган мурду ийне жаздыкчасына окшоп турду. Ал тумшугун таманы менен чапчып, карга, бутактарга ары-бери сүртүп, алга-артка, онго-солго секирип, оттой күйгүзгөн ушул ийнелерден кутулууга аракет кылып жатты жана жан чыдагыс оору менен коркуудан эч нерсени да сезбей калды.

Бышкырып жаткан сүлөөсүндүн кыска куйругу калтырап-титирей берди, анан ал бара-бара тынчый баштады. Жалгыз көз аны тикчийип байкап турду да бир маалда селт этип, жалы тик тура түштү: айласы куруган сүлөөсүн бир маалда так түйүлүп секирди да, чаңырып-чаңырып качып жөнөдү. Карааны көрүнбөй, чаңырганы алыстан угулуп калганда гана Жалгыз көз алга жылды. Курч ийнелер кар бетине жыш сайылып калгандай, азыр эле жумшак таманына бата түшчүдөй болуп этият баратты. Чүткөр карышкырды ажаандана чыйылдап, тиштерин шакылдатып каршы алды. Эптеп түйүлмүш болду, бирок бул эми баягы топ ийне эмес эле: үзүлгөн булчундар баш ийбей, өзү болсо тең бөлүнүп, кансырап турду.

Карт бөрү кан төгүлгөн карды ыракаттана сугунду. Карды ого бетер ачты, бирок көптү көргөндүгүн кылып дагы эле сактанып

турду. Күтүп туруш керек эле. Ал чүткөрдүн мандайына жата кетти, тиги болсо тишин кычыратып, кышылдап, акырын кыңшылады. Көп өтпөй эле Жалгыз көз чүткөрдүн ийнелери акырын түшүп, бүт денеси титирей баштаганын көрдү. Анан эле титирегени басылып калды. Узун тиштери акыркы жолу шак этип, ийнелери түштү, жаны жай алып, кыймылсыз жатып калды.

Жалгыз көз чүткөрдү апкаарып титиреген таманы менен акырын узатасынан салды да, чалкасынан жаткырды. Эч нерсе болгон жок. Чүткөр өлүп калыптыр. Кылдат карап чыккан соң карышкыр олжосун тиштеп алып, өзөндү бойлоп жөнөдү, курч ийнесин басып албайын деп, башын бир жакка кыйшайта кар үстү менен сүйрөп баратты. Бирок капыстан бир нерсе эсине түшө калып, чүткөрдү таштады да, кекиликке кайра барды. Ал ыргылжың болуп турган жок, анткени эмне кылышты билчү: кекиликти жеш керек болчу. Жеп жиберген соң дароо олжосуна келди да, аны сүйрөп жөнөдү.

Ал олжосун сүйрөп үңкүргө киргенде, канчыгы аны карады да, башын көтөрүп, мойнунан жалап койду. Бирок ошол замат аны бөлтүрүктөргө жолотпой ыркырамыш болду, мунусу каарданбай эле кечирим сурагандай туюлду. Бөлтүрүктөрдү атасы жеп коёт деген сокур сезимге байланган коркунуч жок болуп баратты. Жалгыз көз да өзүнүн ата бөрү экенин сезди, анда өз канынан жаралган тукумун жеп коёюн деп жаман ой жок эле.

## Үчүнчү бап

# БОЗ БӨЛТҮРҮК

Ал ага-инилеринен, эже-карындаштарынан башкача болчу. Алардын өңү энесин тартып кызгылтым болуп турса, ал атасынын эле өзү. Бөлтүрүктөрдүн ичинен анын өңү гана боз болчу. Чыныгы карышкырдай болуп, Жалгыз көздү эске салып турчу, болгон айырмасы атасынын көзү бирөө, баласыныкы экөө эле.

Боз бөлтүрүктүн көзү өткөндө ачылып, азыр дурус эле көрүп калды. Ал турсун көзү ачыла электе эле туюп, жыттап, жалап билчү. Эки эркек, эки кыз бир тууганын таанычу. Тигилер менен тамтаңдап жөөлөшүп, кээде алышып кетишчү, мындайда тамагы ыркыраганга жете элек жумшак ырылдоодон титиречү. Ал көзү ачылганга чейин эле жылуу сүт жыттанган назик энесин жытынан, даамынан таанычу. Энеси жумшак мээримдүү тили менен назик

денесин жалаганда, дароо жаны жай алып, бооруна ыктап уйкуга кетчү.

Анын өмүрүнүн алгачкы айы дээрлик уйкуда өттү, бирок эми жакшыраак көрүп, азыраак уктап, өз дүйнөсү менен аз-аздан тааныша баштады. Анын дүйнөсү караңгы болчу, бирок ал башка дүйнөнү билбегендиктен, анын караңгылыгын деле билчү эмес. Күүгүм тартып турган бул чөйрөдө көзүн жарыкка көндүрүүнүн зарылдыгы да жок болчу. Дүйнөсү абдан тар болуп, үңкүрдүн дубалдары менен чектелип турчу; тышкы чексиз дүйнөдөн бөлтүрүктүн кабары болбогондуктан, мындай тар чөйрөдө жашоо ал үчүн кыйын деле эмес эле.

Бирок андай деген менен көп өтпөй эле бул дүйнөнүн дубалдарынын бири башкачараак экенин байкап калды. Бул үңкүрдүн оозу эле, ал тараптан жарык келип турчу. Анын башкача экени ой менен аң-сезимдүү эңсөөлөр пайда болгонго чейин эле билинди. Ал жак бөлтүрүктү көзү ачыла электе эле өзүнө тартчу. Ал жактан келген жарык анын жумулган көзүнө тийип, көрүү нервдери жагымдуу, бирок бейтааныш сезимди пайда кылган жылуу жарыкка жооп кайтарчу. Денесиндеги, денесинин ар бир клеткасындагы жашоо, өз табиятынын өзөгүн түзүп, анын эркине баш ийбей аракетке кирген жашоо өсүмдүктүн химиялык курамы аны күнгө бургандай эле ушул жарыкка жан талашып умтулчу.

Бөлтүрүк аң-сезими ойгоно электе эле жылып отуруп үңкүрдүн оозуна кетип калчу. Бир туугандары да андан калышчу эмес. Ал убакта алардын эч кимиси үңкүрдүн арткы караңгы дубалына кетенчиктеп кетчү эмес. Алар өсүмдүк сыяктуу жарыкка тартылып, жашоо деген химиялык процесс жарыкты талап кылчу; жарык алардын жашоосунун зарыл шарты болгондуктан, бөлтүрүктөрдүн кенедей денелери жүзүм бутактарындай болуп эч ойлонбой, сокур сезимине гана баш ийип ага тартылчу. Кийинчерээк ар бири өз-өзүнчө болуп, ар биринин өзүнчө каалоолору менен умтулуулары пайда болгондо, жарыкка тартылуу ого бетер күчөдү. Алар тынбай ошол жакка сойлоп, энеси аларды кайрып келип турду.

Ушинтип, боз бөлтүрүк энесинин жумшак эркелетип жалаган тилинен башка да касиеттери бар экенин билди. Улам жарыкка умтула берип энесинин жазалап артка ыргытып таштай турган тумшугу бар экенин билди, кийинчерээк жерге бир аз ныгыра басып, ыкчам, жөн билги кыймылы менен бурчка тоголотуп бара турган буту бар экенин билди. Ошентип, денеси ооруганын сезип, андан кача турган болду: адегенде жазалай турган нерселерге барбай жүрдү да, кийинчерээк жазадан кутулуп кетишти үйрөнүп алды. Бул аң-

сезимдүү аракет, бул дүйнөнүн кубулуштарын жалпылай билүүнүн натыйжасы болчу. Буга чейин ал жарыкка умтулган сыяктуу эле оорудан да сокур сезими менен качып жүрчү. Эми болсо оорунун эмне экенин билгендиктен, андан кача турган болду.

Ал тажаал бөлтүрүк эле. Анын жатындаштары да ушундай болчу. Ушундай болушу керек эле, анткени алар жырткыч болчу, жалаң эт жеген жырткычтардын тукуму болчу. Алардын көз жара электе эмген алгачкы сүтү эттен болчу. Эми туулганына бир ай болуп, көзү бир жума мурун ачылган бөлтүрүк сүткө алымсынбай калган беш бөлтүрүккө энеси чайнап берген эттен жей турган болду.

Боз бөлтүрүктүн тажаалдыгы барган сайын арта берди. Ыркыраганы беркилердикине караганда катуураак чыгып, жаалданганы да сүрдүүрөөк. Таманы менен тоголото сокконду да биринчи болуп үйрөндү. Биринчи болуп башка бөлтүрүктү кулактан алып, чайнап, жаагы карышса да ырылдап, ары-бери сүйрөдү. Анан, албетте, үңкүрдүн оозунан кайтарып келчү энесин башкаларга караганда көбүрөөк кыйнады.

Жарык боз бөлтүрүктү күн өткөн сайын көбүрөөк азгырчу болду. Ал үңкүрдү тынбай кыдырып, эшикке чыгууга аракет кылып жүрдү, бирок дароо эле артка кайтарылып жатты. Чынын айтканда анын эшик — бир жерден экинчи жерге өтүп кете турган өткөөл жөнүндө түшүнүгү жок болчу. Ошондуктан үңкүрдүн эшиги ага дубалдай, жарыктын дубалындай гана сезилчү. Сырттагылар үчүн күн кандай болсо, бул дубал да ал үчүн күн болчу. Ал бөлтүрүктү от шайтан көпөлөктү азгыргандай азгырып турчу. Дайыма ошол жакка умтулганы умтулган. Жан-дениндеги дүркүрөп өсүп келаткан жашоо ошол жарык дубалга түртүп жатты. Ошол жашоо дүйнөгө кеткен жападан жалгыз, болгондо да маңдайга жазылган жол ушул экенин билип турду. Анын өзүнүн мындан таптакыр кабары жок эле. Сырткы дүйнөнүн бар экенин дегеле билчү эмес.

Жарык дубалдын бир таң каларлык касиети бар эле. Атасы (энесине окшош, жарык дубалдын жанында уктап, тамак алып келчү үңкүрдүн дагы бир тургуну) адатта ошол жарык дубалдан өтүп, жок болуп кетер эле. Боз бөлтүрүк ушуну түшүнө алчу эмес. Энеси жарык дубалга жакындата койчу эмес, ал эми башка дубалдарга барганда, назик тумшугу катуу нерсеге тийчү да ооруп кетчү. Бир нече жолу ушундай болгондон кийин дубалдарга барганды койду. Ал башын катырып отурбай эле сүт менен чайналган эт энесинин касиети болгон сыяктуу эле жарык дубалдан өтүп кетүүнү да атанын өзгөчө касиети катары кабылдады.

Чынын айтканда, боз бөлтүрүккө адамдар ойлонгондой болуп ой жүгүртүү кайдан. Анын мээси бүдөмүк иштечү. Бирок андай деген

менен анын жыйынтыктары кишилердикиндей эле так, даана болчу. Ал бул эмне үчүн мындай болуп кетти деп баш оорутпай, болгонун болгондой кабыл алчу. Анын болгону жетиштүү болчу. Анын курчап турган айлана-чөйрөнү таанып билүү усулу ушундай эле. Ушундан улам үңкүрдүн дубалын бир нече жолу сүзгөн соң андан өтүп кете албасын аңдады. Атасынын бул дубалдардан өтүп кете аларын да ушундай эле кабылдады. Бирок атасы менен өзүнүн айырмачылыгынын себебин табуу анын оюна да келген жок. Логика менен физикага анын мээсинде орун жок болчу.

Ал түндүктү мекендегендердин көпчүлүгү сыяктуу эле ачкалыктын азабын эрте тартты. Атасы эт алып келбей, энесинин эмчегинен сүт чыкпай калган күндөр келди. Бөлтүрүктөр кыңшылап, ыйлактап, көп убактысын уктап өткөрүп, анан өзөрүп жатып калышты. Талаш-тартыш, уруш деген жок, эч ким жини келип ыркырабайт, жарык дубалга кетип калуу да токтоду. Алар солуп жатышты, элдир-селдир жашоолору үлүндөп өчүп баратты.

Жалгыз көздүн айласы кетти. Жаны тынбай желип-жортуп, куну качып, мазар сыяктуу болуп калган ийиндин оозунда азыраак уктап калды. Канчык карышкыр да бөлтүрүктөрүн калтырып, тамак издеп чыкты. Бөлтүрүктөр туулгандан кийин Жалгыз көз индеец айылына барып, баягыдай капканга коюлган коёндорду алып жүрдү, бирок кар эрип, дарыялардан муз кетери менен индеецтер көчүп кетти да, ал тамак да жок болду.

Боз бөлтүрүк бир аз оңолуп, баягы жарык дубалга кайра кызыга баштаганда, өз дүйнөсүнүн жашоочулары азайып калганын байкады. Бир гана карындашы калыптыр. Калгандары жок. Өзүнө келери менен эле ойной баштады, бирок эми жалгыз ойноп калды, анткени карындашы баш көтөрө албай кыймылсыз жатты. Азыр анын кенедей денеси жеген этинен топтоголок болуп турду, бирок кеч болуп калган эле. Ал баш көтөрбөй уктап жатты, тери капталган скелеттей болгон кичинекей денесиндеги жашоонун учкундары бүлбүлдөп отуруп акыры өчүп калды.

Анан эле жарык дубалдан өтүп, жок болуп кетчү атасы келбей калды, эми анын кире бериштеги уктачу орду бош калды. Бул кийинки, бир аз жеңилирээк ачарчылыктын аягында болду. Канчык карышкыр Жалгыз көздүн үңкүргө эмне үчүн кайра келбей калганын билчү, бирок ал өзүнүн көргөнүн боз бөлтүрүккө айтып бере алган жок. Ал өзөндүн сүлөөсүн мекендеген сол айрыгына аң уулап барып, Жалгыз көздүн кечээги изине туш болду. Из түгөнгөн жерден анын өзүн, тагыраак айтканда, анын калдыктарын тапты. Тегеректин баары жакында болгон кармашты, анда жеңип чыккан сүлөөсүн ийинине кеткенин айтып турду. Канчык анын ийинин из-

деп тапты, бирок белгилерге караганда сүлөөсүн ичинде сыяктангандыктан канчык даап кире алган жок.

Ушундан кийин канчык өзөндүн сол айрыгына аң уулап барганын койду. Сүлөөсүндүн ийининде балдары бар экенин, өзү болсо жеткен тажаал, кармаштан коркпой турган неме экенин билди. Үч-төрт карышкыр болсо, бул бышкырып, түгү тик турган немени оңой эле даракка кууп чыкса болот, бирок муну менен, өзгөчө ачыккан жаш балдары бар неме менен бетме-бет чыгуу таптакыр башка иш.

Бирок Түндүк деген Түндүк жана эне деген эне, ал Түндүктө да, андан башка жерде да эч нерсеге карабайт; өзүнүн боз бөлтүрүгү үчүн канчык карышкыр өзөндүн сол айрыгындагы аскаларды мекендеген тажаал сүлөөсүнгө беттеп бара турган күн сөзсүз келмек.

# Төртүнчү бап

# ДҮЙНӨ ДУБАЛЫ

Энеси үңкүргө калтырып, аң уулоого кете баштаганда бөлтүрүк үңкүрдүн оозуна жакындабаш керек деген мыйзамды өздөштүрүп алды. Аны тумшугу, таманы менен тоголото түртүп жүрүп энеси үйрөттү, анын үстүнө өзүндө коркунуч сезими пайда болду. Бул сезим бөлтүрүккө байыркы ата-бабаларынан, миңдеген жашоолор аркылуу келген. Ага Жалгыз көз менен канчык карышкырдан өтсө, өз кезегинде алар өзүнөн мурунку карышкырлардан алышкан. Коркуу — Түндүктүн мурасы, эч бир жырткыч андан кутула албайт, же аны шорпого алмаштыра албайт!

Ошентип, боз бөлтүрүк маңызын түшүнбөсө да коркууну билип калды. Сыягы, аны жашоодогу чектөөлөрдүн бири катары кабыл алды. Мындай чектөөлөрдүн бар экенин ал билип калган. Мына, ачарчылыкта өзөрүп тамак жегиси келди, бирок чектөөгө дуушар болду. Үңкүрдүн калың дубалдары, энесинин тумшугу менен түртүп, таманы менен тоголото койгону жашоодо бардыгына жол бериле бербейт, мында көптөгөн чектөөлөр менен тыюулар бар деген ишенимди пайда кылган. Бул чектөөлөр менен тыюулар мыйзам болчу. Ага баш ийүү дененин жан чыдагыс оорусунан оолак болуу, жакшы жашоо дегендик болчу.

Бөлтүрүк адамдар ойлонгондой ой жүгүрткөн жок. Ал болгону дүйнөнү оорута тургандар менен оорутпай тургандарга гана бөлүп,

оорута тургандардан, тыюулар менен чектөөлөрдөн оолак болуп, жашоонун жыргалын көрүүгө аракет кылды.

Мына ушундан улам бөлтүрүк энеси үйрөткөн мыйзамга, белгисиз коркунучка баш ийип, үңкүрдүн оозуна барган жок. Ал жак дагы эле ага жарык дубал сыяктуу сезилчү. Энеси жокто ал көбүнчө уктачу, ойгонгон соң тамагын кытыгылап, сыртка чыгайын деген кыңшылоосун басып тынч жатчу.

Бир күнү ойгонуп кетип, жарык дубал жактан бир бейтааныш үндү укту. Ал үңкүрдүн оозунда булгун турганын билген жок, өз эрдигинен өзү калтырап, ошол жактан келген жытты искегиледи. Бөлтүрүк бир гана нерсени түшүндү: бул бейтааныш, мурун укпаган үн, демек, коркунучтуу, анткени белгисиздик коркунучтун негизги элементтеринин бири болчу.

Бөлтүрүктүн түгү тик туруп, бирок унчукпай турду. Бул үнгө жооп катары үрпөйө калыш керек экенин ал кантип билди? Мындай нерсе мурун болгон эмес, бирок анын корккону ушинтип билинди, муну түшүндүрүш да кыйын эле. Коркуу сезимин дагы бир инстинкт — бекинүү, жашынуу инстинкти коштоду. Бөлтүрүк жүрөгү түшүп коркуп турду, бирок үнсүз, кыймылсыз, өлүк сыяктуу болуп жата берди. Кайтып келаткан энеси булгундун жытын сезип, ыркыраган бойдон үңкүргө атып кирди да, бөлтүрүктү таң кала тургандай назик жалап, эркелете баштады. Бөлтүрүк катуу оорудан аман калганын түшүндү.

Бирок анын ичинде аракеттенип жаткан башка күчтөр да бар болчу, алардын эң башкысы өсүш эле. Инстинкт менен мыйзам баш ийүүнү талап кылса, өсүш баш бербөөнү талап кылды. Энеси жана коркуу сезими жарык дубалдан оолак болууга мажбурлашты, бирок өсүү бул жашоо, ал эми жашоо дегениң дайым жарыкка умтулат, ар бир сугунган эти менен, ар бир жутум абасы менен күчөп келаткан жашоо толкунун эч кандай чектөө токтото алмак эмес. Акырында бир күнү жашоо ташкыны коркуу сезими менен баш ийүүнү бузуп өттү да, бөлтүрүк калтырап кадам таштап, эшикке карай бет алды.

Бул дубал өзү билген башка дубалдарга окшобой жакындаган сайын арылай берди. Ал кичинекей назик тумшугун алга созуп, качан катуу дубалга тиер экен деп күттү, бирок дубал жарык сыяктуу эле бош, көңдөй болуп чыкты. Бөлтүрүк дубал сыяктанган нерсеге кирди да, ага аралашып кетти.

Ал апкаарый түштү, анткени катуу нерсени тешип өтүп баратпайбы! Жарык болсо барган сайын көз уялтып күчөдү. Коркуу сезими артка кууп, ал эми жашоо болсо илгерилөөгө мажбурлап жатты. Анан эле үңкүрдүн эшигине келип калганын көрдү. Өзү ичинде

келаткан сыяктуу сезилген дубал капыстан эле өтө алыстап кетти. Андан бөлтүрүктүн көзүн уялып, күтүүсүздөн ачыла калган мейкиндиктен башы айлана түштү. Көзү бара-бара көз уялткан жарыкка көнүп, нерселердин ортосундагы алыстай түшкөн аралыкты ажырата баштады. Адегенде дубал өтө ыраактап кетип, көрүнбөй калды. Аны кайра көрдү, ал эми өтө алыс болуп, башкача көрүнүп калыптыр. Анын бети ар түрдүү болуп, анда өзөндү бойлой кеткен бак-дарактар, алардын артында заңгыраган тоолор, тоолордон да бийик асман бар экен.

Бөлтүрүктүн үрөйү учуп кетти. Бейтааныш коркунучтуу нерселер көп эле. Үңкүрдүн оозуна бүрүшүп жата калып, айланага көз чаптырды. Корккондугунан титиреп кетти. Чоочун нерселердин баары ага душмандай сезилди. Түгү тик туруп, оозун араандай ачып, ыркырамыш болду. Коркуп калган кенедей жырткыч айбат кылып, бүтүн дүйнөгө каршы турду.

Бирок эч нерсе болгон жок. Бөлтүрүк туш-тарабын кызыгып карап жатып, ыркыраш керек экенин, ал турсун коркконун да унутуп калды. Жашоо коркуу сезимин жеңип, эми анын ордун кызыгуу ээлеп алды. Бөлтүрүк көз алдындагы өзөндүн күнгө чагылышып агып жаткан ачык бөлүгүн, жантайманын жанындагы куурап калган кызыл карагайды, өзү отурган үңкүр оозуна карай келген жантайманы ажырата баштады.

Буга чейин ал тегиз жерде жашап, кулап кеткенде дене ооруй турганын, дегеле кулап кетүү деген эмне экенин билчү эмес. Ушундан улам тартынбай ачык абага карай кадам шилтеди. Арткы буттары үңкүрдүн оозунда тургандыктан, башы менен ылдый кулады. Тумшугу менен жерге былч дей түштү да, каңшылаган бойдон ылдый кулап кетти. Жаны чыгып кете жаздады. Белгисиз чоочун нерсе кармап алып, жан чыдагыс ооруга кириптер кылганы калды. Анын ичиндеги туйлаган жашоонун ордун кайрадан коркуу сезими ээлеп алды да, ар кандай эле корккон күчүк сыяктуу каңшылап ийди.

Белгисиздик дагы эле коркутуп, ал эмнеден корккону билбей эле каңшылай берди. Бул чоочун неме жанынан өткөндө корккондон таштай катып жаткандан да жаман эле. Эми белгисиздик аны биротоло бийлеп алды. Үнчүкпай жатуу да жардам бербейт. Анын үстүнө бул жөн эле чочулоо эмес, жүрөк түшүргөн коркуу болчу.

Эми жантайма анча тик болбой, чөп өскөн жерге келди да, жайлап барып акыры токтоп калды. Аянычтуу каңшылап, анан эч нерсе болбогондой капталына жабышкан топуракты көнүмүш адаты боюнча жалай баштады.

Муну бүткөн соң, отура кетти да Жерден Марска биринчи жолу конгон кишидей болуп эки жагын карай баштады. Бөлтүрүк

дүйнөнүн жарык дубалынан өтүп, белгисиз нерсеге туш болуп, бирок анын кучагынан чыгып, эми минтип аман-соо отурат. Бирок Марска биринчи конгон киши да бөлтүрүктөй болуп көптөгөн чоочун нерселерди көрө албас эле. Ал эч кандай билими, даярдыгы жок туруп таптакыр чоочун дүйнөнүн изилдөөчүсү болуп калды.

Коркунучтуу белгисиздиктен кутулган соң бөлтүрүк аны дароо эле унутуп калды. Ал азыр өзүн курчап турган бардык нерселерге кызыгып турду. Аяк алдындагы чөптөрдү, ары жактагы ит бүлдүркөндү, боордун четиндеги дарактардын арасында турган куураган кызыл карагайды карап жатты. Анын артынан чуркап келе калган тыйын чычканды көрүп жүрөгү шуу дей түштү. Жерге жата калып, ыркырап ийди. Тыйын чычкан андан да жаман коркту; даракка атып чыгып, коопсуз жерге жеткен соң ачууланып чырылдады.

Андан кийин кездешкен тоңкулдактан бир аз корксо да, ал буга шердене түшүп жолун улантты. Өтө эле менменсинип кетип, бир кашкөй чымчык маңдайына коно калды эле, ойноп колун сунду. Тиги болсо тумшугун оорута чокуп алды, бөлтүрүк бүрүшө калып каңшылап ийди. Чочуп кеткен неме учуп кетти.

Бөлтүрүк баарын изилдеп жатты. Анын кенедей мээси аңсезимсиз түрдө баарын бөлүштүрүп жатты. Көрсө, жандуу жана жансыз нерселер болот экен. Жандуу нерселерден этият болуш керек экен. Жансыз нерселер жылбай тура берет, ал эми жандуулар жылат, булардын эмне кылып иерин алдын ала айтыш кыйын. Булардан баарын күтсө болот, булардан этият болуш керек.

Бөлтүрүк олдоксон кадам шилтеп, кээде бир нерселерге чалынып, мүдүрүлүп кетип жатты. Алыс сыяктуу сезилген бутак капыстан мурдуна тиет же капталына чабылат. Жер да уңкул-чуңкул. Кээде таштарга чалынып, мүдүрүлүп кетип, тумшугун, буттарын оорутуп алып жатты. Аягында бөлтүрүк жансыз нерселердин баары өзүнүн үңкүрү сыяктуу туруктуу, кыймылсыз болорун, алардын кичинелери чоңдоруна караганда көбүрөөк кулап, аңтарыла берерин түшүндү. Жаңылган сайын көбүрөөк нерселерди биле баштады. Барган сайын басканы да тыңыды. Ыңгайлаша баштады. Өз кыймылын, чамасын болжолдогонду, ар түрдүү нерселердин арасындагы жана алар менен өзүнүн ортосундагы аралыкты божомолдоп билгенди үйрөндү.

Адегенде эле жолу болду. Аңчы болуш үчүн туулган (муну өзү али билбесе да) бөлтүрүк ийининен чыккан күнү эле аңга кол салды. Ал өзүнүн олдоксондугунан улам кекиликтин бекем катылган уясына туш болду. Кулап калган кызыл карагай менен баратканда

аяк алдындагы чириген кабык ажырап кетти да, чаңырган бойдон ийне жалбырактар менен бутактардан өтүп, кекиликтин жети балапаны отурган уяга кулап түштү.

Балапандар чыйпылдап жибергендиктен, ал адегенде коркуп кетти, бирок алардын кичинекей экенин көрүп шердене түштү. Балапандар бытырап жатты. Бирөөнү таманы менен басты эле, ал ого бетер бырпырай баштады. Бөлтүрүккө бул жага бербей калды. Балапанды жыттап көрүп, оозуна алды. Балапан тыбырчылап, кытыгысын келтирди. Бөлтүрүк дароо курсагы ачканын сезди. Катуураак тиштеди да, балапандын сөөгүнүн кычырап сынганын, тилине тийген жылуу кандын даамын туйду. Кан абдан таттуу эле. Анын оозунда энеси алып келип берчү тамак турган эле, бирок бул андан алда канча даамдуу экен, анткени бул тирүү неме болчу. Бөлтүрүк балапанды жеп жиберди. Бардыгын жеп бүткөнчө токтогон жок. Анан ал так эле энесиндей болуп жаланып-жуктанды да, бадалдан чыгып кетмек болду.

Капыстан эле уюлгуган куюнга туш болду. Атырылган чабуул менен канаттардын сабаганы бөлтүрүктүн айласын кетирип койду. Ал башын таманына катып, каңшылап ийди. Соккулар ансайын күчөдү. Эне кекилик кутуруп кеткендей. Бөлтүрүктүн да жаалы келе түштү. Ал ыркырап тура калды да, буттары менен коргонуп, кекиликтин канатына майда тиштерин батырып, алы жетишинче жулкуп-улкуп, ары-бери сүйрөй баштады. Кекилик бош канаты менен соккулап кирди. Бул бөлтүрүктүн биринчи кармашуусу эле. Ал өрөпкүп, белгисиз нерселерден корkконун унутуп, эч нерседен коркпой калды. Үзүп-жулкуп, али сокку уруп жаткан жандуу немени жерге ургулады. Анын үстүнө бул жандуу неме эт болчу. Ал кан көксөп турду. Азыр эле кичинекей жети тирүү жандыкты жок кылган. Азыр болсо чоң тирүү жандыктын түбүнө жеткени турат. Ал кармашка баш-оту менен кирип, ушунчалык бактылуу болгондуктан, өз бактысын сезгенге да чамасы келген жок. Мурун болуп көрбөгөн кызуулуктан титиреп-калтырап турду.

Ал канатты коё бербей ырылдап жатты. Кекилик аны бадалдан сүйрөп алып чыкты. Кайра сүйрөп алып киргенге аракет кылганда, бөлтүрүк аны ачык жерге алып чыкты. Кекилик чайылдап кыйкырып, соо канаты менен ургулап, мамык жүндөрү кардай сапырылып учуп жатты. Бөлтүрүк эми жаалданганынан өзүн билбей, атабабаларынын аңчылык каны ташкындап чыкты. Өзү сезбесе да бул анын кадимки жашоосу эле. Ал маңдайына жазылган ишин кылып, олжосун өлтүрүп, өлтүргөндөн мурун аны менен кармашып жатты. Өз жашоосун актап, жашоосунун эң жогорку милдетин аткарып

жатты, анткени жашоо дегениң бардык күчү алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн жумшалган учурларда гана эң чокусуна жетет эмеспи.

Акырында кекилик каршылык көрсөтө албай калды. Бөлтүрүк дагы эле анын канатын коё бербей турду. Экөө жерде тиктешип жатышты. Бөлтүрүк жүрөк түшүргөндөй ыркыраганга аракет кылды. Тиги болсо ансыз деле ооруп турган тумшугун кайра чокуп алды. Бөлтүрүк селт эте түшкөнү менен канатты коё берген жок. Тиги кайра-кайра чокулап ийди. Ал каңшылап, канат менен кошо кекилик да келе берерин билбей артка кетенчиктей берди. Байкуш тумшукка соккулар мөндүрдөй жаады. Бөлтүрүк кайратынан жана түштү.

Олжосун коё берип ийип, ачык жердин аркы четине качып барды да, энтигип, тилин салаңдатып, аянычтуу кыңшылап, бадалдын түбүнө жата кетти. Анан капыстан эле белгисиз коркунучтан жүрөгү кысыла түштү. Белгисиздик кайрадан жүрөктүн үшүн алып кысып киргендиктен, бадалдын ичине кире качты. Ага шамалдын катуу эпкини тийди да, коркунучтуу чоң канат жанынан үн-сөзсүз кайып өттү. Асмандан шукшурула түшкөн карчыга бөлтүрүктү ала албай калды.

Бөлтүрүк өзүнө келе албай бадалдын түбүндө жатканда, тияктагы бузулган уядан кекилик барпырап учуп чыкты. Ал балапандарынын кайгысынан улам асмандагы канаттуу жебе коркунучун унутуп койсо керек. Бөлтүрүк болсо баарын көрдү жана бул ага чоң сабак болду. Ал карчыганын кулаган таштай атылып түшкөнүн, канаты чөпкө тийчүдөй болуп кайый берип, кекиликти чапчыганын, жаны ооруп, корккондунан чайылдаган кекиликти алып көктү карай сызганын карап турду.

Бөлтүрүк баш паанегинен көпкө чейин чыкпай турду. Ал көп нерсени таанып билди. Жандуу нерселер эт болот, алардын даамы таттуу. Бирок чоң жандыктар дененди оорутушу мүмкүн. Кекиликтин балапандары сыяктуу майдаларды жеш керек, ал эми кекилик сыяктуу чоңдоруна тийишпей эле койгон оң. Бирок андай деген менен ичи күйүп калды. Чоң кекилик менен дагы кармашкысы келип кетти, бирок кашайгыр карчыга аны алып кетип калбадыбы. Балким, башка кекиликтер бардыр? Издеп көрүш керек.

Бөлтүрүк жантайма жээк менен өзөнгө түштү. Сууну буга чейин көрө элек болчу. Бир караганда жакшы, мелмилдеген тегиз немедей көрүндү. Тартынбай кирди да, каңшылаган бойдон түз эле белгисиздиктин кучагына кирип кетти. Денеси муздап, деми буула түштү. Көнүмүш абанын ордуна суу кирип кетти. Деми кысылып,

мууна түштү. Өлөт деген ушул турбайбы. Ал өлүм деген эмне экенин билчү эмес, бирок Түндүктү мекендеген бардык жандыктардай эле андан коркчу. Ал жан чыдагыс оору болчу. Ал белгисиздиктин, анын үрөй учурган коркунучтарынын өзү эле. Өзү аягына чейин билбеген, ошондой болбогой эле деп жаны чыгып корккон балакеттин өзү болчу.

Ал калкып чыкты да, таза абадан кере жутту. Бул жолу ал чөккөн жок. Көнүмүш болгон немедей төрт аягын тыбыратып сүзүп жөнөдү. Берки жээкке бир ярддай эле бар эле, бирок ал аркасында калгандыктан, алысыраак жээкти көрдү да, ошол жакка бет алды. Өзөн кууш болгону менен так ушул жерге келгенде жайылып акчу.

Орто ченге барганда агым аны ылдый көздөй, өзөн кайра тарый турган босогого алып жөнөдү. Бул жерде сүзүш кыйын эле. Жай агып жаткан суу капыстан эле бууракандап кетти. Бөлтүрүк кээде суу бетине чыга калып, кээде башы менен суута кирип кетип жатты. Агым аны ары-бери калчап, кээде капталынан, кээде чалкасынан оодарып, таштарга уруп жатты. Ташка урунган сайын каңшылап жиберип жаткандыктан, ушуга карап анын канча жолу урунганын саноого болот эле.

Кууш босогодон ылдый өзөн кайра жайылып агып калды да, бөлтүрүк айлампага туш болду. Ал аны оңой эле жээкке чыгарып койду. Суудан чыгып жатып калды. Анын тышкы дүйнө менен таанышуусу уланып жатты. Суу жандуу нерсе эмес болчу, бирок кыймылдайт экен. Мындан тышкары, ал бир караганда жер сыяктуу катуу көрүнгөнү менен такыр андай эмес экен. Ошентип, бөлтүрүк нерселер дайым эле көрүнгөнүндөй боло бербейт турбайбы деген жыйынтыкка келди. Белгисиздиктен коркуу атабабадан мураска калган айлана-чөйрөгө ишенбөөчүлүк болсо, эми ал тажрыйбадан улам ого бетер күчөдү. Нерселердин тышкы көрүнүшүнө ишенбөө биротоло тамыр жайып калды. Эми ал ишенүүдөн мурун алардын чындыгында кандай экенин билүүгө аракет кылат.

Бул күнү бөлтүрүктүн мандайына дагы бир окуя жазылган экен. Капыстан эле энеси эсине түштү да, куса болуп кетти. Азыр ага баарынан да энеси керек эле. Бүгүнкү шумдуктуу окуялардан денеси эле эмес, кенедей мээси да чарчады. Буга чейин ал бүгүнкүдөй катуу иштей элек болчу. Анын үстүнө уйкусу да келди. Ошентип, ал өзүн жалгыз, алсыз сезип, үңкүр менен энесин издеп жөнөдү.

Бөлтүрүк бадалдарды аралап келатып, бир чыңырган үндү укту. Бир сары неме көрүнө калып жок болду. Анан ал бадалга кире кач-

кан арыс чычканды көрдү. Ал кичинекей болгондуктан, бөлтүрүк андан корккон жок. Анан эле аяк алдынан кенедей жандыкты көрдү, бул өзүндөй болуп үйүнөн саякат кылганы качып чыккан арыс чычкандын баласы эле. Ал чөптүн арасына кире качмак болду. Бөлтүрүк аны чалкасынан салды. Тиги болсо чыйылдап жиберди. Баягы сары неме кайрадан пайда боло калды. Бир чыңырык чыкты да, башына катуу бирдеме тийип, эне арыс чычкандын курч тиштери мойнуна бата түштү.

Ал каңшылап артка кеткенде, арыс чычкан жүгүрүп баласына жетти да, аны алып бадалга кирип кетти. Тиштеп алган жери дагы эле ооруп турду, ызасы андан да күчтүү болгондуктан, отура калып кыңшылап жиберди. Эне арыс чычкан кичинекей болгону менен тиштегенин айтпайсыңбы. Кичинекей арыс чычкан Түндүктүн абдан коркунучтуу, кекчил жырткычтарынын бири экенин ал билчү эмес, бирок эми биле турган болду.

Эне арыс чычкан кайра келгенде, ал дагы эле кыңшылап жаткан болчу. Арыс чычкан дароо асылган жок, анткени азыр баласы коопсуз жерде болчу. Ал уурданып акырын жакындай берди, бөлтүрүк анын жылан сымал ичке денесин, жыландыкындай койкоё көтөрүлгөн башын карап турду. Арыс чычкандын чыйылдаган үнүнөн бөлтүрүктүн түгү тик туруп, ыркырап жиберди. Тиги болсо акырын жакындай берди. Бир маалда бөлтүрүктүн тажрыйбасыз көзү анын секиргенин байкабай калды. Ичке сары неме жок боло түштү да, арыс чычкан анын тамагына жабышты.

Бөлтүрүк адегенде ыркырап, кармашууга аракет кылды, бирок абдан жаш, анын үстүнө бул анын тышкы дүйнөдөгү алгачкы күнү болгондуктан, эми ыркырабай эле кыңшылап, кармашпай эле качканга умтулду. Бирок арыс чычкан бөлтүрүктү коё бербей койду. Ал анын тамагына жабышып алып, тиштери кан жүгүрүп турган күрөө тамырга жетип калды. Арыс чычкан канды жакшы көрчү, аны түз эле тамактан соруп алган жакчу.

Бадалдан канчык карышкыр чыга калбаса, боз бөлтүрүк сөзсүз өлүп, ал жөнүндөгү аңгеме ушуну менен бүтмөк. Арыс чычкан аны коё берди да, карышкырдын тамагына асылды, бирок жаза тайып жаагын тиштеп калды. Канчык башын катуу чулгуду эле, арыс чычкандын жаагы ачыла түшүп, өзү асманга карай ыргыды. Тиги аны жерге түшүрө койбой тиштеп кетти да, арыс чычкан анын курч тиштеринен жан таслим болду.

Бөлтүрүк энелик мээримге дагы бир жолу бөлөндү. Энеси андан да катуу сүйүндү. Тумшугу менен акырын түртүп, жараатын жалап жатты. Анан экөө кан соргуч арыс чычканды бөлүп жеп, үңкүргө барышты да, жатып уктап калышты.

## Бешинчи бап

# АЗЫК МЫЙЗАМЫ

Бөлтүрүк тез чоңоюп жатты. Эки күн дем алган соң кайра саякатка чыкты. Бул жолу ал энесин жеп коюшкан арыс чычкандын баласын жолуктуруп калып, аны да энесинин артынан тиги дүйнөгө жөнөттү. Мунусунда ал көп адашкан жок, чарчаган соң дароо эле ийинге келип, уктап калды. Ушундан кийин бөлтүрүк күн сайын эшикке чыгып, барган сайын алыс кете турган болду.

Ал өзүнүн күч-кубаты менен чабалдыгын жакшы билип, качан эрдик кылып, качан этият болууну үйрөндү. Өз күчүнө толук ишенип, тажаалдык менен ач көздүккө кирип кеткен сейрек учурларды эске албаганда, дайым сак болуш керек экенин туйду.

Кекиликтерге жолукканда бөлтүрүккө кудай берип калчу. Биринчи жолу куураган кызыл карагайдан көргөн тыйын чычкандын тырсылдагына да ыркырап жооп кайтарчу. Баягы тумшугунан катуу чокуп алган чымчыкты көргөндө эле жини кайнап турчу.

Бөлтүрүк кээде чымчыктарга да көңүл бурбай калар эле, мындай учурлар өзү сыяктуу тамак издеп жүргөн жырткычтар коркунуч туудурганда болчу. Баягы карчыга эч эсинен кетпей, кайыган көлөкөсүн көрөрү менен бадалга кире каччу. Баягыдай тайраңдап олдоксон баспай, энесинин бир караганда ыкчамдыгы билинбеген алдамчы, жеңил, шырп этпес жүрүшүн үйрөнүп алды.

Азыкка келе турган болсок, биринчи күнү эле жолу болуптур. Кекиликтин жети балапаны менен кичинекей арс чычкан — бөлтүрүктүн болгон олжосу ушул. Анын өлтүргөндү эңсөөсү күн өткөн сайын күч алып, бөлтүрүктүн келатканын токойдогулардын баарына жарыялай берчү тыйын чычканды бир колго түшүрсөм деп жүрдү. Бирок ал түгөнгүр да даракта куштар абада учкандай эле шуулдап жүргөндүктөн, жерде жүргөндө гана байкатпай баса калуудан башка айла жок эле.

Бөлтүрүк энесин абдан сыйлачу. Ал азык тапканды билчү жана уулуна да кешик ала келгенди эч унутчу эмес. Анын үстүнө эч нерседен коркчу эмес. Мындай эр жүрөктүк анын тажрыйбасы менен билиминен улам экени бөлтүрүктүн оюна да келчү эмес. Анын эр жүрөктүгү күчтүүлүгүнөн улам деп ойлочу. Энеси күчтүү болчу; муну чоңойгон сайын анын тамандарынын катуу соккусунан жана мурун тумшугу менен түртсө азыр оорута каап алганынан даанараак туя турган болду. Ушундан улам да бөлтүрүк энесин сыйлачу. Энеси баш ийүүнү талап кылып, чоңойгон сайын катаал мамиле кыла турган болду.

Кайрадан ачарчылык келип, бөлтүрүк анын бардык азабын ансезимдүү тартты. Канчык карышкыр азык издеп жүрүп таптакыр арыктап кетти. Күнү-түнү азык издеп, көбүнчө жолу болбогондуктан, ийинге да сейрек келип калды. Бул жолу ачарчылык кыска болгону менен катуу болду. Бөлтүрүк эми энесин эме албай калды, ал эми эми эт болсо такыр жок эле.

Мурун ойноп, кумарын кандыруу үчүн ууга чыгып жүрсө, эми бул ишке чындап киришти, бирок жолу болбой жатты. Бирок бул анын өсүшүнө түрткү берди. Тыйын чычкандын көнүмүш адаттарын берилип үйрөнүп, аны байкатпай баса калууга көбүрөөк аракет кыла баштады. Талаа чычкандарды аңдып, аларды ийининен казып алганды үйрөндү, тоңкулдактар жана башка куштар жөнүндө көп нерселерди билди. Анан карчыганын кайыган көлөкөсүн көргөндө бадалга коркуп кире качпай турган да күн келди. Күчтүүрөөк, тажрыйбалуураак болуп, өзүнө ишене баштады. Анын үстүнө ачкалыктан улам мүнөзү да катаалдашты. Эми ал баягы ачык жердин ортосуна отуруп, карчыганы күтө турган болду. Көк асманда каалгып учуп жүргөн куш курсагы тилеп жаткан эт экенин билчү. Бирок карчыга тайсалдап түшпөй койду, бадалга кирген бөлтүрүк наараzылык менен ачкалыктан айласы кетип кыңшылады.

Ачарчылык аяктады. Канчык карышкыр эт алып келди. Энеси мурун алып келгендерге окшобогон кызыктай эт экен. Бул баягы сүлөөсүндүн баласы эле, ал бөлтүрүктөй болуп чоңоюп калганы менен андан бир аз кичирээк болчу. Баарын өзүнө алып келиптир. Энесинин курсагы ток экен, бул үчүн ал сүлөөсүндүн бардык тукумун кырган, бирок бөлтүрүктүн андан кабары жок эле. Энесинин кандай жан кечтиликке барганын да билген жок. Ал баркыт түктүү жаш сүлөөсүндүн эт экенин гана билип, ар бир үзүмүн ыракаттана чайнап жутуп жатты.

Курсагы тойгон бөлтүрүк талыкшып, үңкүрдөгү энесинин жанына жатып уктап калды. Ал энесинин ыркыраганынан ойгонуп кетти. Анын мындай арылдап ыркыраганын мурун уккан эмес. Сыягы, энеси өз өмүрүндө мындай коркунучтуу ыркырап көрбөсө керек. Мунун себеби бар эле жана аны канчыктан жакшы эч ким билбейт болучу. Сүлөөсүндүн балдарын кырганы жазасыз калмак эмес. Түш чендеги күндүн жаркыраган нурларынан бөлтүрүк ийиндин оозунда боортоктоп жаткан сүлөөсүндү көрдү. Түгү тик тура түштү. Маңдайында коркунуч турган эле, ал муну сокур сезимсиз эле дароо түшүндү. Сүлөөсүндүн түрү мынчалык сүрдүү болбогон күндө да ыркыроодон дароо чаңырыкка айланган үнү эле жетиштүү болмок.

Жашоо деми түрткү берди белем, бөлтүрүк ордунан ыркырай туруп, энесине катарлашып тура калды. Бирок энеси аны тигинин көзүнчө уят кылып артка сүрүп таштады. Үңкүрдүн оозу жапыс

болгондуктан, сүлөөсүн секире алган жок, ал сойлоп кирери менен канчык карышкыр качырып барып басып калды. Бөлтүрүк бул кармаштын көбүн көрбөй калды. Ыркыраган, бышкырган, чаңырган үндөрдү гана угуп жатты. Эки жырткыч тоголонуп алышып жатты, сүлөөсүн канчыкты тырмактары менен тытып, тиштеп жатты, тигинин болсо тиштери гана ишке жарап жатты.

Бөлтүрүк атырылып барып, сүлөөсүндүн арткы бутуна тишин батырды. Жабышып алып кутургандай ыркырап жатты. Өзү билбегени менен денесинин оордугу сүлөөсүнгө жолтоо болуп, энесин анын тырмактарынан сактап калып жатты. Бир маалда кармашып жаткандардын алдында калып, тиштегенин коё берүүгө туура келди. Эки эне бөлүнө түшүп, сүлөөсүн карышкырга кайрадан кол салардан мурун бөлтүрүктү күчтүү таманы менен дубалга жабыштыра сокту эле, бөлтүрүктүн ийиниңдеги сөөгү көрүнө түштү. Эми аркыраган үндөргө аянычтуу каңшылаган үн кошулду. Бирок кармаш көпкө созулуп, бөлтүрүк бир топко каңшылап ыйлактап отурган соң кайра кайратына келди. Кармаштын соңунда сүлөөсүндүн арткы бутуна кайра жабышып, жаагы карыша ыркырап жатты.

Сүлөөсүн өлдү. Бирок канчык карышкырдын да шайы ооп калган. Адегенде бөлтүрүгүн эркелетип, ийинин жалап кирди, бирок кансырап, алы куруп калган эле. Өлгөн душманынын жанында ошол күнү кечке, анан түнү менен араң дем алып, кыймылсыз жатты. Бир жума бою үңкүрдөн чыкпай жатты, суу ичкени гана араң басып барып жүрдү. Анан сүлөөсүндү жеп бүтүшкөн маалда жараатты кадимкидей айыгып, кайра ууга чыкканга жарап калды.

Бөлтүрүктүн ийини дагы эле ооруп, алган жараатынан улам көпкө чейин аксап жүрдү. Бирок эми дүйнө өзгөрдү. Эми ал өзүн ишенимдүү сезип, анда сыймыктануу сезими пайда болду, мындай сезим сүлөөсүн менен кармашканга чейин жок эле. Ал жашоонун катаал экенине ынанды; кармашка катышып, душманынын денесине тиш батырып, аман-соо чыкты. Ушундан улам ал шерденип, анда мурун болбогон кашкөйлүк пайда болду. Майда жаныбарлардан коркпой, эч нерседен тартынбай калды, бирок белгисиздик өзүнүн баягы жашыруун сырлары, коркунучтары менен мурункудай эле бийлеп, кыйнап жүрдү.

Бөлтүрүк энеси менен кошо ууга чыгып, анын жаныбарларды өлтүргөнүн көп көрдү жана буга өзү да катышып жүрдү. Ал азык мыйзамын аңдай баштады. Жашоонун эки түрү бар: бири өзүнүкү, экинчиси башкалардыкы. Биринчиге энеси экөөнүн жашоосу кирет, экинчиге кыймылдаган башка бардык тирүү жандыктардыкы кирет. Бирок алар да өзүнчө бөлүнүп кетет. Алардын арасында жырткыч эместер жана майда жырткычтар бар, буларды анын туу-

гандары өлтүрүп, жейт. Туугандарын же өздөрүн өлтүрүп жей турган душмандар да бар. Ушул бөлүштүрүүдөн мыйзам келип чыгат. Жашоонун максаты — азык. Жашоонун өзү азыктануу. Жашоо жашоодон азыктанат. Жегендер, анан желгендер болот. Мыйзам ушул: же сен жейсиң, же сени жейт. Бөлтүрүк бул мыйзамды так аныктап, андан жыйынтык чыгарган жок. Аны ойлогон да жок, болгону ага баш ийип жашай берди.

Бөлтүрүк бул мыйзамдын күчүн бардык жерден көрдү. Өзү кекиликтин балапандарын жеди. Карчыга алардын энесин жеп, өзүн да аз жерден мойсоп коё таштады. Кийинчерээк чоңоё түшкөндө өзү карчыганы жегиси келди. Кичинекей сүлөөсүндү жеди. Эне сүлөөсүн өзү өлүп азык болбогондо, бөлтүрүктү жеп коймок. Ушинтип келатат. Бөлтүрүктүн тегерегиндегилердин баары ушул мыйзам боюнча жашайт жана өзү да анын кенедей бир бөлүгү болуп эсептелет. Ал жырткыч болчу. Ал эт гана жечү, өзүнөн качкан, уча качкан, дарактарга чыга качкан, жерге кире качкан же кармаша кеткен, кээде өзүн качууга аргасыз кылган тирүү эт жечү.

Эгер бөлтүрүк адам сыяктуу ой жүгүртө билгенде, жашоо — азыкты эңсөө, дүйнө — азыкты эңсегендердин баары курсагын тойгузгусу келип, бирин-бири кууп, бири бирине аңчылык кылып, бирин-бири жей турган, кан төгүлүп, катаалдык, кокустук, башаягы жок башаламандык өкүм сүргөн майдан турбайбы деп жыйынтык чыгарышы мүмкүн эле.

Бирок ал киши сыяктуу ой жүгүртө алчу эмес, жалпылай алчу эмес. Алдына бир максат коюп, ошону гана ойлочу, ошого гана жетсем дечү. Азык мыйзамынан тышкары бөлтүрүктүн жашоосунда үйрөнүп, өздөштүрүп, баш ийиш керек болгон башка майда-чүйдө мыйзамдар да бар эле. Дүйнөдө күтүүсүз окуялар толтура болчу. Ичиндеги кулуңдай туйлаган жашоо, булчуңдарынын ойноп турушу түгөнгүс бакыт болчу. Олжосунун артынан кууганда кумары канчу. Жаалданган кармаштардан ырахат алчу. Ал турсун белгисиздиктин коркунучтары менен сырлары да жашоосуна жардам берчү.

Мындан тышкары жашоодо көптөгөн жыргалдар бар эле. Ток курсак, күнөстөп үргүлөп жатуу — мындай нерселер анын аракети менен эмгегинин сыйлыгы болчу, ал эми аракет менен эмгек кубандырчу. Алар жашоонун чагылышы болчу, жашоо өзүн көрсөткөн жерде, ал дайыма бактылуу болот. Ошентип, бөлтүрүк кас чөйрө менен тил табышып жашап жатты. Күч-кубаты ташып-ашып, бакытка тунуп, өзү менен өзү сыймыктанып жүрдү.

Ошентип, бөлтүрүк кас чөйрө менен тил табышып жашап жатты. Күч-кубаты ташып-ашып, бакытка тунуп, өзү менен өзү сыймыктанып жүрдү.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ





## Биринчи бап

# ОТ ЭЭЛЕРИ

Бөлтүрүк буга капыстан дуушар болду. Буга өзү күнөөлүү. Аңкоолук кылды. Үңкүрдөн чыгып, суу ичкени бараткан. Сыягы, жакшы ойгоно электиги да себеп болду окшойт. (Түнү менен аң уулап жүргөн бөлтүрүк жаңы эле ойгонгон.) Анын үстүнө суугa кеткен жолду беш колундай билчү. Ал буга чейин эч нерсе болбой, аман-эсен эле барып-келип жүрчү да.

Бөлтүрүк жалгыз аяк жол менен куурап калган кызыл карагайга түшүп келип, ачык жерден өттү да, дарактардын арасы менен желип баратты. Капыстан эле чоочун немелердин жытын сезип, анан аларды дароо көрдү. Алды жакта беш тирүү неме отуруптур, мындай немелерди али көрө элек болчу. Кишилерге биринчи жолу ушинтип жолукту. Бирок алар ордунан ыргып туруп, тиштерин көрсөтүшкөн жок, ага ырылдашкан да жок. Кыймылдабай, унчукпай, кандай отурса ошондой отура беришти.

Бөлтүрүк да катып калды. Сокур сезимине баш ийип дароо качмакчы болду, бирок өмүрүндө биринчи жолу кандайдыр бир башка, карама-каршы сезимди туйду. Бөлтүрүк тигилерден коркуп, сүрдөп турду. Өзүнүн алсыздыгын, кичинекейлигин сезип, ушундан улам

жыла албай калды. Анын маңдайында буга чейин белгисиз бийлик менен күч турган эле.

Бөлтүрүк кишини мурун көрбөсө да, сокур сезими менен анын кудуретин дароо туйду. Аң-сезиминин тээ түпкүрүндө ушул тирүү жандык Түндүктүн башка жаныбарларынын ичинен биринчиликти жеңип алган деген ишенич пайда болду. Кишиге эки эле көз тигиле карап турган жок, ага сансыз кышкы өргүүлөрдү караңгыда тегеренип, алыстан багып, коюу бадалдардын арасынан бардык жандууларга өкүмдарлык кылган ушул эки аяктуу кызыктай жандыктарга таң кала караган бөлтүрүктүн бардык ата-бабаларынын көздөрү кадала тигилип турду. Бөлтүрүк ата-бабаларынын туткунунда, алардын кылымдарга созулган күрөш менен тажрыйбадан улам топтолуп, муундан-муунга өтүп келаткан сүрдөп коркуусунун туткунунда турду. Бул мурас али жаш бөлтүрүктү басып турду. Бир аз чоңураак болгондо ал качып кетмек. Бирок ал азыр коркконунан жерге жабышып, байыркы бир замандардагы ата-бабасы отко жылынайын деп кишиге баш ийип келгендегидей баш ийгиси келип турду.

Индеецтердин бири ордунан туруп, бөлтүрүккө келди да, эңкейип карады. Тиги ого бетер жерге жабыша түштү. Баягы белгисиздик эми кадимкидей кан-жаны бар денеге айланып, ага жакындап, кармамакчы болуп колун созду. Бөлтүрүктүн түгү тик туруп, эриндери диртилдеп ачылып, кичинекей азуулары көрүндү. Келаткан кол токтой калды да, киши каткырып күлүп, мындай деди:

— Вабам вабиска ип пит та! (Карасаңар! Азуулары аппак экен!)

Калган индеецтер каткырып күлүп, бөлтүрүктү кармабайсыңбы деп тигини шыкактай башташты. Кол жакындап келатты, бөлтүрүктө болсо эки сокур сезим алышып жатты. Бири баш ийиш керек деп шыбыраса, бири кармашка түртүп жатты. Акырында ал экөөнү тил табыштырды. Кол тийгиче баш ийип турду да, анан тигинин колун каап алды. Анан эле башка тийген катуу соккудан улам капталынан кулап түштү. Кармашкысы келбей калды. Бөлтүрүк дароо күчүккө айланып, отура калды да, каңшылап ийди. Бирок тиги колун каап алган немени жини тараган жок. Бөлтүрүк дагы бир жолу башка жеген соң, тура калып, баштагыдан да катуу каңшылап жиберди.

Индеецтер каткырып жиберишти, ал турсун колун каптырып алган неме да аларга кошулуп ырсайды. Алар күлүп, бөлтүрүктү тегеректеп турушту, тиги болсо дагы эле каңшылап жатты. Анан капыстан кулагын түрүп калды. Индеецтер да бир нерсени туюп калышты. Бөлтүрүк бул үндү тааныды, жаны күйгөндөй эмес сүйүнгөндөй бир каңшылады да, үнүн басып, касы менен кармашкан, өлтүрүп канын жалаган, эч нерседен кайра тартпаган көк жал

энесин күтө баштады. Канчык карышкыр аркырап келатты. Ал бөлтүрүгүнүн каңшылаганын угуп жардамга келаткан эле.

Канчык карышкыр кишилерге атырылды, анын жаалданган, эч нерседен кайра тартпачудай түрү абдан коркунучтуу эле. Ал эми бөлтүрүк энесинин мындай түрүн көрүп жетине албай кетти. Кубанганынан кыңшылап, энесине жүгүрдү, кишилер да артка кетенчиктей беришти. Канчык карышкыр бөлтүрүгү менен кишилердин ортосунда турду. Түгү тик туруп, тамагынан аркыраган үн чыгып жатты. Түрү бузулуп, эриндери менен тумшугу жаалынан диртилдеп жатты.

Капыстан эле индеецтердин бири кыйкырып жиберди:

— Кичи!

Анын үнү таң калгандай чыкты. Бөлтүрүк энеси бул үндү укканда жоошуй түшкөнүн сезди.

— Кичи! — деп дагы кыйкырды тиги. Бул жолу үнү катаалыраак, буйрук бергендей чыкты.

Ошондо бөлтүрүк өзүнүн баягы эч нерседен кайра тартпаган кашкөй энеси жерге жата калып, куйругун шыйпандатып, кыңшылап, жарашалы дегендей түр көрсөтүп жатканын көрдү. Эч нерсеге түшүнө албай калды. Анан коркуп кетти. Кишилерден кайра сүрдөп, коркуп турду. Сокур сезими туура болуп чыкты. Энеси да муну бекемдеди. Ал да кишилерге баш ийди.

Баягы кыйкырган неме энесине келди. Колун башына койду эле, энеси ого бетер жерге жабыша түштү. Тигини тиштеген жок, тиштей турган ою да жок. Калгандары да келип, аны кармалап, сылай башташты, энеси буга каршылык көрсөтпөдү. Алар катуу толкунданып, ооздорунан көптөгөн үндөр чыгып жатты. Бул үндөрдө корко турган эч нерсе жок эле. Бөлтүрүк энесине ыктап, баш ийип турду, бирок тик турган түгү дагы эле жаткан жок.

— Таң кала турган эмнеси бар? — деди индеецтердин бири. — Мунун атасы карышкыр, энеси ит, анткени баягыда менин агам итин үйүгүшөр маалда үч түн токойго байлап койбоду беле. Демек, Кичинин атасы — карышкыр.

— Кичи качып кеткенден бери бир жыл өтпөдүбү, Боз Кемчет, — деди экинчи индеец.

— Анын да таң кала турган эч нерсеси жок, Багыш Тил, — деп жооп берди Боз Кемчет. — Анда ачарчылык болуп, иттерге эт жетпей калбадыбы.

— Карышкырлар менен жүргөн турбайбы, — деди үчүнчү индеец.

— Сыягы, ошондой го, Үч Бүркүт, — деди Боз Кемчет бөлтүрүккө колун тийгизип, — мына анын далили.

Кишинин колу тийгенде бөлтүрүк акырын ырылдады эле, тиги кайра урмак болду. Ал азууларын жашырып, кайра жерге жабыша

түштү эле, тигинин колу кайра ылдый түшүп, кулагынын түбүн кашып, жонунан сылай баштады.

— Мына анын далили,— деп кайталады Боз Кемчет. — Мунун энеси Кичи экени чын. Бирок атасы — карышкыр. Ошондуктан мунун иттигине караганда карышкырлыгы көбүрөөк. Азуулары аппак экен, аты Ак Азуу болсун. Мен айттым. Бул — менин итим. Анткени Кичи менин агамдын ити эмес беле? Агам болсо өлүп калбадыбы.

Ат коюлган бөлтүрүк болсо байкап жата берди. Кишилер сүйлөп жатышты. Анан Боз Кемчет мойнуна илинген кындан бычагын алып чыкты да, бадалга барып, бир таяк кесип келди. Ак Азуу аны байкап турду. Боз Кемчет таяктын эки учун бир аз кертип туруп, чылгый кайыш тасмадан ороп байлады. Бир тасма менен Кичини мойнунан байлап, кичинекей кызыл карагайга алып барып, экинчи тасма менен ага байлап койду.

Ак Азуу энесинин жанына барып жатты. Багыш Тил колун созуп, аны чалкасынан салды. Кичи коркуп карап турду. Ак Азуу кайрадан корко баштады. Өзүн токтото албай ырылдады, бирок тиштегенге даабады. Арбайган кол анын курсагын кашып, ары-бери тоголото баштады. Аягын асманды каратып жатуу күлкүлүү, анан калса ыңгайсыз болчу. Анын үстүнө өзүн мындай абалда абдан байкуш сезип, табияты мындай басмырлоого каршы болуп турду. Бирок эч нерсе кыла алган жок. Эгер бул киши-жаныбар ага жамандык кылгысы келсе, Ак Азуу андан кутула алмак эмес. Төрт аягың асманды карап жатса, кайда качмак элең? Бирок баш ийүү коркуудан үстөмдүк кылып, акырын ырылдады. Ырылдаганын токтото албай койду, бирок тиги буга жини келип урган жок. Анан да таң калыштуусу, киши сылаган сайын Ак Азуунун жаны жыргап баратты. Капталына оодарылган соң ырылдабай да калды. Манжалар кулагын кашый баштаганда, ого бетер магдырай түштү. Анан тиги дагы бир сылап, ары басканда Ак Азуу биротоло өзүнө келип калды. Ал кишиден дагы көп жолу коркмок, бирок алардын ортосундагы ынак мамиле ушинтип пайда болду.

Бир аздан кийин Ак Азуу кандайдыр бир таң калыштуу үндөрдү укту. Алардын кишилердики экенин дароо билди. Көп өтпөй эле көчүп келаткан индеец уруусу көрүндү. Эркектер, аялдар жана бала-чака болуп кырк кишидей бар экен, баарында көтөргөн буюмтайымдары бар. Алар менен кошо көптөгөн иттер келатты, алардын да күчүктөрдөн башкасында жүгү бар экен. Ар бир ит жонуна бекем таңылган жыйырма-отуз фунттай салмактагы баштыктарды алып келатты.

Ак Азуу иттерди мурун көргөн эмес эле, бир аз гана айырмачылыгы болбосо өздөрүндөй эле экенин дароо сезди. Бөлтүрүк менен

анын энесин туйган соң, иттер айырмачылыктын аз экенин дароо эле көрсөтүштү. Ит талаш башталды. Ак Азуунун түгү тик туруп, курчап турган иттерге ыркырады; иттер бөлтүрүктү басып калышты, ал иттердин тиштери денесине бата түшкөнүн туйду, бирок өзү да үстүндөгү иттердин буттарынан, курсактарынан тиштеп, бурдап жатты. Ызы-чуу түшүп жатып калды. Бөлтүрүк Кичинин өзүнө жардам бергиси келип аркырап жатканын, адамдардын кыйкырыгын, таяктардын үнүн, таяк жеген иттердин каңшылаганын укту.

Бир нече секунддан кийин бөлтүрүк өйдө турду. Кишилер аны тиги карышкырдан бир аз айырмасы бар тажаал немелерден коргоп, аларды таяк, таш менен уруп, кууп жатышыптыр. Бөлтүрүктүн мээсинде адилеттүүлүк сыяктуу жалпы түшүнүк болбогону менен кишилердин адилеттүү экенин, мыйзам орнотуп, аны аткара тургандыгын өзүнчө туйду. Ал кишилердин өз мыйзамдарына баш ийдирүү ыкмасын да баалады. Алар башка жырткычтар сыяктуу тиштеген же аймаган жок, булар жансыз нерселерди пайдаланышат экен. Жансыз нерселер алардын буйругун аткарышат экен. Бул кызыктай жаныбарлар ыргыткан таштар менен таяктар абада жандуу немедей учуп, иттердин шорун берет экен.

Бул күч Ак Азууга таң каларлыктай сезилип, түшүнүксүз болуп турду. Ал өз табиятына ылайык кудайлардын бар экенин билчү да эмес, ал болгону түшүнө алгыс нерселердин бар экенин гана туйду. Тоо чокусунан чагылган жаркылдаткан кудайдан адамдар кандай коркуп, кандай сүрдөсө, бөлтүрүк да адамдардан ошондой коркуп, сүрдөп турду.

Мына эми акыркы ит куулган соң, ызы-чуу тынчып калды. Ак Азуу жараатын жалап жатып, үйүр менен кантип таанышканын, андагылардын таш боордугун ойлоп жатты. Буга чейин алардын тобунда Жалгыз көз, энеси, анан өзү гана бар болчу. Алар үчөө өзүнчө болчу. Анан капыстан эле, сыягы, ушул топко кире турган башка жаныбарлар пайда болду. Бир көргөндө эле жек көрүп, талап кеткен туугандарына бөлтүрүк таарынып турду. Мындан тышкары, кишилер байлашса да, энесинин таяк менен байланып калганына наараазы болду. Мындан капкан, эрксиздик сезилип турду. Бирок булардан анын кабары жок эле. Желип-жортуп эркин, өз билгениндей жүргөндү, жатканды ата-бабаларынан мураска алган. Эми болсо канчык карышкырдын кыймылы узун таяк менен чектелип калды, ал бөлтүрүктү да жипсиз байлады, анткени ал энеси жок эч нерсе кыла алмак эмес.

Бул ага жаккан жок. Кишилер туруп, жолго чыкканда ого бетер жакпай калды, анткени бир кичинекей киши Кичи байланган таякты алып, аны туткунга түшкөн немедей кылып ээрчитип алды. Анын артынан кыжыры келип, тынчы кеткен Ак Азуу баратты.

Алар өзөн аккан өрөөн менен ылдый жөнөп, Ак Азуу кыдырып жүрчү жерлерден өтүп, өзөн Маккензи дарыясына куйган жерге келишти. Жээкте бийик казыктарга коюлган кайыктар, балык кургата турган торлор туруптур. Индеецтер ушул жерге конушту. Ак Азуу мунун баарын таң калып карап турду. Кишилердин кудурети барган сайын арта берди. Жанагы кутурган иттер аларга баш ийишет экен. Бул алардын күчүнөн кабар берип турду. Бирок Ак Азууну мындан да катуу таң калтырганы кишилердин жансыз нерселерди каалагандай өзгөртүп, башкара алганы, дүйнөнү өзгөртө алгандыгы болду.

Ал мына бул нерсеге катуу таң калды. Кишилер вигвамдардын шыргыйларын орнотушканда, ал көп деле таң калган жок, муну баягы эле таштар менен таяктарды алыска ыргыта ала турган кишилер жасап жаткан болчу. Бирок шыргыйлар кайыш жана кендир менен оролгондо, вигвам болуп калды. Ак Азуунун эси оош, айран калды. Баарынан да алардын чоңдугуна таң калды. Алар жандуу немелердей болуп тегеректин баарында пайда болуп жатты. Ак Азуу алардан корко баштады. Вигвамдар заңкайып турду, шамал болуп, кайыш менен кендирди үйлөгөндө, Ак Азуу коркконунан жерге жабышып, тигилерден көзүн албай карап, кулап келатса ·эле качканга даяр болуп турду.

Бирок көп өтпөй эле вигвамдарга көнүп калды. Аялдар менен балдар ал жакка эч нерсе болбой эле кирип-чыгып жүрүшкөнүн, иттердин да киргиси келгенин, бирок кишилер аларды сөгүп-сагып, таш менен куушканын көрдү. Бир топтон кийин Ак Азуу Кичини таштап, акырын жакын жердеги вигвамга барды. Аны кызыгуу кумары — үйрөнүү, аракет кылуу, тажрыйба топтоо кумары азгырып турду. Вигвамга аз эле калды. Абайлап, акырын сойлоп баратты. Бүгүнкү окуялардан улам белгисиздик ар кандай боло түшөрүнө даяр болуп калган эле. Акырында тумшугу кендирге тийди. Эмне болуп кетер экен деп күтүп турду. Эч нерсе болгон жок. Анан ал кишинин жыты сиңген немени акырын тиштеди да, өзүнө тарттты. Дагы эч нерсе болгон жок, кендир дубал гана бир аз кыймылдай түштү. Дагы тартты эле, дубал катуураак кыймылдады. Ага бул жагып калды. Бүтүндөй дубал кыймылдаганча, тарта берди. Бир маалда вигвамдан индеец аялдын ачуу кыйкырыгы угулуп, Ак Азуу Кичини көздөй качты. Ушул ушу болду, бийик вигвамдардан коркпой калды.

Көп өтпөй эле ал кайрадан энесин таштап качып чыкты. Энеси казыкка байлануу болгондуктан, баласын ээрчий алган жок. Бөлтүрүккө өзүнөн бир аз улуураак, чоңураак бир күчүк кыйынсынып келди. Күчүктүн аты, Ак Азуу кийинчерээк билгендей, Лип-Лип экен. Күчүк талашка көп түшүп, чаар баш катары белгилүү болгон неме эле.

Лип-Лип өз түркүмүнөн, анын үстүнө кичинекей күчүк болгондуктан, Ак Азуу корккон жок, оюнда жамандык жок, дос катары тосуп алды. Бирок тиги тишин көрсөтүп ыркырап, даярдана калары менен ал да ыркырап тура калды. Түктөрү тик туруп, ыркыраган экөө баарына даяр болуп, бирин-бири айланып калышты. Бул бир нече мүнөткө созулгандыктан, Ак Азууга бул оюн жага баштады. Бир маалда Лип-Лип күтүлбөгөн жерден атырылып келип, бөлтүрүктү каап алды да, дароо артка кетти. Ал тиштегенде да баягы сүлөөсүн менен алышкандан бери али ооруп жүргөн ийининен тиштеди. Ак Азуу бир жагы күтпөгөндүктөн, бир жагы жаны ооруганына чыдабай каңшылап жиберди да, тигини качырып кирип, тишин матырды.

Бирок Лип-Лип да бекеринен индеецтердин айылында туулуп, күчүк уруштарга бекеринен катышкан эмес экен. Анын майда курч тиштери бөлтүрүктүн айласын кетирди, акырында уят болуп кыңшылап энесин көздөй качканга аргасыз болду. Бул алардын алгачкы кармашуусу болду жана мындай кармаштар али көп болмок, анткени ушундан баштап эле алар бирин-бири өлөрчө жек көрөрүн жана дайыма уруша берерин сезишти.

Кичи баласын эркелете жалап, жанынан чыгарбоого аракет кылды. Бирок Ак Азууну кызыгуу кумары чыдатпай, бир нече мүнөт өтпөй эле кайрадан чалгынга чыкты да, Боз Кемчет деген кишиге туш болду. Ал чочоюп отуруп алып жанында жаткан кургак мох жана таякчалар менен бир нерсе кылып жатыптыр. Ак Азуу тигиге жакын барып, карай баштады. Боз Кемчет эч кандай кастыгы билинбеген үндөрдү чыгарды эле, дагы жакындап барды.

Аялдар менен балдар Боз Кемчетке таяктар менен бутактарды алып келип берип жатышты. Сыягы, бир кызык нерсе болот окшоп калды. Ак Азуу ушунчалык кызыккандыктан, тигинин коркунучтуу киши экенин унутуп, Боз Кемчеттин так жанына барды. Капыстан эле анын колундагы мох менен чырпыктардын арасынан туман сыяктуу нерсе уюлгуп көтөрүлдү. Анан ошол тумандын арасынан асмандагы күнгө окшогон жандуу кызыл неме соймоңдоп чыга баштады. Ак Азуунун оттон кабары жок болчу. От баягы наристе кезиндеги жарык сыяктуу өзүнө тартып турду. Ал дагы жакыныраак сойлоп барды да, Боз Кемчеттин күлгөнүн угуп, коркунучтуу эч нерсе жок экенин түшүндү. Анан жалынга мурдун тийгизип, тилин да чыгара койду.

Адегенде ал селейе түштү. Мох менен бутактардын арасында бекинип турган белгисиз нерсе тумшугуна жабыша калды. Каңшылаган бойдон артка качты. Муну уккан Кичи аркырап жулунуп, уулуна жардам бере албай калганына жаалданып, таяктын

учунда туйлап жатты. Ал эми Боз Кемчет болсо жамбашын чаап каткырып, болгон окуяны баарына айтып, тигилер да каткырып күлүп жатышты. Кишилер курчап алган Ак Азуу болсо чочоюп отуруп алып байкуш болуп каңшылап жатты.

Бул анын өмүрүндөгү эң катуу, жан чыдагыс оору болчу. Боз Кемчеттин колунан пайда болгон күн сыяктуу жандуу неме анын оозу-мурдун куйкалап кетти. Ак Азуу тынбай кыңшылап, анын кыңшылаганын көргөн кишилер ого бетер каткырып жатышты. Ал мурдун жалаганга аракет кылды, күйгөн мурдуна күйгөн тили тийгенде ого бетер ооруп, ансайын каңшылап жиберди.

Анан өзүнөн өзү уяла баштады. Кишилер эмнеге күлүп жатканын түшүндү. Кээ бир жаныбарлардын күлкү эмне экенин, аларды шылдыңдап жатышканын кантип түшүнөрүн биз билбейбиз. Ак Азуунуку дал ушундай болду: ал кишилердин шылдыңдап жатканын көрүп, уялып кетти. Анан бурулду да, качып жөнөдү, жан чыдагыс оорудан эмес, шылдыңдан качты, анткени анын жарааты оттукунан да тереңирээк жана күчтүүрөөк болчу. Байлоодо жулунуп жаткан энесин, азыр өзүн шылдыңдабаган дүйнөдөгү жалгыз жанды көздөй безди.

Күүгүм тартып, түн кирди, Ак Азуу болсо энесинин жанында жатты. Мурду менен тили дагы эле ооруп атты, бирок андан да күчтүүрөөк бир сезим тынчын алды. Ал куса болуп турду. Ичи сыздап, өзөн боюндагы үңкүрдүн бейкуттугу менен жымжырттыгын эңседи. Тынчы жок бир жашоо болуп кетти. Мында кишилер: эркектер, аялдар, балдар өтө көп болуп, баары ызы-чуу түшүп, кыжырын келтирип турду. Иттер болсо тынымсыз кабышып, талашып, ыркырап жатышты. Баягы өзүнө тааныш бейкут жалгыздык бүттү. Ал турсун бул жердин абасы да жашоого толуп тургандай. Ак Азуунун айлана-тегереги бир тыным албай ызылдап, күүлдөп жатты. Ушундан улам ал корунуп, тынчы кетип, дагы эмне болуп кетер экен деп күтүүгө аргасыз болуп жатты.

Ак Азуу вигвамдардын арасында жүргөн, бир жоголо түшүп, кайра пайда боло калып жаткан адамдарды карап отурду. Ал айлана-тегерегиндеги адамдарды кишилер өздөрү жараткан кудайларды карагандай тиктеп отурду. Алар бөлтүрүк үчүн улуу жаныбарлар, чыныгы кудайлар эле. Алардын кылган-эткен иштеринен кудайдыкындай укмуш кудуретти көрдү. Алар акыл жеткис, чексиз кудуретке ээ болчу. Жандуу жана жансыз дүйнөгө ээлик кылып, кыбыр эткендин баарын баш ийдирип турат; кыймылсыз нерселерге жан киргизет; кургак мох менен бутактардан күндөй болуп күйүп, оозмурунду куйкалаган жашоо жаратат. Алар от ээлери эле. Алар кудайлар болчу.

# Экинчи бап

# ТУТКУНДА

Ак Азуу күн сайын жаңы нерселерди үйрөнө турган болду. Энеси байлоодо отурганда айылды түрө кыдырып, ар нерсени иликтеп үйрөнүп, тажрыйба топтой берди. Ал кишилердин көнүмүш адаттарын тез эле өздөштүрдү, бирок мындай жакын тааныштык тоготпой калганга алып келген жок. Аларды канчалык көбүрөөк билген сайын, алардын күч-кубатына ошончолук көбүрөөк ынана берди.

Кудайына акаарат келтирип, өз колу менен курган алтарын ураткында, адамдын жүрөгү сыздайт, ал эми карышкыр менен жапайы ит мындайды билбейт. Кудайы эч качан чындыкка айланбаган кыялдын туманында жашап, айкөлдүк менен кудуретке эгедер элес болгон адамдардан айырмаланып, киши жаккан оттун боюнда жылынып отурган карышкыр менен жапайы ит кудайынын жан-дени бар экенин, мейкиндикте белгилүү бир орунду ээлеп, мезгил мыйзамына баш ийүү менен максатына жетерин, өз парзын аткарарын билишет. Мындай кудайга ишенүү үчүн көп деле аракеттин керегi жок; ал ишенимден эч нерсе тайдыра албайт. Мындай кудайдан эч кайда кете албайсың. Мына, ал кош аяктап турат, колунда кармаган таягы бар, кудуреттүү, каардуу, ак көңүл. Анын сыры менен кудуретин үзүп алсаң, кадимкидей кан ага турган, жесең ар кандай эттен кем калбай турган кадимки дене каптап турат.

Ак Азуунуку да ушундай болду. Кишилер ага кадимки кудайлардай сезилди. Энеси Кичи сыяктуу эле алардын оозунан өз атын угары менен аларга баш ийди. Чакырышса — барчу, куушса — каччу, коркутушса — жерге жабыша калчу, анткени алардын ар бир каалоосунун артында кудуреттүү күч болор эле да, ал соккулар менен таяктардан, учкан таштардан, ышкырып тийген камчылардан көрүнөр эле.

Башка бардык иттер сыяктуу эле Ак Азуу да аларга таандык болчу. Анын аракети алардын буйругуна жараша болчу. Каалашса, денесин жанчып, тебелеп, каалашса, кечирип коюшмак. Бул сабакты Ак Азуу дароо эстеп калды, бирок аны өздөштүрүш кыйын эле, анткени кадам сайын дуушар болгон нерселерге табияты көжөлүп каршы болду. Бирок көнүп кетиш кыйын, ыңгайсыз болгону менен өзү да билип-билбей жаңы турмуштун жыргалы да бар экенин түшүнө баштады. Ал өз тагдырын алардын колуна тапшырып, жан сактоо жоопкерчилигинен кутулду. Ушунун өзү эле ал үчүн сый-

лык болчу, анткени жалгыз тургандан көрө башкага сүйөнүп турган дайыма жеңил болот.

Бирок мунун баары бир эле күндө болгон жок, кишиге дароо эле баш-оту менен берилип кетүү мүмкүн эмес. Ак азуу ата-бабаларынын мурасынан баш тарта алган жок, жапайы Түндүктү унута алган жок. Кээ күндөрү токойго барып, алыска азгырган үндөргө кулак түрүп тура берчү. Кайра тынчы кетип, кооптонуп келчү да, акырын аянычтуу кыңшылап, Кичинин жанына жата кетет да, анын тумшугун элпек тили менен эпилдетип жалап кирет.

Ак Азуу индеец айылынын турмушун тез эле өздөштүрдү. Эт менен балык бергенде, чоң иттер кандай ач көз, адилетсиз болорун көрдү. Эркектер адилеттүү, балдар таш боор болорун билди, ал эми аялдар боорукер болот экен, алардан бир кесим эт же сөөк алса болот. Күчүктөрдүн энелери менен бир-эки кабышкандандан кийин Ак Азуу бул жез кемпирлерге тийишпей эле койгон оң экен деп калды.

Бирок баарынан да Лип-Липтин азабы өттү. Ал улуураак жана күчтүүрөөк болчу. Ак Азуу аны менен кармашкандан каччу эмес, бирок дайым жеңилип калчу. Душманы өзүнөн өтө чоң эле. Лип-Лип анын артынан түшүп алды. Энесинен мындайраак болсо эле тиги пайда боло калат да, артынан ээрчип, тийишип, жакын жерде киши болбосо, кармаша кетчү. Ал мындай кармаштардан ыракат алчу, анткени дайыма жеңип чыкчу. Бирок ага жашоонун жыргалы болгон нерсе, Ак Азуу үчүн азап эле.

Бирок Ак Азууну коркутуш да оңой эмес болчу. Дайыма жеңилсе да, баш берчү эмес. Бирок мунун таасири болду. Ал каардуу болуп, түнт тартып кетти. Ал карышкыр катары башынан эле каардуу болчу, бирок жанагы тынымсыз куугунтук аны ого бетер күчөтүп жиберди. Баягы балалыгын, ак көңүлдүгүн, оюнкарактыгын тышка чыгара албай жүрдү. Ал курбулары менен эч качан ойночу, алышчу эмес, анткени Лип-Лип жолотчу эмес. Ак Азуу күчүктөргө аралашары менен Лип-Лип келе калып, алыша кетчү да, акыры кууп жиберчү.

Ушундан улам Ак Азуунун күчүктүк кыялы дээрлик жоголуп, өз курагынан алда канча улуураак көрүнүп калды. Ал кулундай туйлаган күч-кубатын оюндан чыгара албай, түнт тартып, бирок акылы өсүп жатты. Ал куулукту үйрөндү, ал эми баарын ойлонуштурганга убакыт кенен эле. Иттерге тамак бергенде, өз үлүшүн алганга тосколдук кылышкандыктан, ашкан ууру болуп чыкты. Жан багыш керек эле. Ак Азуу тамакты ушунчалык кылдат уурдагандыктан, индеец аялдардын башына келген балакет болду. Ал бүт айылды шимшип кыдырып, баарын көрүп, баарын укчу, жагдайга жараша аракет кылып, баягы кас душманын көргөндө жаа бою каччу.

Куугунтук башталган күндөрү эле ал кас душманын сызга отургузуп, жыргап өч алды. Ал Лип-Липти баягы Кичи иттерди азгырып, кишилерден алыстатып барып карышкырларга салып берген ыкма менен алдап барып каардуу Кичиге салып берди. Лип-Липтен качып, бирок түз качпай, вигвамдарды аралай качты. Ал жакшы чуркачу, өзү менен тең күчүктөрдөн, ал турсун Лип-Липтен да кыйын чуркачу. Бирок бул жолу көп ашыкпай, Лип-Липти бир секиримге чейин жакын коё берип келатты.

Ак Азууну кызый кууп, такымдап калган Лип-Лип баарын унутуп койду. Эсине келе түшкөндө, кеч болуп калган эле. Вигвамды айлана берип, учкан бойдон байлоодо жаткан Кичиге кабылды. Корккондунан каңшылап ийди. Кичи байлоодо болгону менен андан кутулуш оңой эмес болуп чыкты. Качып кетпесин деп дароо жерге жыкты да, денесине тиштерин матырды.

Лип-Лип акыры ары тоголонуп кетип кутулду, жүнү саксайып, жан-дени сыздап ооруп турду. Кичинин тиши тийген жерлердеги жүндөрү салбырайт. Анан оозун араандай ачып, күчүкчөсүнөн улуп-уңшуп ийди. Бирок Ак Азуу аны улута койгон жок. Качырып барып, душманын арткы буттан алып кетти. Лип-Липке алышмак кайда, качып берди, тиги болсо артынан сая түшүп, вигвамына жеткенче кууп барды. Индеец аялдар ажыратып калышты, жаалданып, кутуруп кеткен Ак Азуу мөндүрдөй жааган таштардан улам гана кетүүгө аргасыз болду.

Боз Кемчет эми кача койбос деп Кичини байлоодон бошоткон күн да келди. Ак Азуу энесинин бошотулганына абдан сүйүндү. Энесин жан-алы калбай сүйүнүп ээрчип, айылды кыдырып жүрдү, эми Лип-Лип да жакын жолой албай калды. Ал турсун Ак Азуу түгүн түктөйтүп ыркырап барганда да даап, алыша алган жок. Ал өзү жинди эмес болгондуктан, азыр коё туруп, Ак Азуудан жалгыз жолукканда өч алайын деп чечти.

Ошол күнү Кичи менен Ак Азуу айыл четиндеги токойго барышты. Ак Азуу энесин акырындап азгырып баратты, ал токойдун четине жетип токтой калганда, андан ары алып кеткенге аракет кылды. Баягы өзөн, үңкүр, бейпил токой Ак Азууну чакырып жатты, ал болсо энеси менен кеткиси келип турду. Бир аз бара түшүп токтоду да, артын карады. Энеси кыймылсыз турду. Ак Азуу кыңшылап ойноп, бадалдарды аралай чуркап, бир маалда кайрылып келип, энесинин тумшугун жалады да, кайра ойноктоп чуркап кетти. Бирок ал дагы эле кыймылсыз тура берди. Ак Азуу токтой калып, энесин карады, анын айылды кыйыла карап турганын көрүп, жанагы пайда боло калган өжөрлүгү менен чыдамсыздыгы жок болуп бараткарын сезди.

Алыскы мейкиндик чакырып турду, муну энеси да туйду. Бирок ал башка бир чакырыкты — от менен кишилердин чакырыгын даанараак угуп жатты. Бардык жаныбарлардын ичинен бул чакырыкка карышкыр менен жапайы ит гана жооп берет, анткени бул экөө — бир тууган.

Кичи бурулду да, акырын айылга карай желип жөнөдү. Айыл аны байлоодон катуураак кармап турду. Кудайлар көзгө көрүнбөгөн сырдуу жолдор менен канчык карышкырга ээлик кылып, коё бербей турушту. Ак Азуу кайындын көлөкөсүнө отура калып кыңшылап ийди. Кайың жыттанып, аба токойдун жыпар жыттарына толуп, туткундан мурунку ээн-эркин жашоону эсине салып турду. Бирок Ак Азуу кичинекей бир күчүк болгондуктан, ага жапайы Түндүктүн же кишинин чакырыгына караганда, энесинин чакырыгы даанараак угулуп жатты. Ал энесине таянып үйрөнгөн. Көз карандысыздык али алдыда болчу. Ак Азуу ордунан турду да, көңүлсүз айылды көздөй жөнөдү, бирок жолдо бир-эки жолу токтоп, токойдон келип жаткан чакырыкка кулак төшөдү.

Жапайы Түндүктө эне-бала көпкө чогуу жашабайт, бирок кишилер кээде аны ансайын кыскартып жиберишет. Ак Азуунуку да ушундай болду. Боз Кемчет Үч Бүркүт деген индеецке карыз болчу. Ал болсо Маккензи дарыясы менен жогору жактагы Чоң-Кул-Көлгө кетип бараткан эле. Бир кыркым кызыл кездеме, аюунун териси, жыйырма патрон, анан Кичи карызды төлөгөнгө кетти. Ак Азуу Үч Бүркүттүн Кичини кайыкка салып жатканын көрүп, артынан түшкүсү келди. Үч Бүркүт аны жээкке чыгара урду. Кайык узай берди. Ак Азуу сууга секирип, Боз Кемчеттин кыйкырганына кулак салбай артынан сүзүп жөнөдү. Ал кишинин үнүн да тоготподу, анткени энесинен ажыроодон ушунчалык корккон эле.

Бирок кудайлар өздөрүнө баш ийгенге көнгөндүктөн, каарданган Боз Кемчет кайык менен Ак Азуунун артынан түштү. Качкынга жетип, жалдан кармап суудан алып чыкты да, бир колу менен кармап алып, сабай баштады. Катуу сабады. Колу оор болчу, соккусу да таамай болуп, үстөккө-босток тийип жатты.

Туш-тараптан тийип жаткан соккулардан улам Ак Азуу бузук маятниктей ары-бери бултаңдады. Ар түркүн сезимдер келип жатты. Адегенде таң калып, анан корко баштады да, акырында каңшылап жиберди. Бирок дароо жаалы келди. Эркин табияты кылгылыкты кылды: оозун араандай ачып, каарданган кудайга тике карап аркырады. Кудай ого бетер жинденди. Соккулар ансайын күчөп, денесин ого бетер оорута баштады.

Боз Кемчет Ак Азууну тынбай сабай берди, тиги болсо тынымсыз ыркырай берди. Экөөнүн бири жеңилиш керек болчу. Акы-

рында Ак Азуу жеңилип берди. Ал кайра коркуп калды. Киши аны өмүрүндө биринчи жолу чындап сабады. Азыркы менен салыштырганда кокусунан тийген таяктар, таштар эркелеткендей болуп калды. Ал азыр жеңилип, кыңшылап, улуп жатты. Адегенде сабаган сайын каңшылап ийип жатса, бара-бара соккулардын ыргагына шайкеш келген улуган үнгө айланды.

Акыры Боз Кемчет оң колун ылдый түшүрдү. Ак Азуу абада чүпөрөктөй асылып кыңшылап турду. Ээси буга ыраазы болду окшойт, кайыктын түбүнө ыргытып койду. Кайыкты агым бир топ ылдый алып кетип калган эле. Боз Кемчет калакты алып шилеп кирди. Ак Азуу ага жолтоо болуп жатты. Тиги аны жини келип тээп жиберди. Ушул учурда баягы эркин табияты үстөмдүк кылып кетти да, тигинин мокасин кийген бутуна тишин батырды.

Эми мурунку сабаган кеп болбой калды. Боз Кемчеттин каарын көргөн Ак Азуунун жүрөгү түшүп калды. Бул жолу Боз Кемчет аны оор калак менен сабады. Ал кичинекей денесинин соо жери жок кайыктын түбүндө жатты. Боз Кемчет аны буту менен дагы бир жолу тээп жиберди. Бул жолу ал кайра бутуна асылган жок. Ал туткундуктун экинчи сабагын алды: эч качан, эч кандай жагдайда кудайдын — өз ээндин денесине тиш салууга болбойт; кудайдын денеси ыйык, Ак Азуу сыяктуулар аны тиш тийгизип булгаганга даабайт. Бул эч качан кечирим берилбей турган оор, коркунучтуу күнөө болуп эсептелет.

Кайык жээкке келип токтоду, бирок Ак Азуу Боз Кемчеттин буйругун күтүп, кыңшылап кайыктын түбүндө жата берди. Ал Ак Азууну алып туруп жээкке ыргытып жиберди эле, учуп барып жерге капталы менен былч дей түштү. Бүткөн бою калтырап-титиреп араң турду да, кыңшылап ийди. Жээктен баарын карап турган Лип-Лип атырылып келип, баса калды да, тиштерин матырды. Ак Азуу алы кетип калгандыктан, коргоно да алган жок. Боз Кемчет келип, Лип-Липти тепти эле, ал бир топ жерге учуп барып түштү. Минтпегенде Ак Азуу оңбой калмак. Бул кишинин адилеттүүлүгү эле, Ак Азуу бүткөн бою сыздап ооруп, коркуп жатса да, кишиге ыраазы болбой коё албады. Ал Боз Кемчеттин артынан ээрчип, вигвамына барды. Ошондон баштап жазалоо кудайлардын иши экенин, аларга баш ийген жаныбарлар андай кыла албай тургандыгын түшүнүп калды.

Ошол түнү айыл тынчыганда Ак Азуу энесин эстеп, куса болду. Ал ушунчалык катуу куса болгондуктан, Боз Кемчетти ойготуп ийип, андан таяк жеди. Ушундан кийин ал кишилер турганда ичинен куса болуп, токойго барганда гана каалашынча улуй турган болду.

Ушул мезгилде ал баягы үңкүр менен өзөнгө чакырган үндү ээрчип кетип калышы мүмкүн эле, бирок аны энесининин элеси кармап турду. Мүмкүн, ал кишилер анчылыктан кайткан сыяктуу айылга кайра келип калар. Ошентип, Ак Азуу Кичини күтүп туткунда калып калды.

Бирок туткундагы жашоо андай деле жаман эмес болчу. Мында кызык нерселер көп болчу. Дайыма бир окуя болуп турчу. Кудайлардын таң каларлык жоруктары түгөнчү эмес, Ак Азуу болсо баарын билгенге дилгир эле. Мындан тышкары, ал Боз Кемчет менен тил табышып алды. Андан тил алып, айтканды так аткарууну талап кылышчу, ал муну өздөштүргөн соң кудайлар ачууланбай, урбай калышты.

Кээде Боз Кемчет ага өзү бир кесим эт ыргытып, жеп бүткөнчө, башка иттерди жолотпой турчу. Ушул бир кесим эт ал үчүн абдан кымбат эле. Ал эмнегедир аялдардын колунан алган он кесим эттен да кымбатыраак болчу. Боз Кемчет Ак Азууну бир да жолу сылап, эркелеткен жок. Мүмкүн, анын оор колу, мүмкүн, анын адилеттүүлүгү менен күч-кубаты, а мүмкүн, ушунун баары таасир эттиби, ким билсин, айтор Ак Азуу өзүнүн түнт кожоюнуна берилип баратты.

Кандайдыр бир чыккынчы күчтөр билинбестен Ак Азууну туткундун жиби менен чырмап, таяк же муштум сыяктуу таасир эте баштады. Илгертен карышкырларды кишинин отуна алып келген инстинкт тез өөрчүйт. Ал Ак Азууда да өнүгүп келатты. Азыркы жашоосунда кайгы-капа көп болгону менен айыл ага барган сайын кымбат боло баштады. Бирок ал өзү муну сезген да жок. Ал Кичини эстеп куса болуп, келип калар деп үмүт кылып, мурунку эркин жашоосун эңсеп жүрдү.

## Үчүнчү бап

# АЗГЫН

Лип-Липтин азабынан Ак Азуу табиятта боло тургандан да алда канча тажаал жана каардуу болуп кетти. Каардуулук, албетте, ага мүнөздүү нерсе болчу, бирок ал азыр чектен чыгып кетти. Анын жаман экенин кишилер да билип калышты. Айылда иттер ажылдап үрүп, талашып кетсе, же этин уурдаткан аялдардар чайылдап калса, мунун себепкери Ак Азуу экенинен эч ким шектенчү эмес. Киши-

лер эмне үчүн мындай болуп жатканын териштиргенге аракет да кылышкан жок. Алар натыйжасын гана көрүшчү, ал эми натыйжа болсо жаман эле. Ак Азуу алдамчы, ууру жана уруштун баарын баштаган чаарбаш катары белгилүү болчу; жини келген индеец аялдар аны карышкыр дешип, бир күнү арка мойну алдында калат деп коркутушчу, тиги болсо мунун баарын угуп, байкап, таяктан же таштан буйтап кеткенге даяр болуп турчу.

Ак Азуу өзүн айыл тургундарынын арасында азгын сезип калды. Жаш иттердин баары Лип-Липти туурашчу. Ак Азуу менен алардын ортосунда кандайдыр бир айырмачылык бар болчу. Сыягы, алар анын жапайы экенин сезип, ит менен карышкырдын ортосунда дайыма боло турган инстинкт түрүндөгү кастык пайда болсо керек. Кандай болсо да алар Лип-Липке кошулушту. Ак Азууга каршы согуш жарыялаган иттердин да аны уланта берүү үчүн олуттуу себептери бар эле. Алардын баары анын курч тиштери менен таанышып чыгышты; калыстык үчүн айтып коюш керек, ал тигилерге эки эсе кылып жооп кайтарчу. Жекеме-жекеге чыкса, ал көп иттерди коймок эмес, бирок мындай мүмкүнчүлүк жок эле. Кармаш башталары менен эле айылдын жаш иттери чогула калып, Ак Азууну талап кетишчү.

Иттердин үйүрү менен кармашып жүрүп, ал эки маанилүү нерсени үйрөндү: үйүрдөн дароо качып, бир душман менен калыш керек да, аны мүмкүн болушунча тезирээк жана көбүрөөк жарадар кылыш керек. Туш-тараптан кол салган душмандарга туруштук берип, жыгылбай туруу жанды сактап калуу деген сөз эле, ошондуктан Ак Азуу бул өнөрдү мыкты үйрөндү. Ал мышыкка окшоп эч качан жыгылчу эмес. Ал турсун чоң иттер жөөлөп келгенде да, артка секирип, буйтай коюп, жыгылбастан бекем турчу.

Иттердин уруш алдындагы бир жөрөлгөсү бар: алар ыркырап, түгү тик туруп, ары-бери бирин-бири тooруп басышат. Ак Азуу мунусу жок эле баштачу, анткени кичине кечеңдесе эле жаш иттердин баары чогула калчу. Ишти дароо бүтүрүш керек да, качыш керек. Ошентип, ал өз ниетин билдирбегенге үйрөндү. Душманына капыстан кол салып, тиштеп, үзүп-жулуп алат, анын даяр болушун күтүп отурбайт. Ушинтип отуруп тез жана оор жарадар кылганды үйрөнүп алды. Мындан тышкары, Ак Азуу душманга элебей тургандa капыстан кол салуунун маанилүү экенин аңдады: ал өзүнө келгенче ийинин алжайта тиштеп, кулагын жара чайнап койсоң, иштин жарымы бүткөн болот.

Анын үстүнө элебей турган итти жыгып алуу оңой, а жыгылган соң анын эң талуу жери — моюну ачык калат. Ак Азуу бул жерди жакшы билчү. Бул карышкырлардын көптөгөн муундары аркылуу

келип жеткен билим эле. Анын кол салгандагы ыкмасы мындай эле: биринчиден, жалгыз жүргөн итти тапчу; экинчиден, күтүүсүз кол салып, жыкчу; үчүнчүдөн, тамактан алчу.

Ак Азуу али жаш болгондуктан, али катый элек жаагынын өлтүргөнгө чамасы жетчү эмес, бирок айылдагы көп күчүктөрдүн тамагында анын тиштеринин издери бар болчу. Бирок баары бир бир жолу душмандарынын бирин токойдон кармап алып, тамактан алды да, өлтүрүп койду. Кечинде айыл ызы-чуу түшүп калды. Анын жоругу белгилүү болуп, кабар өлгөн иттин ээсине жетти. Аялдар Ак Азуунун ууру экенин айтып ызылдап чыгышты. Боз Кемчеттин эшигинин алдына эл чогулуп калды. Бирок ал кылмышкер отурган вигвамынын эшигин бекем жаап, аны уруулаштарынын колуна салып берүүдөн баш тартты.

Ак Азууну кишилер да, иттер да жек көрүп калышты. Бул мезгилде ага тынчтык беришкен жок. Ар бир ит ага тишин кайрап, ар бир киши аны уруп жүрдү. Туугандары ыркырап, кудайлар болсо каргап-шилеп, таш менен каршы алып жүрүштү. Ал дайыма сак болуп, мүнөт сайын кол салганга, чабуулду кайтарганга же буйтай койгонго даяр болуп жүрдү. Чагылгандай тез кыймылдап, дароо кол салып, же дароо артка кетчү.

Ыркыраганга келе турган болсок, ал айылдагы бардык чоңкичине иттерден коркунучтуураак ыркырачу. Ыркыроонун максаты — душманды эскертүү же коркутуу, анан калса аны качан пайдаланышты да билиш керек. Ак Азуу муну билчү. Болгон каарын, ачуусун төгүп ыркырачу. Титиреген таноолору, тик турган жүнү, тиштеринин арасындагы жыландай соймондогон кызыл тили, жапырылган кулактары, калтыраган эриндери, арсайган тиштери көп иттердин демин өчүрчү. Ак Азууга капыстан кол салышканда, көз ачып жумганча баарын ойлонуштура койчу. Бирок бул тыным көп учурда бир топко созулуп, душманы кармаштан баш тартчу. Ак Азуу ушинтип ыркыраганда ал турсун чоң иттер да даай албай, тынч кетип калышчу.

Аны үйүрдөн куул, ага каршы согуш жарыялаган жаш иттер эми балакетке кабылышты. Алар эми үйүрү менен гана жүрүп, жалгызжарым жүрө албай калышты. Ак Азуу буга жол берген жок. Анын аңдыганынан корккон жаш иттер жалгыз жүрө алышчу эмес. Лип-Липтен башкасы коркунучтуу душмандан биригип коргонуу үчүн үйүр менен жүргөнгө аргасыз болуп калышты. Дарыя жакка жалгыз барган күчүк же өлчү, же буктурмадан чыга калган бөлтүрүктү көрүп каңшылап, айылды башына көтөрчү.

Бирок Ак Азуу жаш иттер үйүр болуп жүрүш керек экенин түшүнгөндөн кийин да алардан өч ала берди. Ал тигилерди аңдып

туруп жалгыз калганда кол салчу, алар болсо үйүрү менен жабылышчу. Ак Азууну көрөрү менен жабылып кууп калышчу, мындайда күлүктүгүнөн гана кутулуп кетер эле. Бирок кызып кетип өтө алдыга кеткен иттин шору катчу. Ак Азуу дароо бурулуп, үйүрдүн алдында келаткан итке кол салчу. Мындай учурлар көп болчу, анткени куугундун кызыгына кирген иттер баарын унутуп калышчу. Ал эми Ак Азуу токтоолугун эч качан жоготчу эмес. Улам артын карап коюп, бурула калып теңтуштарынан өтө алдыда келаткан куугунчуну баса калууга даяр болуп кете берчү.

Жаш иттер дайыма ойногусу келип турат, душмандары согушту ушинтип кызыктуу оюнга айландыруу менен анын ушул кумарын кандырышчу. Ошентип, Ак Азууга аңчылык кылуу алардын сүйүктүү оюнуна айланды, бирок бул оюн тамаша эмес эле, кээде ал өтө опурталдуу болчу. Ал эми алдына ит салбаган Ак Азуу тобокелге салгандан коркчу эмес. Энесин кайра келип калар деп күтүп жүргөн маалда иттердин үйүрүн токойго көп азгырып барчу. Иттер ага жете алчу эмес. Ак Азуу ызылдап үргөнүнөн, улугандарынан алардын кайсы жерде экенин билип турчу, өзү болсо баягы ата-энесинин бөрү желишине салып, токойдун ичи менен көлөкө сыяктуу шырп алдырбай кете берчү. Анын үстүнө жапайы Түндүккө иттерге караганда жакыныраак болуп, анын сырларын жакшыраак түшүнчү. Ал көбүнчө мындай амал кылчу: өзөндөн кечип өтүп, изин жашырып койчу да, таппай калган куугунчуларынын айласы кетип үргөндөрүн угуп чытырман токойдо жата берчү.

Кандаштары да, кишилер да жек көргөн, баары менен касташкан Ак Азуу тез, бирок бир жактуу өсүп келатты. Мындай жашоодо ак көңүлдүк, жакындык сыяктуу нерселер болушу мүмкүн эмес эле. Мындай нерселерди ал билчү да эмес. Күчтүүгө баш ий, алсызды эз — анын билген мыйзамы ушул болчу. Боз кемчет — кудай, ал күчтүү, ошондуктан Ак Азуу ага баш ийчү. Ал эми өзүнөн жашыраак, кичирээк иттер чабал болгондуктан, аларды жок кылыш керек. Анда көп учурда өмүрүнө коркунуч туудурган опурталдуу коркунучтарга каршы туруууга жардам бере турган сапаттар өсүп жатты. Арык, жип сыяктуу ийилчээк денесинен темирдей булчундары байкалып турчу. Шамдагайлык, куулук жагынан ага эч ким теңеле алчу эмес; күлүктүгү жагынан алдына ит салчу эмес, бардык иттерге караганда чыдамкайыраак, каардуураак, катаалыраак жана акылдуураак болчу жана кармашканда аёо дегенди билчү эмес. Ал ушундай болушу керек эле, антпесе өзү туш болгон мындай кас чөйрөдө жашап кете алмак эмес.

## Төртүнчү бап

# КУДАЙЛАРДЫ ИЗДӨӨ

Күзүндө, күн кыскарып, сууктай баштаган маалда Ак Азууга эркиндикке чыгуунун бир ыңгайы келди. Бир нече күндөн бери айыл башаламан болуп жатты. Индеецтер жайкы вигвамдарын жыйыштырып, күзгү аңчылыкка чыгуунун камын көрүп жатышты. Баарын байкап турган Ак Азуу вигвамдардын баары чечилип, буюм-тайымдардын баары кайыкка жүктөлгөндө баарын түшүндү. Кайыктар биринин артынан бири жээктен алыстап, айрымдары көрүнбөй калды.

Ак Азуу калгысы келди да, оңтою келе түшкөндө токойду көздөй жылт койду. Муз каймактап калган өзөндөн өтүп, из жашырды. Анан чытырман токойго кирди да, күтө баштады. Убакыт өтүп жатты. Ал бир нече жолу уктап ойгонду. Бир маалда Боз Кемчеттин үнүнөн ойгонуп кетти. Анан аны издеп жүргөн башка үндөр — кожоюндун аялы менен Мит-Санын, Боз Кемчеттин уулунун, үндөрү угулду.

Ак Азуу атынан чакырып жатканду угуп, коркконунан калтырап кетти, бирок чыдап, токойдон чыкпай жата берди. Көп өтпөй үндөр алыстап кетти да, ал ишинин онунан чыкканына ыраазы болуп, токойдон чыкты. Күүгүм кирди. Ак Азуу эркиндикке чыкканына кубанып, дарактарды аралай чаап чуркап жүрдү. Бир маалда жалгызсырай түштү. Отурду да, токой жымжырттыгына кулак салды. Кыбыр эткен жан да жок, үн да жок. Бул ага шектүүдөй сезилип, белгисиз бир коркунуч күтүп тургансып кетти. Бийик дарактардын караандарын, алардын ортосундагы душмандар аңдып отургандай сезилген караңгы көлөкөнү тикчийип карап отурду.

Бир маалда үшүй баштады. Мында өзү дайыма жылынчу вигвамдын жылуу дубалы жок эле. Буттары үшүгөндүктөн, аларды алмак-салмак көтөрө коюп жатты. Бир маалда аларды түктүү куйругу менен жаап жатканда көзүнө бир нерсе көрүнө түшкөндөй болду. Мунун таң кала турган эч нерсеси жок эле. Анын көз алдына тааныш элестер келип жатты. Айылды, вигвамдарды, жалындаган отторду көрдү. Аялдардын чайылдаганын, эркектердин жоон үндөрүн, иттердин үргөнүн укту. Курсагы ачып, кишилер берчү эт менен балык эсине түштү. Азыр болсо эт турсун балакет жок, коркунучтуу жымжырттык гана өкүм сүрүп турат.

Туткундук Ак Азууну бошоштуруп коюптур. Жоопкерсиздик алын кетириптир. Тамак таап жегенди да унутуп калыптыр.

Түн кирди. Айылдын ызы-чуусу менен кыймылына, үндөр менен караандардын тынымсыз алмашып турушуна көнүп калган көзү менен кулагы ишсиз турду. Кыла турган иши, уга турган, карай турган эч нерсеси жок эле. Ал кыбыр эткен кыймылды, шыбыр эткен шыбышты туйганга аракет кылды. Табияттын ушул жымжырттыгы менен кыймылсыздыгында кандайдыр бир коркунуч күтүп тургандай сезилди.

Бир маалда коркуп кетти. Анын алдынан килейген бир нерсе өтүп кеткендей болду. Булуттан чыга калган айдын жарыгынан түшкөн карагайдын көлөкөсү экен. Көңүлү тынчып, акырын кыңшылады, бирок андып жаткан душман болсо угуп калбасын деп унчукпай калды.

Түнкү аязга тонуп турган дарак так төбөсүнөн кычырады. Ак Азуу коркконунан улуп жиберди да, жин ургандай айылды көздөй безип жөнөдү. Адамдар, алардын коргоосу көздөн учту. Мурдуна айыл түтүнүнүн жыты келип, кулагында айыл ызы-чуусу жаңырып жатты. Ал токойдон качып чыгып, ай нуру төгүлүп турган ачык жерге келди. Бул жерде көлөкө да, караңгылык да жок эле. Бирок айыл да жок болчу. Айылдын көчүп кеткени эсинен чыгып кеткен экен.

Ал селейе түштү. Башката турган жер жок экен. Ээн калган журтту кезип, кудайлардан калган таштандыларды жыттагылап жүрдү. Азыр ал ажаан аялдардын урган ташына, ал турсун Боз Кемчеттин урганына да сүйүнмөк, Лип-Лип баштаган коркок иттердин ызылдаган үйүрү менен да кубанып көрүшмөк.

Ал илең-салаң болуп Боз Кемчеттин вигвамы турган жерге келип отурду да, айды карады. Тамагы буула түшүп, жаагы ачылды да, жалгыздык, коркунуч, Кичини куса болуп сагынганы, башынан өткөн азап-тозоктор, алдыда турган кыйынчылыктар менен азаптар — ушунун баары улуп-уңшуган үнгө айланып кетти. Бул Ак Азуунун көкүрөгүн жарып чыккан алгачкы бөрү улуш эле.

Таң аткан соң коркпой калды, бирок жанагы жалгыздык сезим ого бетер эзип кирди. Кечээ эле азан-казан болуп туруп, бүгүн ээн калган журтту көргөндө ого бетер эзилди. Көпкө ойлонуп турбастан токойго кирип, дарыяны жээктей жүрүп берди. Бир тыным албай керээли кечке жүгүрдү. Түбөлүк чуркай берчүдөй болду. Чымыр денеси чарчоого моюн берген жок. Чарчай баштаганда да ата-бабасынан калган чыдамкайлыгына салып кете берди.

Жээк типтик жар болуп кеткен жерлерден тоолорду айланып өтүп баратты. Дарыяга куйган майда суулар менен өзөндөрдү кечип өттү. Жээктеги али эрий элек жука муздар менен баратып таштай муздак сууга кирип кетип жатты. Канча жолу өлүмдөн кал-

ды. Ошентсе да болбой жээкке чыккан кудайлардын изине түшсөм деп дегдеп баратты.

Ак Азуу көп иттерден акылдуу болчу, бирок Маккензинин аркы өйүзү анын акылына келген жок. Кудайлардын изи тиги өйүздө болуп калса эмне болот? Буга анын акылы жеткен жок. Балким, кийин, көп жол басып, акылдуу, тажрыйбалуу болуп калганда, суу жээктеп из кууганды үйрөнгөндө, бул оюна келмек. Бирок мунун баары кийин болмок. Азыр болсо ал Маккензинин бир жээгин бойлоп гана кете берди.

Түнү менен ар нерселерге чалынып, мүдүрүлүп кете берди, бирок токтогон жок. Экинчи күнү түш ченде отуз сааттай тынбай жүгүргөн соң баягы темирдей булчуңдарынан ал кетип, күүсү менен гана баратты. Дээрлик эки күн, эки түн наар албагандыктан, алы куруду. Анын үстүнө жанагы муздай суута түшүп кете бергени да шайын оодарып койду. Баягы жылтылдаган жүнү шалтактап, кең тамандары канап турду. Адегенде бир аз аксап, анан ал да күчөп кетти. Мунун баары аз келгенсип бир маалда асман түнөрүп, кар жаай баштады, жаан аралаш жааган суу кар шаталактап эрип, аяктарына жабышып, аңды-дөңдү жашырып, азаптуу жолду ого бетер кыйындатты.

Ушул түнү Боз кемчет Маккензинин аркы өйүзүнө токтоп конмок болду, анткени аң уулаганы ошол жакка кетмек. Бирок күүгүм кирип калган маалда Боз Кемчеттин аялы Клу-Куч берки өйүздөн суута келген багышты көрүп калды. Багыш суута келбесе, бороондоп жааган кардан улам Мит-Са багытынан бир аз жаңылбаса, Клу-Куч багышты көрбөй калса, Боз Кемчет багышты атып албаса, бардыгы башкача болмок. Боз Кемчет дарыянын аркы жээгине токтомок да, Ак Азуу андан ары өтүп кетип, өлүп калмак же өзүнүн жапайы туугандарына кошулуп, карышкыр болуп жашап өтмөк.

Түн кирди. Кар ого бетер күчөп, аксап араң келаткан Ак Азуу бир маалда акырын кыңшылап жаңы изге түштү. Из жаңы эле түшкөндүктөн, дароо эле тааныды. Чыдабай кыңшылап жиберип, дарыядан бурулду да, токойду көздөй салды. Кулагына тааныш үндөр келди. Жалындап күйгөн отту, карбаластап тамак бышырып жүргөн Клу-Кучту, чийки май чайнап отурган Боз Кемчетти көрдү. Үйдө жаңы эт бар экен!

Ак Азуу урат деп күттү. Ушундан улам арка жүнү тик туруп кетти. Анан уурдана жакындады. Ал урганды жек көрчү жана коркчу, бирок эми болору болду. Бирок от боюнда жылынып жатарын, кудайлар коргой турганын, акырында душман да болсо жанына караан боло турган иттердин үйүрү бар экенин билип турду.

Ак Азуу отко сойлоп келди. Боз Кемчет аны көрүп, май чайнаганын токтотту. Тиги болсо ансайын жер менен жер боло жылып,

баш ийип, басынып турду. Боз Кемчетти көздөй акырындык менен кыйналып сойлой берди да, акыры өзүн баш-оту менен ыктыярдуу берген кожоюнунун аягына жыгылды. Жазасын күтүп, калтырап турду. Кол көтөрүлдү. Ал соккуну күтүп, бүрүшө түштү. Бирок кожоюн урган жок. Акырын уурданып өйдө карады. Боз Кемчет майды экиге бөлүп атыптыр. Ал ага май сунду! Ак Азуу ишенип-ишенбей акырын жыттады да, анан сугунуп ийди. Боз Кемчет ага эт бердирип, жеп болгончо башка иттерди жолотпой турду. Ыраазы болгон Ак Азуу кожоюндун аяк алдында алоолонгон отту карап үргүлөп жатты. Эртең менен түнт токойдо эмес, өзүн өзү баш-оту менен берип, эркине баш ийген киши-кудайлардын конушунда ойгонорун билип жыргап турду.

# Бешинчи бап

# КЕЛИШИМ

Декабрдын орто ченинде Боз Кемчет Маккензи дарыясы менен жогору жөнөдү. Мит-Са менен Клу-Куч да аны менен кошо чыгышты. Боз Кемчеттин чанасын бирөөлөрдөн сурап же сатып алган иттер тартып баратты. Чаканыраак келген экинчи чанага жаш иттер чегилип, аны Мит-Са айдап баратты. Чана оюнчукка окшоп турганы менен Мит-Са эркектин ишин кылып жатканына жерге батпай сүйүндү. Ал иттерди башкарганды үйрөнүп жатты, бирок андай деген менен тиги күчүктөр да чанага жаңы чегилип жаткан болчу. Чана да бош бараткан жок, анда эки жүз фунтка жакын буюм-тайымдар менен азык-түлүк бар эле.

Ак Азуу чанага чегилген иттерди мурун көрүп жүргөндүктөн, биринчи жолу чанага чегишкенде каршылык кылган жок. Анын мойнуна мох толтурулган каргы тагышты да, аны эки кайыш тасма менен басмайылга байлашты. Басмайылдан кеткен узун жип менен чанага чегишти.

Чанага жети ит чегилди. Башкалары тогуз-он айлыктар болуп, бир гана Ак Азуу сегиз айлык болчу. Ар бир ит чанага өзүнчө жип менен чегилди. Жиптердин узундугу иттердин чоң-кичинелигине жараша ар түрдүү эле. Иттер чананын алдындагы шакекке чегилчү. Кайыңдын кабыгынан жасалган тамансыз чананын тумшугу карга сайылып калбасын деп жогору ийилген. Чана менен жүктүн оордугу тегиз түшкөндүктөн, мындай чана жумшак карга батып кетпейт.

Чананы бирдей тартсын үчүн иттер желпүүр сыяктуу чегилет да, биринин изин экинчиси баспайт.

Желпүүр түрүндө чегүүнүн дагы бир артыкчылыгы бар эле: жиптердин ар түрдүү узундукта болушу артта келаткан иттердин алдыңкыларды каап алышына жол берчү эмес. Мында жанаша келаткан ит менен гана кабышканга мүмкүн болчу, бирок анда тиги менен бетме-бет келип калат, анын үстүнө айдоочунун камчысы да ойной түшөт. Бирок мындан да чоң артыкчылык ушул: арткылар алдыңкыларды тиштеп алсак деп чананы жулунуп тарткан сайын тигилер ансайын тездеп, чана зымырап кете берет. Ошентип, арткылар алдыңкыларга эч качан жете албайт. Бирөө чуркаса болду, калгандары ага кошулат да, чананын жүрүшү ылдамдай берет. Адам баласы жаныбарларды ушундай айла-амал менен башкарат.

Мит-Са атасын тартып акылдуу болчу. Лип-Липтин Ак Азууга күн көргөзбөй жүргөнүн байкап жүрчү, бирок ал башка бирөөнүн ити болгондуктан, ээси жок жерде таш менен уруп тим болчу. Азыр болсо Лип-Лип Мит-Санын колунда болгондуктан, андан өч алыш үчүн эң узун жипке байлап койду. Ошентип, Лип-Лип башчы болуп калды. Бир караганда сый көрсөткөндөй сыяктанганы менен сый турмак балакет да жок болчу, анткени үйүр башы болуп жүргөн чаар баш Лип-Липти эми бардык иттер жектей турган болушту.

Лип-Лип эң узун жипке байлангандыктан, башка иттерге качып бараткандай туюлчу. Арткы буттары менен апсайган куйругу гана көрүнүп, алар тик турган жүндөй же арсайган азуулар сыяктуу коркунучтуу эмес болчу. Анын үстүнө качып бараткан итти көргөндө, башка иттер эрдемсий түшөт да, тигини сөзсүз кууп жеткиси келишет.

Чана ордунан жылары менен иттер Лип-Липти кууп жөнөштү жана бул куугун кечке чейин токтогон жок. Адегенде жаалы келген Лип-Лип артта кууп келаткандарга тиш салмак болуп жулунду, бирок жулунган сайын Мит-Санын бугу ичегисинен өрүлгөн отуз футтук камчысы башында ойноп, кайра кайтарып жатты. Лип-Лип бүт үйүр менен да алыша кетмек, бирок тиги камчы мындан да коркунучтуу болгондуктан, айла жок, жипти тартып, арттагы иттерден качууга мажбур болду.

Индеецтен амал качып кутулбайт. Башка иттердин Лип-Липке кастыгын күчөтүү үчүн Мит-Са тигилерди акыйтып каратып туруп ага эт берчү. Муну көргөн иттер жинди болуп кете жаздашчу. Эт жеп жаткан Лип-Липти тегерене чуркашып, бирок жакындай алышчу эмес, анткени Мит-Са камчысын кармап жанында турчу. Эт жок болуп калганда, иттерди ары кууп жиберип, тигиге тамак берип жаткандай түр көрсөтчү.

Ак Азуу ишке жан-дили менен киришти. Ал башка иттерге караганда кудайлардын эркине баш ийүү үчүн узагыраак жол басып, алардын эркине каршы чыгуунун пайдасыз экенин алардан жакшыраак билчү. Анын үстүнө бардык иттердин жектөөсүнөн улам алар маанисин жоготуп, барган сайын киши маанилүү боло баштады. Ага башка иттердин кереги деле жок болчу, Кичи болсо унутулуп баратты, бир гана бийлигин таанып, берилген кудайлар калып, ошолорду гана карап калды. Жан талашып иштеп, тартипке баш ийип, буйруктун баарын аткарчу. Чын ниети, жан-дили менен иштеди. Колго үйрөтүлгөн карышкырлар менен иттерге мүнөздүү болгон бул касиеттен Ак Азуу да кур эмес болчу.

Ак Азуунун башка иттер менен катышы бар болчу, бирок бул кастык менен жек көрүү гана эле. Алар менен эч качан ойночу эмес. Ал урушканды гана билчү, урушканда тигилердин катыгын колуна берип, Лип-Лип үйүр башы болуп жүргөндө көргөн кордуктарынын өчүн алчу. Азыр болсо Лип-Лип кардан секирген чананы узун жип менен жулуна сүйрөп алдыда бараткaнда гана үйүргө башчылык кылчу. Өргүүгө токтогондо ал Мит-Санын, Боз-Кемчеттин жана Клу-Кучтун жанынан кетчү эмес, анткени азыр бардык иттер ага тишин кайрап, эми ал баягы Ак Азуу көргөн азап-тозокторду көрүп жаткан.

Лип-Лип кеткенден кийин Ак Азуу үйүр башы болсо болмок, бирок ал бул үчүн өтө түнт болчу. Чанага чегилген башка иттерди каап, же таптакыр көзүнө илчү эмес. Тигилер бетме-бет келгенде бурулуп кетишчү жана эң баатыр ит да Ак Азуунун үлүш этин тартып алууга даай алчу эмес. Тескерисинче, алар тиги тартып албасын деп өз үлүшүн жеп жиберүүгө ашыгышчу. Ак Азуу мыйзамды мыкты өздөштүрдү: чабалды басып, күчтүүгө баш ий. Ал өз үлүшүн мүмкүн болушунча тез жеп жиберчү. Мындайда этин жеп бүтө элек иттин шору катчу. Сүрдүү ыркыроо, арсайган азуулардан улам этин алдырып ийип, Ак Азуу аны жеп бүткөнчө кайдыгер жылдыздарга карап улугандан башка аргасы калбай калчу.

Мезгил-мезгили менен тигил же бул ит ага каршы козголоң чыгарганы менен менен Ак Азуу аны дароо эле басып койчу. Өзүнүн үйүрдөгү өзгөчө абалын бекем сактап, көп учурда алыша кетчү. Бирок мындай уруштар көпкө созулчу эмес. Иттер аны менен теңтайлаша алышчу эмес. Атаандашы эс-учун жыйганча эле жарадар кылып салчу да, иттер уруш баштала электе эле канжалап калчу.

Ак Азуу да кудайлар сыяктуу эле шериктерин катуу кармачу. Эч кандай жеңилдик бербей, өзүн сыйлоону талап кылчу. Иттер өз ара кылбаганды кылышчу, мунун ага тиешеси жок болчу. Ак Азуу

өз абалынын кол тийбестигине, өзү үйүргө киргенде жол бошотуп турушуна жана анын үстөмдүгүн таанышына гана көз салчу. Бир ит эрдемсинип, азуусун көрсөтүп же түгү тик тура түшсө болду, Ак Азуу дароо ага атырылып, жазасын берчү

Ал катаал өкүмдар болчу, бийлиги да темирдей катуу эле. Чабалдарды аёо деген анда болчу эмес. Кенедей кезиндеги жапайы Түндүктүн катаал шарттарында энеси экөөнүн жашоо үчүн жанталашып күрөшкөндөрү таасирин тийгизбей койгон жок. Күчтүү душман кезиккенде, Ак Азуу момун болуп калчу. Алсызды басып, күчтүүнү сыйлачу. Боз Кемчет узак сапарда баратып, чоочун айылдарга токтогондо, Ак Азуу бейтааныш чоң иттердин арасында акырын, этият болуп жүрчү.

Бир нече ай өттү, бирок Боз Кемчеттин сапары али аяктаган жок. Узак жол менен жан талашкан эмгектен улам Ак Азуу баралына келип, акыл-эсинин өсүшү да, сыягы, жетер жерине жеткенсиди. Ал айлана-чөйрөнү таанып бүттү. Эми ал ага тике карап, эч кандай ой-кыялдарга алдырбай калды. Бул дүйнө катаал, таш боор экен, мында жылуулук, эркелик жана жакындык деген жок экен.

Ал Боз Кемчет менен деле ынак болуп кеткен жок. Туура, ал кудай болчу, бирок катаал кудай эле. Ак Азуу анын бийлигине жан-дили менен баш ийчү, бирок бул бийлик акыл артыкчылыгы менен кара күчкө негизделген бийлик болчу. Ак Азуунун табиятында бул бийлик жага турган да бир нерсе бар эле, болбосо ал жапайы Түндүктөн кайра келип, кудайларга берилгендигин көрсөтмөк эмес. Боз Кемчет жылуу сөз айтып, сылап-сыйпаса, балким, ошол теренде жаткан нерсеге жетмек, бирок ал мындай кылган жок. Мындай нерселер анын адатында жок болчу. Анын үстөмдүгү катаалдыкка негизделип, ал ушул катаалдыгы менен буйрук берчү, таяктын күчү менен башкарчу, уруп жазалачу жана эркелетпестен, урбай коюп сыйлачу.

Кишинин колу сылап-сыйпагандагы жыргалды Ак Азуу билчү да эмес. Анын үстүнө кишинин колун жактырчу да эмес, анткени шектүүдөй туюлчу. Туура, ал колдор кээде эт берчү, бирок андан да көбүрөөк урчу. Алардан алысыраак жүргөн оң болчу, анткени алар таш менен, таяк менен урчу, денеге тийсе аткып, чымчып, жүндү жулуп алчу. Чоочун айылдарга барганда балдардын колу да денени оорута аларын билди. Бир бала аз жерден көзүн оюп коё жаздады. Ушундан кийин Ак Азуу балдардан да коркуп калды. Аларга чыдай алчу эмес. Тигилер келип, шектүү колдорун сунганда эле акырын туруп кетип калчу.

Чоң-Кул-Көлдүн жээгиндеги бир айылда Боз Кемчеттин кудайларга кол салуу өтө оор күнөө деген баягы мыйзамы кайра тактал-

ды. Ошол айылга барганда, бардык айылдардагы ит аттуулардын салты боюнча Ак Азуу тамак издеп жөнөдү. Бир маалда багыштын тоңгон этин балталап жаткан баланы көрдү. Ак Азуу барып, эттин ыргып кеткен кесимдерин алып жей баштады. Бала балтасын таштап, килейген таякты колуна алды. Ак Азуу артка жалт берип, таяктан качканга араң үлгүрдү. Бала кууп жөнөдү, ал бейтааныш айылдын вигвамдарын аралап качып баратып, бир маалда жарга камалып калды.

Кача турган жер жок болчу. Туюктан чыга турган жалгыз жолду бала тосуп турду. Ал таягын көтөрүп, илгери кадам шилтеди. Ак Азуунун жаалы келди. Адилетсиздикке жаны кашайып, түгү тик туруп, балага аркырады. Ал мыйзамды жакшы билчү: жанагы багыштын тоңгон этинин кесимдери сыяктуу калган-каткан эттер таап алган иттики болот; ал жаман иш кылбаса да, эч кандай мыйзамды бузбаса да, бул бала аны урганы турат. Ак Азуу эмне болуп кеткенин өзү да жакшы билбей калды. Ал көзүнө эч нерсе көрүнбөй, көз ачып жумгуча жасагандыктан, тиги бала да эч нерсени аңдай албай калды. Капыстан эле бала чалкасынан кетти да, таяк кармаган колу Ак Азуунун араандай ачылган оозуна кире түштү.

Бирок Ак Азуу кудайлардын мыйзамын бузганын билди. Алардын биринин ыйык денесине тиш салган немени оор жаза күтүп турган. Ал баш калкалап Боз Кемчетке качып барып, анын аяк алдында бүрүшүп жатканда, жанагы өзү каап алган бала үй-бүлөсү менен ажылдап өч алабыз деп келип калышты. Бирок алардын колунан эч нерсе келген жок, Боз Кемчет аны коргоп калды. Мит-Са менен Клу-Куч да аны жактап чыгышты. Кишилердин кыйкырып урушканын угуп, колдорун жини келип шилтегилеп атканын байкап жаткан Ак Азуу өзүн актап жатышканын аңдай баштады. Ошентип, ал кудайлар да ар түрдүү боло турганын, алар өз кудайлар жана жат кудайлар болуп бөлүнөрүн, алардын айырмасы бар экенин билди. Өз кудайың адилеттүү болсо да, адилетсиз болсо да чыдашың керек. Бирок ал башка кудайлардын адилетсиздигин көтөрүүгө милдеттүү эмес, алардан тиштеп өч алууга акылуу. Бул да кудайлардын мыйзамы болчу.

Ошол эле күнү Ак Азуута бул мыйзам менен дагы жакшыраак таанышууга туура келди. Токойдон отун терип жүргөн Мит-Са балдардын тобуна кабылып калды, алардын ичинде баягы өзү каап алган бала да бар экен. Чатакташа кетишти да, балдардын баары Мит-Сага жабылды. Иш чатагына айланды. Аны туш-тараптан уруп жатышты. Ак Азуу адегенде жөн эле карап турду. Бул кудайлардын иши, ага тиешеси жок. Анан алар Мит-Саны, өзүнүн кудайларынын бирин сабап жатканын аңдай койду. Ал ойлонуп турбастан

тигилерди качырып кирди. Жаалданганынан топтун ичине кирип барганын сезбей калды. Беш мүнөт өтпөй балдардын баары качып жөнөштү, карда көбүнүн кандуу изи калып, Ак Азуунун тиштери убакытты текке кетирбегенин айтып турду. Мит-Са болгон окуяны айылга келип айтып бергенде, Боз Кемчет Ак Азууга эт бердирди. Болгондо да тойгончо бердирди. Курсагы тойгон Ак Азуу от боюна жата кетти да, мыйзамды туура түшүнгөнүнө ишенип үргүлөгөн боюнча уйкуга кетти.

Ушундан улам ал менчик мыйзамын жана кожоюндун менчигин коргоо керек экенин үйрөндү. Кудайдын денесин коргоодон анын менчигин коргоого чейин бир эле кадам болчу, ал бул кадамды жасады. Өзүнүн кудайына тиешелүү нерселердин баарын коргош керек болчу, мында ал турсун башка кудайлардан да тартынбаш керек. Кудай деген кудай, итке аны менен теңтайлашуу кайда, бирок баары бир Ак Азуу аларга каршы турууну үйрөндү. Парыз сезими коркууну жеңип, акырында ууру чалыш кудайлар Боз Кемчеттин менчигине тийбес болду.

Ал көп өтпөй эле ууру чалыш кудайлар коркок болорун, чуу чыкканда эле качып кетерин билип калды. Мындан тышкары, Боз Кемчет чуу чыгары менен жардамга жетип келерин да билди. Ууру андан эмес, Боз Кемчеттен коркуп качарын да аңдады. Ал үрүп ызы-чуу салчу эмес, үргөндү билчү да эмес. Ууруну туяры менен кол салып, ыңгайы келсе, тиш салчу. Түнттүгү менен жалгыздыгынан улам Ак Азуу абдан ишенимдүү кароолчу болуп чыкты жана Боз Кемчет да ага сый көрсөтүп, шыктандырчу. Натыйжада Ак Азуу мурдагыдан да каардуу болуп, түнт тартып кетти.

Айлар өткөн сайын ит менен кишинин ортосундагы келишим чыңдала берди. Бул келишимди байыркы замандарда жапайы Түндүктөн кишиге баш калкалап келген алгачкы карышкыр түзгөн эле. Өзүнөн мурунку бардык карышкырлар менен жапайы иттер сыяктуу эле Ак Азуу да бул келишимдин шарттарын өзү иштеп чыкты. Шарттар абдан жөнөкөй болчу. Кудайга сыйынуу үчүн эркиндиктен баш тартуу керек. Кудай Ак Азууга тамак менен оттун жылуулугун берип, коргоп, жанында алып жүрөт. Бул үчүн ал кудайдын мал-мүлкүн кайтарып, денесин коргойт, ага баш ийип, буйругун аткарат.

Эгер кудай бар болсо, ага кызмат кылуу керек. Ак Азуу кудайына милдетин сезип, бир жагынан коркуп кызмат кылчу, бирок аны сүйчү эмес. Ал сүйүү деген эмне экенин билчү да эмес, мындай сезимди эч качан туйган да эмес. Кичи болсо барган сайын унутулуп баратты. Анын үстүнө кишинин эркине баш ийип, жапайы Түндүктөн жана туугандарынан биротоло кол үзүү менен бирге ал

Кичи кездешкен күндө да анын ээрчип кетүүгө жол бербей турган келишимге биротоло көндү. Кишиге берилгендик ал үчүн мыйзам болуп калды жана бул мыйзам эркиндикти сүйүүдөн, тууугандык сезимден да күчтүү болчу.

## Алтынчы бап

# АЧАРЧЫЛЫК

Жаз чыгайын деп калганда, Боз Кемчеттин узак сапары аяктады. Апрель болчу, бир жашка чыгып калган Ак Азуу баягы эски журтка келгенде, Мит-Са аны чанадан чыгарды. Ал толук жетилбегени менен бир жашар иттердин ичинде Лип-Липтен кийинки эле чоң ит болчу. Бою менен күчү жагынан карышкыр атасы менен Кичини тартып, дээрлик чоң иттерге теңелип калды, бирок алардай чымыр боло элек. Денеси ичке, субагай келип, урушта күчү менен эмес, шамдагайлыгы менен алчу; жүнү карышкырдыкындай боз. Сыртынан караганда ал кадимки эле карышкырдын өзү болчу. Кебетесинде Кичиден өткөн иттин канынан эч нерсе жок болчу, бирок мүнөзүндө бар эле.

Ак Азуу айылды ток көңүл кыдырып, сапарга кете электеги таанышы кудайларды көрүп жүрдү. Өзү жокто туулуп, чоңоюп калган күчүктөрдү, мурункудай чоң, коркунучтуу болбой калган иттерди кездештирди. Ал тигилерден мурункудай коркуп-үркпөй, үйүр ичинде ээн-эркин жүрдү жана адегенде ушундан чоң ыракат алып жатты.

Мында баягы карыган Бэсик да бар экен, заманында ал азуусун көрсөтүп койсо, Ак Азуу кирерге жер таппай калчу. Мурун Бэсик аны кемсинтип, басмырлап келген болсо, эми ошол эле Бэсик Ак Азуунун көп өзгөрүү болгонун андоосуна жардам берди. Ал карып бараткан эле, ал эми Ак Азуу болсо жаш, эми күчкө толуп келаткан болчу.

Иттердин ортосундагы мамилелердин өзгөргөнү жаңы атып келишкен багышты союп жатышканда белгилүү болду. Ак Азууга бир топ эти бар чоң жото жилик туягы менен тийди. Талашып жаткан иттерден алысыраак жердеги токойго барып, олжосун жей баштады. Бир маалда эле Бэсик келип, ага атырылды. Ак Азуу тиги карыган немени эки жолу кандай каап алганын өзү да билбей калды. Анан четке ойт берди. Мындай чагылгандай чабуулду күтпөгөн

Бэсик селейе түшүп, Ак Азууну карап туруп калды, ал эми эттүү жаңы сөөк ортодо жатты.

Бэсик карып, баягы өзү коркутуп-үркүтчү күчүктөрдөн ыдык көрө баштаган маалы эле. Ал чыдаганга аргасыз болуп, тигилерге каршы бүтүн тажрыйбасын колдончу. Баягы баралына келип турган маалы болсо, бул жаш немени катыгын дароо колуна бермек, бирок ал азыр алдан тайып калгандыктан, тайсалдап турду. Түгү тик туруп, ыркырап Ак Азууну карап турду, тиги болсо мурунку коркуусу эске түшүп, кичинекей күчүктөй бүрүшө түштү да, ушунчасында көп уят болбой качып кетүүнү ойлонуштура баштады.

Ушул жерден Бэсик бир жаңылыштык кетирди. Ал каарын төгүп тура бергенде, баары ойдогудай болмок. Качканга даярданып калган, Ак Азуу этти ага таштап кетип калмак. Бирок Бэсик күтүп отургусу келген жок. Жеңиш меники болду го деген ой менен илгери кадам таштады да, сөөктү жыттады. Ак Азуу үрпөйө түштү. Бэсик үчүн азыр да кеч эмес болчу. Башын бийик көтөрүп, тигини бар сүрү менен карап тура бергенде, Ак Азуу туруштук бере албай кетип калмак. Бирок жаңы союлган эттин жыты таноосун кытыгылаган Бэсик кармана албай сөөккө тиш салды.

Ак Азуу буга чыдай алган жок. Чанага чегилген иттерге үстөмдүк кылып көнө түшкөн неме өзүнө тиешелүү этке башка ит тиш салып жатканын көргөндө жаны чыгып кетти. Ал Бэсикке адатынча дароо кол салды. Бир тиштегенде эле тиги карыган немени оң кулагы тилинип шалбырай түштү. Ал чабуулдун тездигинен эңгирей түштү. Ушундан кийин эле оңбой калды. Чалкасынан түшүп, мойну алжайып канап турду. Ак Азуу аны тургуза койбой эки жолу ийинине тиш салып жиберди. Чабуулдун тездиги чын эле таң каларлык болду. Ушуга удаа эле Бэсиктин мурду канжалай түштү да, тенселе түшүп чегинүүгө аргасыз болду.

Жагдай таптакыр өзгөрдү. Эми жото жиликтин жанында аркыраган Ак Азуу турду, ал эми тигиндейрээкте качууга камынып Бэсик турду. Ал чагылгандай кол салган жаш неме менен кармашууга даай албады. Жакындап келаткан карылыкты эстеп жүрөгү сыздап кетти. Беделин түшүрбөй кеткенге аракет кылды. Жаш ит менен анын алдындагы сөөккө кайдыгер артын сала бурулду да, каадасын бузбай кете берди. Ак Азуу көрбөй турган жерге барганда гана жата калып, жараатын жалай баштады.

Ушундан кийин Ак Азуу өзүнө биротоло ишенип, менменсинип калды. Чоң иттердин арасында ээн-эркин басып, алардан мурункудай тартынбай турган болду. Жок, ал уруш үчүн шылтоо издеген жок, болгону эл көзүнө көрүнгүсү келди. Өз укугун коргоп, башка иттердин алдында бужүрөп тургусу келген жок. Башкалар

аны менен эсептешиши керек, болгону ушу. Кошо чанага чегилген башка күчүктөрдөй кылып эми аны эч ким басынта алмак эмес. Ал байкуштар чоң иттерди көргөндө мурункудай эле жол бошотуп, алардан обочо болгонго аракет кылып, ал турсун кээде өзүнө берилген этин алдырып коюшчу. Ал эми дайыма жалгыз жүргөн, түнт, каардуу Ак Азууну чоң иттер тең ата катары кабыл алышты. Алар аны жайына коюш керек экенин тез эле түшүнүштү да, кастык да кылышкан жок, жакын болууга да аракет кылышпады. Ак Азуу да тийишпегендерге тийишкен жок жана бир нече жолу уруша кеткенден кийин алар ушундай болгону оң окшойт деп калышты.

Жай ортолоп калганда бир күтүлбөгөн окуя болду. Индеецтер менен багыш уулаганга кеткенде, айыл четине тигилип калган жаңы вигвамды карап келейин деп баягы бөрү желишине салып бараткан Ак Азуу Кичиге кез болду. Токтоп, карап калды. Ал элес-булас болсо да энесин билчү, бирок Кичи уулун унутуп калыптыр. Каардуу ыркырап, азуусун көрсөткөндө, Ак Азуу баарын эстеди. Бала кези, бул ыркыраш эмнени билдирери эсине келди. Баягы бала кездеги сезимдери кайра ойгонуп, бийлеп алды. Энесине эркелеп умтулду эле, тигинин тиши жаак сөөгүнө чейин бата түштү. Түшүнө албай туруп калды да, дендароо болуп артка кетенчиктеди.

Бирок бул Кичинин күнөөсү эмес эле. Эне карышкыр өз бөлтүрүгүн бирге чыкканда эле унутуп калат. Кичи да Ак Азууну унутуп калган эле. Ал үчүн Ак Азуу бейтааныш, чоочун бирөө болчу, анан калса азыркы күчүктөрүнөн улам да ушундай мамиле жасоого акылуу болчу.

Күчүктөрдүн бири жөрмөлөп Ак Азууга келди. Өздөрү билбеген менен булар энелеш бир туугандар эле. Ак Азуу кызыгып тигини жыттады эле, Кичи кайра атырылып келип мурдун канжалата каап алды. Ал ого бетер кетенчиктеди. Ойгоно калган баягы сезимдер менен элестер эми биротоло жок болду. Баласын жалап-жуктап, маал-маалы менен баш көтөрүп, ыркырап коюп жаткан Кичини карап турду. Эми ага Кичинин кереги жок эле. Ансыз жашоого үйрөнүп, анын эмне үчүн кымбат болгонун да унутуп калды. Анын дүйнөсүндө Кичиге орун жок калган сыяктуу эле, Ак Азууга да Кичинин дүйнөсүндө орун жок болчу.

Ал дендароо болуп тура берди, баягы эсине түшө калгандардын баары унутулду. Ушул маалда Кичи аны куумак болуп үчүнчү жолу качырып сала берди. Ак Азуу буга баш ийди. Кичи ургаачы болчу, салт боюнча ургаачы менен урушканга болбойт. Ал бул мыйзамды билчү эмес, ал турмуштук тажрыйбадан да келип чыккан эмес, муну ага сокур сезими, айга, түнкү жылдыздарга каратып улуткан,

өлүм менен белгисиздиктен коркууга аргасыз кылган сокур сезими шыбырап турду.

Айлар өтө берди. Ак Азуу күчкө толуп жетилди, мүнөзү болсо тукуму менен айлана-чөйрөсүнө жараша калыптанып баратты. Ал табиятынан ийкемдүү болуп, андан ар кандай нерселерди жасаганга мүмкүн эле. Чөйрөсү аны өзү каалагандай ийлеп, калыпка салып жатты. Эгер Ак Азуу кишилердин отуна келбесе, жапайы Түндүк аны чыныгы карышкыр кылып чыгармак. Бирок кудайлар ага башка чөйрөнү тартуулашты да, Ак Азуу ит болуп калды. Анда карышкырдын каны болгону менен ал баары бир карышкыр эмес, ит болчу.

Ошентип, табигый ийкемдүүлүгүнөн жана айлана-чөйрөнүн таасиринен улам ал биротоло калыптанды. Бул болбой койбой турган нерсе болчу. Ал барган сайын түнт тартып, каардуу болуп, жалгыздыкка биротоло көндү. Башка иттер аны менен касташкандан көрө тынч жашаган жакшы экенин түшүнүштү, Боз Кемчет болсо аны барган сайын көбүрөөк баалай баштады.

Ак Азуу чоңойсо да, бир адаттан кутула албай койду. Ал күлкүгө чыдай алчу эмес. Кишилердин күлкүсүн укканда жаны чыгып кетчү. Алар башка нерсеге күлгөндө, көңүл бурчу эмес. Бирок бирөө өзүн карап күлүп койсо болду, жинденип кетчү. Баягы токтоо, сабырдуу ит жок болуп, жөн эле кутуруп кете жаздачу. Мындайда туш болуп калган күчүктөрдүн шору кайначу. Баягы мыйзамды жакшы билгендиктен, Боз Кемчетке тие алчу эмес, анткени анын акылы менен таягы бар, ал эми күчүктөрдүн ачык талаадан башка эч нерсеси жок болчу. Аларды күлкүдөн улам жиндеп кеткен Ак Азуудан ушул ачык талаа сактап калар эле.

Ак Азуу үч жашка кеткенде, Маккензи дарыясынын жээгинде жашаган индеецтерге ачарчылык келди. Жайында балык түшпөй, кышында бугулар жер ооп кетишти. Багыштар сейрек кездешип, коёндор дээрлик жок калды. Жырткыч айбандар кырылды. Ачыккандыктан бирин-бири жей башташты. Күчтүүлөр гана аман калып жатты. Ак Азуунун кудайлары жалаң аңчылык менен күн көрүшчү. Алардын карыгандары менен чабалдары биринин артынан бири өлүп жатты. Айылды муңдуу ый басып турду. Аялдар менен балдар жарыбаган тамагын токойдон аң издеп жүрүп арыктап, жеттигип калган аңчыларга берип жатышты.

Ачарчылыктан кудайлар чийки кайыштан жасалган мокасиндери менен кол каптарын жеп жатышты, иттер болсо жан кайыштарды, ал турсун камчыларды жеп жиберишти. Иттер бирин бири жеп, кудайлар болсо иттерди жеп жатышты. Адегенде чабалдары менен начарларын жешти. Аман калган иттер муну көргөн соң,

өздөрүнүн күнү да ушундай болорун аңдашты. Эр жүрөктөрү менен акылдуулары кызыл кыргын болуп жаткан от боюн таштап, токойго качышты. Мында болсо аларды ачкалык өлүмү же ач карышкырлар күтүп турган.

Ушундай кыйын кезенде Ак Азуу да токойго качты. Ал башка иттерге караганда мындай жашоого жакшыраак ыңгайлашкан болчу, анткени кантсе да баягы бала кезинде өткөн мектеби бар эле. Ал өзгөчө кичинекей жаныбарларды жакшы кармачу. Сак тыйын чычкандын жерге түшүшүн күтүп, сааттар бою отурчу, анын сабырдуулугу ичин каарыган ачкалыктан кем калчу эмес. Ал эч качан ашыкчу эмес. Тыйын чычкан кайра даракка чыгып кетпесин деп коркпостон, дал ыңгайы келмейинче күтүп, аңдып тура берчү. Ошу келгенде гана буктурмасынан тиги кыймылы көзгө илешпеген тыйын чычканга чагылгандай тийип, илип кетчү.

Тыйын чычкандарга аңчылык көбүнчө ийгиликтүү болгону менен алар сейрек кездешчү, ошондуктан майда жаныбарларга аңчылык кылууга туура келчү. Ал кээде ушунчалык ачка болгондуктан, чычкандарды казып жечү. Өзүндөй эле ачка, бирок өзүнөн алда канча тажаал арыс чычкан менен алышуудан да кайра тартчу эмес.

Өтө өзөрүп ачка болгон кездерде Ак Азуу кудайлардын отун караан тутуп барчу, бирок өтө жакындачу эмес. Кудайларга кездешкенден качып, токойдо жүрчү, алардын койгон тузагына түшүп калган бирин-серин жаныбарларды уурдап жеп койчу. Ал турсун бир жолу Боз Кемчеттин койгон тузагына түшүп калган коёнду да жеп койду, ал эми Боз Кемчет ушул учурда ачкалыктан алы куруп, улам отуруп эс алып, токойдо темселеп келаткан эле.

Бир күнү Ак Азуу ачкалыктан өлөйүн деп калган жаш карышкырды кездештирди. Эгер мынчалык ачка болбогондо, тиги менен барып карышкырлардын үйүрүнө кошулуп кетмек. Азыр болсо тигини өлтүрүп, жеп коюудан башка арга калган жок.

Ак Азуунун багы бар экен. Абдан ачка болуп, өлөйүн деп калган учурларда дайыма бир нерсе кездешип калчу. Шайы өтө кетип, ырп этерге алы жок калган күндөрү да тагдыры колдоп, ири жырткычтарга кез болгон жок. Бир жолу бир сүлөөсүндү өлтүрүп, эки күн жеп тыңып калганда, ачка карышкырлардын үйүрүнө туш болду. Куугун абдан катуу болду, бирок Ак Азуу тигилерден тыңыраак болгондуктан, кутулуп кетти. Кутулуп эле тим болбостон, айланып келип шайы оош калган куугунчулардын бирине кол салды.

Көп өтпөй эле бул жерди таштап, баягы өзү туулган мекенине жөнөдү. Ийинине барса, Кичи бар экен. Ал да пейили качкан кудайларды таштап, тууй турган маалы келгенде, ушул үңкүргө кел-

ген экен. Ак Азуу келгенде анын бир эле бөлтүрүгү калып, ал да болбой калган экен. Мындай катуу ачарчылыкта кичинекейлердин аман калышы кыйын.

Кичи эр жетип калган уулун сүйүнүп тосуп алды деп айтууга болбойт. Бирок Ак Азуу буга кайгырган деле жок. Энесинин кереги жок болгондуктан, кайдыгер бурулду да, өзөн бойлоп жогору кетти. Сол айрыктагы баягы энеси экөө кармашкан сүлөөсүндүн ээн калган ийинин таап алды да, кечке чейин ошол жерде жатып эс алды.

Жай башталып, ачарчылык аяктайын деп калган маалда Ак Азуу Лип-Липти жолуктуруп калды. Ал да токойго качып келип, эптеп жан сактап жүргөн экен.

Экөө капыстан кездешти. Тик жээкти айланып өтүп келатышып, асканын жанынан бетме-бет чыгып калышты. Экөө тең коркуп кетип, ката түшүп, тиктешип калышты.

Ак Азуунун жагдайы жакшы болчу. Бул жумада жолу жакшы болуп, тамакты көп жеген. Ал турсун соңку олжосунан тойгон курсагы али бөксөрө элек болчу. Бирок Лип-Липти көрөрү менен түгү тик туруп, үрпөйө түштү. Бул өзүнөн өзү болуп, мындай каардануу чаар баш Лип-Лип менен жолуккан сайын көнүмүшкө айланган нерсе эле. Азыр да Ак Азуу оозун араандай ачып тигиге аркырады. Убакытты текке кетирбестен, баарын көз ачып жумганча жасады. Лип-Лип кетенчиктеди эле, Ак Азуу аны ай-буйга келтирбей жыкты да, чалкасынан салып, тарамыштуу арык мойнуна тишин матырды. Лип-Лип калтырап-титиреп өлүп баратты, Ак Азуу андан көзүн албай тегеренип карап турду. Анан кайра жолуна түштү да, бурулуштан көрүнбөй калды.

Ушундан көп өтпөй эле Ак Азуу токойдон чыгып, жалгыз аяк жол менен Маккензи дарыясына түштү. Ал мурун да бул жерге келип жүрчү, бирок анда бул жер ээн болчу. Азыр болсо айыл пайда болуп калыптыр. Ак Азуу токтоп, дарактардын далдаасында туруп алып карап жатты. Үндөр менен жыттар тааныш сыяктуу сезилди. Бул көчүп келген баягы эски айыл экен, бирок кандайдыр бир жаңы жыттар менен үндөр да бар эле. Улуган, ыйлаган үндөр угулбайт. Үндөр ток пейил чыгып жаткандай. Бир маалда бир аялдын ачууланган үнү угулганда гана, тигилердин курсактары ток экенин дароо туйду. Балык жыттанып кетти, демек, айылда тамак-аш бар экен. Ачарчылык бүтүптүр. Ал коркпой токойдон чыкты да, ээсинин вигвамына барды. Кожоюн жок экен, бирок Клу-Куч Ак Азууну сүйүнгөнүнөн кыйкырып тосуп алып, жаңы эле кармалган бир балыкты бүтүн берди. Ак Азуу жата кетти да, Боз Кемчетти күтө баштады.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ







# Биринчи бап

# ДУШМАН

Ак Азуунун табиятында өз туугандары менен жакындашуу мүмкүнчүлүгү бир аз болсо да, чана башы болгондон тартып ал да жок болду. Иттер аны жек көрүшчү; Мит-Са ага ашыкча эт бергени үчүн жек көрүшчү; чыныгы жана ойдон чыгарылган артыкчылыктары үчүн жек көрүшчү; алдыда чуркагандыгы үчүн, түктүү куйругу жана көзгө илешпей чуркап, жинин кайнаткан аяктары үчүн жек көрүшчү.

Ак Азуу да иттерди ошондой эле жек көрчү. Чана башы болуунун эч кандай ыракаты деле жок болчу. Өзү үч жыл бою баш көтөртпөй келген иттерден качкансып алардын алдында чуркаганга араң көндү. Бирок буга көнүш керек болчу, болбосо өлмөк, ал эми ташкындап турган күч-кубаты муну каалаган жок. Мит-Са тизгинди силкер замат чанадагы иттер ажылдап үргөн боюнча Ак Азуунун артынан кууп жөнөшчү.

Анын коргонууга чамасы жок болчу. Иттерге бурулары менен Мит-Санын узун камчысы тумшугуна ойной түшчү. Ак Азуунун алга жулунуп качкандан башка айласы жок эле. Куйрук жана арткы буттар менен артында ызылдап келаткан иттердин үйүрүнөн

коргонууга мүмкүн эмес болчу, мындай курал менен көптөгөн аёосуз азуулардын мизин кайтарууга болбойт эле. Ошентип, Ак Азуу секирген сайын табияты, сыймыгы кор болуп чуркачу, чуркаганда да керели кечке чуркачу.

Мындай кордук, зордук-зомбулук жазасыз калмак эмес. Эгер денедеги кылды кайра денеге сайылып өсүүгө мажбурласа, ал жан чыдатпай оорутат. Ак Азуу да ушундай болду. Артынан такымдап кууган иттердин катыгын колуна берсем дегенде эки көзү төрт болчу, бирок кудайларга каршы чыгууга болбойт, анын үстүнө алардын бийлигин тиги бугунун ичегисинен өрүлгөн отуз футтук узун камчы да бекемдеп турат. Ошентип, Ак Азуу мунун баарына чыдап, ичинде ит өлгөн жек көрүүсү менен каарын ичине катып жүрдү.

Өз кандаштарына кас чыккан кандайдыр бир тирүү жан болсо, ал Ак Азуу эле. Ал аёо дегенди билчү эмес, өзү да эч качан жан соогалап көргөн эмес. Денесинен жараат менен тырык кетчү эмес, иттер да өз кезегинде анын тиштеринин изинен арылчу эмес. Иттерди чанадан бошотору менен кудайларга барып баш калкалачу көптөгөн чана башы иттерден айырмаланып, Ак Азуу кудайларга барган жок. Ал коркпостон ары-бери басып, күндүзү азабы өткөн иттерден өчүн алчу. Алдыга чегиле электе азыркы шериктери адатта анын алдынан чыга алышчу эмес. Азыр болсо абал өзгөрдү. Эртеден кечке чейин созулган куугундан улам иттер аны бизден качып жүрдү деп ойлоп, шерденип калышты. Ал үйүргө кошулары менен уруш башталчу. Анын жүргөнү ыркыроо, алышуу жана ызычуу менен коштолуп турчу. Ал жуткан аба да жек көрүү менен каар жыттанып, бул ичиндеги каары менен жинин ого бетер күчөтчү.

Мит-Са токтогонго буйрук бергенде, Ак Азуу анын буйругун аткарчу. Адегенде иттер буга көнө албай башаламан түшүп, баары жек көргөн чана башыга асылышты. Бирок Ак Азууга камчысын ойноткон Мит-Са жардамга келди. Акырында иттер чана Мит-Санын буйругу менен токтосо, чана башыга тийишпей эле койгон оң экенин аңдашты. Эгер Ак Азуу өзү токтосо, анда асылса болот экен. Көп өтпөй эле ал да буйруксуз токтобой турган болду. Ал муну тез эле үйрөндү. Ал мындай нерселерди өздөштүрбөй коё алмак эмес, эгер антпесе, жашоо туш кылган мындай катаал чөйрөдө жашап кете алмак эмес.

Бирок иттер үчүн бул сабак деле болгон жок жана алар токтогон жерде аны тынч коюшкан жок. Күн сайын артынан ызы-чуу түшүп кууган иттер мурунку түндүн сабагын дароо эле унутуп калышчу жана ал сабак түнү кайталанган менен таң атканда анын изи да калчу эмес. Анын үстүнө алардын Ак Азууну жектешинин дагы бир себеби бар эле. Алар анын башка экенин туюшчу жана ушунун

өзү эле касташуу үчүн жетиштүү болчу. Алар да Ак Азуу сыяктуу эле колго үйрөтүлгөн карышкырлар болгону менен алар бир нече муундан кийинкилер болчу. Жапайы Түндүктүн көп нерселери жоголуп, булар үчүн ал белгисиздик, түбөлүк коркунуч жана душмандык өкүм сүргөн жер катары гана туюлчу. Ал эми Ак Азуунун кебетесинен, аракети менен жүргөн-турганынан жапайы Түндүктүн илеби келип, ал ошонун символундай туюлчу. Ошондуктан ага тишин кайроо менен иттер адамдын отун курчаган токой менен караңгылыктан башбагып турган коркунучтан сактанууга аракет кылышчу.

Бирок андай деген менен иттер бир сабакты — бирге жүрүү керек экенин жакшы өздөштүрүштү. Ак Азуу өтө коркунучтуу душман эле жана аны менен жекеме-жекеге чыгууга эч ким даай алчу эмес. Иттер ага үйүрү менен кол салышчу, болбосо ал тигилерди бир-бирден бир түндө кырып таштамак. Ушундан улам Ак Азуу тигилерди өлтүрө алган жок. Бирөөнү жыгар замат тигилер жапырт каптап, тигинин тамагын үзүп кеткенге жол берчү эмес. Бир нерсе болор менен эле баары ага жабылчу. Алар ич ара урушуп-талаша беришчү, бирок Ак Азуута келгенде мурунку чыр-чатактардын баары дароо унутулуп калчу.

Алар канча аракет кылганы менен Ак Азууну өлтүрө алышкан жок. Ак Азуу алар үчүн өтө ыкчам, каардуу жана акылдуу эле. Капканга түшө турган жерден качып, тигилер ороп келаткан жерден чыгып кетчү. Аны жыга ала турган бир да ит жок болчу. Ал өзү жашоо үчүн кандай тырмышса, аяктары да жерге ошондой тырмышып турчу. Ошондуктан, үйүр ичиндеги бул бүтпөгөн согушта аман калуу жана аякта туруу бирдей түшүнүктөр болчу жана муну Ак Азуудан жакшы эч ким билчү эмес.

Ошентип, ал өз кандаштарынын, кишилердин отуна келип, аларды калка тутуп, бошошуп калган карышкырлардын кыркылышкан душманы болуп чыкты. Жашоонун өзү ушуга алып келди. Ал ит аттуунун бардыгына өч болуп, ушунчалык аёосуз өч алгандыктан, каардуулук менен жапайылыкты эч кимден сурабаган Боз Кемчет да буга айран калып, мындай ит жок экенин айтып калчу. Башка айылдык индеецтер да Ак Азуудан өлүм тапкан иттерин эстешип, буга макул болушчу.

Ак Азуу бешке чыкканда, Боз Кемчет аны менен дагы узак сапарга чыкты. Аскалуу Тоолордон тартып Маккензи менен Поркупайндын жээгиндеги жана Юконго чейинки айылдар Ак Азуунун алышкан иттерди кантип өлтүргөнүн көпкө чейин унута албай жүрүштү. Ал өч алганга баш-оту менен кирип кетти. Чоочун иттер андан жамандык күтүшчү эмес жана мындай күтүүсүз кол сала

турган душман болорун билишчү да эмес. Анын чагылгандай бир тийип өлтүрө турган душман экенинен алардын кабары жок болчу. Чоочун айылдын иттери Ак Азууга менменсинип келгенде, ал жөрөлгөсүн жасабай туруп эле тигиге серпилген болот пружинадай бир тийип, тамактан алып кетчү да, тиги өзүнө келгенче эле өлтүрүп таштачу.

Ал уруштун чебери болуп чыкты. Эсеп менен, күчүн эч качан бошко кетирбей, ыкчам урушчу. Качырып тийип, жаза тийип калса, дароо артка кетчү. Бардык карышкырлар сыяктуу эле Ак Азуу да душманы менен узакка айкалышып алышкандан каччу. Ал буга чыдай алчу эмес. Бул коркунучтуудай туюлуп, мындайда кутуруп кетчү. Ал ээн-эркин болуп, бутунда бекем туруш керек болчу. Жапайы Түндүк Ак Азууну дагы эле кучагынан коё бербей, бийлеп турчу. Бала кезден өзү сыяктууларга кошулбай жалгыз өскөнү да анын эркиндикке умтулуусун күчөтсө керек. Жакындыктан кандайдыр бир коркунуч туюп турчу. Ал алдында капкан тургандай сезип, бул коркуудан эч кутула алчу эмес.

Чоочун иттер аны менен теңтайлаша алчу эмес. Ал тигилердин азуусунан оңой эле буйтап кетчү да, ишин бүтүргөн соң, бир тиш тийгизбей кетип калчу. Бирок дайым эле мындай боло берчү эмес. Бир нече ит жабылып, качканга үлгүрбөй калган учурлар да болчу, кээде бир эле иттен да ыдык көрүп калчу. Бирок мындай учурлар сейрек болчу. Ак Азуу уруштун чебери болгондуктан, бардык айкаштардан кылы кыйшайбай чыкчу.

Анын дагы бир артыкчылыгы бар эле: ал убакыт менен аралыкты жакшы билчү. Албетте, ал муну сокур сезими менен жасачу. Баары өзүнөн өзү болчу. Көзү мыкты көрүп, нервдер көргөндөрүн мээге тез жеткирчү. Башка иттердикинен мыкты денеси тез жана так кыймылдачу да, акылы менен кара күчү шайкеш келип турчу. Ак Азуунун көрүү нервдери кыймылдаган нерсенин элесин берери менен мээ өзү эле зарыл мейкиндик менен мезгилди аныктап койчу. Ошентип, ал секирген иттен же анын азууларынан буйтап туруп эле, көз ачып жумганча тигинин өзүнө кайра кол салууга жетишчү. Бирок бул үчүн аны мактай бергенде да болбойт, табият берчүсүн ага сарандык кылбай бериптир, болгону ушул.

Ак Азуу Юкон фортуна келгенде жай болуп калган эле. Боз Кемчет кыштын аягында Маккензи менен Юкондун ортосун кесип өтүп, жаз бою Аскалуу Тоолордун батыш этектеринде аңчылык кылып жүрдү. Поркупайн дарыясы муздан арылган соң кайык жасап алып, аны менен Юконго, уюл алкагынын жанына келди. Бул жерде «Гудзон булуңу» компаниясынын форту бар болчу. Фортто индеецтер көп болчу, азык-түлүк мол келип, кызуу кыймыл өкүм сүрүп

турган эле. 1898-жылдын жайы болчу, миңдеген алтын издөөчүлөр Юкон менен Доусонго жана Клондайкка кетип жатышкан. Алардын көпчүлүгү бир жылдан бери сапар тартып келатышканы менен дагы жүздөгөн миль бар болчу. Беш миң милден аз жол баскан киши жок эле, кээ бирлери болсо дүйнөнүн тиги четинен келаткан болчу.

Боз Кемчет фортко токтоду. Алтын оорусунун шыбышы ага да жетип, бир нече таңгак тери менен бир таңгак мээлей жана мокасин ала келген эле. Пайда жакшы түшөт деп кызыкпаса, Боз Кемчет мындай узак жолго чыкмак эмес. Бирок баары ал күткөндөн да алда канча жакшы болуп чыкты. Терилерден жүз процент пайда түшсө деп кыялданып келген болсо, бул жерде миң процент пайда түштү. Боз Кемчет чыныгы индеец катары ишин шашпай жайбаракат баштап, товарлар арзан кетип калбасын деп бул жерде кеч күзгө чейин калмай болду.

Ак Азуу ак адамдарды алгач так ушул Юкон фортунан көрдү. Өзү билген индеецтер менен салыштырганда, алар башкача адамдардай, бийлиги тигилердикинен да күчтүү кудайлардай туюлду. Мындай ишеним өзүнөн өзү пайда болду, ак кудайлардын кудурети күчтүү экенине ишенүү үчүн тырышып ойлонуунун деле зарылдыгы жок болчу. Ал муну жөн гана туйду, бирок ачык туйду. Бир кезде индеецтердин вигвамдары кишинин улуулугун далилдеп келсе, эми ал заңгыраган форт менен жоон устундардан курулган үйлөргө таң калып жүрдү. Мунун баары ак кудайлардын кудуретинен кабар берип турду. Алардын бийлиги Ак Азуунун мурунку кудайларынын, анын ичинде өз кудайы Боз Кемчеттин бийлигинен да күчтүү экен. Ал бул ак кудайлардын жанында бала кудай эле болуп калат экен.

Албетте, Ак Азуу булардын баарын туюп гана жүрдү. Ойлонгонго кудурети жеткен жок. Бирок жаныбарлар көбүнчө ушундай туюмдарга таянып иш кылат жана Ак Азуунун азыркы ар бир аракети ак кудайлардын кудуретине ишенгенинен кабар берчү болду. Адегенде алар абдан кооптуудай сезилип жүрдү. Булардан кандай коркунучту, кандай балакетти күтсө болору белгисиз болчу. Тигилерди абдан кызыгып караганы менен аларга туш болгондон коркчу. Адегенде бир нече саат бою алыстан көз салып турду да, алар иттерине эч кандай жамандык кылбаганын байкап, жакындай баштады.

Тигилер да Ак Азууга кызыга баштаршты. Анын бөрү чалыштыгы дароо көзгө урунуп, тигилер сөөмөйү менен аны бири-бирине көрсөтө башташты. Алардын бул кылыгы Ак Азууну кооптондуруп, жакындап келгендерине ыркырап, оолактай берчү. Ошентип, тигилердин бири да аны сылай алган жок жана сылай албагандары да жакшы болду.

Көп өтпөй эле Ак Азуу бул кудайлардын бир азы гана (он чактысы) ушул жерде жашай тургандыгын билди. Эки-үч күн сайын жээкке кеме (ак адамдардын кудурети күчтүүлүгүнүн дагы бир анык далили) келип токтоп, бир нече саат турчу. Кудайлар кеме менен келип, кайра кетишчү. Бул ак адамдар сансыз көптөй сезилчү. Алгачкы эки күнү эле Ак Азуу өмүр бою көргөн индеецтерден да көп киши көрдү. Алар күн сайын келип, фортто болгон соң, дарыя менен жогору кетишчү.

Ак кудайлардын кудурети күчтүү болгону менен иттери эч нерсеге жарачу эмес. Ээлери менен жээкке түшкөн иттер менен таанышкан соң, Ак Азуу буга тез эле ынанды. Алар ар түрдүү болчу. Кээ бирлеринин буттары быртыйып кыска болсо, башкаларыныкы тартайып өтө эле узун болчу. Жүндөрү өтө кыска келип, айрымдарыныкы такыр эле жок болчу. Бул иттердин бири да урушканды билчү эмес.

Өз туугандарын жининдей жек көргөн Ак Азуу алар менен урушууну милдети катары көрдү. Бир нече жолу алышкан соң, алардан жийиркенип калды. Алар олдоксон бир байкуштар болуп чыкты, Ак Азууну күчкө салып жеңмекчи болушканда, ал тигилерди айла-амал менен оңой эле жеңип койчу. Иттер ажылдап үрүп качырып сала беришчү. Ак Азуу дароо ойт берчү. Тигилер эмне болгонун түшүнө албай туруп калганда, Ак Азуу капталдан келип тийчү да, тамактан алчу.

Бул ыкма көп учурда оңунан чыкчу да, ал ит чоочун немени талап кетели деп күтүп турган индеец иттеринин тебелендисинде калчу. Ак Азуу акылдуу болчу. Иттерин өлтүргөндө, кудайлардын каары келерин мурунтан эле билчү. Ак кудайлар да ушундай болчу. Ошондуктан, душманын жыгып, тамактап салган соң, акырын четке чыга берип, калганын берки иттердин үйүрүнө койчу. Ак Адамдар жүгүрүп келип, үйүрдүн сазайын берип жатканда, ал суудан кургак чыгып кетчү. Адатта обочо жерге барып алып, туугандарын таштар, таяктар, балталар жана колго кирген башка нерселер менен уруп жатканын карап турчу. Ак Азуу абдан акылдуу эле.

Бирок анын туугандары да өздөрүнчө акылдуу боло башташты жана буга Ак Азуу да кошулду. Алар тамашанын баары кеме жээкке келип токтогондо башталарын билип алышты. Кемеден жаңы түшкөн иттердин эки-үчөө дароо таландыда калышчу. Кишилер калгандарын дароо кайра чакырышып, беркилерди жазалап киришчү. Бир жолу сеттерин (узун жүндүү итин) көз алдында талап өлтүрүшкөн бир киши револьверин алып чыгып, удаасы менен алты жолу атты эле, үйүрдөн алты ит тырайып өлүп калды. Кудурети күчтүү ак адамдардын мунусу Ак Азуунун эсинен чыкпай калды.

Ак Азуу мунун баарына баш-оту менен кирип, кандаштарын эч аяган жок жана мындай уруштардын баарынан аман-соо чыгып жүрдү. Адегенде ак адамдардын иттери менен эрмек үчүн урушуп жүрсө, кийин буга чындап киришти. Башка кыла турган иши жок эле. Боз Кемчет соода кылып, байып жатты. Ак Азуу болсо тентиген индеец иттеринин үйүрүнө кошулуп, кеменин келишин күтүп турчу. Кеме жээке келип токтоору менен тамаша башталчу. Ак Адамдар эстерине келгенче, үйүр ар кайсы жакка житип жоголуп, кийинки кеменин келишин күтүп калчу.

Бирок Ак Азууну үйүрдүн бир мүчөсү деп айтууга болбойт эле. Ал башкаларга аралашпай, өзүнчө ээн-эркин жүрчү, башка иттер андан бир аз коопгонуп да турчу. Туура, ал тигилер менен чогуу аракет кылчу. Чоочун ит менен урушту баштап, аны жыгып берчү. Иттер жабылып, тигини жайлап жатышканда, Ак Азуу үйүрдү каарданган кудайлардын жазалоосуна таштап акырын кетип калчу.

Уруш чыгаруу оңой эле болчу. Ак Азуу пристанга келери менен эле чоочун иттер ага жабылчу. Алар сокур сезимдерине баш ийишчү. Иттер Ак Азууну көрөрү менен өздөрү таштап кеткен жапайы Түндүктү, кишилердин жаккан отун тегеректеген белгисиз, түбөлүк коркунучту туюшчу. Жапайы Түндүктөн коркуу иттердин муундан муунга өтүп келаткан коркунучу болчу. Жапайы Түндүк кылымдар бою аларды коркутуп, жүрөгүнүн үшүн алып келген, ал эми алардын ээлери ошол жактан келген жандуунун бардыгын өлтүрүүгө уруксат беришкен. Эми алар ошол укугунан пайдаланып, өздөрүн да, шерик кылып алган ээлерин да коргоп жатышат.

Ушундан улам Юкондун жээгине түштүктөн келип түшкөн иттердин баары Ак Азууну көрөрү менен баса калып, чайнап таштагысы келип турчу. Келгин иттердин арасында шаардыктар да бар эле, бирок жанагы коркуу аларда да сакталып калган экен. Таламандын тал түшүндө алдынан чыккан бөрү чалыш бул жаныбарга алар өздөрүнүн эле көзү менен эмес, ата-бабаларынын көзү менен да карап, мурунку муундардан мураска калган сокур сезимдери аларга алдында илгертен келаткан душманың карышкыр турат деп шыбырап турчу.

Ак Азуу ушунун баарынан жаны жыргап, ыракат алчу. Аны көрөрү урушка жулунган иттердин өзүнүн шору, ага эмне, жан деп алыша берет. Алар Ак Азууну табигый олжо катары көрүшсө, ал да тигилерди ошондой көрчү.

Ал бекеринен күн жарыгын алгач ээн үңкүрдөн көрүп, бала кезден ак кекилик, арс чычкан жана сүлөөсүндөй душмандар менен кармашпаса керек. Бекеринен бала кезинен Лип-Лип жана жаш иттердин үйүрү менен алышып жүргөн эмес. Жашоосу башкача

болгондо, ал өзү да башкача болмок. Айылда Лип-Лип болбогондо, башка күчүктөр менен аралашып, итке окшош болмок жана туугандарын аяп турмак. Боз Кемчет жумшагыраак, мээримдүүрөөк болгондо, кишиге жакын болмок. Бирок баары башкача болду. Катаал жашоодон улам түнт, каардуу жырткыч болуп, өз туугандарынын душманы болуп калды.

## Экинчи бап

## ЖИНДИ КУДАЙ

Юкон фортунда ак адамдар аз болчу. Алардын баары бул жерде көптөн бери жашап, өздөрүн «ачыган камыр» дешчү жана муну менен абдан сыймыктанышчу. Башка жактан келгендерди көзгө илишчү эмес. Кемеден түшкөндөр жаңылар деп эсептелип, аларды «чечако» деп коюшчу жана бул алардын өздөрүнө жакчу эмес. Алар камырга кургак ачытты салышчу жана ушунусу менен кургак ачыткысы жогунан ачытты камыр кошуп камыр жуурган эскилерден айырмаланышчу.

Бирок мунун баары майда-чүйдө нерселер болчу. Форттун тургундары келгиндерди көп жактырышпай, аларга бир нерсе болсо, табасы канып калышар эле. Ак Азуу менен иттердин үйүрүнүн чоочун иттерди талап кеткени аларга өзгөчө жакчу. Кеме келатканда эле форттун эски тургундары тамашадан кур калбайлы деп жээкке ашыгышчу. Алар муну индеецтердин иттеринен бешбетер күтүп, Ак Азуунун мында ойногон ролуна баа беришчү.

Бул тамаша алардын ичинен бир кишиге өзгөчө жакчу. Жакындап келаткан кеменин үнүн угары менен жээкке чуркачу, уруш бүтүп, иттер ар кайсы тарапка кеткенде кумары канбай нааразы болуп, пристандан араң кетчү. Түштүктөн келген назик ит жерде таландыда калып каңшылап өлүп бараткан учурларда ал киши сүйүнгөнүнөн секирип турар эле. Ак Азууну дайыма ичи күйүп карачу.

Аны форттогулар «Сулуу» деп коюшчу. Анын чыныгы атын эч ким билбегендиктен, элдин баары аны Сулуу Смит дешчү. Бирок ал сулуу эмес эле, балким, ушундан улам аны шылдың кылып ушундай атап коюшса керек. Анын түрү өтө эле суук болчу. Аны жаратып жатканда табият өтө эле сарандык кылып койгон экен. Өзү арык, бою кодо, башы сөлпү болчу. Жанагы «Сулуу» деген атка коно электе, тентуштары аны «Мык» деп коюшчу.

Кежигеси жапжалпак, маңдайы жапыс, бирок өтө жайык болчу. Бирок көзгө келгенде табият эмнегедир берешендик кылып чакчайган эки көз берип коюптур, бирок алардын арасы да өтө ачык болуп, ал жерде дагы эки көз жайгаша тургандай жер бар эле. Башка жерине караганда бети табактай болуп тургандыктан, табият бул бош орунду эптеп толтуруу үчүн оркойгон ээк бериптир. Ал өтө эле чоң болгондуктан, көкүрөгүнө тиейин деп турчу. Балким, мындай деле эместир, анткени анын мойну мындай жүк үчүн өтө эле ичке болчу.

Ушул ээгинен улам ал өтө катаал немедей туюлчу. Бирок буга да ишенгиң келчү эмес, балким, бул ээгинин өтө чоңдугунандыр. Кандай болгондо да Сулуу Смиттин табиятында эч кандай чечкиндүүлүк, катаалдык жок эле. Элдин баары аны коркок, байкуш бирөө катары билчү. Мунун баары аз келгенсип саргарып кеткен узун тиштери бар эле жана эки азуусу жука эриндеринен көрүнүп турчу. Көзгө келгенде табияттын боёгу түгөнүп калса керек, калган-катканы менен боёп салган экен, бүдөмүк сары сыяктуу бир нерсе болуп калыптыр. Шамал уйпалаган самандай болуп башы менен жаагынын ар кайсы жеринде үксөйүп турган суюк чачтары да ушул сыяктуу бирдеме болуп жаралып калса керек.

Кыскасын айтканда, Сулуу Смит ушундай бир түрү суук неме болчу. Бирок мында аны күнөөлөгөнгө да болбойт, анткени кудай ушундай кылып койсо, кубарыңдын акысы барбы. Ал форттогуларга тамак жасап, идиш-аяк жууп, кара жумуштун баарын кылчу. Форттогулар да аны көп жерибей, ал турсун турмуштан жолу болбой калган бир байкуш катары аяп коюшчу. Бир жагынан андан коркушчу. Мындай неме артыңдан келип атып коюшу же кофеңе уу салып коюшу мүмкүн. Анан калса ашкана кармаган бирөө керек эле, ал эми Сулуу Смит бардык кемчиликтерине карабастан бул ишти жакшы билчү.

Ак Азуунун чеберчилигине суктанып, меники болсо деп жүргөн киши ушундай неме болчу. Ал Ак Азуу менен ойногонго аракет кылды, бирок Ак Азуу ага көңүл бурбай койду. Бирок тигил болбой эле көжөлө берген соң үксүйүп ыркырады да, качып кетти. Бул киши ага эмнегедир жакчу эмес. Андан кандайдыр бир жамандыкты сезип, сунган колу менен шыбыраган үнүнөн коркчу.

Карапайым жаныбарлар жакшылык менен жамандыкты жөнөкөй эле аңдашат. Ооруну басып, эркиндик менен жыргалды алып келе турган нерселердин баары жакшылык болот. Ошондуктан жакшылык жагымдуу болот. Ал эми жамандык кыйынчылык, коркунуч, азап-тозок алып келет да, ушундан улам жагымсыз болот. Чириген саздан көтөрүлгөн тумандай болуп Сулуу Смиттин түрү суук

денеси менен жан дүйнөсүнөн жаман жыт келип турчу. Ак Азуу сокур сезими менен бул адамдын жаман экенин, жамандык кыла турганын туйчу.

Сулуу Смит Боз Кемчеттикине биринчи жолу келгенде Ак Азуу үйдө болчу. Ал тигинин келатканын алыстан эле эле туюп, үрпөйө түштү. Жаткан жери ыңгайлуу болсо да, тиги киши жакындаганда эле акырын ордунан туруп, чыныгы карышкыр сыяктуу шырп алдырбай кетип калды. Алар Боз Кемчет экөө эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн Ак Азуу түшүнгөн жок, ал тигилердин сүйлөшкөнүн гана көрдү. Сулуу Смит сүйлөшүп жатып Ак Азуу жакты көрсөттү. Тигинин колу өзүнөн элүү фут алыста эмес, аркасында сылайын деп тургандай ырылдап жиберди. Сулуу Смит каткырып күлүп жиберди, Ак Азуу болсо артта сүйлөшүп турган тигилерди кылчая карап, токойду көздөй салды.

Боз Кемчет итин сатпай койду. Ал азыр байып, колунда баары бар болчу. Анын үстүнө мындай чанага чеге турган, жол баштай турган мыкты итти Маккензиден да, Юкондон да таба албайсың. Урушканды да жакшы билет. Ал иттерди киши чиркейди өлтүргөндөй эле өлтүрүп коёт. (Муну укканда Сулуу Смиттин көзү жылтырай түшүп, жаланып жиберди). Жок, Ак Азуу эч кандай акчага сатылбайт.

Бирок Сулуу Смит индеецтерди жакшы билчү. Ал Боз Кемчеттикине тез-тез келип, келген сайын бирден бөтөлкө ала келчү болду. Вискинин бир күчтүү касиети бар, ал кишини суусатат. Боз Кемчет да эми көп суусай турган болду. Алкымы барган сайын ушул ачуу суюктукту көбүрөөк талап кылып, мурункудай өзүнө өзү ээлик кыла албай, ал үчүн баарына даяр болуп калчу болду. Терилерден, мээлейлер менен мокасиндерден түшкөн акча азая баштады. Акча салган капчыгы жукарган сайын Боз Кемчеттин тынчы кете баштады.

Акырында акча да, товар да, тынчтык да — баары жок болду. Бир гана баягы барган сайын күчөгөн чаңкоо калды. Так ушул маалда Сулуу Смит кайрадан Ак Азууну сат дей баштады, бирок бул жолу анын баасы доллар менен эмес, вискинин бөтөлкөсү менен өлчөнүп калды. Боз Кемчеттин кулагына да бул сөз жагып турду.

— Кармай алсаң, ит сеники. — Анын акыркы сөзү ушул болду.

Бөтөлкөлөр Боз Кемчетте калды. Сулуу Смит эки күндөн кийин келип:

— Итти кармап бер, — деди.

Ак Азуу бир күнү кечинде үйгө келип, жаны жай алып, вигвамдын жанына жата кетти. Кудай жалгап, жанагы ак адам жок экен. Ал кийинки күндөрү Ак Азуута такай тийише бергендиктен, үйдөн

кетип калган болчу. Бул адамдын колунда кандай коркунуч турганын билбегени менен кандайдыр бир жамандыкты сезип, андан оолак боло турайын деген.

Ак Азуу жатары менен Боз Кемчет темтеңдеп келди да, мойнунан кайыш кур менен байлады. Анан кайыш курду бир колу менен кармап жанына отура кетти. Экинчи колунда бөтөлкө бар экен, андан ичкен сайын кулкулдаганы угулуп турду.

Бир сааттай убакыт өткөн соң бир маалда бирөөнүн келатканы угулду. Ак Азуу муну биринчи туюп, ким келатканын билген соң түгү тик тура түштү. Боз Кемчет болсо үргүлөп отурган. Ак Азуу ээсинин колундагы кайыш курду акырын тартып көрдү эле, тигинин бош турган манжалары чыңала түшүп, Боз Кемчет ойгонуп кетти.

Сулуу Смит вигвамга келди да, Ак Азуунун жанына келгенде токтоду. Тиги болсо бул коркунучтуу немеге акырын ыркырап, колунан көзүн айырбай карап турду. Анын бир колу алга созулду да, анын башын көздөп төмөндөй баштады. Ак Азуу катуураак ыркырады. Кол төмөндөй берди, ал болсо жаалы келип, ыркыроодон деми кысылып, ого бетер жерге жабыша берди. Бир маалда анын тиши жылаңдыкына окшоп жарк эте түшүп, шак эткен үн угулду. Тигил колун тартып алганга үлгүрдү. Сулуу Смит коркуп кетти. Боз Кемчет баштан ары бир койду эле, Ак Азуу кайра жер менен жер болуп жатып калды.

Ак Азуу ар бир кыймылды байкап турду. Сулуу Смиттин ары басып барып, килейген таяк алып келгенин көрдү. Боз Кемчет ага кайыш курду карматты. Сулуу Смит алга басты. Кайыш кур кериле түштү. Ак Азуу козголбой жата берди. Боз Кемчет аны сабап жатып тургузду. Ак Азуу ага баш ийип ордунан турары менен өзүн алып кетмекчи болгон немени көздөй секирди. Тиги неме ушуну күтүп турган болсо керек, секирип баратканда эле жанагы таягы менен жыга чапты. Боз Кемчет күлүп, аны колдогондой башын ийкеди. Сулуу Смит кайыш курду дагы тартканда, жанагы соккудан эси оой түшкөн Ак Азуу араң турду.

Ал кайра секирген жок. Бир сокку жегенден кийин эле ак кудай тиги таякты бекер кармап турбаганын түшүндү. Ак Азуу акылдуу болгондуктан, кармашуунун пайдасыз экенин билди. Куйругун кыпчып, бирок дагы эле акырын ыркырап, Сулуу Смиттин артынан жөнөдү. Тигил болсо андан көзүн айырбай, таягын даяр кармап баратты.

Фортко келген соң Сулуу Смит аны бекем байлап таштады да, жатып уктап калды. Ак Азуу бир сааттай күтүп турду да, кайыш курду кырчып, он секундга жетпей эле эркин болуп калды. Ал чай-

нап убакытты текке кетирген жок, кайыш кур бычак менен кескендей кыя шылынган эле. Эки жагын каранып, түгү тик туруп ыркырады да, Боз Кемчеттин вигвамына карай салды. Бул чоочун, коркунучтуу кудайга баш ийүүгө милдеттүү эмес болчу. Ал өзүн Боз Кемчетке биротоло берген эле, андан башка киши ага ээлик кыла алмак эмес.

Бир аз гана айырмасы болбосо, баягынын баары кайра кайталанды. Боз Кемчет аны кайра байлап койду да, таң атары менен Сулуу Смиттин колуна салып берди. Ак Азуу айырманы ушунда түшүндү. Сулуу Смит катырып сабады. Бул жолу катуу байланган Ак Азуунун ары-бери туйлап, арылдагандан башка айласы калган жок. Сулуу Смит таяк менен да, камчы менен да сабап жатты, мындайды Ак Азуу дегеле көргөн эмес. Ал турсун, баягы Боз Кемчеттин сабаганы да буга салыштырганда баланын оюну болуп калды.

Сулуу Смиттин жаны жыргап турду. Өз курмандыгын тигиле карап, таяктын же камчынын соккусунан улам Ак Азуу каңшылап, аркыраган сайын көзү жылтырай түшүп жатты. Бардык коркок кишилердей эле Сулуу Смит да каардуу болчу. Башкалардын таягы менен сөгүүсүнөн башы көтөрүлбөгөн неме өчүн алсыздардан алчу. Бардык жандуулардай эле Сулуу Смит да бийлик кылгысы келчү, бирок өзү теңдүүлөргө анте албагандыктан, күчүн байкуш жаныбарлардан чыгарчу. Бирок бул үчүн аны да күнөөлөп болбойт. Кудай ушинтип ага ушул түрү суук дене менен кем акылды берип коюптур, эмне кылсын, анан жашоо да минтип өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып койбодубу.

Ак Азуу эмне үчүн сабап жатышканын билди. Боз Кемчет мойнунан кайыш кур менен байлап, анын учун Сулуу Смиттин колуна карматканда эле кудайы ушул киши менен жөнө деп жатканын түшүнгөн. Сулуу Смит фортко алып келип байлап койгондо, ушул жерде каласың деп буйруп жатканын да билген. Демек, ал эки кудайдын тең буйругун аткарбай, жазага кириптер болду. Жаңы ээсинен качкан иттерди азыркы өзүндөй кылып сабап жаткандарын мурун да көрүп жүргөн. Ак Азуу акылдуу болгону менен анын канында мындан да күчтүү нерселер бар эле. Алардын бири берилгендик болчу. Ак Азуу Боз Кемчетти сүйчү эмес, бирок анын эркине, каардуулугуна карабастан ага берилген бойдон калды. Өзү да буга каршы эч нерсе кыла алган жок. Табиятынан ушундай болчу. Берилгендик Ак Азуунун тукумуна табияттын берген белеги болчу, так ушул нерседен улам кишиге үйүр алган карышкыр менен жапайы ит анын жан шериги болуп калган.

Сабагандан кийин Сулуу Смит Ак Азууну фортко кайра сүйрөп барды. Бул жолу ал индеецтердин ыкмасына салып, таяк менен байлап салды. Бирок өз кудайынан баш тартуу оңой эмес, муну Ак Азуу да башынан өткөрдү. Боз Кемчет анын кудайы болчу, ошондуктан тиги каршы болсо деле болбой жабыша берди. Боз Кемчет чыккынчылык кылып аны сатып ийсе деле болбой койду. Бекеринен ага жан-дили менен берилген эмес эле. Аны ээсинен ажыратуу оңой эмес болчу.

Ошентип, түнү форт уктап жатканда, Ак Азуу байлап койгон таякты кемирип кирди. Таяк таштай катуу болуп, мойнуна жакын байлангандыктан, чымыркanып жатып тишин араң дегенде жеткирди. Өжөрлүгүнө салып бир нече саат кемирген соң акыры бошонду. Бул башка иттин колунан келмек эмес, бирок Ак Азуу муну жасады да, мойнунда калган таяктын учун салаңдатып, таң эртең менен форттон качып чыкты.

Ак Азуу акылдуу болчу. Бирок ал акылдуу эле болсо, эки жолу чыккынчылык кылган Боз Кемчетке кайра келмек эмес. Бирок ал ишенимдүү да болгондуктан, кайра үйүнө келди жана ээси үчүнчү жолу чыккынчылык кылды. Кайра эле баягыдай кайыш кур менен мойнунан байлап, Сулуу Смиттин колуна салып берди. Бул жолу мурункудан да катуу таяк жеди.

Боз Кемчет ак адамдын камчы менен сабап жатканын кайдыгер карап турду. Ал итти арачалаганга аракет да кылган жок. Бул эми анын ити эмес эле. Аягында Ак Азуунун араң эле жаны калды. Түштүктүн назик ити мындай катуу сабаганда өлүп калмак, бирок Ак Азуу буга туруштук берди. Ал жашоонун катаал мектебинен өткөн эле. Жашоого өтө жөндөмдүү келип, ага болбой тырмышып турду. Азыр ал араң эле дем алып турду. Бут серпкенге да алы жок эле. Сулуу Смит аны алып кете албай жарым сааттай күтүп турду. Анан Ак Азуу ордунан эптеп турду да, теңселип, Сулуу Смиттин артынан темтеңдеп фортко жөнөдү.

Бул жолу аны кемире албай турган чынжыр менен байлашты. Ал устунга кагылган темир казыкты жулганга канча аракет кылса да, пайда чыккан жок. Бир нече күндөн кийин таптакыр сызга отуруп калган Боз Кемчет акыры соолугуп, Поркупайн дарыясы менен Маккензини көздөй жөнөдү. Ак Азуу болсо Юкон фортундагы киши кейпин кийген айбандын менчиги болуп кала берди. Бирок ит жиндилик деген эмне экенин кайдан билмек эле. Ак Азуу үчүн Сулуу Смит кудай эле, коркунучтуу болсо да кудай болчу. Бул акылынан айныган жинди кудай болчу, бирок Ак Азуу жиндилик деген эмне экенин билчү эмес; ал бул кишиге баш ийиш керек экенин, эмне айтса, ошонун баарын аткарыш керек экенин гана билди.

## Үчүнчү бап

# ЖЕК КӨРҮҮ МЕКЕНИ

Жинди кудайдын колунда Ак Азуу азезилге айланды. Форттун четиндеги тосулган жерде чынжырга байлап алып, атайын кыжырына тийчү. Ал Ак Азуунун шылдыңдап күлгөнгө чыдай албай турганын байкап калды да, аягында каткырып сөөмөйүн кезеп каткырып күлчү болду. Мындайда Ак Азуу тим эле кутуруп кете жаздачу жана анын кутурганы Сулуу Смиттикинен да ашып түшчү.

Буга чейин Ак Азуу өз туугандарын гана жек көрчү. Азыр болсо тегерегиндегилердин баарына өчөгүшкөн душман болуп калды. Сулуу Смиттин шылдыңынан улам баарын жининдей жек көрө турган болду. Өзүн байлап турган чынжырды, кашаанын сыртынан карап турган кишилерди, алардын ээрчип келген иттерин жек көрчү. Ал турсун өзүн тосуп турган кашаанын тактайларын да жек көрдү. Бирок ал баарынан да Сулуу Смитти жек көрчү.

Сулуу Смит бекеринен минтип Ак Азуунун кыжырына тийчү эмес. Бир күнү кашаанын жанына бир топ киши чогулуп калды. Сулуу Смит колуна таяк кармап кашаанын ичине кирди да, аны чынжырдан бошотту. Кожоюн сыртка чыгары менен Ак Азуу кашаанын ичинде ары-бери атырыла чуркап, карап турган кишилерге жете албай жатты. Анын азыркы түрү укмуш эле. Узуну беш футтай, бийиктиги эки жарым футтай келип, салмагы токсон фунттай бар эле жана ар кандай карышкырдан алда канча чоң болчу. Москоол денеси энесин тартып, денесинде май деген жок эле. Табына келип тургандай денесинде бир да унций ашык салмак жок, жалаң гана булчун, сөөк, анан тарамыш бар эле.

Кашаанын эшиги кайра ачылды. Ак Азуу токтоп калды. Таң кала турган нерсе болду. Ал күтүп калды. Эшик дагы чоңураак ачылды. Капыстан эле килейген бир итти түртүп киргизип ийишти да, эшик дароо кайра жабылды. Ак Азуу мындай чоң итти (бул мастиф болчу) мурун көргөн эмес эле, бирок анын чоңдугу менен кутургандай түрү аны токтото алган жок. Бул жыгач да эмес, темир да эмес, кайнаган жинди чыгарса боло турган тирүү жан болчу. Азуусу жарк дей түшүп, мастифке секирди да, мойнунан жулуп кетти. Мастиф башын чулгуп алып, күркүрөгөн боюнча Ак Азууга атырылды. Бирок Ак Азуу ары-бери буйтап, тигини жакындата койбой, бирок ошол эле учурда тишин матыра коюп, кайра секирип кетип жатты.

Сырттагы кишилер кыйкырып-өкүрүп, кол чаап жатышты, Сулуу Смит болсо толкунданганынан калтырап, душманын жайлап

жаткан Ак Азуудан көзүн ала албай турду. Килейген оор мастиф адегенде эле алдырып коюп, акырында аны чала өлүк кылып сүйрөп кетишти, ал эми Ак Азууну Сулуу Смит таяк менен сабап жатып араң ажыратты. Анан жеңилгендер акчасын беришип, Сулуу Смиттин колуна акча түшүп калды.

Ушундан баштап Ак Азуу кашаанын сыртына качан эл чогулар экен деп күтчү болду. Мындайда уруш болчу, бул болсо эми ал үчүн жашоонун жападан жалгыз ыракаты болуп калды. Байлоодо жатып бук болуп, бир жагынан көргөн кордугунан улам кутура жаздап калган Ак Азуу ээси кашаага уруша турган итти киргизгенде гана жинин чыгара алчу. Сулуу Смит, сыягы, анын күчүн билчү, анткени ал мындай уруштардын баарынан жеңип чыкчу. Бир жолу үч итти биринин артынан бирин удаа киргизишти. Андан көп өтпөй эле жаңы кармалган карышкырды салышты. Үчүнчү жолу эки ит менен кармашты. Ушул уруш өтө катуу болуп, экөөнү тең акырында жайлаганы менен өзү да уруштан араң чыкты.

Күзүндө, алгачкы кар жаап, суунун бети каймактап калганда, Сулуу Смит Юкон менен Доусонго бара турган кемеден өзү менен бирге Ак Азууга да белет алды. Ак Азуу «жоокер карышкыр» деген ат менен элге белгилүү болуп калган эле, ошондуктан ал жаткан палубадагы темир тордун жанынан киши үзүлгөн жок. Ал ыркырап, тигилерге атырылчу же аларды мисирейип жек көрүп карап жатчу. Эмне үчүн ал буларды жек көрбөшү керек эле? Ал бул суроону ойлонгон да жок. Жек көрүүнү гана туюп, ага биротоло берилип кетти. Жашоо ал үчүн тозокко айланды. Адамдын колуна түшкөн бардык жапайы айбандардай эле ал да камакта отура алчу эмес. Бирок айла жок, жатат. Кишилер аны шылдыңдап карап, тордон таяк менен сайгылашчу, ыркыраса, каткырып шылдыңдашчу.

Өзүн курчаган бул адамдар андагы табият бербеген тажаалдыкты, ажаандыкты ойготушту. Бирок табият ага ыңгайлашуу жөндөмүн берген эле. Башка айбан өлүп тына турган же баш ийип көнө турган жерде Ак Азуу шартка ыңгайлашып, өжөрлүгүнөн танбай жашай берди. Сулуу Смит деген азезил, балким, акыр-аягында Ак Азууну көндүрөт беле, ким билсин, бирок азырынча анын бардык аракети текке кетип жатты.

Сулуу Смит азезил болсо, Ак Азуу да андан калышчу эмес, ошентип, эки азезилдин кырылышкан согушу бүтпөй келатты. Мурун ал таяк кармаган кишиге баш ийиш керек экенин түшүнчү, бирок азыр аны да унутуп калды. Ал Сулуу Смитти көргөндө эле кутуруп кетчү. Таяктын күчүнөн тордун бурчуна тыгылган Ак Азуу баары бир тынбай ыркырап, азуусун көрсөтө берчү. Аны токтотуш мүмкүн эмес болчу. Сулуу Смит канчалык урса да, баары бир баш

ийчү эмес. Ээси сабап бүтүп кетип баратканда да артынан аркыраганы угулчу, же болбосо ал тордун темир чыбыктарына асылып, жек көргөнүнө чыдабай улуп ийчү.

Кеме Доусонго жеткенде, Ак Азуу жээкке түштү. Мында да тордун ичинде, кызыгып караган кишилердин көз алдында жашай баштады. Сулуу Смит «жоокер карышкырын» көргөзмөгө коюп, элден алтын кум менен элүү центтен алып жатты. Тыным деген жок болду. Уктап кетсе, таяк менен сайгылап ойготушчу. Көрүүчүлөр төлөгөн акчаларынын үзүрүн толугу менен көргүсү келишчү. Оюн кызыктуураак болсун үчүн Ак Азууну ыркыратып, кутуртуп турушчу. Бирок баарынан жаманы ал жашаган чөйрө болду. Адамдар ага коркунучтуу жапайы жырткычтай карашып, алардын бул мамилеси темир тордун чыбыктары аркылуу өтүп турду. Алардын ар бир сөзүнөн, ар бир кыймылынан корккондору туюлуп турчу. Бул болсо отко май тамызгандай болуп Ак Азуунун жинин ого бетер күчөттү. Бул анын ийкемдүү табиятынын, анын айлана-чөйрөгө ыңгайлашып кете аларынын дагы бир далили болчу.

Ал көргөзмөдө эле жатпастан, адис жоокер да болуп чыкты. Уруштурарда аны тордон алып чыгышып, шаардан бир нече миль жердеги токойго алып барышчу. Жергиликтүү атчан полицияга туш болуп калбоо үчүн бул иш адатта түнү болор эле. Бир нече сааттан кийин таң жарып калган маалда көрүүчүлөр менен бирге уруша турган ит келчү. Ак Азуу ар кандай тукумдагы ар түрдүү иттер менен урушуп жатты. Бул жапайы өлкө болчу, адамдар да жапайы эле, ошондуктан ит уруш адатта иттердин биринин өлүмү менен аяктачу.

Ак Азуу урушканын уланта берди, урушка түшкөн иттер болсо өлө берди. Ал жеңилгенди билген жок. Кичинекей кезинен Лип-Лип менен, жаш иттердин бүтүндөй үйүрү менен урушуп көнгөндүн пайдасы тийди. Ал бутунда бекем турчу. Эч бир ит аны жыга алган жок. Байыркы ата-бабалары карышкырлардын каны бар иттердин жакшы көргөн бир ыкмасы бар эле: алар капталдан тийип, жыга койгонго аракет кылышчу. Тайгандар, лайкалар, овчаркалар жана ньюфаундленддер — бардык иттер ушул ыкманы колдонуп көрүштү, бирок эч пайда чыккан жок. Ак Азуунун жыгылган күнү болбоду. Элдин баары бири-бирине ушуну айтып, азыр жыгылат го деп кыпылдап үмүт кылышканы менен алар ойлогондой болгон жок.

Ак Азуунун чагылгандай ыкчамдыгы ишке жарап жүрдү. Анын атаандаштарынан артыкчылыгы ушунда эле. Ал турсун, алардын эң тажрыйбалуулары да мындай ыкчам итти көргөн эмес болчу. Анын үстүнө Ак Азуу күтүүсүз кол салчу. Адатта иттер урушардан мурун жөрөлгөсүн жасап, азуусун көрсөтөт, ыркырайт, жалын үрпөйтөт.

Ал эми Ак Азуу менен урушкан иттер уруш баштала электе эле, же өзүнө келгенче эле иши бүтүп калчу. Мындай учурлар өтө көп болгондуктан, атаандашы жөрөлгөсүн жасап, ал турсун кол салганча Ак Азууну кармап тура турган болушту.

Бирок Ак Азуунун эң чоң артыкчылыгы анын тажрыйбасында эле. Атаандаштарынын эч бири ал сыяктуу урушту мыкты билчү эмес. Ал баарынан көп урушуп, ар кандай чабуулдун мизин кайтара алчу, анын өз ыкмалары ар түрдүү келип, жеткире иштелип чыккан болчу.

Убакыт өткөн сайын уруш да сейрек боло турган болду. Ит урушту жакшы көргөндөр Ак Азууга татыктуу атаандаш табуудан үмүт үзүп калганда, Сулуу Смит айласы кетип аны карышкырларга салды. Индеецтер аларды атайын капканга түшүрүп алып келишчү жана Ак Азуунун карышкырга түшкөнүн көргөнү эл көп келчү. Бир жолу алар кайдан-жайдандыр бир чоң ургаачы сүлөөсүндү таап келип, бул жолу Ак Азуу өз өмүрү үчүн кармашты. Сүлөөсүн ыкчамдыгы жагынан да, тажаалдыгы жагынан да андан кем калышпай, тиштерин да, курч тырмактарын да колдонуп жатты, ал эми Ак Азуу тиши менен гана аракет кылды.

Сүлөөсүн менен урушкандан кийин уруш болбой калды. Ак Азуу менен теңтайлаша турган татыктуу атаандаш жок калды. Ошентип, ал жазга чейин тордо жатты. Жазында Доусонго Тим Кинен деген кумарчы бульдогу менен келип калды. Бул Клондайкка келген алгачкы бульдог эле. Ак Азуу бул ит менен урушпай калмак эмес жана уруш болордон бир жума мурун эле шаардыктардын сүйлөшкөнү ушул болуп калды.

## Төртүнчү бап

# ЖАБЫШКАН ӨЛҮМ

Сулуу Смит аны чынжырдан бошотту да, четке чыга берди.

Ак Азуу биринчи жолу урушка качырып кирген жок. Ал кулагын тикчийтип, маңдайындагы таң калардык айбанды кызыгып тиктеп тура берди. Мындай итти дегеле көргөн эмес экен. Тим Кинен бульдогду түртүп:

— Ал тигини, ал! — деди.

Былчыйган кодо ит тегеректин борборуна келип, көзүн ирмеп, Ак Азуунун маңдайына туруп калды.

Элдин ичинен кыйкырып жиберишти:

— Ал, Чероки, ал! Энесин тааныт! Ал ошону, ал!

Бирок Черокинин урушайын деген ою жоктой. Башын буруп, кыйкырып жаткан элди карап, мултуйган куйругун шыйпаңдатып койду. Ал Ак Азуудан корккон жок, жөн гана урушту баштагысы келбей турду. Анын үстүнө маңдайында турган ит менен урушуш керек экенине ишене албай жатты. Чероки мындай атаандашка көнгөн эмес эле, ошондуктан чыныгы атаандаштын келишин күтүп турду.

Тим Кинен келип, бульдогго эңилди да, жүнүн тетири сылап, акырын алга түртө баштады. Бул аракет Черокини козутушу керек эле, ал козутмак турсун кыжырын келтирип жиберди. Акырын ыркыраган үн угулду. Киши колунун кыймылы иттин ыркыраганына дал келип жатты. Кол Черокини илгери түрткөн сайын ыркырай түшүп, басылып, кол тиери менен кайра ыркырап жатты. Черокинин жүнүн тескери сылаган кыймыл кичине түрткү менен аяктап, анын тамагынан да ошол түрткү менен бирге ыркыраган үн чыгып турду.

Ак Азуу буга кайдыгер кала алган жок. Жалы менен арка жүнү үрпөйө түштү. Тим Кинен Черокини акыркы жолу түртүп жиберди да, четке чыга берди. Бульдог түрткүнүн күүсү менен бир нече кадам барды да, буттарын ийрейтип тегеректин борборуна туруп калды. Ушул маалда Ак Азуу ага атырылды. Карап тургандар суктанып кыйкырып калышты. Ак Азуу мышыктыкындай жеңил секирик менен ыргып барып атаандашына жетти да, бурдап алып, четке ойт берди.

Бульдогдун жоон мойнунда кулакка жакын жерден кан пайда болду. Чероки муну элес албай, ал турсун ыркырабастан бурулду да, Ак Азууну кууп жөнөдү. Ак Азуунун ыкчамдыгы менен Черокинин өжөрлүгү карап тургандардын бүйүрүн кызытып жиберди. Алар кайра мелдешип, байгени көбөйтүп жатышты. Ак Азуу кайра-кайра бульдогго секирип, бурдап алып, аман-соо ойт берип кетип жатты, таң каларлык атаандашы болсо эч нерсе болбогон немедей, шашылбастан, жайлап да калбастан артынан түшкөнүн токтоткон жок. Черокинин жүрүм-турумунан белгилүү бир максаты бар экени, андан эч нерсе алаксыта албай тургандыгы туюлуп турду.

Анын ар бир кыймылы, аракети ушул максат менен болуп жатты. Ак Азуу эч нерсеге түшүнбөй жатты. Мындай итти мурун көргөн эмес. Жүнү кыска келип, жумшак денесинин тиш тийген жеринен кан дароо көрүнө калып жатты. Башка иттердикиндей урушта тоскоол болчу катуу, калың жүн жок эле. Ак Азуунун тиштери бульдогдун жумшак денесине оңой эле батып кетип жатты, бирок тиги-

нин коргоноюн деген деле ою жок сыяктуу. Дагы бир таң калганы, эмнегедир бул башка иттердей болуп каңшылап жибербейт экен. Ыркыраганы эле болбосо бульдог анын тиштегендерин унчукпай көтөрүп, кууганын эч токтоткон жок.

Чероки да бир топ шамдагай экен. Ал алынын жетишинче ары-бери жүгүрүп, Ак Азууну кармаганга аракет кылды, бирок ал кармата койбоду. Чероки да дендароо болуп калды. Ал буга чейин мындай жанына жуута койбогон ит менен урушуп көргөн эмес эле. Буга чейинкилер алышканга аракет кылышчу. Бул ит болсо жанына жолото койбой, тияк-биякка секирип, кутулуп кетип жатпайбы. Ал турсун Черокини бурдап алат да, кайра дароо коё берип, четке ойт берет.

Ак Азуу болсо тигинин тамагына жете албай жатты. Бульдогдун бою жапыс болуп, салаңдаган ээги да тамагын жакшы коргоп турду. Ак Азуу улам качырып барып тиштеп кетип, тигинин тишин денесине жакындата койбой кайра ойт берип кетип турду. Черокинин денесиндеги жарааттары көбөйө баштады. Башы менен мойнунун чоло жери калбай, кан агып жатты, бирок ал кенебей койду. Ал мурункудай эле Ак Азууну чын дилинен кубалай берди жана бир жолу гана токтой калып, элди карап, уруша берем дегендей мултуйган куйругун шыйпаңдатымыш болду.

Ушул учурда Ак Азуу атырылып барып, Черокинин ансыз да шалбырап турган кулагынан бурдап өтүп, четке ойт берди. Жинденген Чероки кайрадан кууп, айланып чуркаган Ак Азууну туурадан качырып барып тамактамак болду. Ал бир аз жетпей калды, анткени Ак Азуу күтүлбөгөн жерден артка ойт берди, муну көргөн эл да дуулдай түштү.

Убакыт өтүп жатты. Ак Азуу Черокинин айланасында ары-бери секирип бийлеп, ыңгайы келе калганда каап алып, кайра ойт берип кетип жатты. Ал эми бульдог болсо ниети биротоло карарып кууганын токтоткон жок. Эртеби-кечпи, ал максатына жетип, Ак Азууну тамактайт да, уруш бүтөт. Азыр болсо тигинин тиштегендерине эптеп чыдаштан башка айла жок. Кыска кулактары шалбырап үзүлүп, мойну менен ийиндеринен тамтык калган жок, ал турсун эриндери да шалбырап канап турду. Мунун баары тиги Ак Азуунун чагылгандай чабуулдарынан болду, алардан качып кутулууга да, алдын алуута мүмкүн эмес эле.

Ак Азуу Черокини жыкканга көп жолу аракет кылды, бирок бойлорунун айырмасы чоң эле. Чероки кодо, жоон эле. Ушул жолу Ак Азуудан оомат качты. Черокинин жанында ары-бери секирип, ойнотуп турганда атаандашы дароо бурулганга үлгүрбөй калды да, башы ары бурулуп, ийини ачык калды. Ак Азуу тигини көздөй аты-

рылды, бирок өз ийини тигинин ийининен алда канча бийик болуп калып, токтоно албай, тигинин аркасынан аша аласалып кетти. Эл «жоокер карышкырдын» жыгылып калганын биринчи жолу көрдү. Ошондо да учуп баратып мышыктай болуп оңоло калды да, чалкасынан түшпөй калды. Капталынан түшкөн неме дароо ыргып турду, бирок ушул учурда Чероки тамактап калды.

Ал жакшы тиштей албай, көкүрөккө жакын жерден тиштеп калды, бирок коё бербей койду. Ак Азуу ары-бери туйлап, бульдогду ыргытканга аракет кылды. Бул сүйрөлгөн оордуктан кутуруп кете жаздады. Бульдог аны тушап, матап, капканга түшкөн сыяктуу эркиндиктен ажыратып турду. Сокур сезими буга жаалданып каршы чыкты. Өзүн өзү унутуп, жашоону гана самап турду. Денеси эркиндикти талап кылып жатты. Мээси, эс-акылы бул кармашка катышпай, жашоо, кыймыл эңсөөсүнө баш ийип турду. Ал баарынан да кыймылды самады, анткени кыймылдын өзү жашоо эмеспи.

Ак Азуу тынымсыз тегеренип, ары-бери секирип, мойнунда асылып турган элүү фунттук жүктөн кутулгусу келип жатты. Ал эми бульдог жаагын ачып жибербегенге гана аракет кылды. Анда-санда буту жерге тие калганда гана Ак Азууга каршылык көрсөтүмүш болгону болбосо, кутуруп кеткен атаандашынын ар бир кыймылына баш ийип, абада айланып учуп жүрдү. Чероки сокур сезимине баш ийди. Ал туура кылып жатканын, жаагын ачпаш керек экенин билип, кээде ушунусунан ыракат алып титиреп кетип жатты. Мындай мүнөттөрдө ал турсун көзү жумулуп, денесинин ооруганына да, Ак Азуунун оңго-солго айландырганына кайыл болуп жатты. Мунун баары маанилүү эмес болчу. Азыр кандай болсо да жаакты ачпаш керек эле жана ал ачкан жок.

Ак Азуу алы такыр куруганда гана туйлабай калды. Эч нерсе кыла албай, эмне болгонуна акылы жетпей турду. Өмүрүндө мындай болуп көргөн эмес эле. Мурун урушкан иттер мындай эмес болчу. Алар менен урушканда тиштеп, жулуп алып, кайра ойт берип кетиш керек болчу. Ал энтигип капталынан жатты. Чероки тиштеген жерин коё бербей, салмагын салып, чалкасынан түшүргөнгө аракет кылды. Ак Азуу ага каршылык көрсөтүп, бульдогдун жаагы терисин чайнагандай болуп улам жогорулап келатканын туюп турду. Мүнөт өткөн сайын тамакка жакындай берди. Бульдог тиштеген жерин коё бербей, ыңгайы келе калганда дагы көбүрөөк тиштегенге аракет кылды. Бул Ак Азуу тынч жатканда гана мүмкүн болчу, ал туйлай баштаганда эле бульдогдун жаагы карыша калып жатты.

Ак Азуу Черокинин жалына гана жете алат болчу. Ийинден жогорураак жерге тишин матырганы менен чайнай албады, ал бул ыкманы билчү эмес, анын үстүнө тиши да мындай кармашка

көнгөн эмес эле. Ал айласы куруп Черокини жулмалап жатып, абал өзгөргөнүн туйду. Чероки аны чалкасынан жыкты да, тиштеген жерин коё бербестен үстүнө туруп алды. Ак Азуу арткы буттарын бүктү да, душманын мышык сыяктуу тыта баштады. Черокинин курсагы жарылып кала жаздап, аркы капталга бир секирип, берки капталга бир секирип гана аман калып жатты.

Черокинин тишинен кутулуш мүмкүн болбой калды. Маңдайга жазылган тагдыр ушул окшобойбу. Жанагы тиштер улам жогорулап, тамыр бойлоп жылып келатты. Ак Азууну моюн терисинин калың бүктөмдөрү менен коюу жүнү гана сактап турду. Чероки оозу толо жүн болсо да кичине ыңгайы келе түшкөн сайын аптыгып көбүрөөк бурдап калганга аракет кылып жатты. Ак Азуу муунуп, барган сайын дем алышы кыйындап баратты.

Сыягы, кармаш аяктап баратты. Черокиге акча сайгандар кубанычы ичине батпай, бааны көтөрүп жиберишти. Ак Азуунун тарапкерлери ындыны өчүп, онго бирди, жыйырмага бирди сайгандан баш тартып жатышты. Бирок ойлонбой туруп элүүгө бирди койгон бир киши болду. Ал Сулуу Смит болчу. Ал тегеректин ичине кирди да, сөөмөйү менен Ак Азууну көрсөтүп шылдыңдап күлдү. Бул таасир берди. Ак Азуу жөн эле кутуруп кеткенсиди. Акыркы күчүн жыйнап, ордунан турду. Бирок мойнунда саландаган элүү фунттук жүгү менен ары-бери туйлап жүгүргөн сайын жанагы ачуусу коркуууга айланды. Кайрадан жашоону эңсеп, акыл-эсинен кетип, дененин гана буйругун аткарып калды. Ал тегерене чуркап, мүдүрүлүп жыгылып, кайра туруп туйлап, атаандашын ары-бери ыргытканы менен аракети текке кетип, жабышкан өлүмдөн кутула албай койду.

Акырында ал чалкасынан кетти да, бульдог эсине келтирбей аптыга бурдап, жогору жактан тиштеп калды. Карап тургандар дүркүрөтө кол чаап, «Чероки! Чероки!» деп кыйкырып жатышты. Бульдог мултуйган куйругун жан-алы калбай шыйпаңдатып жиберди. Бирок ал кол чабууга алаксыган жок. Куйругу менен килейген жаагы өз өзүнчө иштеп жатты. Куйрук ары-бери кыймылдап, жаактар болсо Ак Азуунун тамагын капшырып баратты.

Ушул маалда көрүүчүлөр эмнегедир удургуй түшүштү. Ары жактан ит айдоочулардын кыйкырганы, коңгуроолордун үнү угулду. Сулуу Смиттен башкасы полиция келип калды окшойт деп кооптоно түшүштү. Бирок көп өтпөй эле жолдон чана менен катар келаткан эки киши көрүндү. Алар шаардан эмес, шаарды көздөй келатышты, сыягы, кайсы бир чалгындоо экспедициясынан окшойт. Чогулган элди көрүп, иттерин токтотушту да, эмне болуп жатканын билгени келишти. Ит айдаган кишинин бою жапалдаш келип, муруту бар

экен. Бири болсо узун бойлуу жаш жигит экен, таза кырылган бети суукта тез жүргөндөн кызарып кетиптир.

Ак Азуу кармашканды дээрлик токтотту. Кез-кезде калтырап каршылык көрсөткөнү менен пайдасыз болуп калды. Бульдогдун аёосуз тиштери барган сайын катуураак кысып, аба жетпей баратты. Башында көкүрөккө жакын жерден тиштеп калбаганда, Чероки Ак Азуунун күрөө тамырын бая эле кесе чайнап таштамак. Чайнап, улам жылдырып отуруп тамакка жеткенче көп убакыт өттү, анын үстүнө оозу да Ак Азуунун калың жүндүү терисине толуп калган эле.

Ушул учурда Сулуу Смит айбандыгынан улам болгон кичине эсакылын да жоготуп койду. Ал Ак Азуунун көзү аңтарылып баратканын көрүп, жеңилгенин түшүндү. Кутуруп кеткен немедей Ак Азууга атырылып, аянбай тепкилей баштады. Эл наразы болуп кыйкырып, ышкырганы менен эч ким эч нерсе кылган жок. Сулуу Смит буга көңүл бурбай, Ак Азууну тепкилей берди. Бир маалда эл удургуй түштү. Жанагы узун бойлуу жигит тургандарды оңго-солго түртүп, алдыга өтүп келатты. Сулуу Смит тебейин деп оң бутун көтөрүп келатканда, тегерекке кирип келди да, тигини бет талаштыра коюп калды. Бир бутунда турган Сулуу Смит туруштук бере албай, учуп барып карга жатып калды.

Жигит чогулган элге карады.

— Коркоктор! — деп кыйкырды ал. — Айбандар!

Ал ачуусунан туттугуп турду, бул кадимки кишинин кадимки ачуусу эле. Бозомук көздөрү болот сыяктуу жалтылдап турду. Сулуу Смит ордунан туруп, жүрөгү түшүп тигинин жанына барды. Бейтааныш неме анын оюн билген жок. Анын ашкан коркок экенин билбестен, мушташканы келди го деп ойлоп, «Айбан!» деп кыйкырып туруп, экинчи жолу жаткыра сокту. Сулуу Смит карда жата бергеним оң окшойт деп ойлоп, кайра турууга аракет да кылган жок.

— Мэтт, кел, жардам берчи,— деди бейтааныш өзү менен кошо келген ит айдоочуга.

Экөө иттерге эңилип, Мэтт Чероки жаагын бир аз ачса эле Ак Азууну бошотуп алганга даяр турду. Жигит бульдогдун жаагын ачканга аракет кылып, бирок анысы текке кетип жатты. Ал аракет кылганын токтотпой, «Айбандар!» деп кайталай берди.

Чогулган эл күбүр-шыбыр болуп, кээ бирөөлөрү тиги тоскоол болгон немелерге наразы боло башташты. Бирок тиги бейтааныш неме башын көтөрүп карары менен тымтырс боло түштү.

— Айбандар! — деп кыйкырды тигил, анан кайра ишин улантты.

— Пайдасыз экен, мистер Скотт. Биз буларды ажырата алгыдай эмеспиз,— деди Мэтт акырында.

Алар өйдө болуп, тиштешкен иттерди карап калышты.

— Кан көп кетпептир, — деди Мэтт, — тамагына да жеткенге үлгүрбөптүр.

— Азыр жетет, — деп жооп берди Скотт. — Көрдүңбү? Жогорураактан тиштеп алды.

Жигит толкунданып, бир жагынан Ак Азууну өлүп калабы деп коркуп турду. Черокини башка бир нече жолу уруп жиберди. Бирок тиги баарын түшүндүм, бирок өз милдетимди аягына чейин аткарам, жаагымды ачпайм дегендей мултуйган куйругун шыйпаңдатып койду.

— Жардам бергилечи! — деп кыйкырды жаны кашайган Скотт чогулган элге.

Бирок бир да киши ордунан козголгон жок. Кайра шылдыңдашып, какшыктай башташты.

— Оозуна бирдеме тыгыңыз, — деп кеңеш берди Мэтт.

Скотт белинде салаңдап жүргөн тапанча кабынан револьверин алып чыгып, анын оозун бульдогдун карышкан жаактарынын ортосуна тыкканга аракет кылды. Күчүнүн жетишинче катуу түрткөндүктөн, болоттун Черокинин тиштерине тийип чыйкылдаганы угулуп турду. Ит айдоочу экөө чөгөлөп, иттерге эңилип туруштү. Бир маалда Тим Кинен келди да, Скотту далысына түртүп, коркуткандай үн менен:

— Тишин сындырба, конок, — деди.

— Тишин эмес, мойнун сындырам,— деп жооп берди Скотт револьвердин оозун Черокинин жаактарына тыгып жатып.

— Мен сага тишин сындырба деп жатам, — деп өкүмүрөөк кайталады Тим Кинен.

Бирок анын Скотту коркутайын дегенинен пайда чыккан жок. Револьверди тыгып жаткан Скотт башын көтөрүп карады да, жайбаракат сурады:

— Сиздин итиңизби?

Кумарпоз бирдеме деп жооп бергендей болду.

— Анда жаагын ачыңыз.

— Токто,— деди жини келген Тим, — бул сен ойлогондой оңой иш эмес. Мен да эмне кылышты билбейм.

— Андай болсо, ары барыңыз, — деген жооп болду. — Жолтоо болбоңуз. Менин колум бош эмес.

Тим Кинен кеткен жок, бирок Скотт ага көңүл бурбады. Бульдогдун тиштеринин арасына револьвердин сайын эптеп тыгып, ары жагынан чыгарганга аракет кылып жатты. Чыгарган соң этияттык менен бульдогдун жаагын ажыратып, Мэтт болсо анын оозунан Ак Азуунун терисинин бүктөмдөрүн эптеп чыгара баштады.

— Итиңизди кармаңыз! — деп буйрук берди Скотт Тимге.

Черокинин ээси унчукпай баш ийип, бульдогду кучактады.

— Кана! — деди деп кыйкырды Скотт болушунча чымырканып.

Иттерди эки жакка ажыратышты. Бульдог жан талашып каршылык көрсөтүп жатты.

— Муну ары алып кетиңиз, — деп Скотт буйрук берди эле, Тим Кинен Черокини элдин арасына алып кирип кетти.

Ак Азуу турайын деп бир-эки жолу аракет кылды, бирок тура албай, аяктары бүгүлө түшүп, карга кайра жатып калды. Чала жумулган көзү тунарып, алдыңкы жаагы шалпая түшүп, тили саландап чыгып калды. Өлөрчө муунуп калганы көрүнүп турду. Мэтт карап көрдү.

— Бир аз жаны бар экен, — деди ал, — дем алып атат.

Сулуу Смит ордунан турду да, Ак Азууну көргөнү келди.

— Мэтт, чанага чеге турган жакшы ит канча турат? — деп сурады Скотт.

Ак Азуунун жанында чөгөлөп турган ит айдоочу бир аз ойлонуп туруп:

— Үч жүз доллар, — деп жооп берди.

— Ал эми мындай чала жанчы? — деп сурады Скотт Ак Азууну буту менен түртүп.

— Ошонун жарымы, — деп жооп берди ит айдоочу.

Скотт Сулуу Смитке бурулду.

— Уктуңбу, айбан мырза? Мен сага жүз элүү доллар берем да, итти сатып алам.

Ал намыянын алды да, акчасын санай баштады. Сулуу Смит колун артына алып, берген акчаны алган жок.

— Сатпайм, — деди ал.

— Жок, сатасың, — деди Скотт, — анткени мен сатып алып атам. Ал акчаны. Ит меники.

Сулуу Смит колун аркасына алган бойдон кетенчиктеди. Скотт ага умтулуп, муштумун көтөрдү.

Сулуу Смиттин башы ийинине кире түштү.

— Ит меники... — дей баштады ал.

— Сенин бул итте эч кандай акың жок. — Скотт анын сөзүн бүтүргөн жок. — Акчаны аласыңбы же дагы бир жолу урайынбы?

— Болуптур, болуптур, — деп жиберди Сулуу Смит коркконунан. — Бирок сиз мени мажбурлап жатасыз. Бул итке баа жок. Мен өзүмдү карактаганга жол бербейм. Ар бир кишинин өз укугу бар да.

— Туура, — деди Скотт, акчаны берип жатып. — Ар бир кишинин өз укугу бар. Бирок сен киши эмессиң, айбансың.

— Доусонго эле жетейинчи,— деп коркутту Сулуу Смит, — мен сизге бир айла табам.

— Оозуңду ачсаң эле, мен сени Доусондон кууп жиберем. Түшүндүңбү?

Сулуу Смит бирдеме деп күбүрөдү.

— Түшүндүңбү? — деп кыйкырды ачуусу келген Скотт.

— Ооба, — деп бурк этти Сулуу Смит кетенчиктеп.

— Эмне?

— Ооба, сэр,— деп айкырды Сулуу Смит.

— Абайла! Каап албасын!— деп бирөө элдин арасынан кыйкырды эле, баары күлүп калышты.

Скотт бурулду да, Ак Азуу менен алек болуп аткан ит айдоочуну карай басты.

Чогулган эл тарап, айрымдары топ-топ болуп, Скотту карап коюшуп, өздөрүнчө сүйлөшүп турушту.

Тим Кинен топтордун бирине барып кошулду.

— Бул ким? — деп сурады ал.

— Уидон Скотт,— деп жооп берди бирөө.

— Уидон Скотт дегениң ким? — деп такыды тигил.

— Кендин инженери. Бул жердеги чоңдордун кишиси. Тынч жүрөйүн десең, мындан оолак бол. Кендин чоңу мунун досу болот.

— Мен аны дароо эле билдим,— деди Тим Кинен. — Жок, мындайларга тийишип болбойт.

## Бешинчи бап

## ЖАПАЙЫ

— Эч нерсе чыкпайт! — деди ындыны өчкөн Уидон Скотт.

Ал тепкичке отура кетти да, далысын үмүтсүз куушурган ит айдоочуну карады.

Экөө тең Ак Азууну тиктеп калышты. Тиги болсо жүнү тик туруп, аркырап, чынжыр болбосо, чанадан чыгарылган иттерди баса калгыдай болуп жулунуп жатты. Иттер да таяк менен коштолгон Мэттин акыл-насаатынан улам Ак Азууга тийишпей эле койгон оң окшойт деп калышты. Азыр алар тигиндейрээкте аны унутуп калган сыяктуу кайдыгер жатышат.

— Ооба, бул карышкыр экен, а карышкыр дегениң колго үйрөнбөйт,— деди Уидон Скотт.

— Ким билет, — деп каршы болду Мэтт. — Мүмкүн, мында карышкырдыкына караганда иттин каны көбүрөөктүр. Бирок мен төгүнгө чыгара албай турган бир нерсени билем.

Ит айдоочу унчукпай калды да, Багыш-Тоо жакты табышмактуу карап койду.

— Билгениң болсо, маалкатпай айт, — деп өктөм айтты Скотт. — Айт, эмнени билесиң?

Ит айдоочу Ак Азууну көрсөтүп, далысынын артын бармагы менен сайып койду.

— Карышкырбы, итпи — баары бир, бирок бул — колдо жүргөн неме.

— Койчу!

— Койбой эле. Бул чанага да чегилген. Жакыныраактан карап көрсөңүз, төшүндө тагы турат.

— Чын айтасың, Мэтт! Сулуу Смиттин колуна түшкөнчө, бул чанада жүрсө керек.

— Биз да муну чанага чексек болот.

— Чын эле! — деп жиберди Скотт.

Бирок кайра эле ындыны өчө түштү да, башын чайкап, мындай деди:

— Эки жумадан бери кармап турабыз, бул болсо ого бетер жапайы болуп баратат.

— Чынжырдан бошотуп көрбөйлүбү, — деп сунуш кылды Мэтт.

Скотт ага ишенбегендей карады.

— Ооба, — деп сөзүн улады Мэтт. — Аракет кылганыңызды билем, бирок дагы бир жолу аракет кылып көрбөйсүзбү. Бул жолу таяк алганды унутпаңыз.

— Анда сен аракет кылып көр.

Ит айдоочу таяк алып, байлоодо жаткан Ак Азууга барды. Тиги болсо камчыны караган циркте арстан сыяктуу таяктан көзүн албай турду.

— Карасаңыз, таяктан көзүн албай турат, — деди Мэтт. — Бул жакшы жөрөлгө. Демек, бул акылдуу ит. Таяк колдо турганда, каба албайт. Анан калса бул кутуруп кеткен ит эмес да.

Кишинин колу мойнуна жакындаганда, тигинин түгү тик туруп, ыркырап, жерге жата калды. Мэттин колунан көзүн албай, ал кармап турган шектүү таякты да байкап турду. Мэтт каргыдан чынжырды чыгарды да, дароо четке чыга берди.

Ак Азуу эркин болуп калганына ишене албай турду. Сулуу Смиттин колуна түшкөндөн бери көптөгөн айлар өттү, ушул мезгилдин ичинде иттер менен уруштурганда гана бошотушпаса, жалаң байлоодо жатпадыбы.

Ал эмне кыларын билбей турду. Балким, кудайлар дагы бир нерсе кылганы тургандыр? Ак Азуу качан кол салып ийишер экен дегендей абайлап бир нече кадам шилтеди. Бардыгы адаттан тыш болуп жаткандыктан, эмне кыларын да билбей калды. Эмне болсо да бул карап турган кудайлардан алысыраак болуп, кепенин артына өтүш керек. Эч нерсе болгон жок. Буга таң калган Ак Азуу кайра келип, кишилерге он футтай жетпей, сактанып туруп калды.

— Качып кетпейби? — деп сурады жаңы ээси.

Мэтт ийинин куушуруп койду.

Тобокелге салалы. Тобокел — эрдин жолдошу дейт.

— Байкуш,— деп кобурады Скотт тигини аягандай. — Буга баарынан да жылуу мамиле керек,— деп кошумчалады да, кепеге кирип кетти. Ал жактан бир кесим эт алып чыкты да, Ак Азууга ыргытты. Тиги болсо четке ойт берип, этти шектенгендей карап калды.

— Майор, кет! — деп кыйкырды Мэтт, бирок кеч болуп калган эле.

Майор этке жетип, тиштээр замат, Ак Азуу атырылып барып, жыга койду. Мэтт чуркап жеткенче, Ак Азуу тигини жайлап таштады. Майор эптеп өйдө болду, бирок тамагынан аккан кан кыпкызыл болуп карга жайыла берди.

— Жаман болду, бирок тиги өзү айыптуу, — деп жиберди Скотт.

Бирок Мэтт бутун көтөрүп, Ак Азууну тепмек болду. Секириктин артынан тиштердин шак эткени, анан кыйкырык угулду. Кутургандай аркыраган Ак Азуу артка кетенчиктеп, Мэтт болсо эңкейип, тиги каап алган бутун карай баштады.

— Каап албадыбы,— деди ал, айрылган шымы менен дамбалынан көрүнүп турган канталаган кызыл такты көргөзүп.

— Мен айтпадымбы, мындан эч нерсе чыкпайт, — деди ындыны өчкөн Скотт. — Бул ит тууралуу көп ойлондум, эмнегедир эсимден кетпей койду. Эмне кылмак элек, башка айла жок.

Ал ушуну айтып, кош көңүл револьверин алып чыкты да, огу бар болду бекен деп карай баштады.

— Мистер Скотт, — деп жиберди Мэтт, — бул ит эмнени гана көргөн жок! Мунун дароо эле периштеге айланып кетиши кыйын. Бир аз күтө туралы.

— Майорду караңызчы, — деп жооп берди Скотт.

Ит айдоочу жарадар болгон итти карады. Ал карда канына чыланып, өлөйүн деп жаткан эле.

— Буга чала болот. Өзүңүз да ушундай деп айтпадыңызбы, мистер Скотт. Бирөөнүн этине көз артып, ушундай болду. Ушундай болуш керек эле. Алдында турган этин башка бирөөгө алдырып ийген ит да итпи.

— А сен өзүнчү, Мэтт? Итти го ит деп коёлу, бирок бардык нерсенин чеги болуш керек да.

— Мага да чала болот,— деп моюн берген жок Мэтт. — Мен аны эмне үчүн тебишим керек эле? Ал туура кылды деп өзүңүз айтпадыңызбы. Чындыгында аны тепкенге менин акым жок болчу.

— Муну атып эле салганыбыз оң,— деп кежөлдү Скотт. — Бул баары бир колго үйрөнбөйт.

— Мистер Скотт, келиңиз, ушу байкушка бир мүмкүнчүлүк береличи. Бизге келгенче бул байкуштун эмнелерди көргөнүн, эмне болуп жүргөнүн ким билет. Байкап көрөлү. Эгер болбосо, мен муну өзүм эле атып салам.

— Кудай көрүп турбайбы, мен деле муну өлтүргүм келген жок,— деди Скотт, револьверин кабына салып жатып. — Бош да жүрүп көрсүнчү, эмне болор экен. Мына, азыр сынап көрөйүн.

— Таякты алып алыңыз,— деп эскертти Мэтт.

Скотт башын чайкады да, Ак Азуунун ишенимине киргиси келип сүйлөй берди.

Ак Азуу сактана түштү. Жагдай коркунучтуу эле, анткени бул кудайдын итин өлтүрүп, досун каап алды. Эми катуу жазаны күтпөгөндө, эмнени күтмөк эле. Бирок ал буга баш ийгиси келбей турду. Түгү типтик туруп, бүткөн бою чыңалып, азуусун көрсөтүп, эмне болот, эмне жок дегендей тиги кишиден көзүн албай турду. Скоттун колунда таяк жок болгондуктан, абдан жакын келишине жол берди. Кудайдын колу башына жакындады. Ак Азуу бүжүрөп, жерге жабышты. Коркунуч менен чыккынчылык ушул жерде болчу. Ал кудайлардын колун, андагы бийлик менен куулукту жакшы билчү. Анын үстүнө мурункудай эле денесине кол тийгенде чыдай албай кетчү. Ал мурункудан да каардуураак ыркырап, жерге ого бетер жабышты, бирок тиги кол дагы эле жакындап келе берди. Бул колду тиштегиси келбей, жакындап келаткан коркунучка чыдап турду, жашоону эңсеген сокур сезими менен күрөшүп жатты.

Уидон Скотт колумду тартып алганга үлгүрөм деген ойдо болчу. Бирок эми Ак Азуунун оролуп жаткан жыландын тездиги жана таамайлыгы менен каап аларына күбө болду.

Скотт мындайды күтпөгөндүктөн, кыйкырып жиберди да, каптырган оң колун сол колу менен кармады. Мэтт сөгүнүп-сагынып жетип келди. Ак Азуу артка кетенчиктеп, түгү тик туруп аркырап, коркутуп турду. Эми болду болбоду, баягы Сулуу Смит сабагандай кылып сабайт болуш керек.

— Эмне кылганы турасың? — деп Скотт капыстан кыйкырып жиберди. Мэтт кепеге чуркап кирип, мылтыкты алып чыгып калган экен.

— Эч нерсе, — деди тиги, жайбаракат сүйлөмүш болуп. — Берген убадамды аткарайын. Муну атам дебедимби, атып салайын.

— Жок, атпайсың.

— Жок, атам. Мына карап турунуз.

Бир аз мурун Ак Азууну ага каптырып алган Мэтт коргосо, эми кезек Уидон Скоттко келди.

— Сен өзүң сынап көрөлү дебедиңби жана, мына эми сына. Биз жаңы эле баштадык да, муну эми таштап койгондо болбойт. Анын үстүнө бул жолу айып менде болуп калды... Карачы тигини!

Кепенин бурчунан караган Ак Азуу жүрөк түшүрө аркырады, бул жолу ал Скоттко эмес, ит айдоочуну карап аркырады.

— Муну карасаң! — деп таң калды ит айдоочу.

— Карачы, кандай акылдуу, — деп ашыга сөзүн улады Скотт. — Бул мылтыкты экөөбүздөн кем билбейт. Мындай акылдуу итти таштап койгон болбойт. Мылтыкты коюп кой.

— Макул. Байкап көрөлү. — Мэтт мылтыкты жыйылган отунга жөлөп койду.

— Тигини караңыз! — деп кайра кыйкырып жиберди ал.

Ак Азуу тынч алып, ыркырабай калды.

Дагы бир жолу көрөлү. Карап турунуз.

Мэтт мылтыкты алары менен Ак Азуу кайрадан ыркырай баштады. Ары коюп койсо, жаагы дароо жап болду.

— Дагы бир тамаша кылып көрөлү.

Мэтт мылтыкты алды да, акырын ийинине жакындата баштады. Ак Азуу дароо ыркырап, мылтык көтөрүлгөн сайын анын ыркыраганы да күчөй баштады. Мэтт ага кезегенче эле тиги четке ойт берди да, кепенин артына бекинип калды. Азыр эле турган ит көздөн кайым болуп кетти.

Ит айдоочу мылтыкты акырын койду да, кожоюнун карады.

— Туура, мистер Скотт. Ит абдан акылдуу экен. Атканга кол баргыдай эмес.

# Алтынчы бап

# СҮЙҮҮ КУДАЙЫ

Ак Азуу жакындап келаткан Уидон Скотту көрүп, жазалоого жол бербей тургандыгын эскертип, түгүн тик тургузуп аркырады. Азыр танылып, көкүрөктө асылып турган тиги колду каап алгандан бери

бир суткадай убакыт өттү. Ак Азуу кудайлардын жазаны кийинкиге калтырбай турганын билчү, эми болсо өз айыбынын жазасын тартууга даяр болуп турду. Анан кандай болмок эле? Ал болгондо да ак кудайдын ыйык денесине тишин матырбадыбы. Өзүнүн кудайларга байланыштуу тажрыйбасынан улам кандай оор жаза күтүп тургандыгын билди.

Кудай андан бир нече кадам ары отурду. Ак Азуу мындан корккон жок, анткени адатта кудайлар туруп алып жазалашат. Анын үстүнө бул кудайдын таягы да, чыбыгы да, мылтыгы да жок эле. Анан калса Ак Азуу өзү да бош болчу. Байлаган жип да, таяк да жок эле. Бир нерсе болсо, тиги өйдө болгуча эле качып кетмек. Азыр болсо эмне болорун күтүп, карап тура берсе болот.

Кудай жайбаракат отурду, ордунан турганга да аракет кылган жок, ушундан улам Ак Азуунун аркыраганы бара-бара жай ыркыроого айланып, акыры ал да жок болду. Анан кудай сүйлөй баштаганда жалы кайра тик туруп, тамагынан баягы аркыраган үн кайра чыкты. Бирок тиги кудай калыбынан жазбастан отуруп алып жайбаракат сүйлөй берди. Ак Азуунун ыркыраганы тигинин үнү менен шайкеш келип, сөздөр менен ыркыроонун ыргагы дал келип калды. Бирок тигинин сөзү түгөнөр эмес. Ак Азуу менен мурун минтип эч ким сүйлөшкөн эмес. Анын жумшак, жубаткан сөздөрүнөн кандайдыр бир жылуулук сезилип, мунусу Ак Азууга жагып турду. Сокур сезиминин шыбырап эскертип жатканына карабастан, жаңы кудайына ишенгиси келип турду. Адамдар канча жолу көңүлүн калтырганы менен кайра эле баягы ишеним жаралып келатты.

Кудай бир топко чейин сүйлөп отурду да, кетип калды. Бир маалда ал кайра кепеден чыкты. Ак Азуу шектенип карады. Анын колунда чыбык да, таяк да, мылтык да жок эле. Бир нерсени бекиткидей соо колу да алдында турат. Ал баягыдай жакын келип отурду да, эт сунду. Кулагын тикчийткен Ак Азуу бир эле учурда этти да, кудайды да карап, бир нерсе болсо ойт бергенге даяр турду.

Жаза дагы кийинкиге калды окшойт. Кудай жөн гана эт сунуп турат, болгону ушу. Эт болсо эттей эле эт экен, шектүү деле эч нерсе жок. Бирок Ак Азуу дагы эле шектенип, Скоттун колу тумшугуна келип калганы менен этти албай турду. Кудайлар акылдуу болот, булардын оюнда эмне бар экенин, тигил эттин артында эмне турганын кайдан билесиң. Ак Азуу өз тажрыйбасынан, өзгөчө аялдардан улам эт менен жаза көп учурда тыгыз каражолтой байланышта болорун билчү.

Акырында кудай этти Ак Азуунун аяк алдындагы карга ыргытып койду. Тиги болсо кудайдан көзүн албай туруп этти жыттап көрдү. Эч нерсе болгон жок. Этти тиштеди да, сугунуп ийди. Дагы эле эч

нерсе болгон жок. Кудай дагы бир кесим эт сунду. Ак Азуу экинчи жолу да колдон албай койгон соң кудай этти дагы ыргытып берди. Бул бир нече жолу кайталанды. Бир маалда кудай этти ыргытпай, колдон ал дегендей туруп алды.

Эт даамдуу экен, Ак Азуу болсо ачка болчу. Өтө сактык менен жылып отуруп келди да, акыры этти колдон алмак болду. Кудайдан көзүн албай, кулагын куушуруп, жалы тик туруп, тигини эскерткендей ыркырап, мойнун созуп, этти алды. Этти жеп жиберди, дагы эч нерсе болгон жок. Ошентип отуруп эттин баарын жеди, дагы эле эч нерсе болгон жок. Демек, жаза дагы кийинкиге калды.

Ак Азуу жаланып-жуктанып, эми эмне болор экен деп күтүп калды. Кудай болсо сүйлөй берди. Анын үнүнөн эркелеткени сезилип турду, мындайды Ак Азуу билчү да эмес. Ушундан улам ал буга чейин болбогон сезимди туйду. Жаны бир башкача жыргап, эңсөөсү канып, ичиндеги аңгыраган боштук толуп келатты. Бир маалда баягы сокур сезими кайра ойгонуп, мурунку тажрыйбасын эскерте баштады. Кудайлар куу болот, алар өз максатына жетиш үчүн ар кандай айла-амалдарды колдонушат.

Мына, ойлогондой болуп чыкты! Баягы кытмыр кол жакындап, башына келатат. Бирок кудай сүйлөй берди. Үнү жумшак, жубаткандай чыгып жатты. Кол чочулатканы менен үнгө ишенсе боло тургандай. Үнгө ишенейин десе, кол кооптондуруп турат. Ак Азуунун жан дүйнөсүндө ушундай карама-каршы сезимдер менен туюмдар алышып жатты. Ушундай бири-бирине кас күчтөрдү тизгиндейм деп катуу аракет кылгандыктан, жыгылып калчудай сезилип турду.

Акыры өзү менен өзү тил табышты: ыркырап, кулагын куушурганы менен Скотту капкан жок, качып да кетпеди. Кол төмөндөп келатты. Ак Азуунун башына жетейин эле деп калды. Мына ал типтик турган жүнгө тийди. Ак Азуу жерге жабыша түштү. Кол артынан ээрчип, кайра тийди. Ак Азуу бүрүшүп, калтырап, өзүн араң кармап турду. Сокур сезимин зордоп жаткан ушул колдон кыйналып турду. Адамдын колунан келген жамандыктын баарын ал бир күндө унута алмак эмес. Бирок кудайдын эрки ушундай болгондуктан, өзүн баш ийдириш үчүн колунан келген аракетти жасап жатты.

Кол бир көтөрүлүп, бир түшүп, эркелетип, сылап жатты. Кол көтөрүлгөн сайын Ак Азуунун арка жүнү да тура калып жатты. Түшкөн сайын, кулагы куушурулуп, тамагынан ыркыраган үн чыгып турду. Ак Азуу ыркырап, бир нерсе болсо өч алам деп эскертип жатты. Ким билет, мунун чыныгы максаты качан билинерин. Ишеним туудурган жумшак үн качан каардуу кыйкырыкка айланып,

эркелетип жаткан жумшак манжалар качан кычкач болуп, ай-буйга келтирбей жазалап жибererин ким билет.

Бирок кудай дагы эле жумшак сүйлөп, колу Ак Азууга бир тийип, кайра көтөрүлүп жатты жана мындан эч кандай деле жамандык сезилген жок. Ак Азуу арсар болуп турду. Сокур сезими мындай мамилеге каршы чыгып жатты, анткени ал кысып, эркиндигине кайчы келип жатты. Бирок андай деген менен денени ооруткан да эч нерсе жок болчу. Тетирисинче, бул эмнегедир жагып турду. Кудайдын колу жылып отуруп кулагына жетти да, акырын кашый баштады, ушундан улам баягы жагымдуу сезим ого бетер күчөдү. Бирок Ак Азуу дагы эле коркуп турду; сактанып, жамандык күтүп, жанагы алышкан сезимдерге жараша бир туруп жаны жыргай түшүп, бир туруп азап тартып жатты.

— О, шайтан десе!

Жеңин түрүп алып, тепшидеги жугундуну эшикке төгөйүн деп кепеден чыга калып, Ак Азууну эркелетип турган Уидон Скотту көрө койгон Мэттин оозунан ушул сөз чыгып кетти.

Анын үнү чыгары менен Ак Азуу артка ойт берди да, кутургандай ыркырап жиберди.

Мэтт кожоюнун карап, жактырбагандай башын чайкады.

— Сиз мени кечирип коюнуз, мистер Скотт, бирок кудай урсун, сизде бери болгондо он жети жинди бар, ар бири өз билгенин кылат.

Уидон Скотт менменсине жылмайды да, келип, Ак Азууга эңкейди. Эркелете сүйлөп, колун акырын сунуп, кайра башынан сылай баштады. Ак Азуу буга чыдап, аны эмес, кепенин эшигинде турган Мэтти көзүн албай карап турду.

— Сиз абдан мыкты инженер болушунуз мүмкүн, — деп бакылдады ит айдоочу, — бирок сиз көп нерседен кур калыпсыз: бала кезиңизде циркке качып кетип калсаңыз болмок экен.

Ак Азуу Мэттин үнүн угуп ыркырады, бирок бул жолу мойнубашынан сылап жаткан колдон качкан жок.

Бул баягы мурункү жашоонун, жек көрүү заманынын аякташы болчу. Эми Ак Азуу үчүн жаңы, сонун жашоо бшталды. Мында Уидон Скоттун сабырдуулугу менен акылы керек болду. Ак Азуу болсо сокур сезимин жеңип, өз тажрыйбасына каршы туруп, жашоо үйрөткөн нерселердин баарынан баш тартууга тийиш эле.

Анын мурункү жашоосуна азыркылар сыйбай турду, анын үстүнө мурункулар жаңы нерселердин баарын четке кагып жатты. Кыскасын айтканда, айлана-чөйрөнү таанып-билиш үчүн жапайы Түндүктөн келип, Боз Кемчеттин бийлигине баш ийгендегиден да көбүрөөк чебердик керек болуп турду. Ал кезде Ак Азуу али калып-

тана элек, жашоо кандай калчаса, ошондой калыпка түшө турган кичинекей күчүк эле. Азыр болсо баары башкача. Мурунку жашоосу аны катуу ийлеп, эч кимди сүйбөгөн жана эч ким да сүйбөгөн каардуу, тажаал жоокер карышкырга айландырды. Эми өзгөрүш үчүн мурункулардын баарынан баш тартып, кайра жаралыш керек болчу жана мунун баары анын башына жаштыгы артта калып, баягыдай ийкемдүүлүгү жоголуп, жан-дени биротоло темирдей катып, сокур-сезими жүрүм-турум муктаждыктары менен эрежелерин биротоло калыптандырып койгон кезде келди.

Бирок андай деген менен Ак Азуу туш болгон жаңы чөйрө аны кайра ийлей баштады. Катаалдыгын жумшартып, башка бир жаңы калыпка салып кирди. Чынын айтканда, баары Уидон Скоттун колунда эле. Ал Ак Азуунун табиятынын түпкүрүнө чейин жетип, буга чейин уктап жаткан жана жарым-жартылай сенек болуп калган сезимдерин эркелетип ойготту. Булардын бири сүйүү эле. Ал мурунку кудайлар пайда кылган жакындык сезиминин ордун ээледи.

Бирок сүйүү дегениң да бир эле күндө келе койбойт. Ал жакындыктан туулат да, өтө жай өсөт. Ак Азууга жаңы кудайы жакчу, дайым бош болсо да, андан качкан жок. Анын колунда жашоону Сулуу Смиттин тору менен салыштырып болбойт эле. Анын үстүнө эми ал кудайсыз жашай албак эмес. Тээ баягыда жапайы Түндүктү таштап, Боз Кемчеттин аяк алдына тартар жазасын күтүп сойлоп келгенден баштап эле ал адамдардан көз каранды болуп калган. Ачарчылыктан кийин жапайы Түндүктөн экинчи жолу Боз Кемчеттин балык жыттанган айылына келгенде да ушул мөөр кеткис болуп экинчи ирет басылган.

Ошентип, кудайсыз жашай албагандыктан жана Уидон Скотт Сулуу Смитке караганда жакшы болгондуктан, Ак Азуу калып калды. Берилгендиктин белгиси катары кожоюндун мал-мүлкүн кайтара турган болду. Чанага чегилген иттер уктап жатканда, кепени тегерене басып кайтарып, Скоттун кеч келген коноктору кожоюн өзү чыкканча таяк менен коргонуп тура турган болушту. Ак Азуу көп өтпөй эле ууруларды тааный турган болду жана жүрүм-турумдун маанилүү экенин аңдады. Ал эшикке түз барган адамга тийчү эмес, бирок эшик ачылып, кожоюн аны тосуп алганча көзүн албай карап турчу. Бирок көзгө чалдыкпайын деп жашырынып келгендер Ак Азуудан көргүлүгүн көрүп, шерменде болуп качып кетчү.

Уидон Скотт Ак Азууну сыйлап, анын алдында күнөөкөр болгон адамдардын айыбын тартмак болду. Скотт үчүн бул абийир иши болчу. Ал адамдар Ак Азууга карыздар экенин, бул карызды төлөш керек экенин сезди, ошондуктан Ак Азууну мүмкүн болушунча

көбүрөөк эркелеткенге аракет кылды. Күн сайын бир топко эркелетип, сылап-сыйпай турган болду.

Ак Азуу адегенде мындан шектенип, жаман көргөнү менен барабара бул ага жага баштады. Бирок бир көнүмүш адатын — ыркыраганын таштай албай койду. Кол тиери менен ырылдай баштачу да, Скотт кетмейинче улана берчү. Бирок ырылдаганы да башкача боло баштады. Чоочун бирөө муну байкамак эмес, ал үчүн Ак Азуунун ыркыраганы кишинин жүрөгү түшө турган жапайылыктын көрүнүшү боло бермек. Баягы энеси менен үңкүрдө жашап жүргөн мезгилден тарта каарданып ыркырап жүрүп, тамагы биротоло кыркырап калгандыктан, өз сезимин башкача билдире алчу эмес. Бирок андай деген менен Скоттун сезимтал кулагы бул ыркыроонун башкача болуп баратканын жана итке эркелеткени жагып жатканын туйчу.

Убакыт өткөн сайын жакындыктан пайда болгон сүйүү арта берди. Ак Азуу өзү да муну билип-билбей туя баштады. Сүйүү дайыма толтурууну талап кылган боштук аркылуу сезиле турган болду. Сүйүү менен кошо оору жана тынчсыздануу келип, алар кудайдын колу тийгенде гана басылчу. Мындай учурларда сүйүү кубанычка, ээ-жаа бербеген кубанычка айланып, Ак Азууну бүтүндөй бийлеп алар эле. Бирок Кудай кете замат баягы оору менен тынчсыздануу кайра келип, ичи аңгырап, куса болуп чыкчу.

Ак Азуу өзүнө келе баштады. Жашы бир топко барып, жашоосу ийлеп туруп катаал калыпка салып койсо да, анын мүнөзүндө жаңы нерселер пайда болду. Адаттан тыш сезимдер менен туюмдар жаралып жатты. Ак Азуунун жүргөн-турганы да өзгөрдү. Мурун ал ыңгайсыздык менен ооруну жек көрүп, алардан каччу. Эми болсо өзгөрүп, жаңы кудайы үчүн ыңгайсыздык менен ооруга да чыдай турган болду. Мисалы, эртең менен тамак издеп шимшилеп жүргөндүн же жылуу жерде жаткандын ордуна Скоттун чыгышын күтүп, муздак тепкичте сааттар бою турчу. Ал түндөсү кеч келгенде да кар ичиндеги жылуу ийинин таштап, жылуу сөзүн угуп, эркелеткенин сезиш үчүн тосуп чыкчу. Кудайдын жанында болуп, анын эркелеткенин сезип, аны менен шаарга барсам дегенде ал турсун тамакты да унутуп калчу.

Ошентип, жакындыктын ордун сүйүү ээлеп алды. Сүйүү жакындык бара албай турган түпкүрлөргө чейин жетти. Ак Азуу сүйүүгө сүйүү менен жооп берди. Ал нур чачкан кудайлуу болуп, анын жанында күн нурун алган өсүмдүктөй жайнай түшчү. Бирок Ак Азуу сезимин билдире алчу эмес. Буга жашы да ылайык келбей, анын үстүнө мүнөзү да катаал болчу. Дайыма жалгыз жүрүп, токтоолукка үйрөнгөн эле. Анын түнттүгү узак тажрыйбанын натыйжасы болчу.

Үргөндү билбегендиктен, ээсин үрүп тосо алчу эмес. Өз сүйүүсүн көрсөтүш үчүн ары-бери чуркап секирчү эмес, обочо жерде күтүп турчу, дайыма күтчү. Анын сүйүүсү үн-сөзү жок сүйүү болчу. Ээсинин ар бир кыймылын ээрчиген көзү гана сүйөм деп турчу. Кожоюну ага тике карап сүйлөшкөндө, жан-денин бийлеп алган сүйүүсүн кантип билдирерин билбей уялып кетчү.

Ак Азуу жаңы жашоосуна ыңгайлаша баштады. Кожоюндун иттерине тийбеш керектигин түшүндү. Бирок баягы өкүм мүнөзүн таштай алган жок жана иттер да жаңы башчысын тез эле таанышты. Анын бийлигин тааныгандан кийин алар да көп убара кылбай калышты. Ак Азуу үйүргө кошулары менен алар ага жол беришип, ага баш ийип калышчу.

Ушул сыяктуу эле Мэттке да көндү, бирок аны кожоюндун менчиги катары эсептечү. Скот өзү кээде гана тамак бергендиктен, бул милдетти көбүнчө Мэтт аткарчу. Ак Азуу өзү жеп аткан тамак кожоюндуку экенин, ал тамак берүүнү Мэттке тапшырганын аңдады. Мэтт бир жолу аны башка иттер менен бирге чанага чекмек болду, бирок анын бул аракетинен майнап чыкпады. Кожоюну өзү чегип, чанага отурганда гана Ак Азуу буга көндү. Ал ошондо ээси анын башка иттердей эле Мэттке баш ийип, чана тартышын каалаганын түшүндү.

Маккензидеги чаналардан айырмаланып, Клондайктагы чаналардын таманы болот. Иттердин чегилиши да башкача. Иттер желпүүр сыяктуу жайылбастан, эки катар болуп биринин артынан бири тартышат. Клондайкта чана башы ит чыныгы чана башыдай болот. Эң алдыга акылдуу, күчтүү, башка иттер коркуп, баш ие турган итти коюшат. Ак Азуу тез эле ушул орунду ээлеп алды. Бир топ убара болгон соң Мэтт анын башкага макул болбой турганын түшүндү. Ак Азуу бул орунду өзү тандады жана Мэтт чананы айдап көрүп эле мунун туура экенин айтып бакылдап калды. Эртеден кечке чана тарткан Ак Азуу түн ичинде кожоюндун мал-мүлкүн кайтарууну да унуткан жок. Ошентип, ал Скоттко жан-дили менен кызмат кылып, көп өтпөй эле чанада андан мыкты ит жок болуп калды.

— Эгер өз оюмду айта турган болсом,— деп калды бир жолу Мэтт,— ушул итти жүз элүү долларга сатып алып, абдан жакшы кылган экенсиз. Мурду-башын канжалатканыңызды айтпаганда да, аны куп сызга отургузган экенсиз.

Уидон Скоттун бозомук көзү ачуудан кайра жылтылдай түшүп, «Айбан!» деп кобурады.

Жаздын аяк ченинде Ак Азуунун башына оор кайгы түштү. Кожоюну айтпай-дебей туруп эле капыстан жоголуп кетти. Чынын айтканда, эскертүү болгон, бирок мындай иштерден тажрыйбасы жок Ак Азуу буюмдарын чемоданга салуу эмне экенин билген

эмес. Кийин ал кожоюн жок болуп кетерден мурун кийимдерин салыштырып жатканын эстеди, бирок ага мурун маани берген эмес эле. Кечинде Ак Азуу адаттагысындай эле аны күттү. Түн жарымда бороон болуп, кепенин артына барды. Уйку-соонун арасында тааныш кадамдардын үнү чыгып калар бекен деп кулак түрүп жатты. Саат экилерде биротоло тынчы кетип, крыльцого барып, бүрүшүп жата кетти да, андан ары күтө баштады.

Бирок ээси келген жок. Таң атканда эшик ачылып, Мэтт чыкты. Ак Азуу аны жалдырап карады. Мындан башка сурай турган ыкмасы жок болчу. Күндөр өтө берди, ээси болсо келген жок. Буга чейин оору дегенди билбеген Ак Азуу кадимкидей ооруп калды. Ал абдан начарлап кеткендиктен, Мэтт аны кепеге алып кирүүгө мажбур болду. Кожоюнга жазган катында Ак Азуу жөнүндө да бир нече сап жазды.

Катты Серклде алган Уидон Скотт андан төмөнкүлөрдү окуду:

«Каргыш тийген карышкыр иштебей койду. Тамак да жебей жатат. Жаман болуп калды. Иттер баш көтөртпөйт. Сиздин кайда кеткениңизди билгиси келет, а мен болсо түшүндүрө албайм. Өлүп калабы деп корком».

Мэтт чынын жазган эле. Ак Азуу куса болуп, тамактан такыр калды, кол салган иттерден да коргонгон жок. Кепедеги мештин жанында тамакка да, Мэттке да, баарына кайдыгер карап жата берди. Мэтт эркелетип да көрдү, кыйкырып да көрдү, эч кандай таасир болгон жок: Ак Азуу аны нуру качкан көздөрү менен бир карап, кайра эле башын алдыңкы эки бутуна таштап койду.

Бир күнү кечинде, Мэтт эриндерин кыбыратып бирдемени окуп отурганда, Ак Азуу акырын кыңшылап ийди. Ордунан туруп, кулактарын тикчийте эшик жакты карап, тыңшап калды. Бир аз өтпөй эле Мэтт бирөөнүн басып келатканын укту. Эшик ачылып, Уидон Скотт ичкери кирди. Учурашкан соң, эки жагын карады.

— Карышкыр кайда? — деп сурады ал.

Ак Азуу мештин жанында турган эле. Ал башка иттердей болуп ээсине асылган жок, жөн гана ээсин карап турду.

О, шайтан десе! — деп жиберди Мэтт. — Карасаң мунун куйругун шыйпаңдатып жатканын!

Уидон Скотт Ак Азууну карай басып, аны өзүнө чакырды. Ак Азуу чуркап барбаса да, барды. Тартынып турганы менен көзүндө кандайдыр бир адаттан тыш жалдыраган сүйүү турду.

— Сиз жокто мага бир жолу да минтип караган эмес, — деди Мэтт.

Уидон Скотт муну уккан жок. Ал отура калып, Ак Азууну эркелетип кирди: кулагын кашып, аркасын сылап, далысын назик тап-

тап жатты. Ак Азуу буга акырын ырылдап жооп кайтарып, баягы жумшак үн эми мурункудан даана угулуп турду.

Бирок муну менен бүткөн жок. Ал кубанычын, көөдөн тепкен терең сүйүүсүн кантип билдирерин билбей турду. Анан бир маалда мойнун созуп, башын ээсинин колтугуна катты. Кулагы гана көрүнүп, ырылдаганын токтотуп, ээсине ыктап турду.

Эки киши бирин бири карап калды. Скоттун көзү жашылдана түштү.

— Мына сага! — деп ийди таң калган Мэтт. Анан мындай деп кошумчалады: — Мен муну карышкыр эмес, ит деп дайым айтчу эмес белем. Карасаңыз!

Сүйүүгө үйрөткөн ээси келгенден кийин Ак Азуу тез эле өзүнө келди. Кепеде дагы эки түн, бир күн болгон соң, крыльцого чыкты. Иттер анын мурункуларын унутуп, кийинки ооруп, начарлап жүргөн кези гана эстеринде калгандыктан, ага туш-тараптан жабылышты.

— Мына сага уруш! — деп ыраазы боло кобураган Мэтт аларды крыльцодон карап турду.

— Акесин тааныт булардын, карышкыр! Ал, ал!

Ак Азууга тукургандын кереги жок эле. Сүйүктүү ээсинин келиши ал үчүн жетиштүү болду. Баягы туйлаган жашоо анын жандебин кайра бийлеп алды. Ал урушуп, кубанычын уруш менен билдирип жатты. Күткөндөй эле иттердин баары жеңилип, чилдей тарап качып кетишти да, күүгүм киргенде биринин артынан бири күнөөлүү болуп кайтып келишип, Ак Азуута баш ийип беришти.

Ээсине башын катып ыктаганды үйрөнүп алган соң Ак Азуу бул ыкманы көп колдончу болду. Жеткен чеги ушул болду, андан арылай алган жок. Ал баарынан көбүрөөк башын коргоочу жана башына эч кимди тийгизчү эмес. Жапайы Түндүк аны эскертип, капкандан корк, денеңди оорута турган нерселердин баарынан корк деп шыбырап турчу. Сокур сезими башынын эркин болушун талап кылчу. Эми болсо Ак Азуу ээсине ыктап, өз эрки менен өзүн байкуш абалга коюп турду. Ал мунусу менен чексиз ишенимин, толук баш ийгенин билдирип: «Өзүмдү сенин колуңа тапшырдым. Эмне кылсаң, өзүң бил»,— деп айткандай болду.

Бир күнү кечинде Скотт үйгө келгенден кийин Мэтт экөө крибдеж ойноп отурушкан.

— Он беш — эки, он беш — төрт, дагы эки, — деп Мэтт санап жатканда, эшиктен кыйкырган үн, иттин ыркыраганы угулуп калды.

Алар тиктеше түшүп, ыргып турушту.

— Карышкыр бирөөнү талап атат! — деди Мэтт.

Чаңырган үндөн улам эшикке чуркап чыгышты.

— Жарык кылчы! — деп кыйкырды сыртка чуркап чыккан Скотт.

Мэтт алып чыккан чырактын жарыгы менен карда чалкасынан жаткан кишини көрүштү. Ал колдору менен бетин, тамагын жаап, Ак Азуунун тиштеринен коргонуп жатыптыр. Бул ашыкча сактык эмес эле, анткени жаалданган Ак Азуу тиги немени тамактайын деп жатыптыр. Күрмөсүнүн, көйнөгүнүн жеңдеринен тамтык калбай, тиштелген колдорунан кан агып турду.

Скотт менен ит айдоочу муну дароо көрүштү. Скотт Ак Азууну моюндан кармап, ары алып кетти. Тиги болсо аркырап жулунганы менен ээсине тийген жок жана анын катуу кыйкырыгынан кийин дароо тынчып калды.

Мэтт тиги кишини жардам берип тургузду. Колун бетинен алганда Сулуу Смиттин айбан чалыш жүзүн көргөн ит айдоочу чочуп кетти. Жарыктан көзү уялган Сулуу Смит бүшүркөп айланасын карады. Ак Азууну көрө коюп өңү бузула түштү.

Ошол учурда ит айдоочу карда бир нерсе жатканын көрдү. Чыракты жакындатып, болот чынжыр менен жоон таякты тээп көрдү.

Уидон Скотт муну көрүп, түшүнгөндөй башын ийкеди. Эч нерсе дешкен жок. Ит айдоочу Сулуу Смитти далыдан алды да, ары көздөй бурду. Баары түшүнүктүү эле. Сулуу Смит качкан бойдон кетти.

Ээси болсо Ак Азууну сылап, аны менен сүйлөшүп жатты:

— Сени алып кетейин деген экен да, ээ? А сен кетпей койгон турбайсыңбы! Жакшы, жакшы, анын шорун берген экенсиң.

— Ал тим эле тозокко түшкөндөй болгондур, — деп мыйыгынан күлдү Мэтт.

Ак Азуу болсо ыркырай берди, бирок бара-бара тик турган арка жүнү жатып, ыркыраганы барган сайын жумшарып баратты.

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ





## Биринчи бап

# УЗАК ЖОЛ

Ак Азуу бир балакеттин болорун күн мурун туйду. Бир нерсе болот деген сезим ага кайдан-жайдандыр келип жатты. Ал өзү мунун кантип жана эмне себептен болуп жатканын билбегени менен анын бул туюму кудайлардан келип жатты. Алар өздөрү да билип-билбей итти шектендирип коюшту, эми болсо ал тепкичтен кетпей калды. Үйгө кирбегени менен адамдар бир нерсе кылганы жатканын сезди.

— Тыңшасаңыз! — деди бир күнү кечинде ит айдоочу тамак ичип отуруп.

Уидон Скотт кулак түрүп калды. Эшиктен артынан буулугуп ыйлаган сыяктуу акырын кыңшылаган үн угулду. Анан Ак Азуунун кудайым өткөн жолкудай болуп жоголуп кетпеди бекен деп эшикти жыттагылап жатканы сезилди.

— Бир нерсени сезип атат окшойт, — деди ит айдоочу.

— Уидон Скотт Мэтти жалдырай караганы менен сөзү буга шайкеш келген жок.

— Калифорнияда карышкырдын мага эмне кереги бар? — деп койду ал.

— Ошону айтып атпаймбы,— деди Мэтт. — Калифорнияда карышкырды эмне кылмак элеңиз?

Бирок анын айтканы Уидон Скотту канааттандырган жок. Мэтт аны күнөөлөп жаткандай сезилди.

— Биздин иттердин буга алы жетпейт,— деп сөзүн улады ал. — Бул алардын баарын тамактап таштайт. Айып төлөй берип ыштансыз калбасам да, полиция муну менден алып туруп, токко тарттырып өлтүрүп коёт.

— Бул — жеткен кан ичер, мен билем да,— деп макул болду ит айдоочу.

Уидон Скотт ага ишенбегендей карады.

— Жок, мүмкүн эмес,— деди ал чечкиндүү түрдө.

— Албетте, мүмкүн эмес,— деп дагы макул болду Мэтт. — Буга атайы бир адамды коюш керек болот.

Олку-солку болуп турган Скотт жеңилдей түшүп, башын кубангандай ийкеди. Анан унчукпай калышты да, бир гана Ак Азуунун буулугуп ыйлагандай кыңшылаганы, эшикти жыттап жатканы угулуп турду.

— Бирок бул сизге абдан жакын болуп калды эле,— деди Мэтт.

Тиги чыдабай жарылып кетти:

— Ушу сен эле жетпей аттың эле, Мэтт! Өзүм да эмне кыларымды билбей турам.

— Мен деле макулмун, болгону...

— Болгону эмне?— деп тигинин сөзүн бөлүп жиберди Скотт.

— Болгону... — деп акырын баштаган Мэтт бир маалда ачуусу келип турганын жашыра албай кетти: — Эмне эле жиниңиз келет? Сизди карап туруп эмне кыларын билбей турат деп айтыш деле кыйын.

Уидон Скотт бир азга өзү менен өзү боло түштү да, анан айыптуудай болуп:

— Сеники туура, Мэтт. Эмне кыларымды өзүм да билбей турам. Кеп ушунда болуп атпайбы,— деди. Анан бир аз унчукпай калып: — Жок, бул итти ала кеткенге такыр болбойт,— деп кошумчалады.

— Мен да буга макулмун,— деп жооп берди Мэтт, бирок кожоюн бул жолу да анын сөзүнө канааттанган жок.

— Бул сиздин кетериңизди кантип билип алды дейм да, ушуга башым жетпейт,— деп эч нерсе болбогондой сөзүн улады ит айдоочу.

— Мен да түшүнө албай турам,— деп жооп берди көңүлү чөгө түшкөн Скотт.

Анан бир күнү эле Ак Азуу кепенин ачык турган эшигинен кожоюн буюм-тайымдарын баягы каражолтой чемоданга салышты-

рып жатканын көрүп калды. Тигилер улам кирип-чыгып, келип-кетип, кепенин бейкут жашоосу бузулду. Ак Азуу эми күмөн санабай калды. Ал көптөн бери сезип жүргөн балакетти эми түшүндү: кудай дагы качканы калган экен. Биринчи жолу кошо ала кетпеген неме бул жолкусунда деле ала кетпейт болуш керек.

Ушул түнү ал карышкырчасынан узакка унулдап улуду. Баягы күчүк кезинде жапайы Түндүктө ээн калган журтка келип, Боз Кемчеттин вигвамы турган жердеги таштандыларды көргөндөгүдөй кайдыгер жылдыздарга карап алып, кайгы-мунун төгүп улуду.

Кепедегилер жаңы эле жатышкан болчу.

— Бул кайра тамак жебей калды, — деди Мэтт төшөгүнөн.

Уидон Скотт бирдеме деп кобурады да, жуурканын чүмкөнүп алды.

— Өткөн жолу куса болду эле, эми өлүп калат го.

Тиги керебеттеги жууркан кыймылдай түштү.

— Жаагыңды басчы! — деп кыйкырды караңгыдан Скотт. — Кемпирдей болуп кейигениң өттү!

— Туура, — деп жооп берди ит айдоочу. Уидон Скотт анын шылдыңдап жатканына толук ишене алган жок.

Эртеси Ак Азуу ого бетер коркуп, тынчы кетип калды. Кожоюндун артынан калбай, Скотт кепеге киргенде, эшиктен жылган жок. Ачык турган эшиктен жердеги буюм-тайымдар көрүнүп турду. Чемодандын жанында эки чоң саквояж менен кендир кап пайда болду. Мэтт кожоюндун жуурканы менен жылуу кийимин капка салды. Муну карап турган Ак Азуу кыңшылап ийди.

Көп өтпөй эле эки индеец келди. Ак Азуу алардын жүктү ийинине көтөрүп, чемодан менен капты көтөрүп бараткан Мэттин артынан ээрчигенин карап турду. Бирок аларды ээрчиген жок. Кожоюн али кепеде болчу. Көп өтпөй эле Мэтт кайра келди. Кожоюн эшикке чыкты да, Ак Азууну ичкери чакырды.

— Байкушум десе, — деди ал Ак Азуунун кулагынан кашып, аркасын сылап жатып. — Мен кетип атам. Мындай узак жолго сени кошо алып кете албайм да. Кана, эми акыркы жолу жакшылап бир ыркырап койчу.

Бирок Ак Азуу ыркырабай койду. Анын ордуна кожоюнун жалдырай карап, башын колтугуна катты.

— Гудок берип жатат! — деп кыйкырды Мэтт.

Юкон жактан кеменин катуу сиренасы угулду.

— Тезирээк коштошуңуз! Алдыңкы эшикти жапканды унутпаңыз! Мен арткы эшик менен чыгам. Болуңуз!

Эки эшик тең бир маалда жабылды да, Уидон Скотт тепкичте Мэтт кепенин артынан келгенче күтүп турду. Эшиктин ары жагы-

нан ыйга окшогон кыңшылаган үн угулду. Анан Ак Азуу тумшугун эшикке такап алып, аптыгып дем тарта баштады.

— Жакшы кара, Мэтт, — деди Скотт дөбөдөн түшүп баратып. — Эмне болгонун мага жазып тур.

— Сөзсүз, — деп жооп берди ит айдоочу. — Токтонузчу! Уктунузбу?

Экөө тең токтоп калды. Ак Азуу ээси өлгөн иттей улуп атты. Анын унулдап улуганынан кайгы-муну, көкүрөк жарган ыйы, кыйналып онтогону сезилип, улам күчөп жатты.

«Аврора» кемеси быйыл Клондайктан биринчи жолу жөнөп жаткандыктан, палуба элге толо экен. Мында алтын издеп келип, жолу болгондор да, жолу болбой сызга отуруп калгандар да көп эле, алардын баары бир кезде кандай жабылып келсе, ошондой жабыла кетип жатышкан эле. Скотт трапка келгенде ит айдоочу менен кол кысып коштошмокчу болду. Мэтт болсо анын сунган колун да байкабай, арт жакты карап калды. Тиги да бурулуп карап, тигиндейрээк жерде жалдырап турган Ак Азууну көрдү.

Мэтт шыбырап сөгүндү. Скотт болсо аң-таң болуп итти карап турду.

— Алдыңкы эшикти жаптыңыз беле? — Скотт башын ийкеди да, кайра андан сурады:

— А сен өзүң арткы эшикти жаптың беле?

— Албетте, жапкамын! — деп кызуулана жооп берди Мэтт.

Ак Азуу кошомат кылгансып кулагын куушурганы менен аларга жакындабай отура берди.

— Эми муну эптеп алып кетиш керек.

Мэтт Ак Азууну карай басты эле, тиги ойт берди. Ит айдоочу аны кармайын дегенде, жүргүнчүлөрдүн арасына кирип кетти. Ары-бери буйтап качып, Мэттке карматпай койду.

Бирок ээси чакырары менен дароо жанына келди.

— Качантан бери тамак берип келатам, мени жанына жолото койбойт, — деп таарынгандай кобуради ит айдоочу. — А сиз буга бир да жолу тамак берген жоксуз. Ээси сиз экениңизди бул кантип билип алды дейм да.

Ак Азууну сылап турган Скотт бир маалда эңкейип, анын тумшугу менен эки көздүн ортосундагы жаңы тилинген жерлерди көрсөттү.

Мэтт анын ичин кармалап көрдү.

— Биз терезени унуткан турбайбызбы! Карасаңыз, ичинин баары тилиниптир. Демек, терезени талкалап чыккан турбайбы.

Бирок Уидон Скотт аны тыңдаган жок, бир нерсени ойлонуп жатты. «Аврора» акыркы жолу гудок берди. Узаткандар шашылып

кете башташты. Мэтт мойнунан жоолугун алып, Ак Азууну байлап кетмек болду. Скотт анын колун кармап калды.

— Жакшы кал, Мэтт. Сен карышкыр тууралуу жазбай калдың окшойт. Аны сага мен...

— Эмне дейсиз? — деп кыйкырды ит айдоочу. — Сиз чындап эле...

— Ооба. Жоолугуңду байланып ал. Мен бул тууралуу сага жазып турам.

Мэтт трап менен түшүп баратып токтоп калды.

— Климатка чыдай албайт! — деп кыйкырды. — Ысыкта мунун жүнүн кыркып туруш керек!

Трапты алышты да, «Аврора» жээктен жылды. Уидон Скотт акыркы жолу Мэттке кол булгалады да, жанында турган Ак Азууга кайрылды.

— Мына эми, ырылдай бер, жинди, ырылда, — деп, бутуна ыктаган Ак Азуунун кулагын кашый баштады.

## Экинчи бап

## ТҮШТҮК

Ак Азуу кемеден Сан-Францискодо түштү. Оозу ачылып калды. Ал күч-кубаттуулукту аң-сезимсиз түрдө кудайлар менен байланыштырчу. Ак адамдар Сан-Францисконун тайгалак тротуарында бараткандагыдай кудуреттүү сыйкырчы сезилген эмес. Баягы жыгач үйлөр жок, туш-тарапта заңгыраган имараттар. Көчөлөрдө коркунучтуу нерселер: тырашманкелер, кареталар, автомобилдер, зор фургондорго чегилген чоң аттар толтура экен, алардын арасында Ак Азууну коңгуроосу, чаңырган үнү менен коркуткан коркунучтуу трамвайлар да көп экен, анын чаңырганы түндүктүн токойлорунда кезикчү сүлөөсүндүкүнө окшоп кетти.

Мунун баары күч-кубаттуулуктан кабар берип турду. Ушунун баарынан бардык нерсеге өкүмдарлык кылган кудуреттүү адамдын бар экени сезилип турду. Ак Азуу таң калганынан дендароо болуп калды. Бир жагынан апкаарыды. Баягы күчүк кезинде жапайы Түндүктөн Боз Кемчеттин айылына келгендегидей өзүн бир байкуш сезип турду. Анан да кудайлардын көптүгүн айтпайсыңбы! Алардын көптүгүнөн Ак Азуунун башы айланып калды. Көчөнүн ызы-чуусунан кулагы бүтүп, кымгуут кыймылдан улам эмне кыла-

рын билбей калды. Ал кожоюнуна көз каранды экенин мурункудан да курч сезип, андан калып калбасам экен деп жан талашып ээрчип баратты.

Шаар жаман түштөй болуп Ак Азуунун эсинен чыкпай, көпкө чейин түшүнө да кирип жүрдү. Анан кожоюну аны жүк жүктөгөн вагондун бурчуна, чемодандар менен сандыктардын арасына чынжыр менен байлап койду. Мында бир жоон кудай бар экен, ал баарын башкарып, сандыктар менен чемодандарды алып кирип, калдырата жылдырып, биринин үстүнө бирин жыйып, же башка кудайлар тосуп алып жаткан эшикти көздөй ыргытып жатты.

Кожоюну Ак Азууну ушул кайнаган тозоктун ичине таштап кетти, андай болбосо да кожоюндун буюмдары жанында турганын көргөнчө ага ушундай сезилди. Көрөрү менен аларды кайтара баштады.

— Маалында келдиңиз, — деди баягы жоон кудай Уидон Скотт бир сааттан кийин келгенде. — Бул ит чемодандарыңызга тийгизбей койду.

Ак Азуу вагондон чыкты. Дагы оозу ачылып калды. Баягы коркунучтуу шаардан дайын жок. Ага вагон туш-тарабынан шаар курчаган үйдөгү бөлмөдөй сезилген эле. Бирок бир сааттын ичинде шаар жок болуптур. Ызы-чуудан да дайын жок. Аяк алдында күнөстүү, бейкут өлкө туруптур. Бирок таң калып турганга убакыт жок болчу. Ак Азуу кудайларды коштоп жүрчү бардык укмуштарга көнгөн сыяктуу эле буга да көндү.

Аларды карета күтүп туруптур. Кожоюнга бир аял менен бир эркек келди. Аял колун созуп, кожоюнду моюндан алды. Бул душман экен! Уидон Скотт дароо анын кучагынан чыгып, ыркырап, кутуруп кеткен Ак Азууну кармап калды.

— Коркпоңуз, апа, — деди Скотт Ак Азууну тынчтандырып жатып. — Бул сизди мага кол салды деп ойлоду окшойт. Эч нерсе эмес. Бул баарын тез эле түшүнөт.

— Мен эми ага чейин уулуму ити жок кезде гана эркелете алат турбаймбы, — деп күлдү миссис Скотт, коркконунан кубара түшсө да.

Ал дагы ыркырап, түгү тик туруп, өзүнөн көзүн албай турган Ак Азууну карады.

— Бул баарын тез эле түшүнөт, көрөсүз го, тез эле түшүнөт, — деди Скотт.

Ал Ак Азууну эркелетип турду да, биротоло тынчтанган соң, катаал үн менен кыйкырды:

— Жат! Сага айтып атам!

Ак Азууга бул сөздөр тааныш болгондуктан, бир аз ыргылжың болгону менен буйрукту аткарды.

— Келиниз, апа!

Скотт Ак Азуудан көзүн албай туруп колун созду.

— Жат! — деп дагы бир кыйкырды. — Жат!

Ак Азуу ыркырап, туруп баратып кайра отурду да, бейтааныш кудайлардан көзүн албай карап турду. Бирок аял да, анын артынан кучакташкан эркек да кожоюнга жамандык кылышкан жок. Кожоюн менен бейтааныш кишилер буюмдарды тырашманкеге салышты да, ага отурушту. Ак Азуу аларды ээрчип, кээде аттарга жакын барып, зуулдатып алып бараткан кожоюнга зыян келтиришинерге жол бербейм деп эскертип баратты.

Он беш мүнөттөн кийин тырашманке таш дарбазадан өтүп, учтары чырмалышкан коюу жаңгак бадалы өскөн аллеяга кирди. Аллеянын эки тарабы ар кайсы жеринде чоң эмендер өскөн шалбаа экен. Шалбаанын тегизделген көк чөбүн күнгө күйгөн алтын түстүү талаа кыюлап, андан ары адырлуу жайыттар башталат экен. Аллеянын аягындагы дөңсөөдө узун верандалуу, көп терезелүү үй турду.

Бирок булардын баарын караганга Ак Азуунун чамасы болгон жок. Тырашманке аллеяга кирери менен эле ачуусу келгенинен көздөрү жана түшкөн бир овчарка качырып сала берди. Ак Азуу кожоюнунан бөлүнүп калды. Адатындай түгү тик тура түшүп, эскертпестен туруп тигини тамактан алып кетейин деп барып, токтоп калды. Чочуюп отурду да, бир аз мурун жарып салайын деген немеге тийгиси келбей турду, анткени ал канчык эле, ал эми анын тукумунун заңы боюнча ага тийүүгө болбойт. Ак Азуу үчүн канчыкка кол салуу өз инстинктине каршы чыгуу менен барабар болмок.

Ал эми канчыктын инстинкти башкача эле. Канчык болгондуктан, анда жогоркудай инстинкт жок болчу. Бир жагынан жапайы Түндүктөн, өзгөчө анын мына бул карышкырга окшогон тургунунан коркту. Овчарка үчүн карышкыр өчөгүшкөн эски душман болчу, анткени ал тээ байыркы заманда эле ата-бабалары кой кайтара баштагандан тартып короого кол салчу. Ошондуктан, Ак Азуу кармаштан баш тартып отурары менен овчарка качырып сала берди. Ак Азуу тигинин курч тиштери азыр далысына бата түшөрүн билип ыркырады, бирок баары бир аны капкан жок, болгону кетенчиктеп, аны айланып өтмөк болду. Бирок канчык баары бир өткөрбөй койду.

— Кет, Колли! — деп кыйкырды тырашманкедеги бейтааныш киши.

Уидон Скотт күлүп жиберди.

— Эч нерсе болбойт, ата. Бул ага жакшы сабак болот. Ал көп нерсеге көнүш керек. Дароо көнө берсин. Ал бир айласын табат.

Тырашманке кете берди, Колли болсо Ак Азуунун жолун тороп турду. Жолдон чыгып, шалбаа менен айланып өтмөк болду эле,

тиги туурадан чыгып кайра тороп калды. Кайра бурулуп, аркы шалбаага салды эле, ал жерден өткөрбөдү.

Тырашманке болсо кожоюнду алып кетип баратты. Мына эми дарактардын ичине кирип, көрүнбөй кала турган болду. Жагдай кыйын болуп калды. Ал дагы бир жолу айланып өткөнгө аракет кылды, бирок тиги артынан калбай койду. Ошондо ал катуу баратып, артка бурулду да, тигини далысы менен сокту. Бул анын далай жолу сыноодон өткөн уруш ыкмасы болчу. Овчарка да катуу келаткандыктан, жыгылгандан кийин да күү менен бир нече жолу аласалып кетти. Токтогонго аракет кылып жерди чапчып, ыза болгонуна чыдабай каңшылап ийди.

Ак Азуу күтүп турган жок. Жол ачык эле, ал эми анын каалаганы ушул болчу. Овчарка ажылдап үрүп артынан түштү. Ак Азуу эми түз салды, ал эми чуркаганга келгенде ал овчарканы окутуп коймок. Тиги ажылдап үрүп, секирген сайын чымыркангып жатты, Ак Азуу болсо ээн-эркин зымырап баратты.

Ак Азуу үйдү айлана берип, эшиктин алдына токтогон тырашманкеден ээси түшүп жатканын көрдү. Ушул учурда ага кайра кол салышканы жатканын туйду. Шотланд тайганы аны көздөй учуп келаткан экен. Ак Азуу дароо токтоп, камына албай калды. Аңгыча тайган капталдан келип бир тийди. Күтүүсүз соккудан Ак Азуу аласалып кетти. Тура калганда түрү тири укмуштай эле: кулактары куушурулуп, оозу-мурду диртилдеп, азуусу тайгандын тамагына жетип-жетпей шак эте түштү.

Кожоюн аларды көздөй чуркады, бирок ал алыс болгондуктан, тайганды Колли гана сактап калды. Ал Ак Азуу тигини секирип барып тамактан алып кетерде келип калды. Колли учуп келип бир тийди. Бул жапайы Түндүктөн келген немени жанагинтип кумга аласалдырып, анан да жеткирбей кетиши аны ыза кылып, жек көрүүсүн ого бетер күчөтүп ийген эле. Тайганга атырыла бергенде туурадан келип тийген овчарка аны экинчи жолу аласалдырды.

Жетип келген кожоюн Ак Азууну кармап калды, тигилерди болсо атасы чакырып алды.

— Арктикадан келген байкуш карышкырды жакшы тосуп алышты, — деди Скотт, Ак Азууну жоошутуп жатып. — Бул өмүрүндө бир жолу аласалган эле, мында болсо заматтын ортосунда эки жолу аласалдырышты.

Тырашманке ары кетип, үйдөн башка бейтааныш кудайлар чыгышты. Айрымдары обочо турушту, бирок эки аял келип, кожоюнду мойнунан кучакташты. Ак Азуу мындай душманчасынан жасалган аракетке бир аз көнүп калды. Ал кожоюнга залал келтирген жок, анан калса тигилердин үнүнөн эч кандай коркунуч да сезилбеди. Бейтаа-

ныш немелер Ак Азуута жакындайлы дешти эле, ал ыркырап койду, кожоюн да анын эскертүүсүн ырастады. Ак Азуу бүрүшүп ээсинин бутуна ыктады, тигил болсо аны башынан сылап, жоошутуп жатты.

«Дик! Ордуңа бар!» деген буйрукту уккан тайган тепкич менен чуркап чыгып, верандага жатып калды, бирок дагы эле ыркырап, чоочун немеден көзүн албай турду. Аялдардын бири Коллини мойнунан кучактап, сылап-сыйпап эркелете баштады. Бирок Колли дагы эле тынч ала албай, карышкырдын дагы эле кетпей турганына жини келип, бекер кылып жатасыңар дегендей кыңшылап турду.

Кудайлар верандага чыгышты. Ак Азуу ээсинен калган жок. Дик ага ыркырады эле, Ак Азуу да ага жалын дүгдүйтө жооп берди.

— Коллини ичкери алып кирип кеткиле, а бул экөө уруша берсин, — деди Скоттун атасы. — Урушкандан кийин дос болуп калышат.

— Анда өзүнүн достугун көрсөтүш үчүн Ак Азуу Дик өлгөндө өкүрүп туруш керек, — деп күлдү ээси.

Атасы ишенбегендей адегенде Ак Азууну, анан Дикти, акырында уулун карады.

— Сен...?

— Уидон башын ийкеди.

— Туура. Дик бир мүнөттөн, ашып барса эки мүнөттөн кийин тиги дүйнөгө кетет.

Ал Ак Азуута бурулду.

— Жүр, карышкыр. Үйгө Коллини эмес, сени алып кириш керек экен.

Ак Азуу тепкич менен абайлап чыкты да, куйругун чагарактатып веранда менен баратып, Диктен көзүн алган жок жана ар кандай күтүүсүз нерселерге даяр болуп турду. Бирок коркунучтуу деле нерсе жок экен. Бөлмөгө кирген соң баары бир сактанып, булуңбурчту карап чыкты. Анан ыраазы болгондой ээсинин аяк алдына жата кетти да, айланасын карап, аңдып тургандай сезилген коркунучтуу нерселер менен тура калып кармаша кеткенге даяр турду.

## Үчүнчү бап

# КУДАЙЫН ЭЭЛИГИ

Ак Азуу табиятынан ийкемдүү болчу жана көп жерде болгондуктан, ыңгайлашуунун маанилүү жана зарыл экенин билчү. Ал судья Скоттун Сиерра-Виста деген ээлигиндеги жашоого да тез эле

көнүп кетти. Иттер менен башка олуттуу чыр-чатак болгон жок. Түштүктөгү иттер мындагы кудайлардын мыйзамдарын ага караганда жакшыраак билишчү жана кудайлар аны үйгө киргизгенден кийин эле алар унчукпай калышты. Буга чейин Колли менен Дик карышкырды көрүшкөн эмес, бирок кудайлар алып келгенден кийин алардын эркине баш ийүүдөн башка айла жок эле.

Дик адегенде бир аз чочуркап жүрдү, бирок көп өтпөй эле Ак Азуута Сиерра-Вистанын менчиги катары карап, көнүп калды. Эгер Дикке койсо, экөө достошуп кетмек, бирок Ак Азуута достуктун кереги жок болчу. Ал иттерден жайына коюшун талап кылды. Өмүр бою кандаштарына кошулбай өзү жалгыз жүргөн неме өзүнүн көнүмүш адатын бузгусу келген жок. Дик тийишип тажатканда, ал аны ыркырап кууп ийчү. Ал түндүктө жүргөндө эле кожоюндун иттерине тийбеш керектигин аңдаган жана аны мында да унуткан жок. Өзүнчө болгонго аракет кылып, Дикти эч көзгө илбей койгон соң тиги байкуш ак көңүл ит карышкыр менен достошуу үчүн жасаган аракетин токтотуп, ага атканаанын жанындагы мамы сыяктуу карап, көңүл бурбас болду.

Ал эми Коллинин жөнү башка эле. Ал кудайлардын карышкырды үйдө калтырышына макул болгону менен аны жөн койгусу келген жок. Карышкыр менен анын тууган-туушкандарынын өз ата-бабаларына каршы жасаган сансыз кылмыштары анын эсинде турду. Алардын короого кол салгандары бир күндө, ал турсун бир муунда да унутулбайт, алар өч алууга чакыра берет. Колли Ак Азууну үйгө киргизген кудайлардын эркине каршы чыга албаганы менен акырын кылгылыкты кыла берди. Алардын ортосунда канча кылымдардан бери келаткан кастык бар эле, Колли болсо муну дайыма Ак Азуунун эсине салып турду.

Ошентип, Колли, жыныстык артыкчылыгынан пайдаланып, Ак Азуута асылып, куугунтуктай берди. Коллиге кол салууга инстинкт жол бербегени менен анын асылганына кайдыгер кароо да мүмкүн эмес болчу. Овчарка асылганда, Ак Азуу анын курч тиштерине калың жүндүү далысын тосо берип, калыбынан жазбай ары басып кетчү; эгер бул да жардам бербесе, башын катып, сабыр кылып, чыдап, айлана басчу. Бирок кээде тиги болбой эле арткы аяктарына асылганда, уятты коюп, тезирээк качканга туура келчү. Бирок көп учурда Ак Азуу калбаат кебетесин бузбай сактачу. Мүмкүн болушунча аны көзгө илбей, өзү да анын көзүнө илинбегенге аракет кылып, аны көргөндө же жакындап келатканын туйганда, ордунан туруп, кетип калчу.

Мында Ак Азуу үйрөнө турган нерселер көп болчу. Түндүктөгү жашоо бул жердегиге караганда жөнөкөй болчу. Баарынан му-

рун үйдүн ээси менен таанышууга туура келди, бирок бул ал үчүн жаңылык эмес болчу. Мит-Са менен Клу-Куч Боз Кемчетке таандык болуп, ал таап келген этти жеп, отуна жылынып, анын төшөгүн жамынып жатышкан сыяктуу эле Сиерра-Вистанын жашоочулары да Ак Азуунун ээсине таандык болчу.

Бирок мында да айырмачылыктар, көптөгөн айырмачылыктар бар болчу. Сиерра-Виста Боз Кемчеттин вигвамына караганда алда канча чоң эле. Ак Азуу мында көптөгөн адамдарга туш болду. Сиерра-Вистада судья Скотт аялы менен бар эле. Кожоюндун эки карындашы — Бэт менен Мэри бар болчу. Анан кожоюндун аялы Элис менен балдары — алты жашар Уидон менен төрт жашар Мод турушчу. Булар тууралуу ага эч им айтып бере алмак эмес жана ал өзү да адамдардын туугандык байланышын түшүнчү эмес жана түшүнө да албас эле. Бирок андай деген менен бул адамдардын баары кожоюнуна таандык экенин ал тез эле аңдады. Анан алардын жүргөн-турганын байкап, үндөрүн тыңдап отуруп алардын ар биринин кожоюнга канчалык деңгээлде жакын экенин, кожоюн аларга кандай мамиле кыларын ажырата баштады. Ак Азуу да жаңы кудайларга ушуга жараша мамиле кылып, кожоюн жакшы көргөндөрдү жакшы көрүп, кожоюн үчүн кымбат болгондорду колунан келишинче коргой турган болду.

Кожоюндун балдары ушундай болду. Ак Азуу өмүр бою балдарды жек көрүп келген. Алардын колдорун жек көрүп, бир жагынан коркчу, анткени баягы индеец айылындагы балдардын таш боордугу менен мыкаачылыгы эсинен кетчү эмес. Уидон менен Мод биринчи жолу келгенде, ыркырап, көзү жалтылдай түшкөн. Кожоюну бир муштап, катуу кыйкыргандан кийин, Ак Азуу алардын эркелеткенине көнүүгө мажбур болду. Кичинекей колдор эркелеткенде токтобогон ырылдагы бара-бара жумшарды. Кожоюндун баласы менен кызы эч залал келтирбей тургандыгын сезген соң, өзү эле сылата турган болду.

Бирок Ак Азуу баары бир сезимин билдире алчу эмес. Ал кожоюндун балдарына айласы жок баш ийип, алардын асылганына араң чыдачу. Өтө эле тажатып жибергенде, акырын туруп кетип калчу. Бирок көп өтпөй эле Уидон менен Мод ага жагып калды, бирок мунусун дагы эле тигилерге билдире албай жүрдү. Ал эч качан балдарга өзү келчү эмес, бирок эми качпай, алардын келишин күтүп турчу. Анан чоңдор балдарды көргөндө Ак Азуу жыргай түшөрүн, кетип калса, маанайы суз боло түшөрүн байкап калышты.

Ал көп нерсени үйрөндү жана мунун баарына убакыт керек болду. Анын оюнча, балдардан кийин судья Скотт турчу. Мунун эки себеби бар эле: биринчиден, кожоюн аны өтө баалачу, экинчиден,

судья Скотт өтө токтоо адам болчу. Ал верандада гезит окуп отурганда, аяк алдында жатканды сүйчү. Тиги болсо Ак Азууга карап же анда-санда сүйлөп койгону менен көп тажатчу эмес. Бирок кожоюн үйдө жокто гана ушундай болчу. Ал келгенде Ак Азууга андан башка эч кимдин кереги жок болуп калчу.

Ак Азуу үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө сылатып-сыйпатып, эркелеттиргени менен эч кимди кожоюнундай сүйчү эмес. Эч кимге кожоюн сылагандагыдай назик ырылдачу эмес. Скоттун туугандары канча аракет кылышса да, эч кимисинин колтугуна башын каткан жок. Ал Уидон Скотко гана ушинтип толук ишенип, баш ийип, баш-оту менен берилгенин билдирчү. Чынын айтканда, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү ал үчүн кожоюндун менчиги гана болчу.

Мындан тышкары Ак Азуу үй-бүлө мүчөлөрү менен кызматкерлердин айырмасын тез эле билди. Кызматкерлер андан коркушчу, ал болсо кожоюндун менчиги деп тигилерге тийчү эмес. Алар менен Ак Азуунун ортосунда бейтараптыктан башка эч нерсе жок болчу. Алар Клондайктагы Мэтт сыяктуу эле кожоюн үчүн тамак жасап, идиш-аяк жууп жана башка ар кандай иштерди кылышчу. Кыскасын айтканда, алар мындагы чарбанын ажырагыс бөлүгү болчу.

Ээликтин сыртында да Ак Азуу үйрөнө турган нерселер көп экен. Кожоюндун ээлиги чоң болгону менен баары бир чеги бар эле. Сиерра-Вистанын жанынан чоң жол өтчү. Андан ары башка кудайлардын ээликтери — көчөлөр менен жолдор башталчу. Алардын жеке ээликтери тосмолордун артында болчу. Мунун баары сансыз мыйзамдар менен башкарылып, Ак Азуунун жүрүм-туруму ошолорго жараша болчу. Ал кудайлардын тилин билбегендиктен, бул мыйзамдар менен өз тажрыйбасынын негизинде гана таанышчу. Киши мыйзамдарынын бирине тушукмайынча, инстинктине таянчу. Бир нече жолу тушуккан соң, ал мыйзамды түшүнүп, аны экинчи бузчу эмес.

Ак Азууга баарынан да кожоюндун кыйкырганы менен жазалаганы катуу тийчү. Кожоюнун баш-оту менен берилип сүйгөндүктөн, анын кичине катаалдыгы Боз Кемчет менен Сулуу Смиттикинен да катуу сезилчү. Алар сабаганда денеси ооруган менен эч кимге баш ийбеген руху кайнап турчу. Мунуку болсо урганга деле окшобогону менен таасирдүү болчу. Анын нааразы болгону эле Ак Азуунун сай-сөөгүн сыздатып ийчү.

Чынын айтканда, кожоюн аны сейрек учурларда эле жазалачу. Ак Азууга анын үнү эле жетиштүү болчу, өзүнүн туура же ката иш кылып жатканын ошого карап эле билчү. Анын үнү багытты аныктай турган, жаңы өлкө, жаңы жашоо менен таанышууга жардам бере турган компас болчу.

Түндүктө колго үйрөтүлгөн жалгыз жаныбар ит болчу. Башкалардын баары жапайы болгондуктан, алы жеткен иттин мыйзамдуу олжосу болор эле. Ак Азуу мурун аңга көп чыгып жүрчү жана түштүктө баары башкача экенин билчү эмес. Ал буга Санта-Клара өрөөнүнө келгенде эле ынанды. Бир күнү эртең менен үйдүн жанында жүргөн, бурчтан чыгып эле тоокканадан качып чыккан бир тоокко туш болуп калды. Албетте, аны жегиси келип кетти. Эки секирик, тиштердин шакылдаганы, тооктун чарылдаганы угулду да, тентек тооктун иши бүттү. Тоок абдан семиз, даамдуу экен. Ак Азуу жаланып-жуктанып, бул жакшы оокат экен деп калды.

Ошол эле күнү аткананын жанынан дагы бир тоок жолугуп калды. Бирок аны атчылардын бири ажыратмакчы болду. Ал Ак Азуунун кыялын билбегендиктен, чыбык менен коркутту. Бир ургандан кийин эле Ак Азуу тоокту коё берип, тигиге асылды. Аны чыбык менен эмес, таяк менен токтотуш керек эле. Секиргендеги экинчи чапканды ал тоготуп да койгон жок. Атчы кыйкырган бойдон көкүрөгүнө асылган иттен улам чалкасынан кетти да, чыбыгын таштап, колу менен тамагын басып калды. Натыйжада тигинин билеги шылынып калды.

Атчынын жүрөгү түшүп калды. Ал Ак Азуунун каарынан да үрбөстөн, ыркырабастан туруп унчукпай кол салганына катуу таң калды. Кан аккан колун бети менен мойнунан албастан сарайды көздөй кетенчиктеди. Колли келбегенде анын иши чатак болмок. Колли баягыда Дикти сактап калгандай аны да куткарып калды. Овчарка арылдаган бойдон Ак Азуута бир тийди. Ал ишенчээк кудайларга караганда акылдуураак болуп чыкты. Ал бекеринен шектенбептир. Ууру баары бир уурулугун кылбадыбы!

Атчы атканага кирип кетти, Ак Азуу болсо кутуруп кеткен Коллинин курч тиштерине бирде бир далысын, бирде экинчи далысын тосуп, кетенчиктей берди. Бирок тиги көнүмүш адаты менен чектелген жок. Анын жаалы күчөп бараткандыктан, Ак Азуу акыры уятты коюп, талаага качып кетти.

— Ал тоок жегенин коёт, — деди кожоюн, — бул үчүн мен аны кылмыш үстүнөн кармашым керек.

Кылмыш эки күндөн кийин болду, бирок мындай болору кожоюндун оюна да келген эмес. Ак Азуу тооккана менен анын ичиндеги тоокторду байкап жүрдү. Кечинде тооктор түнөөгө кирген соң өткөндө алып келип, жыйып коюшкан тактайлардын үстүнө чыкты да, андан тоокмананын чатырына секирип өтүп, андан тоокрананын короосуна түштү. Анан тоокторго кыргын салып кирди.

Эртең менен верандага чыккан кожоюн атчынын муундалган элүү тоокту чөпкө катарынан тизип койгонун көрдү. Скотт аде-

генде таң калып, анан суктанып ышкырып жиберди. Ак Азуунун болсо айыптуу болгондой же уялгандай түрү көрүнбөйт, тескерисинче, кыйратып койгондой болуп турат. Анан кожоюндун оозу жыйрыла түшүп, тиги жайдары кылмышкерге кыйкырып кирди. Анын үнүнөн каарданганы туюлду. Ал эле эмес Ак Азууну муштуму менен бир коюп, тумшугун өлгөн тоокторго тыкты.

Ушундан кийин Ак Азуу тоокторго тийбес болду. Мунун мыйзамга каршы келерин түшүндү. Көп өтпөй эле кожоюн аны тооканага алып барды. Тирүү тоок алдынан чыга калганда, баса кала жаздады. Бул табигый нерсе эле, бирок аны кожоюндун үнү токтотту. Алар тоокканада жарым сааттай болушту. Ак Азуу сокур сезимине алдырып, тоокту баса калайын деген сайын, кожоюндун үнү аны токтотуп жатты. Ошентип, ал дагы бир мыйзамды өздөштүрдү да, тоокканадан чыга электе эле тоокторду байкабай турган болду.

— Кыныккан ит тыныкпайт. — Судья Скотт уулу эртең мененки тамакта Ак Азууну үйрөткөнүн айтып берген соң башын чайкап ушундай деди. — Тоокканага бир кирип, кандын даамын татып калгандан кийин... — Ал кайра көңүлсүз башын чайкап койду.

Бирок Уидон Скотт буга макул болгон жок.

— Билесизби, мен эмне кылам? — деди ал акырында. — Мен Ак Азууну бир күн тоокканага камап коём.

— Тооктор эмне болот? — деп каршы чыкты атасы.

— Мындан тышкары, — деп улантты уулу, — ар бир өлгөн тоокко бир алтын доллардан берем.

— Анда утулса, атама кандайдыр бир жаза бериш керек, — деп кийлигише кетти Бэт.

Ага эжеси кошулуп кеткен соң отургандардын баары бул сунушту колдошту. Судья Скотт да башын ийкеп макул болду.

— Болуптур! — Уидон Скотт бир аз ойлоно калды. — Эгер Ак Азуу кечке чейин тоокторго тийбесе, анын тоокканада өткөргөн ар бир он мүнөтү үчүн сотто өкүм чыгаргандай олуттуу үн менен салтанаттуу түрдө «Ак Азуу, сен мен ойлогондон акылдуу экенсиң!» деп айтасыз.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары бекинип алып аңдый башташты. Бирок алар күткөндөй болгон жок. Ак Азуу ээси тоокканадан чыгып кетери менен жатып, уктап калды. Ойгонгон соң тепшиге барып, суу ичти. Тоокторду карап да койгон жок. Алар ал үчүн жок сыяктуу эле. Саат төрттө күүлөнүп келип тоокрананын чатырына секирип чыкты да, андан ары жерге секирип түшүп, үйдү көздөй кетип калды. Ал жаңы мыйзамды өздөштүрүптүр. Судья Скотт ыраазы болуп верандага чогулган үй-бүлө мүчөлөрүнүн алдында салтанат-

туу үн менен «Ак Азуу, сен мен ойлогондон акылдуу экенсиң!» деп он алты жолу айтты.

Бирок мыйзамдардын ар түрдүүлүгүнөн улам Ак Азуу жаңылыштык кетирип, көп уят болуп жүрдү. Акырында башка кудайларга тиешелүү тоокторго да тийбеш керектигин түшүндү. Мышыктар, коёндор жана үндүктөр да ушундай эле. Чынын айтканда, бул мыйзам менен таанышкан соң, анда тирүү жандыктардын эч бирине тийбеш керек турбайбы деген ой калды. Шалбаадагы бөдөнөлөр аяк алдынан кылы кыйшайбай учуп кетип жүрдү. Ак Азуу бүткөн бою калтырай түшсө да өзүн токтотуп жүрдү. Ал кудайлардын эркине баш ийди.

Бирок бир күнү Диктин шалбаада бир коёнду кууп калганын көрдү. Кожоюн муну көрсө да кийлигишкен жок, ал турсун Ак Азууну тукуруп да койду. Ошентип, ал жаңы мыйзамдын коёндорго тиешеси жок экенин билди жана акырында толук өздөштүрдү. Үй жаныбарлары менен тынч жашаш керек. Дос болбосоң да, бейтарап болууга тийишсиң. Ал эми адамга баш ийбей, жапайы жашаган тыйын чычкан, бөдөнө жана коён сыяктуу жаныбарлар ар бир иттин мыйзамдуу олжосу болуп саналат. Кудайлар колго үйрөнгөн жаныбарларды гана коргоп, алардын касташуусуна жол беришпейт. Алар өзүнө баш ийгендердин жашоосу менен өлүмүн өздөрү билет жана бул бийлигин катуу коргошот.

Санта-Клара өрөөнүндөгү жашоо түндүктөгүдөй жөнөкөй эмес эле. Цивилизация Ак Азуудан баарынан мурун өзүн өзү башкара билүүнү жана жөргөмүштүн желесиндей билинбей чырмаган, ошол эле учурда болоттой бекем токтоолукту талап кылды. Мындагы жашоо миң түрлүү болуп, Ак Азуу анын ар бирине туш болуп жүрдү. Мисалы, Сан-Хосе шаарында кожоюндун тырашманкесин ээрчип жүргөндө же кожоюнду күтүп көчөдө турганда, жашоонун зор агымы жандап өтүп, өз мыйзамдарына дароо ыңгайлашууну тынымсыз талап кылып, табигый умтулууларын басууга мажбур кылчу.

Шаардан салаңдап эт илинип турган касапканаларды көрчү. Бирок аларга тийүүгө болбойт эле. Кожоюн кирген үйлөрдөгү мышыктарга да тийүүгө мүмкүн эмес эле. Туш-тараптан ыркыраган иттер менен да урушканга болбойт эле. Мындан тышкары, тротуардан ары-бери өткөн сансыз адамдар да ага кызыга беришчү. Алар атайын токтоп, Ак Азууну бири-бирине көрсөтүп, ар тарабынан карап, баарынан жаманы, кармалап да жиберишчү. Чоочун колдордун эркелеткенине чыдоого туура келчү, бирок Ак Азуу да эми сабырдуу болуп калды. Ал эми баягыдай тартынбай, бейтааныш кудайлардын мамилесине сыр алдырбай жооп берчү. Алардын кичи пейилдигине кичи пейилдик менен жооп берчү. Бирок алар баары

бир Ак Азуудан чочулап, өтө жакындай алышчу эмес. Аны башынан сылагандар өз эрдигине ыраазы болуп кете беришчү.

Бирок Ак Азуу үчүн баары эле оңой болгон жок. Кожоюндун тырашманкеси Сан-Хосенин тегерегиндеги кыштактардан өтүп баратканда, жолдогу балдар таш менен урушчу. Ак Азуу аларды кууп жетип, жарып таштоого болбой тургандыгын билчү. Айла жок, сокур сезимин араң басып, карманчу жана ушинтип жүрүп, кадимки итке айланып баратты.

Бирок андай деген менен Ак Азуу адилеттик жана калыстык деген эмне экенин билбесе да мындай жагдайга нааразы болчу. Ар бир тирүү жанда кандайдыр бир деңгээлде адилеттик сезими боло тургандыктан, тиги балдардан коргонууга уруксат беришпегенине ичи күйдү. Бирок өзүнүн кудайлар менен түзгөн келишиминен улам кудайлар аны коргоого милдеттүү экени эсинен чыгып кетиптир. Бир күнү ээси тырашманкеден түшө калып, колундагы чыбык менен тиги тентектердин сазайын берди. Ушундан кийин алар таш менен урбай турган болду жана Ак Азуу баарын аңдап, ыраазы болуп калды.

Көп өтпөй эле Ак Азуу дагы бир ушундай окуяга туш болду. Шаарга кеткен жолдун боюндагы бир салундун жанында үч ит бар эле жана алар дайыма асылышчу. Уруштун эмне менен бүтөрүн билген ээси Ак Азууну уруштура койчу эмес. Ак Азуу бул мыйзамды жакшы өздөштүргөнү менен кесилиштеги салундун жанынан өткөндө абдан жаман абалда калчу. Анын каардуу ыркыраганы тигилерди бир аз тайсалдатканы менен алар обочо жерден үрүп, артынан куумуш болуп, кордой беришчү. Бир топко чейин ушундай болуп жүрдү. Салундагылар да иттерди колдошуп, ал турсун бир жолу ачык эле тукурушту. Ошондо кожоюн тырашманкесин токтотту да, Ак Азууга:

Ал тигилерди! — деди.

Ак Азуу уккан кулагына ишенбеди. Ээсин бир карап, иттерди бир карады. Анан кайра ээсине сурагандай карады.

Ээси баш ийкеди.

Ал, тигилерди, ал! Акесин тааныт!

Ак Азуу эми олку-солку болгон жок. Кайрылды да, тигилерди унчукпай качырып сала берди. Алар да качкан жок. Будуң-чаң боло түштү. Иттер үрүп, ыркырап, тиштери шакылдап жатты. Жолдун чаңы көтөрүлүп, эч нерсе көрүнбөй калды. Бир нече мүнөттөн кийин эки ит калтырап-титиреп жатып калды, үчүнчүсү болсо качты. Ал арыктан ары секирип, тосмодон өттү да, талааны карай качты. Ак Азуу чыныгы карышкыр сыяктуу зымыраган бойдон үн-сөзсүз артынан түштү да, талаанын орто ченинде кууп жетип, аны да өлтүрүп салды.

Ушинтип, үч итти бир өлтүргөндөн кийин ага иттер тийишпес болду. Бул окуя бүт өрөөнгө угулуп, кишилер иттерин бул жоокер карышкырга жакындатпай кайтарып калышты.

# Төртүнчү бап

# БАЙЫРКЫ ЧАКЫРЫК

Айлар өтө берди. Түштүктө тамак мол, иш жок болгондуктан Ак Азуу семирип, жашоосу жакшы болду. Ак Азуу үчүн Түштүк географиялык эле аймак болбостон, жашоонун да Түштүгү болуп калды. Киши мээрими аны күн сыяктуу жылытып, ал кара топуракка отургузулган гүлдөй ачылды.

Бирок Ак Азуу менен иттердин ортосунда кандайдыр бир айырма бар болчу. Ал бардык мыйзамдарды башка шарттарда жашап көрбөгөн иттерден да мыкты билчү жана аларды так аткарчу, бирок жапайы Түндүк дагы эле коё бербей тургандай, ичиндеги карышкыр дагы эле жашап тургандай баягы катаалдыгын койгон жок.

Ал башка иттер менен жакын болгон жок. Дайым жалгыз жүргөн немениин эми да башка иттерге кошулайын деген ою жок болчу. Күчүк кезинен Лип-Лип жана анын үйүрү менен кас болуп, кийин Сулуу Смиттин колунда тынымсыз урушуп жүргөндүктөн, Ак Азуу иттерди жек көрчү. Анын жашоосу кадимки агымдан четтеп, өз туугандарынан жат болуп, кишиге жакын болуп калган эле.

Анын үстүнө Түштүктөгү иттердин бардыгы Ак Азууну шектенип карашчу. Алар аны көргөндө жапайы Түндүктү көргөндөй коркуп, алардын үргөнү менен ырылдаганынан жек көргөнү туюлуп турчу. Ак Азуу болсо тигилерди тиштегендин да кереги жок экенин аңдады. Анын арсайган тиштери менен каардуу титиреген эриндери дароо таасир этип, ар кандай жаалданган итти токтотчу.

Бирок жашоо аны дагы бир жолу сынады, бул сыноо Колли болчу. Ал ага эч тынчтык бербей койду. Мыйзамга да Ак Азуу сыяктуу толук баш ийбей, кожоюндун аларды жакындаштырайын деген бардык аракети текке кетти. Анын тажаал ыркырагы кулагынан кетчү эмес. Колли баягы тооктордун окуясын эч унута албай, андан дайыма шектенип, болбогон жерден кынтык тапчу. Ал полисмен сыяктуу артынан калбай ээрчип, көгүчкөндү же тоокту карап койсо эле ажылдап үрүп жатып калчу. Мындайда Ак Азуунун жакшы

көргөн ыкмасы бар болчу: ал жерге жатып, башын алдыңкы буттарына коюп, уктамыш болуп калар эле. Тиги болсо эмне кыларын билбей, акыры унчукпай калчу.

Коллини эске албаганда, баары жакшы болчу. Ак Азуу кармангандı үйрөнүп, мыйзамдарды толук өздөштүрдү. Токтоо, сабырдуу жана чыдамдуу болуп калды. Чөйрөсү да ага кас эмес эле. Коркунуч, өлүм менен оору аңдыбай калды. Мурун кадам сайын күтүп турчу коркунучтуу белгисиздик да эми бара-бара жок болуп баратты. Жашоо жеңил жана бейкут болуп калды. Анын жай агымында коркунуч менен кастык жок болчу.

Ага кар жетишпей турду, бирок муну өзү аңдаган жок. Эгер Ак Азуу ой жүгүртө алганда, «Жай көпкө созулду» деп ойломок. Ал карды сокур сезими менен эңсечү. Ушул сыяктуу эле жайдын аптаптуу күндөрүндө Түндүктү эстеп, бир аз куса болчу. Бул анын себепсиз, өзүнө да түшүнүксүз тынчсызданууусунан байкалчу.

Ак Азуу эч качан жайдандап кетчү эмес. Ал өз сүйүүсүн башын ээсинин колтугуна катып же эркелеген ырылдоо менен гана билдире алчу. Бирок көп өтпөй эле үчүнчү ыкманы да таап алды. Ал кудайлар күлгөндө кайдыгер боло алчу эмес. Күлкүнү укканда жаалданып, кутуруп кетчү. Бирок кожоюнга минте албагандыктан, бир күнү ээси аны тамашалап күлгөндө, эмне кыларын билбей калды. Мурункудай жаалданайын десе, сүйүү тоскоол болуп калды. Жаалдана алган жок, бирок бир нерсе кылыш керек болчу. Сыр бербей, керкейгенге аракет кылды эле, ээси каткыра баштады. Ал ого бетер керкейди, ээси болсо ого бетер күлдү. Акырында Ак Азуу чыдай албады. Үстүнкү эрини ачылды да, тиши кашкайып чыгып, көзүндө кандайдыр бир жылмаюу сыяктуу нерсе пайда болду. Ошентип, күлгөндү да үйрөндү.

Ак Азуу ээси менен ойногонду да үйрөндү: ээси аны чалкасынан жыгып алып, ар нерсе кылчу, тиги болсо ыркырап, тишин арсайтып, кожоюнун тиштеп ала тургандай түр көрсөтчү. Бирок тиштери Скоттко тийбей, жөн гана абада шакылдачу. Соккулар, түрткүлөр, тиштердин шакылдаганы, ыркыроолор күчөп кеткенде, киши менен ит экөө эки жакка ойт беришип, тиктешип калышчу. Анан нөшөрлүү булуттан чыккан күнгө окшоп жарк деп күлүп жиберишчү. Анан ээси Ак Азууну мойнунан кучактап калар эле да, тиги болсо баягы эрке ырылдагын баштачу. Оюн ушуну менен аяктачу.

Бирок ээсинен башка эч ким аны менен минтип ойной алчу эмес. Ал буга жол берчү эмес. Бирөө ушинтип тийишсе, ыркырап, түгү тик тура түшкөн соң, тигинин ойногусу да келбей калар эле. Ээси экөө тигинтип ойногону менен башка иттер сыяктуу ар

ким менен ойной берчү эмес. Ал бир гана кишини жакшы көрүп, сүйүүсүн башкаларга тартуулагысы келчү эмес.

Ээси атчан көп жүрчү жана мындайда аны коштоп жүрүүнү Ак Азуу биринчи милдети катары көрчү. Түндүктө кишилерге берилгендигин чана тартуу менен далилдечү, мында болсо чана деген жок, эч ким иттерге жүк да артпайт. Ошондуктан Ак Азуу ээсин дайыма коштоп жүрчү жана ушинтип ээсине берилгендигин далилдөөнүн жаңы ыкмасын тапты. Ал керээли кечке кабагым-кашым дебей чуркап жүрө берчү. Бөрү желишке салып элүү миль баскандан кийин да чарчаганы билинбей аттын алдында зыпылдап кете берер эле.

Ак Азуу ушинтип ээсин коштоп жүрүп, сезимин билдирүүнүн үчүнчү жолун үйрөнүп алды, бирок таң калыштуусу, аны өмүрүндө эки жолу гана пайдаланды. Бул биринчи жолу ээси таза кандуу азоо атты түшпөй туруп дарбазаны ачып-жабуута үйрөтүп жатканда болду. Канча жолу дарбазага жакындап келип, жабуута аракет кылса да, тиги чалпоо ат үркүп, кетенчиктей берди. Барган сайын азоолонуп, кош аяктап тура калып, ээси теминип койсо, мөңкүй баштады. Кабатыр болуп карап турган Ак Азуу бир маалда чыдабай кетип, атка жетип барды да, жаалдана үрүп жиберди.

Ушундан кийин өзү канча аракет кылды, кожоюн да канча шыктады, бирок болбой койду. Кийин дагы бир жолу үрдү, бирок анда ээси жанында жок болчу. Бул мындай болду. Талаада чаап баратканда, ат капыстан чыга калган коёндон үркүп кетип, кожоюн аттан жыгылып, бутун сындырып алды. Жинденген Ак Азуу тиги күнөөлүү атты тамактан аларда, ээси токтотуп калды.

— Үйгө бар! Үйгө! — деп кыйкырды ал бутунун сынганын билген соң.

Ак Азуу ээсин жалгыз калтыргысы келген жок. Тиги кат жазып берейин десе, жанында калем да, кагаз да жок экен. Ак Азууга үйгө бар деп кайра буйрук берди.

Тиги болсо ээсин жалдырай карап, бир аз ары барган соң кайра келди да, акырын кыңшылады. Ээси аны эркелетип, бирок олуттуу үн менен сүйлөштү. Ак Азуу кулагын тикчийтип, ынтаа коюп тыңдады.

— Эч нерсе болбойт, үйгө бар, жаныбарым, — деди ал. — Үйгө бар да, ушундай болду деп айт. Бар, карышкырым, бара кой. Жөнө!

Ак Азуу «үй» дегенди билгени менен калганын түшүнгөн жок, бирок эмне деп жатканын боолголоп билди. Бурулду да, аргасыздан жөнөдү. Тигиндейрээк барды да, кайрылып карады.

— Үйгө бар! — Ушул катуу буйруктан кийин гана ал баш ийип жөнөдү.

Ак Азуу келгенде үйдөгүлөр кечки салкындан ыракат алышып верандада отурушкан эле. Ал чаңдан бопбоз болуп, акактап турду.

— Уидон келген го, — деди апасы.

Ак Азууну көргөн балдар кубанганынан кыйкырышып, ага асылышты. Ал тигилерден качып веранданын аркы бурчуна барды эле, кичинекей Уидон менен Мод аны бурчка камап алышты. Тиги болсо бошонууга аракет кылып ыркырап жиберди. Скоттун жубайы коркуп карап калды.

— Балдар Ак Азуунун жанына барганда баары бир корко берем, — деди ал. — Кайсы күнү асыла кетет деп жаным жок.

Ак Азуу ыркырап, эки кичинекейди ыргыта коюп бошонуп чыкты. Апасы экөөнү чакырып алып соорото баштады жана аны жайына койгула десе болбойсуңар деп жатты.

— Бөрү баласы ит болбойт, — деди судья. Буга ишенгенге болбойт.

— Бирок бул чыныгы карышкыр эмес да, — деди Бэт, агасынын ордун жоктотпой.

— Сен Уидондун сөзүн айтып жатасың, — деп каршы болду судья. — Ал Ак Азууда иттин каны бар деп жүрөт, бирок бул божомол да. А түрүнө караганда...

Судья сөзүн бүтпөй калды. Ак Азуу ага келди да, каардуу ыркырады.

— Кет! Ордуңа бар! — деп катуу айтты судья Скотт.

Ак Азуу кожоюндун аялына бурулду. Аны көйнөгүнөн тиштеп тартканда, жука неме айрылып кетти да, тиги кыйкырып жиберди.

Баары Ак Азууну карап калышты. Ал башын бийик көтөрүп, тигилерди карай берди. Тамагы титирегени менен эч кандай үн чыгара алган жок. Бир нерсе айтайын деп, бирок айта албай турган немедей болуп турду.

Бул кутуруп кеткен жокпу? — деди Уидондун апасы. — Түндүктөн келген неме түштүккө чыдай албас бекен деп айткам мен Уидонго.

— Бул сүйлөп ийчүдөй болуп турат! — деп кыйкырды Бэт.

Ушул учурда Ак Азуу капыстан катуу үрүп жиберди.

— Уидонго бир нерсе болуптур, — деди аялы.

Бардыгы дүрбөп турушту, Ак Азуу болсо тепкич менен ылдый түштү да, тигилерди ээрчиткендей артын улам карап коюп баратты. Ал өмүрүндө ушуну менен экинчи жана акыркы жолу үрдү, бирок оюн түшүндүрдү.

Ушул окуядан кийин Сиерра-Вистадагылар Ак Азууну сыйлап калышты, ал турсун баягы колун каап алган атчы да Ак Азуу карышкыр болгону менен акылдуу экен деп жүрдү. Судья Скотт баягы оюнан кайтпай, өз пикирин далилдеш үчүн элдин баарын наара-

зы кылып, энциклопедиядан жана зоология боюнча китептерден далилдерди келтирди.

Күн артынан күн өтүп, Санта-Клара өрөөнү күн нуруна мемиреп турду. Күн кыскарып, Ак Азуунун түштүктөгү экинчи кышы жакындап калганда, таң каларлык окуя болду: Ак Азуу Коллинин тиши мурдагыдай курч болбой, оорутпай калганын туйду. Овчарканын мурунку кылыктары эсинен чыгып, аны менен олдоксон ойной турган болду.

Бир күнү Колли экөө шалбаада ойноп жүрүп, бир маалда тиги аны токойго азгырып алып кетти. Кожоюн бүгүн атчан сейилге чыкмак, Ак Азуу да мындан кабардар эле, анткени токулуу ат эшикте байланып турган. Бир аз кыйылды. Эмнегедир бардык мыйзамдардан, бардык көнүмүш адаттардан, ал турсун кожоюнга болгон сүйүүсү менен жашоо кумарынан да күчтүү бир сезим бийлеп турду. Колли тийишип качкан соң олку-солку болгону унутулуп, артынан кетти. Ал күнү кожоюн сейилге жалгыз чыкты, Ак Азуу болсо бир кезде Түндүктүн жымжырт токоюнда энеси Кичи Жалгыз Көз менен жанаша чуркагандай Колли менен жанаша чуркап жүрдү.

## Бешинчи бап

# ҮРГҮЛӨГӨН КАРЫШКЫР

Ушул учурда гезиттерде Сан-Квентин түрмөсүнөн мыкаачылыгы менен аты чыккан бир кылмышкердин качканы тууралуу кабарлар пайда болду. Жатында жатканда эле маңдайы тайкы болуп, төрөлгөндөн кийин да жакшылык көрбөгөн бул адам таш боор чөйрөгө туш болуп, биротоло жырткычка айланып калган неме болчу. Анын кебетеси кишидей болгону менен айбандан айырмасы жок эле жана аны башкача атоого да мүмкүн эмес эле.

Сан-Квентин түрмөсүндө аны оңолбойт деп эсептешчү. Эч кандай жаза анын өжөрлүгүн койдура алган жок. Акыркы демине чейин тажаалдана каршылык көрсөтүп, эч жеңилчү эмес. Ал канчалык каршылык кылган сайын, коом ага ошончолук катаал мамиле жасап, тиги болсо ого бетер көжөлө берди. Байлама көйнөк, ачкалык, уруп-согуу таасир берген жок жана Жим Холл жашоодон мындан башка нерсени көргөн да жок. Сан-Францисконун чалдыбарында өткөн, коом кандай калыпка салса ошондой боло турган бала кезинен тарта ага ушундай мамиле жасашты.

Жим Холл үчүнчү жолу түрмөгө отурганда, өзүнө окшогон бир айбан кароолчуга туш болду. Тиги аны куугунтуктап, каралай бергендиктен, түрмөнүн болор-болбос жеңилдиктеринен да куру калды. Алардын болгон айырмасы ушул эле: тигинин бир боо ачкычы менен револьвери бар болчу, ал эми Жим Холлдун колу менен тишинен башка эч нерсеси жок эле. Бир күнү ал кароолчуга капыстан кол салып, чытырман токойдогу жапайы жырткыч сыяктуу тамактап койду.

Ушундан кийин Жим Холлду бир кишилик камерага которушту. Мында ал үч жыл жатты. Камеранын асты-үстү, капталы бүт темир менен капталуу болчу. Үч жыл бою бир да эшикке чыккан жок, асманды, күндү бир да жолу көргөн жок. Күндүн ордуна камерада күүгүм турду, түндүн ордуна көөдөй болгон жымжырт караңгылык турду. Ал темир көрдө жатты. Бир адамдын жүзүн көргөн жок, бир ооз сүйлөшкөн жок. Тамак беришкенде, кадимки жапайы айбандай ыркырачу. Бүт дүйнөнү жек көрчү. Каарына чыдабай күнү-түнү улучу, анан жумалап, айлап көрдөй караңгыда үн катпай отурчу.

Анан бир түнү эптеп качып чыкты. Күзөтчү бул мүмкүн эмес деп безилдегени менен камера бош эле, кароолчу болсо босогодо өлүп жатыптыр. Кылмышкердин сырткы дубалга карай кеткен жолунда дагы эки кишинин өлүгү жатыптыр, бул үчөөнү тең ал куралсыз колу менен шырп алдырбай өлтүрүптүр.

Өзү өлтүргөн күзөтчүлөрдүн куралдарын алып кеткен Жим Холл тоодо бекинип жүрдү. Анын башы өтө чоң алтын акчага бааланды. Куралданган ач көз фермерлер анын артынан түшүштү. Анын акчасы менен күрөөгө коюлган мүлкүн кайра алууга же уулун колледжден окутканга болот эле. Милдетибизди аткаралы деп шыктанган жарандар да аны издеп жүрүштү. Тыңчылар үйүрү менен анын кандуу изине түшүштү. Ал эми мамлекеттен айлык алган тыңчылар болсо күнү-түнү тыным албай, телефон чалып, телеграмма жиберип, атайын поезддерде жүрүштү.

Жим Холл кээде куугунчулардын көзүнө чалдыга калып жүрдү. Мындайда эртең мененки тамак учурунда гезит окугандар тигилердин коркпой бетме-бет барышканын же туш-тарапка качышканын ыракаттанып окушчу. Мындай кагылыштардан кийин өлгөндөр менен жарадар болгондорду ооруканаларга таратышчу да, алардын ордун башкалар ээлешчү.

Анан эле Жим Холл дайынсыз жок болуп кетти. Аны издеп жүрүп тыңчылардын тамандары тешилди. Алыскы өрөөндөрдө куралчан адамдар бейкүнөө фермерлерди кармап алышып, ким экенин текшерип жүрүштү. Ал эми Холлдун башына коюлган акчага кызыккандар анын өлүгүн тоолордон ондон ашык жолу табышты.

Гезиттерди Сиерра-Вистада да окушуп, бир жагынан кызыгып, бир жагынан чочулап жүрүштү. Аялдар коркуп калышты. Судья Скотт сыр алдырбай аларды тамашалап калчу, анткени кызматтан кетерден бир аз мурун Жим Холлду соттоп, өкүм чыгарган болчу. Ошондо Жим Холл сот залындагы элдин алдында ушул өкүмдү чыгарган судьядан өч ала турган күн да келерин айткан эле.

Бул жолу Жим Холлдун күнөөсү жок болчу. Аны ак жерден соттошту. Уурулар дүйнөсүндө жана полиция чөйрөсүндө муну «түрмөгө тыгуу» деп коюшчу. Жим Холлду кылбаган кылмышы үчүн «түрмөгө тыгышты». Судья Скотт мурун эки жолу соттолгонун эске алуу менен аны элүү жыл түрмөгө кесип жиберди.

Судья Скотт иштин көп жагдайларын билген эмес жана сүйлөшүп алышкан полиция кызматкерлеринин оюнуна эрксизден катышып калганынан, көп далилдер бурмаланганынан, Жим Холлдун бул кылмышка тиешеси жоктугунан күмөн да санаган эмес. Жим Холл болсо судья Скоттун билбегендиктен ушундай кылып жатканын билген эмес. Судья баарын билет, ушундай өкүм чыгарган соң тигилер менен бир турбайбы деп ойлогон. Ушундан улам судья Скотт өлүм жазасынан бир аз гана айырмасы бар элүү жылдык өкүмдү окуганда, ансыз деле бул дүйнөнү жек көрчү Жим Холл кутуруп кеткен немедей ордунан атып туруп, көк мундирчен душмандары жерге басып жыгылганча жинденген. Баарын кылган судья Скотт, мен андан сөзсүз өч алам деп кыйкырган. Анан Жим Холл түрмө камерасына тирүүлөй көмүлгөн жерден качып кетпедиби...

Мунун баарынан Ак Азуунун кабары жок болчу. Бирок кожоюндун аялы Элис экөөнүн бир сыры бар эле. Сиера-Виста уйкуга кеткенде Элис келип, Ак Азууну холлго киргизип койчу. Үй ити болбогондуктан, таң ата эч ким тура электе кайра келип, эшикке чыгарып жиберчү.

Ушундай түндөрдүн биринде Ак Азуу ойгоо жатты. Үйдөгүлөрдүн баары уйкуда эле. Бир маалда тумшугун акырын көтөрүп, бейтааныш кудайдын жытын сезди. Анан анын басып келатканын сезди. Ак Азуу үргөн жок. Мындай адаты жок болчу. Бейтааныш кудай акырын келатты, Ак Азуу болсо эч шырп алдырган жок, анткени анын денеге тийип, шуудурай турган кийими жок болчу. Жапайы Түндүктө эчен жолу аң уулап жүрүп, күтүүсүз кол салгандын кадырын билчү.

Бейтааныш кудай тепкичтин жанына жеткенде токтоп, кулак түрө тыңшап калды. Ак Азуу катып турду. Эмне болор экен деп күтүп калды. Тепкич коридорго алып барчу, анда болсо кожоюн менен анын жакындарынын бөлмөлөрү бар. Ак Азуу тишин ар-

сайтканы менен унчукпай турду. Бейтааныш кудай бутун көтөрүп, тепкичке койду да, жогору чыкмак болду.

Ушул учурда Ак Азуу ага секирди. Эскерткен да жок, ыркыраган да жок. Денеси абада каалгый түштү да, бейтааныш кудайдын артына барып тийди. Далысына асылды да, мойнуна тиштерин матырып, дароо жыкты. Экөө тең жыгылды. Ак Азуу четке ойт берди да, тиги турайын дегенде кайра асылып, кайра моюндан алды.

Үйдөгүлөр коркуп ойгонуп кетишти. Тепкич жактан бир үйүр айбан алышып жаткандай үндөр угулуп жатты. Анан револьвер удаасы менен атылды. Кимдир бирөөнүн корккондон чаңырган үнү угулду. Анан иттин аркыраганы угулду. Айнектер шаңгырап сынып, эмеректер кулап жатты.

Бирок ызы-чуу тез эле басылып калды. Үч мүнөткө да жеткен жок. Үйдөгүлөр коркуп, тепкичтин башында турушту. Төмөндөгү караңгылыктан аба суунун бетине чыгып жаткандай чулпулдаган үн угулуп жатты. Кээде ал ышылдаган, ал турсун ышкырган үнгө айланып кетип жатты. Бирок бул да тез эле басылып, караңгыдан бирөөнүн оор дем алып жатканы гана угулуп калды.

Уидон Скотт кнопканы басты эле, тепкич менен холл жапжарык боло түштү. Анан судья Скотт экөө револьверлерин даяр кармап, ылдый түшүштү. Бекер эле сактанышыптыр, көрсө, Ак Азуу ишти алда качан эле бүтүрүп коюптур. Кулаган эмеректердин арасында бетин баскан бирөө жатыптыр. Уидон Скотт эңкейип, тигинин колун алып, чалкасынан салды. Тамагындагы аңырайган тешик анын эмнеден өлгөнүн айтып турду.

— Жим Холл! — деп жиберди судья Скотт. Анан ата-бала тиктеше түштү.

Ак Азууну карашса, ал капталынан жаткан экен. Жумулган көзүн тигилер эңкейгенде бир аз ачып, өйдө караганга аракет кылып, куйругун кичине кыймылдатымыш болду. Уидон Скотт аны сылады эле, жооп кайтарып кичине ырылдады. Анысы араң чыгып, дароо эле үзүлдү. Көзү жумулуп, денеси жайыла түштү да, сулайып жатып калды.

— Ишиң бүткөн экен, байкушум, — деп кобурады ээси.

— Аны көрө жатарбыз, — деген судья телефонго карай жөнөдү.

— Чынын айтканда, миңден бир гана мүмкүнчүлүгү бар, — деди Ак Азуу менен бир жарым саат алпурушкан хирург.

Терезеден тийген күндүн алгачкы нурлары электр жарыгын жеңип баратты. Балдардан башканын баары хирург эмне дээр экен деп топтолуп күтүп турушту.

— Арткы бут сынган, — деп улантты ал. — Кабыргадан үчөө сынып, бери болгондо бирөө өпкөгө кирип кеткен. Кан көп кетип

калыптыр. Сыягы, ичинде да бар, анткени муну тебелеген окшоп турат. Мен үч ок тийип, чыгып кеткенин айткан жокмун. Минден бир десек, аша чапкандык болор. Он минден бир десек туура болот го.

— Ошол мүмкүнчүлүктү да колдон чыгарбайлы! — деп жиберди судья Скотт. — Айткан акчаңызды берем! Керек болсо, рентгенге салыңыз. Уидон, дароо Сан-Францискодогу доктор Никольско телеграмма жөнөт. Сиз таарынбаңыз, доктор, биз сизге ишенебиз, бирок бул ит үчүн колдон келгендин баарын жасаш керек.

Хирург түшүнгөндөй жылмайды.

— Албетте, албетте. Мен түшүнөм, бул ит ага татыктуу. Муну кишидей, оорулуу баладай караш керек. Температурасын карап тургула. Мен саат ондо кайра келем.

Ак Азууну кишидей караштьı. Судьянын кыздары башка бирөөнү жалдасакпы дегенге нааразы болушуп, өздөрү карай башташты. Анан Ак Азуу баягы хирург ишенбеген жашоо мүмкүнчүлүгүн сууруп чыкты.

Бирок хирургду да күнөөлөй бергенге болбойт. Ал өмүр бою адамдардын цивилизациясынан улам назик болуп калган иттерди дарылап келген. Ак Азуу менен салыштырганда алардын баары алсыз, чабал болуп, жашоо үчүн тырмыша алчу эмес. Ак Азуу болсо жапайы Түндүктөн чыккан ит болчу, ал жерде чабалдыкка жол берилбейт, алсыздар дароо жок болот. Анын атасында да, энесинде, андан мурунку муундарда да алсыздык деген жок болчу. Жапайы Түндүк Ак Азууга темирдей организм менен чыдамкайлыкты мурас кылып берип, эми ал мурун ар бир тирүү жанга мүнөздүү болгон өжөрлүк менен жашап кетейин деп тырмышып жатты.

Бекем таңылган тануулар менен гипстен улам былк этkенге чамасы жок. Ак Азуу узак жумалар бою өлүм менен алышып жатты. Узак сааттар бою уктаган неме көп түш көрүп, баш-аягы жок Түндүктүн элестери өтүп жатты. Мурункулардын баары кайра жанданып, Ак Азууну туш-тарабынан курчап алды. Мына, Кичи менен баягы үңкүрдө жатат; бүткөн бою калтырап Боз Кемчеттин аяк алдына сойлоп баратат, анан эле Лип-Лип менен ажылдаган күчүктөрдүн үйүрүнөн жан талашып качып бараткан болот.

Ачарчылык маалында жымжырт токойдун ичинде аң уулап жүрөт; мына, ал чанага чегилген иттердин алдында баратат, капчыгайга кире бергенде иттер желпүүр сыяктуу куушурулуп, аралаша түшөт да, арттан камчынын ышкырыгы жана Мит-Са менен Боз Кемчеттин «Раа! Раа!» деп кыйкырганы угулат. Баягы Сулуу Смиттин колунда жашап жүргөн күндөрүн, өзү катышкан уруштардын баарын көрүп жатты. Мындай учурда Ак Азуу кыңшылап, ыркырап

жиберчү да, жанында отурган кишилер жаман түш көрүп атат окшойт деп калышчу.

Бирок баарынан жаман бир азаптуу түш бар эле: анын түшүнө чаңырган сүлөөсүнгө окшоп качырып келаткан эбегейсиз зор трамвайлар көп кирчү. Мына, Ак Азуу тыйын чычкандын жерге түшүшүн күтүп, бадалда бекинип жатат. Эми секиргенде, тыйын чычкан заматтын ортосунда тоодой болгон трамвайга айланып кетет да, коркунучтуу ышкырып, ага карай от бүркөт. Асмандан кудуп түшкөн карчыга да келатып эле трамвайга айланып кетчү. Мына, ал баягы Сулуу Смиттин кашаасында отурат. Топтолгон элден улам уруш болорун билип турат. Эшикти карап, уруша турган итти күтөт. Эшик ачылат да, баягы коркунучтуу трамвай качырып келаткан болот. Ушул азаптуу түш күн сайын, түн сайын кирип, Ак Азуу аны көргөн сайын жаны чыгып коркуп кыйналчу.

Акыры акыркы тануу менен соңку гипсти ала турган күн да келди. Бул салтанаттуу күн эле. Бүт Сиерра-Виста чогулду. Кожоюн анын кулагын кашып, тиги болсо баягы эрке ырылдагын баштады. Кожоюндун аялы аны «Ыйык Бөрү» деп атады. Бул элге абдан жагып, аялдар «Ыйык Бөрү! Ыйык Бөрү!» деп кайталап кыйкырып жатышты.

Ал эптеп турайын деп аракет кылды, бирок кайра жатып калды. Узак жаткандыктан, булчуңдары күчүн жоготуп коюптур. Ал кудайлардын алдында айыптуу болгон немедей алсыздыгынан уялып кетти. Болгон күчүн жыйнап туруп, төрт аягына турду, бирок ары-бери теңселип жатты.

— Ыйык Бөрү! — деп жапырт кыйкырып жиберишти аялдар.

Судья Скотт аларга салтанаттуу карады.

— Туура айтасыңар! — деди ал. — Мен да муну дайым айтчумун. Ак Азуунун кылганын эч бир ит кыла алмак эмес. Бул деген бөрү.

— Ыйык Бөрү, — деп оңдоду миссис Скот.

— Ооба, Ыйык Бөрү, — деп макул болду судья. — Мындан ары мен муну ушундай деп атайм.

— Эми буга басышты кайрадан үйрөнүш керек болот, — деди хирург. — Азыр эле баштай берсин. Эми баса берсе болот. Эшикке алып чыккыла.

Ак Азуу эшикке чыкты, анын артынан королду ээрчигендей бүт Сиерра-Виста чыкты. Алы кетип, шалбаага жеткенде, чөпкө жатып, бир аз эс алды.

Анан процессия ары карай жылды, Ак Азуу баскан сайын денесине кан жүгүрүп, булчуңдарына күч кирип жатты. Атканага жеткенде, дарбазанын жанында Колли жаткан экен, жанында алты күчүк бойтоңдоп ойноп жүрүптүр.

Ак Азуу аларды таң калып карап калды. Колли ырылдап жиберген соң, обочолой түштү. Кожоюн чөптө сойлоп жүргөн бир күчүктү буту менен аны көздөй түртүп койду. Ак Азуу үксүйө түштү эле, кожоюн жоошутуп койду. Бэт кармап турган Колли андан көзүн айырбай, ыркырап эскертип турду.

Күчүк сойлоп Ак Азууга келди. Тиги болсо кулагын тикчийтип, кызыга карап калды. Анан экөөнүн мурундары тийише түштү да, Ак Азуу тигинин жылуу тили менен жаагын жалап жатканын туйду. Анан өзү да эмне болуп кеткенин билбей тилин чыгарып, күчүктүн мурдунан жалап койду.

Кудайлар буга кыйкырып, кол чаап жиберишти. Ак Азуу буга түшүнбөй, аларды таң кала карады. Анан кайра алы кете түштү да, жерге жата кетип, башын капталынан коюп, күчүктөрдү карады. Калган күчүктөр да сойлоп келип калышты. Коллинин наразы болгонуна карабай, алардын аркасына чыгып, кайра кулап түшкөнүнө көнүп берди. Адегенде кудайлардын кол чапканынан уялып, ыңгайсызданып турду. Бирок бул тез эле өтүп кетти. Күчүктөр ойноп жатышты, Ак Азуу болсо күнгө талыкшып, көзүн чала жуумп, үргүлөп кетти.

# МАЗМУНУ


Автордон . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5

I БӨЛҮМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7

I бап. Куугун . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9

II бап. Канчык карышкыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 15

III бап. Ачкалык ыйы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23

II БӨЛҮМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31

I бап. Азуулардын айкашы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33

II бап. Ийин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40

III бап. Боз бөлтүрүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45

IV бап. Дүйнө дубалы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49

V бап. Азык мыйзамы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57

III БӨЛҮМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 61

I бап. От ээлери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63

II бап. Туткунда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 71

III бап. Азгын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 76

IV бап. Кудайларды издөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80

V бап. Келишим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 83

VI бап. Ачарчылык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 89

IV БӨЛҮМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95

I бап. Душман . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97

II бап. Жинди кудай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104

III бап. Жек көрүү мекени . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 110

IV бап. Жабышкан өлүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 113

V бап. Жапайы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 121

VI бап. Сүйүү кудайы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 125

V БӨЛҮМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 135

I бап. Узак жол . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 137

II бап. Түштүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 141

III бап. Кудайын ээлиги . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 145

IV бап. Байыркы чакырык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 153

V бап. Үргүлөгөн карышкыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 157

Жек Лондон
АК АЗУУ

Которгон *Т. Абдиев*
Басманын редактору *Ы. Кадыров*
Сүрөтчүсү *Б. Жайчибеков*
Техникалык редактору *С. Нурмиева*
Редактору, корректору *Ш. Койлубаева*

Басууга 02.12.11-ж. кол коюлду.
Көлөмү 21,0 физ .б.т. 19,53 шарт. б.т.
Форматы 70x100$^{1}/_{8}$. Офсеттик басылыш.
Тиражы 2000 нуска.

«Мага» ЖЧКсында чыгарылды.
720040. Бишкек, Тыныстанов к., 96

